С(Кирг)
О-72



К. ОСМОНАЛИЕВ

# САМАР



**АҢГЕМЕЛЕР**

# Камар

АҢГЕМЕЛЕР ЖАНА
ПОВЕСТТЕР

КЫРГЫЗ
МАМЛЕКЕТТИК
БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ · 1963

# ЖОЛ

Бийиктен туруп караган көзгө; капчыгай ичиндеги жыландай ийриле чубалган эски жол агыны катуу сууну тепчип өтсө, кээде карагайы түнт тескейлерди чаңдып, бирде капчыгайдан суурулуп, адырларды ашат. Бул жолдо чиркешкен жүктүү төөлөр чубачу. Же музоолуу уй айдаган салт атчан бастырчу. Болбосо жонуна баштык арчынданып, таяк таянган кембагал сербеңдечү. Түнкүсүн бөрүлөр желип, түлкүлөр жойлочу. А кыш бою жууратtай уюган ак кар алдында калчу. Кылымдан кылымдарга чейин ушундай абалда болгон ичке жолдо бүгүн кумурска сымал быжыраган эл.

...Бригада-бригада болуп топтолгон жолчулардын катары алыс. Жеңди чыканактан ашыра түрүнө, колтугун кең керип шилтеген жигиттердин колундагы метилердин чака-чак түшүшү, шагалаң сүрүп какыраган күрөк-кетмендердин дабышы эмгектин эпкинин күчөткөн күүгө айланып, кулак тундурат. Бир байламдан кызыл, кээси ак жоолук салынышкан келиндер жолдун эки жагынан алынган шагалаң топуракты замбилдешип, кол арабалап ташышып, нукка төгүшөт. Тек, бирин-бири азилдешкен сөздөр, шыңкылдаган күлкү, сүрөөнгө алган буйрук, ташка тийип чакылдаган шаймандардын дабышы тынымсыз чыгып, капчыгай ичи күүлдөйт. Жеңин түрүнгөн ак көйнөкчөн жигит, метисин таяна карап турган катарлашын сөз менен чымчыйт:

— Белиң талычаак окшойт, эс ала түш!

Какшыкты кулагы чалган кызыл жоолукчан кылчайып сүйлөсө, маңдай тиштери аппак:

— Жигит да чарчайбы? Соройбой энкей, жол бүтсүн! Жел жетпес минип зуулдап, базарлап шаарга барабыз.

— Сок метиңи ташка!

Тетигинде булутту челчүүдөй серойгон сары аскалар доошту кайталайт. Тоо көгүчкөндөрү төбөдөн өттү, асканын кычыктарындагы уяларына конушту, тынч алалбай моюндарын койколоктотушуп, маңдайкы бетти карай кайра учушту. Канаттарынын шатыраганына белимчи зоока жаңырды.

Адистер жаңы жолдун узун-туурасына метр чоюшуп, казык кагышып ашыгышат. Тигинде, бир аз мурда Аманалы жарган асканын тумшугу дары жыттанып, түтүн уюлгуйт. Дарынын күчүнөн абага зыргыган үйдөй таштар сууну бөгөшкөн. Быркыраган шагылдар үймөлөнүп, күрөөгө жеңил. Бир жерде карагайлар качырап кыйшайып, күрс жыгылып, суу жак жээкке тизилүүдө.

Дарыга талкаланган кара зоонун түбүндө, жолдун огун тоскон зор кара таш жатат. Таштын тегерегинде ондон ашуун жолчулар. Булар Уралы аттуу жигиттин бригадасы... Уралы жоонунан келген бийик, ийиндүү. Ал:

— Кана, эки жагын көөлөп жибергиле! — өзү ломду дал кармап, лок-лок соксо, айлана күрсүлдөп, таштын түбү зың-зың этет. Лом көтөрүлгөндө бригадирдин булчуңу аяктай боло түйүлүп жазылат. Ага катарлаш Муса. Кашы коюу, көзү тегерек Мусанын карааны тигинден кичине, билек тарамышы көрүнүп арык да бирок кыймылы шамдагай. Колундагы лом бир орунга тез-тез урулуп, таш түбүнөн кобул ачылат. Андан бери, жигиттердин арасында «Ашка балбан иште жок» деп курбулары келекелөөчү, тартайган, мойну узун Жутар. Жутакең жерди жаза баса мүдүрүлүп, түшүп кеткен метисин жай алып, алаканына түкүрүп алды-артын карайт.

Түбүнө келтек, лом сойлотулган кара таш тегизделип, көркү чыгып келаткан жолго: «Эр болсоң мындан ары узарып көр» дегенсип, кенебегендей ордунда нык. Балбан колдордон урулган ломдун болот учтары ансайын түз, ансайын күчтүү согулат.

Уралы маңдай терин билеги менен сүрүп өтүндү:

— Кана, баштайлы!..

Таш түбүнө кайың шырыктар сойлоду. Ар кими келтектин башын жоон санга сала бектеп кармап:

— Кана!
— Ооп...
— Дагы...
— Ооп!

Олчойгон таш кыңкая баштады. Муса күчөп ыкчынды. Билегинин тарамыштары чыга, күрө тамыры чыңалды. Келтегине сүйөнө көз кыйыгын салган Жутар анын кейпине бышкырат: «Өлчүдөй тырмышып, кантет, үзүлөт экен!»

Күчкө дем кошуп, сүрөөн үндөр айтылат:

— Дагы!..
— Дагы!..
— Ооп!

Таш жан соогалагандай улам өйдө көтөрүлдү: калдаң эте карс оодарылып, төмөн кулады. Жүрөгү түрсүлдөп, көкүрөгү демиккен Муса:

— Көпчүлүктөн айланса болот,— деди ала салган зор ташка карап,— жалгыз киши муну... Баракелде!

* * *

Тиричиликтин атасы мээрман күн тоо далдасына башбакты. Капчыгайдын чыгыш чокуларына кийилген алтын калпактарды ала көлөкө аяк өйдө сүрүп барат. Бийик тескейлердеги кара көк карагайлар, булактуу жылгалардагы камыш, кайың, ыргайлардын карааны улам дүгдүйүп, улам коюуланат. Ала канатын эбелектеткен сагызган куураган карагайдын чокусуна конду. Шакылыктай абага көтөрүлүп, жолдун асты жагындагы кошунду көздөй чубаган адамдардын үстүнөн өттү.

Иш токтолду. Муса күрсүнө дем алды. Ломун ташка жөлөп, Уралы болушуп сууну көздөй басты. Жол үстүндөгү Жутар колундагы метини шилтеп жиберип бурулду. Үңгүсү жерге урунуп, сабы ташка чабыла түшкөндө, карс эткен дабыш чыкты. Кыязы сынган окшоду. «Сынса эмне,— деди ичинде,— метинин жоктугубу. Эртең жаңы саптуусун берет»:

— А ашмачылар, тамак даярбы?— Көңүлү көтөрүлө кемегеге карай мойнун созот.

Кабыктары жарылган, кучак жеткис жоон, карт кайыңдын түбү жаан-чачындан калканчыланып, ылымтасына кап-кап ун-талкандар жыйылган. Андан бери

казан асылган таш тулга. Чатырап күйгөн куу отундун мала кызыл жалыны жалмаңдап, казандын илебинен аша соймондойт. Четинен майы кылгыра семиз эттин сорпосу атырылат.

Табактай бетинин оту кызылдуу, семиз ашмачы аял, жаңы жуунуп келген жолчу келинге жалооруду:

— Нан жабам деп белим түшүп калды. Кесмелик камырды жууруй салчы?

Бул сөздү кулагы чалган Жутар:

— Көрчү, мунун кесирин,— деди ашмачыга,— нан бышырганга ооруган бел жол казса үзүлүп кетет го?! Таш оодарышып, казанды мага берчи анда?.. Семирип бүттүң, көчүгүң көтөрүлбөйт. Дагы ыраазы эмессиң!

Ызаланган ашмачы жоолугун жулуп ага ыргытты:

— Ме, салын азыр! Казан жуугун, камыр жууруп, капты буугун!

— Кантет-кантет, кудай ургандын катыны. Тамаша кылам, тамаша...

— Тамашаң талаада калсын! Мойнуңду куркуйтуп тилиң суук экен.

Кемеге жанына келген Жутар чөмүчтү ала, сорпонун май жагынан ууртап, тузун көргөн немече тамшанып кылчайды:

Катынды сүйлөтүп эле койсо. Эй, тилиң буудай кууруйт, карачы, караманча түзу жок!

Ашмачы колуна үбөлүгүн ала койду:

— Тур казандан! Мойнуңа гана... Мен никелеп алган катының эмесмин. Жөн эле...

Жукең кепке жыгылбайт. Ырсактап нары жакка өтө качат:

— Койдум-койдум, тамаша...

— Сенин тамашаңа түкүрдүм. Ташта чөмүчтү!

Тоо суусуна чөмүлүп сергиген жолчулар кайыңдын алдына жайнап олтурушту. Жапкан нан бурдашып, арча челекте ачыган максымдан керме аяктап жутушту. Кээси сулап, кээси бирдемелерге сүйөнүп кобурашты. Казанда кайнаган сорпонун жыты мурунду каптайт.

Теребел күңүрттөнгөн сайын башка кошундардагы жагылган оттор жалбырттайт. Айланасынан нары-бери

баскандардын сөлөкөтү сороктойт. Күн бою күүлдөккө кулагы тунган капчыгай эми, таштан-ташка урунуп аккан суунун күүсүнө магдырап бараткандай тынч. Кайдадыр окчундагы кошундун биринен уландын үнү созолонду. Бака-шака сүйлөшүүлөр, каткырыктар угулду. Муса арасындагылар да тынч олтурушпады. Кимдир бирөөнүн:

— Медет баштачу болсоң, башта? — деген дабышы чыкты.

Жаш жигит Медеттин от чагылышкан көзү жаркылдап, кара чачы эки жаагы ылдый сеңселет. Жаштыгына сыймыктангандай жүзү ажардуу. Таноосу бүлкүлдөп, жакшы ырдын обонун созсо, көзүнөн бетер тишине да жалын чагылат. Маңдайына күмүш чабылган арча комуздун үч кылын шадылары чалып өтсө, кайрыгы жүрөктү толкутуп, бийикке оргуган суу кайра эңишти каптагандай жыбылжыйт. Шоктуу жигит үн кошот:

Ак сайдын ак сур түлкүсү,
Артуулап качкан сен болсоң.
Асманда бүркүт мен болсом...

Түлкүнү жаза сермеп, алалбай бараткан бүркүттүн үнүсине жандана түшкөн жолчулар көчүк ыкшап, бирине-бири тыгыз олтура ыраазы. Уралы далдайган алаканы менен Мусаны далыга согуп кыйкырса, үнү капчыгай ичин көтөргөндөй:

— Ойда-ат! Бүркүт болсоң көзүңдү ирмебе, түлкүнүн амалы көп болот. Ойда-ат!

Кимдир бирөө бригадирди чымчып өттү:

— Чебердеп чап, өзөрөт!

Муса башкаларга көңүл салбай, Медетти кубаттайт:

— Үнүңдөн-үнүңдөн! Биздин уландар ушундай эле дейм да! Соз, созо түш!

Тек, оттун жарыгында кесме кесип жаткан келин, бычагын таштай, үнү мукам комузчуга көз жиберет... Этке көзү жайнаган Жутар отту ичкеретип келинге кайрылды:

— Эй, сен эмне, талмаң барбы? Ырды укпай жүрдүң беле. Алдыңа кара, манжаңды кырчып чолок болосуң.

Комуздун үнү жана шаңшып, жигиттин обону кайра созолонду:

Ак сайдан алсам бөктөрүп,
Аз-аздап тырмак өткөрүп...

Кубаттоолор, күжүлдөгөн үндөр кайра көтөрүлдү:

— Үнүңдөн, үнүңдөн!

— Созо түш, созо... Сенден башка киши өлбөсүн ой!

— Жамактап да жиберчү элең го?

— Тиги кең жолду кошуп...

Эйпек үч кыл жаңы кайрыкты кайрып. Медет мындайча ыр чыгарды:

Ташка коюп дарысын,
Тазалады баарысын.
Зоого коюп дарысын,
Карачы,
Сонун кылды баарысын.

— Туура-туура...

— Ак сөз го!

— Мынча болду олтургандарды кошо кет?.. Анда:

Оо, Муса менен Уралы,
Дем берип элдин урааны,
Алачыктай таштарды,
Бүгүн
Аңтара салган убагы.

Ха-ха, ха-ха!

Хе-же, хехе-хехе!

Пейилден чыккан урматтоолор дүңгүрөйт:

— Акетай, ойнойт десем чындайт да!

— Жаңы жолдо, оозуна ыр куйган го мунун!

— Баракелде, баракелде! Уралы менен Муса уяты болсо, ырчынын этегине акча ыргытар, ыя?

— Ха-ха-ха!

— Эй, жумуртка тууган тоокчо какылдайсыңар да баарыңар — Жутар казан жактан унчукту.— Эт эзилип калды. Жейбизби, жокпу?!

Баятан ырчыга ыраазы боло көзү бакырайып, оозу ачылган ашмачыга жан кирди. Умтула Уралыны ийинден булкту:

— Бригадир! Мунуң жол чапканы келген немеби, же?.. Мени семирдиң дейт, сорпонун тузу жок экен

дейт. Казан аякты аралоого кандай акысы бар?.. Тыйып койгун, болбосо бетин тытып, адебин колуна берем!

— Ошент жеңе. Бетин чарыктай тыт, сотко барса күбө өтпөйбүз.

Муса Жутарды тыйды:

— Өлүп баратсаң жей берчи, ырга жолтоо болбой! Сок, Медет! Жок дегенде эми бир сабак таштап кой!

* * *

Арадан ай өттү.

Бөгөт болуп салаңдаган тумшуктарды түшүрө чаап, берки беттеги жолчулар белге жакындап баратат. А белдин нары жагындагылар да келип калышыптыр деп айтышты. Бүгүнкү түштө наркылардан эки киши белге чыгып, төмөн жактагыларды карап турушту да кылт жок болушту.

Жол чабылып жатат. Четте карагай орноткондор жүрөт. Булар борбордон бери келаткандар. Бардыгы беш-алты киши. Алардын ак чатыры кечээ, тээ суу боюндагы түзөңгө тигилген. Жанында араба. Нарыта курсагы каптай боз ат, жал-куйруктуу жээрде бээ тору кулуну менен. Жылкылар кошкуруп, баштарын силке ылаалап куйруктарын жанышат.

Устундун башындагы оруска жерде тургандар чубалып келаткан зымды жеткиришет. Зым биринчи устундан экинчи, үчүнчү, төртүнчү устундардын кулагынан куду жөргөмүштүн желеси сымал керилүүдө.

Лом таяна зым кергендерге таңыркай калган Муса барыдан да жыпжылма буталган карагайдын чокусуна каргача конгон оруска таң:

— Акетай, бул эмне, мышык болуп кеткенби?

Эки тараптын жолчулары белге тең чыгышты. Жол кошулду. Түбүнө таш корумдалып орнотулган кызыл кыжымы, сары жибек чачылуу жалындай туу. Туу бетинде Лениндин сүрөтү. Серпилген каш, бырыштуу көзү дагы алыска-алыска тигилгендей. Туунун тегерегинде жайнаган аял-эркек.

Муса күн нурунан жазгана колун серепчилей туууга карады. Жашыл шиберди жапырган тоо жели туунун бүктөөсүн жазып өткөндө, алтындын буусу менен жээктелген сүрөт жарк этти.

— Ленин!.. Кайран киши, кайран киши! Уктап жатат. Баягыда көрүп келген бирөө айткан! «Шейит болсо керек, тирүү немече күлүмсүрөп, айнектин ичинде турат» деп.

Киши деп ушуну айт, биздин белге сүрөтү илинди.

Мусанын сөзүн Жутар үздү:

— Болгондо да чыйкандай жибек кыжымы экен ээ? -- Туунун жердигине суктанды,— алты метрден ашаар. Кенен бир кийим чыгат, ыя?

Жыйналыш башталды. Белдин жашыл шиберин уйпалап жолчулар малдаш урушту. Олтургандар оң тарабынанбы же сол тарабынабы моюн созушса; терең кокту, кокту ичинде ойку-кайкы ийрилип жаңы жол жатат. Тоо суусу капчыгай ичин аралап чубалат. Бадалдуу жыбыттардан жүрөктүн тамыры сымал булактар ылдый сызылат. Канаттарын жаркылдатып топтоп көгүчкөндөр, күйкө, ылаачындар учат. Аскадан жогору үзүм-үзүм ак булут. Тетигинде айланып, бүркүт жүрөт.

Борбордон жолчуларды сыйлоо үчүн, келген киши куттуктоо сөзүн бүткөн соң, мыкты иштеген жолчуларга Жогорку Советтин Президиумунун Ардак Грамотасы жана ага акчалай сыйлык кошуп тапшырды. Бизге тааныш бригададан экөө сыйланды. Бири Уралы, экинчиси Муса. Калган көпчүлүктүн бирине өтүк тийсе, экинчисине чапандык чийбаркут. Кээсине көйнөк.

Тизмеден аты чакырылып, колуна сыйлык кармап мулуңдап ордуна кайра олтуруп жаткан кишилерди көргөндө, Жутардын эки көзү тиги чоңго кадалат. Обдулат. Артындагылар:

— Эй, коржоктобой мындай бол, биз деле көрүп туралы — деп, этегинен булкса, чыканагын кагып, тизе бүгөт.

Бекер ашыккан экен, аты чакырылды. Тартактай арыш керип ашмачыны аттап өттү да, сыйлык берген кишиге дароо жетип кол сунду. Бир тоголок чай, ак самын оролгон трайкени камтый кармап, тез бурулду.

— Эмне тийди сага? — деп сурай калды Муса.

— Эмнени эмне кыласың? — деди алганын койнуна бурдап тыккан Жутар — сен алган жалгыз барак кагаздан бул өйдө.

— Өйдө болсо сороктобой тынч олтур.

* * *

Жол бүттү. Калың эл дуулдашып, өз райондоруна жөнөштү. Муса түзөңчө булуңдагы жыгач тамынын тушуна келгенде тобунан бөлүнүп кала берди. Уралы арабадан обдулуп бакылдайт:

— Муса, жыттыксаңда бу тамыңан көчсөңчү?

— Жыттыкканым ырас. Тигине ата-бабамын мүрзөсү!

Шарт Мусаны эски журтунан оолактатпады. Дал эски үйүнүн тушуна ДЭУ орноду. Өзү жолчу болду. Айлыгы сегиз жүз. Киргени терезелери чоң, тактай үй. Электр жарыгы. Мурдагы тери көлдөлөңү орундукка алмашты. Жууркандары кроватка жыйылды. Тоо башына карай калганда көзү кычышып, бошой калса кийиктеп келет. Көпчүлүк убагы иш менен. Кыян жырган, жамгыр бузган чуңкурларга кум таштап түзөйт. Кышында күрткүнү сүрүп, жол тазалаган бульдозёрго май куюп, жолдун нугун көргөзөт. Сакалын шамал дирилдетип Муса жол түзөтүп жүргөндө, жанынан эмнелер гана өтпөдү! Энесиндей көзүнө сүйкүм тоо койнун карай Сибирдин карагайын жүктөп миңдеген автомашиналар келди. Карагайдан тактай тилинип, нечендеген ишканалар, клуб, мектептер курулат. Жаңы мектепте тоолук элдин балдары окуйт. Алардын кээси институтка өтүп, кээси машиналардын рулун башкарды.

Күзгө жуук мамлекеттик эт үчүн жайнаган кой. нечендеген уйлар айдалып өтөт. Алардын бир жолкусунда Жутар жолукту. Жукең дөбөдөй болгон таргыл өгүздүн жонуна конуп алыптыр. Ийни-башы сербейген кара сакалы чаң. Мал алдынан оолактай жол четине чыга берген Мусаны тааныды. Өгүзүн каңтара тартып салам айтты:

— Ватсаллоом малекум.

— А аллеки салам. Сен кайдан ой?

— Көрүп турбайсыңбы?.. Миң сом айлык бар. Процент дагы кошулат. ...Эки күндө бир ирик союп, май чайнап баратам.

— Эсеби жок кандай ирик ал?

— Ээ, мал доктур өзүбүздөн.

— Оңупсуң анда!

— А оңбогон жерге сүйрөсө да Жукең баспай калсын.

— Жакшы экенсиң. Базарлыкты мол алып кел эми.

— Буйруганы болор.

Таноосун жаланып, бышылдаган өгүздү шапалак менен чандырга чаап, Жутар жөнөлө берди. Бирок ал кайра келген жок. «Шаардан бир келинге үйлөнүптүр. Алып сатарлык кылат экен» деген сөздү Муса кийин укту.

Жылдар жыла берди. Адамдын боюн дүр эттирген согуш чыкты. Баланын атасы, келиндин жары Ата мекенин коргоого чакырылды.

Арабалап жөө-жалаңдап аскерлер кетип бараткан-да, Муса көк ала сакалын дирилдетип, күрөгүн таянып, каңырыгы түтөп дайыма жол четинде. Бирде досу, бирде тааныштары кезигет. Анда эт тууратып, казан толтура кесме бышыртат да отуз-кыркын үйүнө олтургузуп, даамын берет. Жакшы тилегин айтып, бата тилейт:

— Кайраттуу жүрүп, касташканды жеңип кайткыла!

Бараткандар ыраазычылыгын билгизе баш ийкешет:

— Айтканың келсин!

— Сыйыңа ыракмат.

Кийинки өткөндөрдүн ичинде Уралы да бар. Окуу бүтүрүп, райондук кызматтарда жүргөн ал бир топ адамга башчы экен. Аскерлерди эс алууга буйрук кылды. Мусаны таап, бирге олтурду.

— Даамдашалы баатыр — деп, сумкасынан чекушка спирт алды.

— Унутпаганыңа ыракмат. Мунуңу кой, ооз тийген эмесмин,— Муса колун серпти,— а көрөкчө, чай ичип кой,— деп жүз сомдугун сунду.

— Кан сапарга бараткандa ичишпесең... Акчаң өзүңө — стаканын кагыштырып бул сөздү айтты:

— Ата журттан билектеги күчтү, жүрөктөгү дилди аябагандыгыбызга заман күбө. Кана, дагы да Ата журт үчүн ак иштейли! — Ирмелбей жутуп ийди.

Шартка моюн сунган Муса да жутту. Кызып, делебеси козголду. Сабырдуулугун жоготуп, Уралы жөнөрдө кучакташып өбүшүп, балача уңулдап ыйлады.

Кан сапарга кеткен Уралы бул жолдон экинчи өтүп, Муса менен учурашкан жок. Ал чоң Москванын алдындагы улуу салгылашууда курман болду. Дүйнөдө

өтпөс өмүр, картайбас адам жаралбас! Муса азыр пенсионер. Сакал муруту аппак. Жайы салкын, кышы суук капчыгайда жашаган акенин кийгени түлкү тебетей, күрөң чийбаркут кемсел, белин сүлгү менен ороно курчанган. Бутунда кепич маасы. Кийик көлдөлөңүнө кыңкая чыканагына жаздык коюп, кыргызча концерттин бирин өткөрбөй радиону тыңшайт. Элине эмгеги сиңген артист Медеттин овону, күүсү берилсе жылмайып, анын жигит кезегин элестетет.

Иштеп көнгөн неме кээде жолго чыгат. Бийиктен урап түшкөн таш жатса алып ыргытат. Тигинде ашкана. Андан түрдүү жүргүнчүлөрдү көрөт. Ыгы келсе жай сурашып, аңгемелешет. Бүгүн үстү жабык грузо таксиден спорт киймин кийген, жондоруна жол баштыктарын арчынданган кыздар, уландар түштү. Алар шайыр. Денелери чың. Кыймылы шайдоот. Шымчаи узун бойлуу куба кыз кырктырган чачын силкип, жолдошторуна сүйлөп жатты:

— Шаардан үч жүз чакырым узагандан кийинки жол, жол деле эмес экен. Машина доңкулдап, топ тебишкендей жөөлөштүк. ...Эй, кабарчымын дейсиң,— деп тармал чач сары жигитке кайрылды,— газетага жазсаң боло тез түзөттүрүшсүн?

Муну эшиткен Муса жаштарга чукул келди.

— Чырактарым! — деп, шайырлардын көңүлүн өзүнө бурду.— Бир мезгилде бул капчыгай ичинен салт атчан кысылып бастырган. Кече жумурай журт чогулуп, жол чаптык. Согуш чыкты. Алдуу азаматтар кетип, мында күч кемчил тартты. Ошентсе да мобу кол иштеп кыш, жай транспорт токтогон жок. Бул жол — кан кечкендерге эт, май, каттарды үзгүлтүксүз жеткирди. Алардын кабарын бизге ташыды.

...Кемер кулап тарып, жамгыр жаап жырылып, жол да жыртылат экен! Өмбүл-дөмбүлдө урунуп, кыйналып калганыңарга кабак чытыбагыла. Чыдамдуу болгула. Тетиги, борбордон бери түзөп, асфальттап келаткан күч эртең капчыгайды да оңдоп өтөт. Жол чети кеңеет. Артынан чаң созулбай машиналар зуулдайт. Ошентсе да, биринчи салынган жолду, аны чапканда зарып болгон биздин күчтү унутпагыла. Эскере жүргүлө балдарым!

*1958 – 1962*

# СОГУШ ЖЫЛДАР

Жаз алдында кол арыктын жээгине сайылган чырпык бүртүк-бүртүк бүр байлар, анан ал бүрлөр жарылып, чымындын канаты сымал бүчүрлөр кылтыйып, бара-бара көпөлөктүн канатындай жашыл жалбырактар дирилдээр. Бирок жашыл жалбырак көзгө көрүнгөнү менен күнүнө же жумасына ал чырпыктын канчалык узарганы, жоонойгону атайын шынаарлап турбаган соң жөнөкөй көзгө байкалбас. А бир канча жылдар өткөндөн кийин ошол жалгыз тал чырпык өзүнүн абалкы кезиндей толгон бутагы бар, дилдиреген сансыз сөйкөлүү бай терек болгонун көз көрөр. Таң алдында булбул безенип, ачаларына чымчык уялар. Саябанында салкындап дыйкан эс алат.

...Күн керели кечке жаркырап, кечтен кийин кылт жашынып, абалкысындай эле өтө берди. Тигил жалгыз тал чырпыктын өсүшү сыяктуу күндү ээрчий биздин кыштактагы турмуш улам башкача, улам жаңыча өзгөрүп барат. Бирок муну да көп адамдар байкоос алган жок.

Адегенде жүк тартуу үчүн төөгө күнүбүз түшсө, анан төрт дөңгөлөктүү арабага тан калып ыраазы болсок эми, араба айыл ичинде калды. Узак жол аралыгын машина кыскартты. Ушул өзгөрүүнүн баары биринчисинен экинчиси туулуп, жыла-жыла келе берди. Ар бир жаңы нерсенин саамалыгы карапайым калкты таң калтырды, көзгө үйүр алгандан кийин боло күрчү болмуш катарында көңүл бөлүнбөй көндүм болуп кетти. Ушундай чоң турмуштун токтобос сансыз чимирик-

теринин арасында, аккан суу менен чыккан чөптөн башкага залалы жок, жада калса өз бүлөөсүнө өкүм сүйлөп көрбөгөн Нияздын да тиричилиги өзгөрүүдө... Нияз ата-энеден жашынан айрылды да, жан багуу милдети алтыга чыкканда мойнуна түшкөн. Бирөөлөрдүн малын кайтарып, бирөөлөрдүн отун-суусун алып, көрүнгөн үйдүн эшик алдында жүрдү. Жашынан башкалардын буйругун аткарып көнгөнгөбү айсыз караңгы, нөшөрлөгөн жамгыр учуру болсо да, бригадир колхоздун бир ишине жумшаса илинбей кете турган. Агамдын мындай элпектиги билгендерге өзүн сүйкүмдүү көргөздү. Кечээ, жазда, чакан эки бөлмөлү үй курмакчы болсо, коңшулары жабыла жардамга чыгып; ылай уютуп, кышын куюшту. Бири устундук карагай берсе, экинчиси шыптык тал беришти. Ашар менен жума ичинде үйү бүттү. Өзү теңдүүгө үйлөндү. Аялын этегинен айтып, уул төрөдү. Уулунун атын Эмилбек койду. Эмилбек таянар тоосу. Кара жоролу тууганы. Ал былтыртан бери китеп баштык асынып, мектепте жүрөт.

Нияз ансайын демөөрдөнөт. Кайгы-кападан четте, эл ичинде тиричилигин өткөрөт. Ошентсе да адамзат дагы да жаңы кубанычка жетүүгө ой жорубай коймокбу! Кээде олтуруп: «Дагы балалуу болсом. Эмилбегим бойго жетсе. Он жылдыкты бүтүрүп, тиги чоң шаарга барып окуса. Билимдүү болуп чыкса. Анан өзү теңдүүгө үйлөнсө. Үйүмдүн жанына чатырлап, заңгыраган жаңы үй курсам. Келиним өбүрө-чөбүрөлү болсо. А карыган мен небиремин бирин мойнума мингизип, бирин жетелеп бакчага жеткирсем. Кечинде барып тосуп алсам!».

Па, Нияздын жакшы тилеги нөшөрлөгөн жамгырда уюгунан адашып, саздактуу өлөң арасында тентиреген кумурска сыңарында арты чечилбеген кандуу согушка туш болду. Күтпөгөн учурда согуш чыкты. Маңдай терлери менен жаңы турмушту куруп жаткан журт эми, кесепеттүү согуштун чамынып аккан кыянын гүл бакчасына жеткирбөөгө колдоруна курал алып, жапырт чыгышты.

Жумушчунун жаңы курулган үйүнүн чатырына ким от ыргытып, ким алоологон өрткө айландырганын билип-көрүп турган ар бир адам кыжынды. Жаак эттери түйүлө ызырынып, азуусун кычырата тиштенди! Тиш-



2—2162

тенип, согушка аттанды. Биринчилерден болуп, Нияздын кошунасы жесир аялдын жалгыз уулу Иса кетти. Иса быйыл үйлөнмөк. Келиндүү болом деп канет кылган Калбү Исасынан айрылып, мөгдөп кала берди.

...1942-жылдын жазында «үч күндөн кийин жөнөйсүң» деген чакыруу кагаз Нияздын колуна тийди. «Мына, соолгон согуш ушуну кылмак» деп, калай кружка, жалгыз кашык, азык-түлүк шыкалган карала куржунун көтөргөн Нияз, согуш комиссарынын алдында жүрдү. Бура бастырбай ээрчип ыйлаган Эмилбегин акыркы жолу алкымынан жыттап, туулуп өскөн айлын калтырып, жөнөп кетти.

* * *

Нияз Н. районунан көбүнүн жүзү тааныш жүздөй адамдар менен жөнөгөн. Фрунзеге жеткенде өздөрүнөн бир канча эсе көп адамдар кошулду. Ташкентке келгенде адамдын көптүгүнөн жол таап баса албай калды. Жолдоштору ар кайсы взводго бөлүнүп олтуруп, Нияз Тянь-Шандан коколой жалгыз калды. «Жалгыз аялым, жаш баламын көргөн күнү не болор экен!» деп, ичинен сыза сабыры суз келаткан неме, эми көпчүлүк арасындагы өзүнө окшоп жонуна баштык асынган тили буруу момун адамдарды көрүп: «Мунун да, балким кызыл чиедей балдары калган чыгар? — деп кейий ой жүгүрттү. Кайгы менен канды колтуктаган шум согуш кимдерди какшатпай жатат. Калктын башына түшкөн алааматка көп бел алдырбайынчы? Катын-бала да таалайына жазганын көрөөр. А көрөкчө түбөлүктүн түз болушун тилейин!». Өзүнүн кайратынан соң дыканданып, чыйрак болууга тырышты. Вагондорго киргизе баштап, мурдагысындай жөөлөшүү күчөгөндө катардан суурулуп калып, жол бошогончокту артка келип туруп албастан, азыр алдын талашты. Онунчу кишинин соңунан астына саман төшөлгөн вагонго кирди да серүүн орун издеп, кичинекей терезенин түбүндөгү текчени көздөй тырмышты.

Нияз бир кездерде Пишпектен Н. районуна жетиш үчүн жети түнөөр эле. Анда мингени жүк жүктөлгөн төө. Ошо ийри моюн төөлөр жаргылчактай таманын жер бетинен зорго көтөрүп, маалката арыш алчу. А азыркы мингени чоюн тулпар. Тулпардын туягы да

чоюн жолу да чоюн. Ташыркабас бу жаныбар түн да, күн дагы тыным албай жүрүп барат. Ар түркүн ойлор башынан кетпеген Нияздын көзү илинсе шака-шак, шака-шак эткен дабыш кулагына түбөлүк жармашкандай. Анан нечен күн, нечен түн вагондон түшпөй ушунчалык узакка жол жүргөнүнө акылы айран! Кыялында жер кыйырын тепсеп бүтүп, кайдадыр ааламдын чегинен өтүп кеткендей! Кээде кулак тушундагы кичинекей терезеден сыртка көз чаптырат: бирде бозомтук ээн талаа көрүнсө, бирде адамдар жашаган кыштактар кездешет. Жыгач челектин капталын айлана имерилип кеткен темир алкак сымал чоюн жол үстүндө көзгө илешпей чимирилген паровоз кээде түнттүгүнөн чычкан жөргөлөй алгыс карагай арасында сойлойт. Береги аймактын тоо экенин, же түз экенин ажырата албайт.

...Бир күнү кем жарым ай өттү. Паровоз биротоло токтогон сыяктанды. Ойгоо жаткан Нияз талыган бутун суна обдулуп, терезеге жабышты. Айлана көзгө сайса көрүнгүс. Жаздын кара жамгыры чакалап чачкандай төгөт. Бийикте туруп, миң такта темирди таштак жерге ыргыткан сымал асман кабыша күн күркүрөйт. Чагылгандын октору булут арасынан соймоң эте жарк-журк этет.

Адамдардын үндөрү угулду. Үндөр улам чукулдап, кимдир бирөө эшикти таш менен муштагылап такылдатты. Бакылдаган адамдардын кыжы-кужусунун арасынан (орусча сүйлөнүп жатса да) бир жаңдоо түшүнүктүү. Ооба, түшкүлө деп жатат.

Биринчи взводдун артынан экинчи, үчүнчү, төртүнчү болуп, куду жипке тизилгендей чубалжып кеткен катарлар эң алдыңкы адам кармаган асма чырактын шооласын эрчий жылды. Таман алдында балчык эзилип, суу чалпылдайт. Шамалга удургуй чаба жаап, шабырттап жамгыр куят. Нияз өз кошунун арасында. Көөдөй кара чулганган түндө эч нерсени баамдай албай ээн талаада бараткансыды. Баш көтөртпөй төгүп турган жамгырдан шүйшүнө ийнин куушуруп, колун бооруна ала жеңине кийиштирди. Кыязы катардын алды токтогонсуду да, үнү жоон бир адам взвод башкаруучуларды чакыра баштады. Анын кайда турганы, жүзү көрүнбөсө да үнүнөн улам улгайып калган киши экенин сезди. Он минутча убактан кийин үч взводдон

биригишкен топ белгиленген жайларды карай бул жерде көнүккөн солдаттын соңунан бириндей баштады. Нияз бастырмага киргендей болуп, жону жамгырдан кутулду. Аңгыча бет маңдайынан каалга ачылып, жарк эткен жарык бөлмө көрүндү. Бөлмө кең, шыбы бийик, алты көздүү чоң төрт терезесинин айнектери сырдалган. Төбөдө бал-бал жанып, эки чырак асылуу.

Нияз беркилер сыяктуу көтөрүнчөгүн чечип, дубалга сүйөнүп олтуруп жаңы эле жайлана баштаганда жанына жаш жигит эрчитип, жаан өтпөс чүмкөмө плащ кийген аскер адамы кирип келди. Нияз сестее боюн оңдонду. Тиги киши башындагы чүмкөмөсүн көк желкесин карай каңтарып таштап, маңдайына кызыл жылдыз кадалган шапкесин көтөрө береги жол жүрүп келгендердин ар бирине көзүн жалтылдата карады. Капталындагы жан сумкасын алдына имерип, ичинен бир барак кагаз сууруп чыкты. Кагаз бетин тиктей ар бир сөзүн тактап окуду. Анын үнүнөн улам жанагы жүзү көрүнбөгөн кишинин дал өзү экени даана. Бирок орусча билбеген Нияз анын эмне дегенине түшүнгөн жок.

Өзүнөн бир канча жаш улуу болсо да бели какайып, шайдоот кыймылдаган, сакал-мурутун кырынган береги адам чыгып кеткенде түнөргөн Нияз жонундагы жүктү бирөөлөр алып кеткендей жеңилденип, жүрөгүн кубат сылады. «Бул да мен сыяктуу адам. Менин жаным башкача жаралыппы...»

Таң кылайганда тынч ала уктап калган жүргүнчүлөрдү дүбүрттөтүп ойгото башташты. Түндөгү шабырттаган жаан бир аз алда эле басылса керек. Денени чыйрыктырган муздак сыдырым жортуп, бирин-серин жамгыр бетти ымдап өтөт. Калдайган калың булут ыркы кете тытылып, ар кайсы туштан көк асман шыкаалайт.

...Аскерде иш бир башталса, буйдалбай шар кетет тура. Бир канча күндөн бери бүкүлү жатып-туруп жүрүп, үстү-башы кирдеп, кычышпаган жери калбай жүдөгөн адамдар мончодон кийин жаңы кийим кийишип сергишип, тыныгып калышты. Эртең мененки катарын бузбай кайра келатып, жолдо согуш куралын алышты. Беш атар толгон дүрмөттөрү менен колуна тийгенде Нияз: «Душманга бүгүн беттешет экенбиз!» деп

ойлонду: Жүрөгү опколжуп, кандай жер экенин билмекке эки тарабын элең каранды: кең көчөлүү, оболоп өскөн бак-дарагы бар, өзүнүн Н. району сыяктуу, бирок, үйлөрүнүн салынышынан деле, иреттүүлүк жагынан деле түзүк шаарча экен. Бир көрүнүш башын маң кылды: «ушунча үйлөрдүн эшигинин алдында алектенген үй ээлери көрүнбөйт. Шаарчанын ар четинде аскер тобу жүрөт. Муну көрүп: «Бул аскерлер үчүн гана курулса керек» деп чечти. Андай десе үйлөрдүн көбү аңгырапээн.

Душманга бүгүн беттешет экенбиз деп Нияз ойлонгондой болбой ушул күнү согушка чындап машыгуу, куралдарды колдоно билүүчү үйрөнүү сабак башталды.

Сабакка беркилер сыяктуу кулак салып, Нияз көз айрыбайт. Бир жаман жери бөлүнгөн тээк-бурооолорду кайрадан калыбына келтирип, кайсынысын кайсыга бириктиргенде кандайча айтыларын айта алар эмес. Болбосо бириктирүүгө көзү жетип эле турат. Анан аны үйрөттү үчүн узун бойлуу Андрейге тапшырды. Ал: «Атың ким?» деп жандап сурады эле Нияз көзүн алактатып, кайсактап жөн болду. Андрей тизмени карап Нияз экенин билип алды да.

— Николай — деп атады.

Жаңы ат Нияздын кулагына үйүр алышып, сиңип кетти. Андан калса взвод ротасы менен эле «Николай» деп чакырчу болду. Өз жолдошунун атын такыр так айталбай, кээде таза эле унутуп калып, жүгүрүп келип далыга чапмайынча өзүнө карата албай койгондуктан ага өз тилинде жеңил ат коюп алды. Мындан кийин аны «Арпачы» деп чакырчу болду. Бул ат Андрейдин кулагына сиңди. Бирок Андрейди «Арпачы» деп жалгыз гана Нияз чакырчу.

* * *

Бир айга жакын убакыт өттү. Үч күндө, төрт күндө бир ара чоло боло калганын эсептебегенде жоокерлердин жаңы сеп албай уруш амалдары менен алпурушат. Нияздын байкосунда бир топтору кайдадыр жөнөп жатса, бир канчалары кайдандыр келип, кеткендердин ордун толуктайт. Иштин сырткы көрүнүшү чак-челекей сыяктанган менен, негизинин ирeттүү экенине карапа-

йым неменин көзү жеткендей. Ара-чолодо ар кимдер дептерлерин сууруп, алыстагы үй-бүлөсүнө салам дуба жазышат. Мындай учурда Нияз Андрейдин жанынан чыкпай, төш чөнтөгүнөн айлынын адресин алат. Андрей өз катын жазып бүткөн соң экинчи барактын бетине Нияздын үй-бүлөсү үчүн чиймелейт. Өзү айтып бере албагандыктан, каттын өтө эле супсак экендигине көзү жетет. Бирок арга канча? Чынында эле катта кайсы жерде турганы жана ден соолугунун тазалыгы, «кыязы, бул жерде көпкө болбойт окшойбуз» деген ой жазылат. Эгерде катты өзү жаза билсе, «Карегиңден кагылайын Эмилим! Дени-кардың соо, окууңду окуп жүрөсүңбү?! Алыстагы жоокер атаң ушул кат аркылуу сени тоодой медер кылат...» деп баштап, андагы курбу-курдаштарынын ал-абалын сурабас беле! Минтип жазып, жазганын кайра окуп чыкса, көөдөнүндөгү сагынычынын күйүтү бастап үшкүрүнүп, жеңилденип калбаспы... Ошондой болсо да, карâманча калгандан көрө алакандай кагаз аркылуу дайынын билгизгендиги үчүн Нияз Андрейдей досуна ыраазы.

Ойдо жок күн эле. Жүрүштөн, машыгуудан чарчап кайткан жоокерлер тамактанышып, жатууга уруксат болор менен жайларына сулашып бут серппей чырым этишкен. «Тревога» башталды. Бир батальонду катарга тизип алып, түн жамынта шаардан алып жөнөдү. Куйругун толорсугунан кырккан, жээрде ат минген комбат үзөңгүнү чирене тебе ээр үстүндө өпөңдөй чалышын таскактатып, катарды жаңдады. Чылым чегишке уруксат бербей, жоокерлерди бөрү желишке сала чамдатты. Комбаттын бул түрүнөн улам өтө шашылыш аткарыла турган иш бар экени ким-кимисине болсо да түшүнүктүү. Бирок, алдыдагы окуялардын белгисиздигине Нияздын жүрөгү күчөп сокту. Өзөгү сызыла ысып, көңүлү уйгу-туйгу. Катарындагы Андрейди нукуй: «Кайда алып барат?» дегенин туйдура жаңдады. Ал: «Ким билсин» дегендей ийнин какты эле, бул кыймылы караңгыда көрүнгөн жок. Экинчи жолу кайталап жаңдаганда Андрей далыга таптады. Мунусу: «Сурап эмне кыласың. Сен экөөбүз азырынча балабыз» дегени эле. Ырас, Андрейдин түшүнтмөкчү болгон оюу толук жетпей, жарымы көкүрөгүндө калды: «Кызыл кыргактуу шым кийген ак чач генералдар бизди урушка машыктыргыла

деп түн-күн кубалатып коюп, өздөрү жер тамда капуста туурап жатыптырбы. Душмандын кайсы багыттан кол саларын, күчү канча экенин үкүдөн бетер күн бою жашынышып байкап, түнкүсүн учууну чалгынчылардан бир иштин шек шоолатын билишкен чыгар. А бизди ошол тапшырманы орундоого алып баратпайбы...»

Эртеси күүгүмдө аскерлерге аралашышты. Көрсө бул жерде он күн чамасынан бери душман менен айыгышып жаткан полк бар экен. Полк түштүктөн түндүктү көздөй созула казылган траншейге жайланышыптыр. Траншейдин түштүк ийнинде селкилдеген кайыңдуу токой созулат. Тереңинен не бир узун солдаттар какайып басса да төбөсү кылайбайт.

Күч толуктоого келген батальон крокодилдин аңырдай ачылган оозуна жутулган чиркей сыңарында траншейге убап-чубап кирип, сол канаттын мүрүсүнөн орун алды. Жаңы эле жайланыша баштаганда, эки-үч кадам нарытан сүйлөп жаткан бир адамдын эмне дегени түшүнүксүз болсо да (ал орусча сүйлөп жатат) үнү кандайдыр Ниязга тааныш угулду. Бул үндү эсинен чыгарбай таң атканда ошол тарапка мойнун созду. Ал тараптан жооп иретинде сакал-муруту өскөн үч-төрт жоокер жүздөрүн бурду: «Бул жерге эмне, өңкөй чалдар жыйналып калганбы?— деди Нияз көңүлүндө,— Өңдөрү азыңкы. Көздөрү эле жылтырайт...»

Аңгыча тиктешкендердин арасынан бир «чал» селт этти да таңыркаганын көпкө созбой:

— Нияз байке! — деп бакыра солдаттарды жөөлөй чуркап келип кучактады.

Нияз өпкөн чалды олурая тиктеп, анан барып Иса экенин тааныды. Иса кайра кучактап кайра өптү.

— Чын эле сенсиңби? Ээ, катыгүн! Мынчалык неге жабыркагансың?

Иса мыйыгынан күлө акеси таң калган кара сакалын сылап, жөнүн туюнтту:

— Жабыр, көрүп турбайсыңбы?! Бир кезде жаш боюнча ага сиз элеңиз. Эми минтип тааныбагандар мени улуу дешчү кейипке келдим. Башканы коюп, айыл тараптан сүйлөңүзчү! Кат алып турарсыз, эмне дешет?.. Кандай жаңылыктар бар? Бизде тамеки чегүүгө убакыт жок.

— А деген арып билбеген менде эмне! «Жер үстүндө

тирүү бар», деп, куш тилиндей кагаз аркылуу өзүмдөн кабар эткен тиги Андрейге ыракмат.

Береги кучакташып көрүшкөн экөөнү тааныштар экен деп сезген Андрей мылтыгын жөлөп, кыскача жай сурады.

...Энчилерине тийген сорпону бир жан челекке куюшуп жалгыз кашык менен үчөө тегерек олтуруп ичишти. Иса бирде Андрейге орусча сүйлөп, бирде Ниязга:

— Биринчи жарадар болгондо,— деп кыргызча айта салды,— госпиталда эки айдан ашуун жаттым. Кайра келсем, өз ротамдан тааныштардын бирин да кезиктирбедим. Баары жаңы, баары башка. Бир айга жетпей дагы жарадар болдум... Бул согушта беш атарындын коркойгон найзасы болбосо, көсөө катарында болуп калды. Аке! Хе-хе-хе. Ураалаган үн чыгып, эки тарап аралашып калганда, окендин уландары көргөзөт да сонунду муну менен!

Нияз кашыкка сузулган картөшкөнү кармаган бойдон оозун ача аңкайып тиктегенде, кашыктын кезегин күтүп турган Андрей анын кейпине балача бышкырды.

— Бешатардын огунан тентек нерсе жок! — деп Иса тамашага чаргытты.— Мээ менен жүрөк экөөнөн башкага тийсе көзөгөн боюнча көгөндөй дыңылдап талаага учат. Жанагы тукумуң курган бомба барбы! Бүркүп таштайт!.. Ойдон башы жыдып, кош дөңгөлөк көз айнек тартынган окумуштуулар ошону ойлоп тапкыча эки түп картөшка өндүрүшсө эмне. Минтип эт аралаш жаркөп жеп курсакты керет элек! Көрүндөн таш чыккан душман-адам баласын карышкырча чайнаштырып салбадыбы!

* * *

...Тынч мезгилде, атып келаткан таң уюган түндү четинен таркатып, ак күмүшкө айлананы чайкап келатканда боз торгойлор чулдурап, канатын дирилдете абага көтөрүлчү. Жашыл жалбырактуу токой ичинен булбулдар таңшычу. Канаттарында кымындай коолдук жок, боз чымчыктардын тааныш күүсү кубулжугандан кубулжуп айлананы жандантып, таң көркүнө чыкчу эмес беле! Таттуу уйкуда жаткан адамдар керилип-чоюлуп ойгонуп, төшөктөн туруп, муздак сууга жуунуп, тамактан-

ган соң кечээ кечки токтогон ишин улантуучу. Эми ошондой сонун таңда биздин полк жайланышкан үч катар траншейден алыс тээ, батыш тараптагы көзгө бүдөмүк көрүнгөн адырдын колтугунан бир-эки, анан жүз тешиктен түтүн бурк этти да, кирпик ирмелгенче көчкү келаткандай айлана күрүлдөп, ок жаады. Снаряддардын кээси траншейден ашып, кээси жетпей, кээси дал түшө баштады.

Снаряддар учуп чыккан адырчанын колтугун душмандар уюктаган. Алар дзотторунун тешигинен коргошун менен чоюнду бүркүшөт. Алардын түндүк тарабында бүлүнгөн кыштак. Полк ошо кыштакты бошотобуз менен кармашты. Бирок, бек жашынган душмандын зым кермеси үзүлбөдү. Полкту талкалап, Москваны карай каптоого тигилер да нечен жулунушту. Биздикилер аларды дал тумшукка коюп, артка шиледи. Ушундайча он күндөн ашуун убакыт арбашууда эки жоонун ортосундагы талаада адам каны чылпылдады. Кармашуудан ара-чоло таппаган жоокерлердин сакал-чачы өстү, кийимдери кирдеп, ырайлары бузулду. Кансырап, бели майышкан полк арттан күч сураганда, Нияз, Андрей арасындагы батальон жардамга келди. Кайратын жыйып алган биздикилер бүгүндөн баштап душманга кол салып, уюгун жанчмак эле. Бирок абасы таза агарып аткан таңды түтүн, көө менен чалмакейлеген душман азыр да замбиректерин улутуп күрс-күрс жөткүртүп кирди:

Октор үстүртөн жандап, пыш-шып ышкырынып тынымсыз учту. Траншейдин жээги жемирилди, топурактар шыгырап куюлду. Снаряддар сулп этке тийгендей жерге былч этип түшүп, жарылып чачырай бергенде айлана онтоду.

Алгачкы күр эткен дабышта эле Нияз мурда тура калды. Төбөсүнөн ышкырынган октор учканда кайра бүжүрөдү:

— Иса!

— Чочуба, аке! Согуш деген согуш да — деп күлдү,— Алардын жини ошентип эртең менен башталат. Эми кеми бир саат моокуму канганча ок чачат. Анан кутурган итче жулуна убап-чубап ийиндеринен чыгып, бери көздөй каптайт. Биздин кезек ошондо.

Траншейдин ичинен команда чыкты:

— Камдангыла!

Жоокерлер куралдарын оңтойлошуп, ирээтке келишти. Иса өз ордуна чуркаган соң беркилер ыяктуу бешатарын даярдап Нияз Андрейдин оң колтугуна ыктады.

Он минутага жетпей душман тараптан кара түтүн уюлгуп көккө көтөрүлдү. Түтүн коюуланып, дзотту чылк тумчулады. Бирок күн мурунтан өлчөп койгон куралдарынан жааган снаряддар, октор алгачкысындай эле адашпай траншейдин жака-белин, боорун тыткылашат. Антсе да бул сапаркыда душмандын октору адашпаганы менен көздөрү адашты... Полк көз боёмолоочу челектерге от койду. Заматта түтүн көшөгө булут сымал траншейдин бет алдына тартылды. Жоокерлер оюла казылган жашыруун жол менен токойдун далдасындагы траншейге өтүп кетишти. Бул амалды жакшы түшүнгөн Андрей жаңы орунга жайланышып жатканда, жоону жеңип алган немедей мулуңдап: «Бир демени байкадыңбы?» деген немече көзүн кысып, Николайын маңдайынан өөп алды. Денеси чымырап кеткен ал Арпачысын ээк алдынан өптү.

Кудай бетин салбасын! Кишисиз калган үч траншейди душмандын огу кемирип, жүндөй сабады. Балчыктай тебелеп, чачып, оюп жиберди.

Убакыт өттү. Ажылдаган куралдардын жаагы талыган окшоду, мурдагыдан сээлдебирээк жөткүрүп калды дегиче болбой мотоциклчен, жөөлөп-жалаңдап жайнаган сансыз жоо качырып чыкты. Алардын башында чоюн каска, эки ийинден арчындана асынган курал. Мурдагы ордунан ойт берип, жолборсчо комдонуп жоонун кабыргасында жаткан полк, эми тиги кажылдап айгай салып, жер-сууну буза абалап келаткандардын берилешин чыдамсыз күттү. Жашыруун траншейдин кырынан кабагын гана ашырып көзүн тикирейткен беш жылдыздуу жоокерлердин жаак эттери түйүлүп, муруттары бириңдейт. Бул учурда Андрейдин көзү кароолго жабышты. Нияз мылтыгын бош кармап, ичи ысып-күйө, душман деп билген немецтердин сөлөкөтүнө кабак чытыды...

Эгерде апыртпай чынын айтсак; менин Ниязым өмүрүндө киши эмес, айбанатка мылтык мээлеп көрдү бекен? Анан эми, тигилер канчалык душман болгон күндө да ача буттуу, башы тоголок, адам сөлөкөттөрүн мээлеп кантип атса болот?! Адамзатты карап ок чыгарууга

жүрөгү даабаган неме өзүн унутуп, дал болду да калды.

Полктун амалкөйлүк менен тарткан түтүн көшөгөсүнөн көзү байланган фашисттик аскерлер айгай сала айкырып, тынымсыз атып, полктун алдынан жайнап өтө берди. Самаган учурдун кыябы келгенде ким турсун! Буктурмада бугуп жаткан жоокерлердин колундагы куралдар безилдеп тилге кирди.

Корккону, коркпогону билинбеген Нияз милдети ок атуу болгондон кийин душмандын тобун болжоп, затворун жандантат. А Андрей, кутуруп кеткендей! Атып жатканына ыраазы болбой тиштенип, траншейден секирип чыгууга ашыккансыйт.

— Эки-үч жолу атуусун токтотту да, гранатасын жулуп алып, бет алдыдагы топ немецтерди көздөй берип-берип калды. Эки ийнин күйшөп тиштенип кайра атканга киришти. Нияздын катарынан беш-алты жоокер кулап түштү. Алардын не болгонун сезип чочуп кеткен Нияз имериле калганча жанындагы бирөө «Аа!» деп бакырып, шалак жыгылды. Кыязы, ок мунун маңдайына жаңылган окшоду.

Жоо — өжөр. Жоо—өрт. Бирок, өжөрлөр адам күчүнөн жаза алат! Өрт адам колунан өчөт! Баш калкалар томуктай торпу жок ачыкта жайнап качырган сайын чалгы тийген чөп сымал боо түштү. Алар ансайын күчөп, өз өлүктөрүн өздөрү тебелеп жайнап келет. А биздикилер траншейди жамынып, куралдарынын жаагын жанытып ок чачууда. Замбиректерден учкан снаряддар душмандын дзотун тытып, чачып, көзөп, коңторуп тымтыракайын чыгарып жатат.

Баятан демин көөдөнгө жыя ыйынып, ычкынып дөлөөрүп ок аткан жоокерлер чыдабай кетти белем!

— Ураа!

— Ураа!

— Ураа-аа!

Бирин миңи ээрчий селдей күрүлдөп качырды. Ма! Жоо менен жоо алышты. Өкүрүк, бакырык, түтүн, чаң уюлгуп, айлана алеттен чыккандай. Ай алыстыгынан сынбай, жер калыңдыгынан оюлбагандай...

Андрей траншейден секиргенде Нияздын ийнинен бир чапчыган:

— Николай за мной!..

Жөөлөшкөн көпчүлүктүн арасында, Нияз Арпачысынан калбай жүгүрдү. Андрей жүгүрүп барат, мылтыгын бетине ала коюп атып барат. Нияз ок чыгарган жок, өзүбүздүкүлөргө жаңылып калабы деп коркту. Андрейди жандап жүгүрдү. Жүрө түшкөндө Андрейге шырыктай узун немең бет чыгып калды. Андрей ага штык урганча экинчи бир немең капталынан качырды. Ошондо менин Ниязым алдастай:

— Аа, кысталак! Тарт! — деп бакырып, бешатарын баканча көтөрүп, экөөлөмөкчү болгон немени кулак түпкө чапты.

Андрей узун бойлуусун көөдөнгө бышып алганда, ал ыңк эте узунунан түштү. Кулак түбүнө мылтык тийген берки сендиректей мүдүрүлүп кеткенде, Нияздын артындагы кызыл жылдызчан аны капталга малды. Өзүнө ок жаңылды белем найзасын кайра тарта албай бөйрөгүн мыкчып көмөлөндү.

Бири менен бири жумаланып, кимдин ким экени ажыратылбайт: Өкүрүк, кыйкырык, бакырык, атылуудан кулак дүңгүрөйт. Жоонун топону тос. Дарынын жыты, ыш, түтүн тамагын бууп, дем алалбай жүгүрүп бараткан Ниязка эки кадамча кыйгачтан:

— Апа! — деген кыргызча бакырык кулагына шак этти.

Айсыз караңгыда жер сыйпалаган кишиче үн чыккан тарапты кайсактай каранды. Бул Иса экен. Нияз жуп жетип, кучактайын дегенде ал очорулган ордунда ичи эшилип, жерге чубалган көк чаар ичегилерин кош колдоп жыйнап, шилеп, жанталашып, алдастап жаагы тынбай:

— Апа! Апаке!.. Айланайындар! Жардам, жардам...

— Иса! — Нияз мылтыгын таштап жиберип, очорулган Исаны моюнунан кучактай жүзүн өзүнө бурду, — Садагасы! Садагасы... Иса!!.

Көзү тунарып бараткан Иса Ниязды тааныды. Колу ичегисин мурдагыдай бат-бат жыйнай албай бошко кайсактап, тереңге тереңге чөгүп бараткандай мемиреген-сийт. Каны кача көгөргөн эриндери бүлкүлдөгөндө сөздүн шоокуму угулду:

— Айланайын... Апакем...

Нияз эчкирип, Исанын шылк эткен башын кучактады.

* * *

Душмандардын өлгөндөн, колго түшкөндөн калгандарынын чыйпыйын чыгара сүрүп таштап, советтик жоокерлер кыштактан нары өтүп, жайланышканы тартипке келип жатканда, Андрейдин эсине Николай түштү. Ал адегенде эки жагын элеңдей кайсактап чочулады да, аралашкан жоокерлерден өз взводун издеди. Күйүгүп, бышылдап чекесинен аккан киргил терди көйнөгүнүн жеңи менен сүртө мойнуна камытча кийилген шинелин көтөрө-көтөрө желденди. Кең-кең арыштап үн салды:

— Николай! Николай!

Жооп болгон жок.

— Оов, Николай! Киргиз Николай!

Ал «мен мында Арпачы!» деп, чыга калбады.

...Иса жан берген соң Нияз анын кан-сөлсүз жүзүнө көз жашын көлдөтө тиктеп туруп, анан алды көздөй жүгүргөн. Эшик-төрдөй ченде найзалашып жаткан эки башка солдаттарды көргөндө тиги, шинели жашыл душман атангандын бирине ызырынып:

— Эшек! Исанын ичин жардыңар. Жаш өмүрүн кыйдыңар! — деп качырып сала берди да, душман буйтай бергенде капталга малып алды. Адамдын аянычтуу бакырыгын кулагына илбей урганда бырт этип, анан жумшак нерсеге мылгый түшкөн найзасын сууруп, экинчисине кыйкырды:

— Эшек! Токто!

Ал токтогон жок. Артына кылчак-кылчак корко карап, тетигиндеги кайыңдын далдоосун беттеп жүгүрдү. Күйүгүп, сөгүнүп жаалдандан Нияз ага жетпесин билип, жана ал кайыңды жамынып алса балээ баштарына көзү жете затворун тартып, атып жиберди. Ок тийген неме дабдырай түшүп сулаганда ого бетер албууттана алга жүткүндү.

Жашыл шинелчендердин көбү куралын ыргытып, кол көтөрүп багынып жатты. Нияз бул учурда душмандын траншейине жетип калган. Бир окопко секирип түшкөндө өзү тариздүү немецке беттешти. Тигил автоматын ыргытып жиберип, көзүн чакчайта кол көтөргөндө тике саюудан жазганып, мылтыгын союлча абага көтөрүп, төбөгө чапмакчы болду да, шилтеп жибербей токтоло

калды... Кол көтөрүүгө чамасы келбей көр оозунда калчылдаган адамдын купкуу өңүн көрүп, кирпик ирмегенче көз алдына жалгыз уулу Эмилбек тартылды... Ушинтип адам өлтүрүүгө аргасыз болгон өзүнө да, аны аргасыз кылган бул касына да жаалы келди жана аяды: «балким, мунун катын баласы да алыста аргасыз калган чыгар?» деп ойлоп:—

— Ок, кейпиңди шайтан соккур! Мында бок жегени келдиңерби?— деп чаңырды,— Безгек болгонсуп калчылдайт да! Тур, колго түшкөндөрүңө кошула кал. Антпесең дагы бирөө ыргыта коюп кетет, байкуш! — деди да кол кайрыбай нары чуркады. Нияз узаары менен берки таштап жиберген автоматын ала коюп, кармай берди. Нияздын оң колу арт жагына чабыла сендиректеп ыргалып, ыкчына кылчайды:

— Кан... кор...

Өлгөндөрдүн денеси ар жерде домпоюп, топурак каап, кээси чалкасынан сулаган. Траншейдин кырына арта салынгандар. Кармашып кошогу менен жыгылгандар. Ушул дит багып карай алгыз кырылгандардын арасында ээрдин кырча тиштеп, ыкчына Нияз да калды... Чиркин ай! Аба каңырсыйт. Кан жыттанат. Күн булут чүмкөнө айлана иңирленет. Көрүнүшкө чыдабай жүрөк сыздайт, каңырык түтөйт:

— Эй, адамдар! Жапайычылык өкүм сүргөн Чыңгызхан заманындагы жырткычтыкты качанкыга кайталайбыз!.. Ая бириңди бириң. Адамдар, бириңди бириң ая!

## БУТУ КЕСИЛГЕН ЖИГИТ

...Отузга жаңы чыккан сулуу, жигит Ишен эсинен танып жатты. Мурдунан тыноо чыккансыйт. Жүрөгү көөдөнүн дабыштантат. Бул абалда ай бою жаттыбы, же жума өттүбү, өзү билбейт... Кирпигин көтөрүп, карегин жылтыратса, дүңгүрөөлөргө жер солкулдап, түтүн чаң аралаша тумандап, дары менен кандын жыты каңырсыган согуш талаасында эмес таза, жарык бөлмөдө сыяктанат. Ошондо халатчан санитарканы таанып, жарадар экенин сезди. Түйшөлүүгө аракеттенди. Башы көтөрүлбөй шылк этти. Баарыдан да бел көчүктөн төмөн жагы таш басып калгандай салмактуу. Жардам суроого көзүн алактатканда сестра үйрүлө калды. Бул учурда башка палатадан бойлуу, жээрде мурутчан, такыясынын жээгинен көк ала чачы көрүнгөн хирург башын ийе үңүлдү. Жарадар жалооруй күбүрөдү:

— Мен... Менин кайсы жерим... Оор...

Көк ала чач адам «жеңил жарадарсың» дегенин билгизе күлүмсүрөдү. Күлүмсүрөгөндө мурут жамынган эрди саал көтөрүлүп, үстүңкү аппак кашка тиштери ачылды. Артына кайчылаштырылган оң колун түшүрүп, жумшак манжасын жоокердин маңдайына коюп эркелетти. Мындай сүймөнчүккө Ишендин чочуганда аптыга калган жүрөгү ылдыйлап, кубана тынчыды. «Жеңил экемин!» деп ишене көңүлү көтөрүлдү:

— Ыракмат!..

* * *

Кадимкисиндей сергип калган эле. Чочулоодон, корккондон мертинбей турган болгонуна, балким хирургдун көзү жеткен чыгар, ким билсин? Бир күнү Ишендин сол ныптасына орундук коюп, орундукка жай олтурду да, жоокердин кан-сөлсүз кубарган алсыз колун одеялдын ичине катып, көкүрөгүн кымтылады. Хирург көптү көргөн ишенчиликтүү көзүн Ишенге кадап жай сүйлөдү:

— Жигит, ажалдан кутулдуң. Сен эми жарадар экениңе капаланбагын?

Аталык мүнөзүнө, жагымдуу сөзүнө магдырап баратткан Ишен селт этип алды.

...Арман! Оң колунун үч манчасы кыркылып, ачакей жыгач сымал бармагы менен сөөмөйүнүн калганын, эки буту жоон сандап кесилип, топтоголок болуп, көөдөнү керебетте жатканын эми билди...

Чыдабай өңгүрөштү салды, туйлады. Укканына көңүлү ынанбай жаратын көзү менен көрүүгө ынтызарланды. Жулунду. Үстүкө-босток:

— Жолдош профессор!.. Ушунчалык жарадармынбы? Чын элеби? — деп безилдей суранып, даттанып жатып чарчады.

Акыры эти албырып, сөөк-саагы шалдырай көңүлү караңгылады. Толкун жээкке тээп таштаган балыктай чабалактап, жан алакетке түшүшү буларга да жеңил эмес белем! Алы кеткен жоокердин жүзүнө карай тикесинен туруп ойго бата тунжураган хирургдун көзүнөн чыккан жаш, анын кең таноолуу кыр мурунун капталдай сызылды,..

Ишен бир аздан кийин эсине келди. Хирургдун көзүнөн кылгырган жашты көрүп, анын эмнеге жашыганын баамдады. Көк ала чач болгонго чейин адамдардын өмүрү үчүн жугуштуу оорулар менен күрөшүп, ата-журтуна эмгек сиңирген өзүнөн улуу адамды аяй үнү дирилдеп чыкты:

— Жолдош профессор! Жарадар болгонума сиз күнөөлүү эмессиз. Түшүнөм...

Кайгыга болоттой бек тулкусу азыр сары жездей майышкан хирургдун үнү ыргактуу:

— Мен да түшүнөм. Өзүң да күнөлүү эмессиң, жигит.

Жарадар үзүп-үзүп сүйлөп, даттана баштады:

— Карыган энем бар эле! Бир уядан жалгызмын. Тоголок көөдөнүмдүн алар үчүн кандай пайдасы бар? Ойлосоңуз, кандай пайдасы бар?.. Жаш колуктумдун бактысын байлап, бүлөөмө салмагымды салгыча... Сураганым, ууртам ууну аябаңыз менден?

— Уу? — деп чочуп кетти хирург.— Сабыр эткин! Сага өмүр берүүгө даярмын. А, өздөр үчүн андай таш боордук эч качан колумдан келбейт!

* * *

Эки буту жоон санынан кесилип ташталган тоголок Ишен январь айынын орто ченинде жаратынан айыкты. Эки күндөн соң госпиталдан чыгаарын укканда, өңүнөскөн айылы, чамынып аккан Нарын дайрасы, карегинен тегеренген энеси, мойнуна асылып эркелөөчү келинчеги тартылды. Кем мүчө болуп калганына ичинен сызып сары убайым тартып чүнчүгөн жүзү нурданып, көзү жайнап бир эсе толкунданды. Тешик таппай турган чилдениң суугу каалга ачылганда палатаны аралай удургуп, жүзүн муздатып өткөндө Ала-Тоосунун абасын жуткандай сергиди.

— Асманында бүркүтү айланган Ала-Тоом! Аралай чаап кыр-кырында жүргөндө баркыңды билбептирмин. Булагыңдын жээгине боортоктой жыгылып кана шимирсем!..

Бирок, кайра ошол замат өз үйүнүн төрүндө энеси менен аялына салмагын сала отурганы башын тегеректей калып, супарасы сууй шалдырады. Кубанган жүрөгү өйүп, кабагын чытыды. Санаага чөгүп, мөгдүрөгөн бойонча эки күн жатты. Качан жасалма буттун боолорун арчынданып, аскер кийимин кийгенде соо кезиндей шыңга бойлуу азамат экенин күзгүдөн көрүп, жарпы кайра жазылды. Бирок, ушунча жылга чейин ден соолугунун баркын, денесинин келбеттүүлүгүн бир жолу да сезбей келгенине азыр өкүндү. Өкүндү! Эки колтугуна эки балдагын тирей кармап, жылып басып, палатадагы ар улуттан жаткан жарадарлар менен коштошту. Хирург көңүлү көтөрүңкү Ишендин колун кысып, узатарда бул сөздү айтты:

— Сен жоокер, заманыңа шор эмессиң. Кана саксаламат бол. Үйүңө жеткирүүгө жаныңа Люданы коштук. Маңдайына жылдыз кадалган боз тумак, үстүнө аскер

кийимин кийип, белин кындыя курчанып, жолго чыгууга даяр турган тарас бойлуу кызды көрсөттү. Ишен анын тумагынын жээгинен кылайган сары чачына карап алды. Ата-журту үчүн кашык канын аябай жоону тик качырганын, эми бул абалда калганда мекени минтип кам көргөнүн акылына тегеретти. Шерден көңүлүндө күбүрөдү:

«Заманамдын жабырына да ыраазымын, шаттыгына да ыраазымын эми!».

* * *

Госпиталдын карамагында иштөөчү далысы эңкөө, чоң көздүү жоон чал өзүнө түгөй келгендей жарашкан шалпаң кулак, башы тепшидей, жал-куйруктуу, балчайган кара атты чанага чекти. Чананы кыроо басып, тоңуп турат. Кайсы жерин кармаса да колду каарыйт. Чалдын бутунда боз кийиз чокой, башында аскер тумагы, үстүндө ак кой тери жакасы ийиндеринен бери жапкан саргыч, узун тон. Кары тактайдан жасалган кичирээк сарайчага кирип кетти да, кайра чоң кучак кашек көтөрүп келип, чананын үстүнө таштады. Анан Ишендерди олтургула дегендей ишарат кылды. Булар чанага чыккан соң чал тизгинин жыя кармап, алдыга жамбаштады, шапалагын абага булгай, кара атын сооруга бир салып, жөнөп кетти.

— Ноо!

Баятан чалды өңүнө карап: «дудук го?» деп бүшүркөгөн Ишен, анын сүйлөй турганына көзү жетти. Тиги госпиталдын эшик алдында бири балдакка сүйөнө, экинчиси гипстелген колун мойнуна асына кол булгай коштошкон жарадарларга баш ийкей алыстай берди.

Аба тынч. Үлп эткен ызгаар жортпойт. Кайдадыр алыста — алыстагы тереңден күүлдөп атылып жаткан зор куралдардын доошу жай, үзүлүп-үзүлүп угулат. Тээ, чыгыш тарапта арасынан мыдыр эткен жан көрүнбөй кар басып калган кичирээк кыштак турат. Шалпаң кулак кара ат дүкүлдөй желе басып кызууланган сайын бутактары кыроого ийилген токой арасындагы жолдо чана зымылдайт.

Чана токойдон суурулуп чыкканда чатыры бийик, морунан түтүн булаган жыгач үй көрүндү. Бул үй разъезд эле. Үйдү айланып келип, чана токтоду. Людалар түшүп

баштыктарын алган соң, абышка абалкы олтурганы боюнча жамбашын копшоп да койбой, коштошпой да жөнөй берди. Балдагына сүйөнө карыга назар бурган Ишен каргылдана катуу унчукту:

— Дедушка, саламат болуңуз!

Чал ошондо гана артына имериле ак сакалын жарк эткизе баш ийкеп, кайра тез бурулду.

Ишен тапталган карды чоочун буту менен чукуй кычырата басып сонуркайт. Люда жоокердин шаттуу кейпине тең орток боло күлүмсүрөйт.

Ак кар жамына ою-дөңү билинбей тунарып жаткан токойлуу орус жеринин тээ алыскы четинен мөңгүнүн кобулунан чыгып келаткан кара аюу кебетеленип, анан берилей-берилей өгүзгө окшоп, дагы жакындаган сайын көөдөнү далдайып, көк түтүндү бүркө поезд сойлоп чыкты. Баятан Людалар менен жай сурашып турган темир жол сакчысы сары желекчесин сууруп, жол жээгин көздөй басты.

Ысыган ичегилери шыркырап, тешиктеринен атылган көк буу аязды теше күш-быжш этип, паровоз токтоду. Ишенди вагон курсагын карай жымырганда жай чайпала солк этип, кычырап, вагондор кагышып, поезд ордунан жылды.

Вагондун ичинде айлына кетип бараткан солдаттар экен: биринин сол билегине снаряддын чачырандысы тийип, сол колунун манжалары чүрүшкөн; экинчи да бирөөнүн манжасы кырчылып, калак сымал алаканы жеңинин ичинен мултуят; үчүнчүнүн бош калган оң ийни шөлбүрөп, жеңи чөнтөгүндө жүрөт... Кээ бирөөлөрдүн айнектен салынган бир жак көзү берки соо көзүнө окшошпой жансыз жалтырайт.

Эх, кылайып эстен кетпес согуш күндөрү ай! Баарын көтөргөн адам баласынын чыдамкайлыгы ай!!

Кара сур орто жаш солдаттын жогор жагынан Ишен орун алды. Нары терезенин түбүнө баштыктарына чыканактай Люда олтурду.

Тааныштар вагон ичинде убакытты карта ойноо менен кыскартууга өтүшүп, бөөдө санаадан четте шаттанып, оюндун эрегишине берилди.

Поезд кайсы бир вокзалга токтоп калган эле. Вагондордогу жоокерлердин бир канчасы биротоло түшүп калып, бир тобу сонуркап сыртка абага чыкты. Ишен жыла

басып, терезеге келди. Люда соңунда. Ушул учурда кызы вагондун аягынан кирип, бирин койбой кыдырып келаткан болуш керек, ар тилди аралаштырып бакылдаган адамдын үнү угулду:

— Мамашы! Братья! Сестры! Помогите! Аталар! Хамы карындаштар! Жардам этиңер? Хайры — саховад бериңлер?..

Мунун кайырчы экенин Ишен сезе койду. Кайырчынын жаш экени, ал түгүл дени соо, алдуу экени үнүнөн улам даана. Үн бир аз басыла калып, кайра муңкана чыгып, жанагы эле айткандарын жабырата кайталайт. Ишен кабагын чытый үн жакка имерпле калганда, коңшуна купенин каалгасы шарт ачылды да баятан үнү угулуп, өзү көрүнбөгөн адам Ишендин үстүнө кирди. Анын жаш экенин туура болжоптур: Башында тери тумак, таноосу быйпыгый шиш тумшук мурун. Кыркылган сакал-муруту кыртыштана өскөн, чарчы бойлуу. Мойнуна капкалдырыктуу булгаары баштык асынган. Баштыгынын капкалдырыгы каңтарылуу. Оң колунун казык сымал билеги тынч албай култулдап, баштыкты чапкылайт. Оозунан баягы сөздөр жаайт:

— Апа-аталар! Хамы карындаштар! Хайры-саховад бериңлер!..

Кайырчы маңдайына тура калганда, Ишендин денеси дүр, эте, тамагынан башталган муздак төбөсүнө чыкты. Негедир нес боло кайырчыны тиктейт. Безгек болгондой балдакты мыкчый кармаган колдору калчылдап, жыгылып кетеринде Люба кучактап, көзүн алайта безеленди:

— Эмне болду сага? Эмне болду?

Кайырчынын оозунан арактын жыты бур этти. Купкуу жүзү, калтылдаган башы анын ичимдикке ооп кеткенин билгизди.

...Санаа нурдан учкул, токтон күлүк тура. Саат баскан кайырчы бет алдына тура калганда, абалы оор Ишендин башына эмне өңдүү жамандыктар келе калбады!.. «Мунун эки колу жок болсо, менин эки бутум жок! — деп кабыргасы кайышты.— Колу болбосо да каалаган жагын көздөй илинбей жүгүрүп, бирөөлөрдүн бергенин алып, күн өткөрөт экен. Менчи? Тирүү жүрүп кайырчылык менен күн көргүчө өлгөнүм... Өлгөнүм артык эмеспи!..».

Кулагы чуулдап эсинен танды...

Поезд жылганда зорго эс алды. Карта ойногон тааныштары түшүп калып, алардын ордуна жаңы жүргүнчүлөр келип олтурган. Жүргүнчүлөр баштыкка кежигесин сүйөй деми кыстыга чалкасынан жаткан кыргыз солдатка, анын чекесине муздак суууга малынган чүпүрөктү басып, үйрүлгөн орус кызга назар бурушту.

Жүн оромол салынган татар кемпир орус кызды тигинин колуктусу го деп жоруду. Бирок башын көтөрүп эс алып калган жигиттин суз мамилеси андай жоромолду төгүнгө чыгаргандай. Кемпир жолдон кошулган чоочун неме го дейин десе, кыз жүз арчысы менен жигиттин ным болгон маңдайын сүртүп, айтор бир боорундай үйрүлөт. Акыры:

— Бу, балам, күйөөң го?...— деди кемпир Людага карап,— армиядан келатабы?

Кемпир жарадарды айлына жеткирип бараткан санитарка экенин угуп, шыпшынып, кейиген болду. Ишен кемпирдин кейип, аяп кеткенин: «Бирөөгө салмак артып жашагандын азабынан көрө жанынды кыйганың жеңилдир!» — деп жаткандай жанына батты. Кумсаңдап, обдулду. Люда колтугунан жөлөп:

— Каякка, терезегеби?

Ишен үнсүз. Вагондогу дааратканага жыла баса жетип, каалганын туткасын кармаган соң:

— Ыракмат, сиз кайра басыңыз? — деп Людадан өтүндү.

Люда мамлекеттик жоопкерчиликтен баш тартпай: «Ызалуу неме алда эмне болуп кетпесин!» деген ойдо, Ишендин колтугун коё берген жок:

— Кире бериңиз? Айбыкпаңыз. Кире бериңиз?..

Ишендин жаны ансайын ачыды. Намыс жүрөгүнө бычактай сайылды. Гүл бакчада ээрчитип жүрчү кызды дааратканага ээрчитип кирүүгө дити чаппай төбө чачы тик тура Людага жалбарды.

— Людечка, өзүм эле кирейин, терезеге жөлөнө турчу, садагасы?

Кайырчыдай мүгдүрөп өтүнгөн Ишендин көңүлүн кыйбай Люда сыртта. Ишен ичке киргенде каалгадагы уркуйган темир тутканы көзү чалды. Уурту диртилдеп туткадан көзү өттү. Анан... Анан жаны кашая тутканы далдап сүзүп, өлүүнү ойлонду. «Бул кордук аздык кылып, дагы жарадар болбоюн? Тутка! Баш сөөгүмдү тал-

калап, мэзме мылгы. Мылгы!...» Курун курчана, боюн жыйып, чымырканганда Люданын жөтөлгөнү угулду. Ызанын отуна куйкаланып, каны кайнай күрөө тамыры көбө алоолонгон денеси тааныш жөтөлдөн селт этти. Селт этти да, өзү үчүн Люданын жоопко тартылары эсине кылт түштү!

«Өлгөн өзүм өлбөй аны жоoптуу кыламбы? Оо кудай, бирөөлөргө зыяндан башка кымындай пайда калган жокпу менде?!».

Сүлк тарта денеси титиреп, буркурады. Жамгырда айнектин бетинен мөлт-мөлт кызылган тамчы сымал көзүнүн жашы он талаа.

* * *

Боор ооругандыкты да, айтылган насаатты да, камкордук жардамды да, өзүнө каршы алган жаралуу Ишен — тоо койнундагы өзү өнүп-өскөн Н. районуна келип жетти. Райондон арабага олтуруп айлына жөнөдү. Россиянын токойлуу талаасына көнүккөн Люда жолдо катар шампан баштуу шоңшойгон бийик чокуларды, чокудан аркы арсайган аскаларды таңдана карайт... Жаралуу жоокер кыска көчөлүү кыштагын көргөндө, жүрөгү бир эсе кубана опколжуп, бир эсе мөгдөдү... Кыштактын кээ бир үйлөрүнүн морунан түтүн созолонот. Кыламык кар каптап саргайыңкы тарткан саз үстүндө жайылган уйлар. Наркы төө карын адырда чачырап оттогон жандыктар. Тетигинде коргонуна жал-жал чөп жыйылган чоң сарай. Сарайды айлана баскан торпоктор, уйлар. Кыштактын башынан келаткан боз атчанга айыл иттери абалайт. Чыгыш тарапта терезелери заңкайган ак мектеп. Айланасында кубалашып кар чапчып урушкан балдар.

Ишендин келатканына сүйүнчү жеткен белем: эшик алды адамга толгон. Үчөө-төртөө арабаны карай жүгүрдү. Алардын артынан бирин-сериндери чубай басышты. Жүгүргөндөрдүн алдынкысы — сүйүүлөрү тарабай калган жаш аялы Нуруя экен. Нуруянын чачылуу кызыл жоолугу артын көздөй жылмышкан. Кара чачы үрпөйө маңдайы жаркырап, бети албырат. Көзүнөн сүйүнүчтүн жашы мөлтүлдөп, арабанын үстүндөгү боз тумак, боз шинелчен эрин басып жыгылды. Келинчеги алкымынан алма-терме жыттаганда, Ишен көзүнүн жа-

шын кылгырта өзүн-өзү зордоп жылмайды да, өбөктөгөн Нуруяны бош кучактай муун-жүүнү калчылдап сурады:

— Жакшысыңарбы?.. Апам күүлүбү?..

Нуруя сөзгө жооп берүүгө чоло таппай өпкүлөп, жабышты.

— Кантет?..— Ишен келинчегин ээгинен сылап, маңдайынан жыттады.— Келбедимби эми... Тур, мени сага жеткирип келген тигил, Люда менен таанышчы.

Ашыккан Нуруя баятан аны жигит деп ойлогон. Эми жаш чайган көзүн ирмей Люданы кучактап өптү. Жоокердин жарын сын көз менен караган санитарка анын оордукка майышпас көңүлүнүн актыгын сезип, толкундатып, жашып кетти.

Ишенди эки жигит арабанын үстүнөн көтөрүн түшкөндө энеси Мистебү колундагы суу толгон сыр аякты баласынын башынан үч имерип, сууга түкүртүп, күрөңдүнү көздөй чачты:

— Кайгы-капа, саат-сабыр кара суу менен кет! — Анан: — Мээнетиңди алайын кулунум!..— деп жалбара баласын өпкүлөдү.— Көзүңдү көргөзгөн жаратканга ыраазымын! Ыраазымын!

Үстүндөгү чолок ак тонунун эки жеңин түрүнө шымаланган кара мурут жигит тик мүйүз, көк серкени маарата жетелеп келип, Ишендин алдына жыкты да, күмүш толтолуу бычак менен мууздап жиберди. Жаны чыга электе ичин жарып, өпкөнү жүрөгү менен сууруп чыкты. Элдин ырасмысына түшүнгөн жоокер башын ийди. Бекене бойлуу ак сакал чал булоолонгон өпкөнү кекиртектен кармап:

— Менин колум эмес, умай энеңдин колу! — деп бат-бат сүйлөй Ишенди далыга үч чаап, башынан тегеретти да сагалап турган иттерди көздөй ыргытты:

— Ал! Оору-сыркоо, кырсыктан эсен болсун бала!

Сырттагынын баары эми үйдү көздөй жабылышты. Конок дешип, Люданы эң алдыга киргизишти. Жетине албай барбаландаган эки жигит Ишенди бастырбай балача көтөрүп, Люданын соңунда.

Качыраган бутунун бирин бүгө, экинчисин сунуп эки кишилик орунду ээлеп, Ишен төрүндө. Катарындагылар мандаш урунуп, чыкыйып олтурса, өзүнүн олдоксон абалын көрүп, ансайын ичинен сызды. Ага-туугандардын

үстү-үстүнө кирип кол беришип, кээси кучакташа өбүшүп көрүшкөндөрүнө Ишен тоңдоосун эсендешти. «Кишинин санынан чыккан менин эмнеме сүйүнүшөт экен!» деп ойлоду. Кээ бир кыраакы адамдар Ишендин негедир сүздана маанайы пастыгын байкап: «Кан аккан жерде жүрүп каны суюлган чыгар. Каны толуп, калыбына келээр. Ошондо согуштун жайын сурап, көргөндөрүн айттырарбыз» дешип, алдыртан абайлап, аз сүйлөштү. Өпкө чапкан чал жетине албай:

— Кыбырап жаның, айнектей көзүң келгенине биз таалайлуубуз! — деп сакалын сылады.

Бул сөздү уккан Ишен ичинде: «Ии, эми эки колум эки ийнимден ажырап, томолой болгондо ыраазы болмок экенсиңер го! — деп табалайт.— Ате, немецтердин снаряды эси жоктук кылыптыр, омуроомду кошо жулуп кетпей!».

Эл толгон үйдүн каалгасы шарак ачылганда, заңк эткен үн чыкты:

— Ассалоомалейкум! Ушинтип жүз көрүштүкпү?

Босогодогулар жарыла берди. Аскерден жаңы кайтып, өзүнүн эски кесиби — бригадылыгын уланткан, далдайган зор Жумалы Ишен обдулгуча кучактай калып, өбүшүп көрүштү. Тургандардын кээси жашыса, кээси жетине албай кобурайт:

— Оңбосун согуш!..

— Бу дегенине шүгүрчүлүк. Кандуу казаттан балдарыбыздын алды келип, жүз көрүштү.

Жумалыга көрүшкөнгөбү, айтор Ишендин түнөргөн жүзү саамга жайдары... Баятан үйгө кирип-чыга жарына алдыртан көз салган Нуруя: «Кадимкиндей ачык олтурчу жаным! — деп күбүрөдү.— Эл-журтуңду эсен көргөнүңө кубансаң? Же жаратың ооруйбу?».

...Айча мурда Жумалы деле оң колунун манжалары чүрүшүп кайткан. Ал мындай жаратын эске алмак түгүл, учурашкандарга сыймыктана колун сунуп көрсөткөн:

— Мына, мекенин коргогон уулуңардын колу.

— Колуңдан айланайын! — Карыянын бири Жумалынын жарадар манжаларын өпкөн.— Ушундай абалда кеткендер келсе кана...

Ортого дасторкон жайылып, май томурулуп, боорсок чачылган. Ар ким өткөн-кеткенди айтып, баж-баж

сөзгө кирген. Бир карыя сакалын сылап, үн сээлдегенде Жумалыга кайрылган:

— Кана, Жукентай, чабыш учурунда күчүндүн пайдасын көрсөтө алдыңбы? Ушу жагынан айтып берчи?

— Ап бали, сөздүн падышасын сен баштадың. Кеп ур. Жумаке?

— Ийе?..

— Така урдурбаган атты кулактан толгой мыкчып, улакча кармоочу элең, эмне көрсөттүң ой?...

— Таң калгыдай деле эч нерсе болгон жок.— Жумалы жылмайып сөзгө кирди.— Жай учуру. Кара жамгыр төгүп турат. Көзгө сайса көрүнгүс түн. «Душмандан тил алынсын» деп биздин батальонго буйрук келиптир. Василий аттуу жигит экөөбүз блиндаждан жылып жөнөп кеттик. Мындай тапшырмаларды нечен жолу орундаткан Василий алдыда... Бирде мөңкөлөңдөп басып, кайра эмгектеп, кээде сойлоп олтуруп, мерчемдүү жерге жеттик. Оро-парабыздан жылт эткен шоола көрүнүп, кайра өчтү. Ооба, жакасына тумшугун катып, папирос тарткан адам сөлөкөтүн баамдадык.

— Тобо! — Кимдир бирөө сөздү үздү.— Илгээри мал уурдаганы барчу элек. Булар адамга кол салганы...

— Тобоңду коё турчу. Айта бер, Жуке?

— Биздин милдет шырп чыгарбай баса калып, оозуна жоолук тыгып алып кетүү. Караанга чукулдап, мышыкча секирүүгө учур күттүк. Чүмкөмө плащ кийген тигил, жаандын суусун шалп-шалп кечип, ары-бери басып жүрдү. Жок, караан экөө болуп калды. Экөөнү алып кетүү оор. Андыктан бирин жайлаш керек... Василий бирине канжар урат. А мен беркини баса калам. Ушул эки иш тең кирпик ирмегенче тырс эткен дабышсыз орундалсын. Убада ушундайча болду. Жанды оозго тиштеп, ишке кириштик. Тигинисине Василий лып жабышканда, беркисин сол колум менен шап ооздон басып, оң кол менен эргүүлгө берип, тумчулай калдым. Көрсө, эргүүлгө алгачкы сокконумда жаагын талкалай коюпмун. Өлүп калыптыр...

Кепке кулак салган карыя солдаттын колун кармалап чыны менен айткан:

— Ошондой болмок. Күчүндүн бекер жаралбаганына көзүм жетчү. Бах, жаагы быркырап кетиптир де!

Бир топтор каткырып калышкан. Улага жактагы келиндердин катарында олтурган Нуруя: «Ишеним Жумалыча казаттан кайтар күн болсо, кандай бактылуу болор элем!» деп тилек кылган. Ал түгүл каңырыгы түтөп, жоолугунун учу менен жашын тымызын аарчыган. Мына, ошондогу тилеги кабыл болду. Өмүрлүк жары төрүндө олтурат. Бирок, негедир кабагы бүркөө. Көпчүлүктөн чоло таап сүйлөшө албаган келиндин санаасы санга бөлүнөт: «Баягыңдай жаркылдасаң боло, берекем?» Ушундай суроолуу ойлор менен алп урушкан Нуруянын таманы жерге тийбей кирген-чыккандарга чай берип, эшик ачып жүрөт. Сүйүнгөнүнөн эки бети албырган. Олтургандарга чай суна бергенде, Ишенге жалт карады. Анын өңү Жумалы учурашканда гана ачыла түшкөнү болбосо али бүркөө.

Нуруя эшикке чыкканда айылдагы теңтуш куба келин колунан кармай калды:

— Жараты кайсы жеринде экен, ыя?

— Өзүм да толук биле элекмин, секет. Аксайт, кыязы, бутунда го...

— Мейли. Аман келди болду.— Келин каткырып калды.

— Аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы!..

Нары, эшиктин алдындагы топурагандардын арасынан кимдир бирөө Ишен тууралуу кейип айтты:

— Кайран жигит, кайран жигит!.. Ченебегендей жаралуу болуптур, эки буту жоон сандан кесилип...

Муну уккан Нуруя өз кулагына өзү ишенген жок. Денеси дүр эте өңү бузулду. Куба келин кучактай:

— Эмне болду? — деп үйрүлдү.

— Эч нерсе...

Нуруянын жүрөгү бирде чок тийгендей тыбыраса, бирде туз куйгандай ачышты. Заманасы куурулду. Жылдызы түштү.

Түн ортосу ооду. Түлөөнүн эти желип, эл тарады. Нуруя ичин эртеден бери куйкалаган жалынды үшкүрүк менен сыртка үйлөдү: мейли... буту жок болсо... Эсен келгени кубаныч, таалай — деп, тагдырына шүгүрчүлүк кылды.

Эртеси Люда кайтмак болду. Айылдагылар сары чач чыйрак мейманын урматташты. Меймандостуктарын билгизе чөнтөгүнө акча салышты. Ишенге өпкө чапкан чал

да көп катарынан калбай нечен бүктөлүп, катылып жүргөн кызыл отуздукту кызга сунду:

— Алып кой, чырагым, атаңдын колунан келгени ушул.

Мистебү козу карын сары майын газетага ороп, баштыкка салып, жалбарат:

— Көзүңдөн тегеренейин, сары кызым! Жериңе жеткиче береги майдан томуруп, тамак алдында оозуңа сала жүр. Ата-энеңе менден салам айт. Кел эми, маңдайыңдан сүйүп коёюн?

Ишен каңырыгы түтөй кол алышты:

— Ыракмат! Кыйналбай жетиңиз...

— Сиздерге чоң ыракмат. Нуричка менен бактылуу жашаңыз!

Армандуу жоокер үнсүз, балдагына салмак артып башын ийди.

* * *

Бир жума бою тынбай келип учурашкан ага-туугандар, кайын-журттардын аягы сээлдеди. Кишилер кирип-чыгып тыныm албай ачылып-жабылган каалга, тебеленген төр, опур-топур болгон үй эми, шарактап кайнаган чайга муздак суу куюп дымыткан сымал үч баш кишиге тийип, ээн да, тынч да. Үйдө Ишен, Нуруя, Мистебү.

Эртең менен. Муз турган кош терезеден таңдын шооласы чууруганда Нуруя жууркандын аягына жабылган күйөөсүнүн боз шинелин жамынып, сыртка чыкты. Кайта уйкана жактан чылапчынга үймө көң көтөрүп кирип, мешке от жакты... Түтүн тарткан керней дүрүлдөп, мештин капталынан тап көтөрүлдү. Таза аба кириш үчүн кош каалганы тең ачык коюп, Нуруя сыртка кетти. Башы-көзүн ак жүн оромол менен ороп, терезенин түбүндөгү бийик жаздалган төшөгүндө жаткан Мистебү түйшөлүп, козголуп турууга кам урду. Эненин эки көзү уулунда. Жалынып-жалбарып күбүрөйт: «Кудайым өзү жар болуп, чымындай жанын калкалап, маңдайыма жеткирбедиби. Мээнетиңди алайынымдын кабагы бүркөө».

Аяк жагы басырылып, көөдөн жагы домпоюп сарала жууркандын алдында жаткан Ишен оң алаканын жаагына төшөп, муз турган терезени тиктеп, ойлуу. Терезеге

турган муздар жалбырагы жыш, түнт токой сыяктанат. Абайласа чокусуна булут чөккөн тоо кыркаларына да окшоп кетет. Бир туруп капчыгайдын кысыгында ит ээрчиткен салт атчан адам бараткансыйт. Ишен мындай көрүнүшкө бир аз алаксыды. Анын кандайча болгондо карыган энесине, өмүрлүк жарына салакасы тийбесин чечмелөөгө өттү... Баарына кайыл боло көздү жуумп туруп, бастырмага асынып өлүүнү да ойлоп көрдү. Бирок, береги өзүн бел кылып, таманы жерге тийбей үйоокатын жасаган ачык кабак Нуруясын, караанын көргөнгө канымет кылып, бетине кызыл жүгүрө бели түзөлгөн картаң энесин кыйбоочудай! Болбосо жанын өлүмгө кыюу кымбат эмес: эл уктаган кезде жылып чыгып, төш жары жиптин бир учун бастырманын устунуна бек байлап, илмегине башын илсе болду, суналат да калат! А ага дем байлаган тигил экөөнүн күнү не болот? Сабырдын түбү сары алтын дейт эл. Сабыр этсе не болот?.. Ушинтип, намыскөй неме өлүм менен өмүргө өзү арачы.

Ишен бетин жууп жатканда суу куюп жаткан Нуруя — ичи ысып эринин мойнунан чоп өптү. Кытыгысы келип кеткен Ишен самын жабылган жүзүн ала качып бышкырды:

— Кантет...

— Кантпесе, суу куйбай коёюнбу! Эр жеңсиң көзүңдү аччы эми?

— Мына.— Ишен көзүн алайтканда Нуруя шашып кетип, кумгандын чоргосун эңкейте сууну шорголотту:

— Ачышат! Жуун-жуун. Ишендим! — эркелей сүйлөп өтүндү.— Башта шайыр элең го капыр?... Мурдакыдай эле жүрчү...

— Сүйбөгөнгө шылтоо оңой табылат. «Кабагы ачылбайт мунун» деп чана баштаганың ошо. Али үч гүлүңдүн бири үзүлө элек, шайыр таап аларсың шашпай.

Нуруя чок баскандай секирди:

— Кой! Ошентип да сүйлөйсүңбү! Кабагыңды ачпаганыңды айттым.

* * *

Деги Нуруя бир нерседен шектенгендей жарына назар буруп, алдан акмалайт. Пенсия алганы районго кетип баратышканда жолдо, кептин жүйөөсүн келтирип бир

нерсени айтууну ойлоду. Арабада тетири карап олтурган Ишен күтпөгөн жерден күйүтүн дааналай үшкүрүндү. Эринин кол кабын чечип таштап, анын колун өз жеңине сала ушалап, жылытып бараткан Нуруя селт этти:

— Койчу! Ушинтип да үшкүрөсүңбү?

— Үшкүрбөгөндө кантем. Ыйлайымбы?

— Эмнеге ыйламак элең?! — Келин көзүн бакырайта аң-таң болду.— Колуңа камчы алып, жонума минсең да ыраазымын, үшкүрүнбөчү? Үшкүрбөчү кудай жалгагыр!

— Жонуңа көтөргүдөй балаң белем?

— Бала? Өзүң турганда балаң токтой турсун.

Унчугушпай бирин-бири жал-жал тиктешет. Жай баскан кош аттын айдыңында кычырай тегеренген арткы доңгөлөктөр тоңу эриген жолдо жумшак ыргалат.

Райондон ишин бүтүргөн Ишен балдагына салмак арта көчө жээктеп келатса, бейтааныш казык бут адам каршы чыкты. Ал каалгасы жок дубалдын ачыгынан бурулмакчы болгондо, үч жаш чамасындагы алагай көз, жылаң баш эркек бала короонун ичинен чуркап келип, канатын жая жармашты. Баланын өсүп кеткен кара чачынын алакандын отундай төбөсү кайчыланган боюнча. Анын чала алынган чачы киши күлөрлүк. Бирок кайра өз кейпине ошонусу жарашкандай. Атасынын мойнун кучактап, элтеңдеп, элеңдеген сайын анын күлкү келерлик кейпине көргөндүн ичи элжирейт. Казык бут атасы кол таягы менен бирге көтөрүп, дал кайчыланган төбөсүнөн өөп, жетине албай жамактатып кобуради:

— Кайчы баш, кайчы баш. Ушуга берген кайран аш! Муну көргөн кайра кач. Атаңдын көрү, кайчы баш!..

Бала менен атанын эзилишкенин көрүп, Ишен бир түркүн ойго батты. Денеси балкый көз айырбай какая түштү. Тиги киши тентегин тонунун өңүрүнө ороп, өзүнүн тумагын кийгизип көтөрдү да (эгер Ишен көпкө тиктеп калбаса үйүнө кирип кетет беле) аскер кийимчен жигитке карай бурулду. Тоңголок жолдун бетине казык буту доп-доп урулуп, чукул жетти:

— Ассалом алейкум.

— Алейким салам, аке.

— Аскерден келаткансың го?

— Келгениме бир топ болуп калды.

— Жакшы, жакшы. Кайсы айылдан болосуң?.. Дурус-дурус. Эл-журтуңа эсен келип, сонун болгон тура, баатыр.

— Бутуңуздан согушта айрылгансызбы?

— Жок,— деп жылмайды,— илгери жаш кезимде суукка алдырып ийгем.

— Оокатыңыз кандайча өтүп жатат? — Ишен бул сөзүн чогоол айтып жибергенине уялып кетти. Берки өйдө-төмөндү көрүп, кагылган кишиликтүү адам белем, бир нерсеге көзү жете калгандай жымыя, чырт түкүрүп коюп сүйлөдү:

— Тирүүчүлүктө да оокат өтпөй калабы. Башы-көзүң соо, колдо күч турганда кор болбоонун камын күтүш керек. Иштесең — тиштейсиң да. Соо жүрүп жалкоо болсоң да кор болосуң. Иштеген жакшы. Балдагың бар экен, кыязы, жаратың бутуңда го?

— Бутумда. Чолокмун. Экөө тең кесилип салынды!

Жоокердин оозунан «экөө тең кесилип салынды» деген сөздү укканда баятан илинбей сүйлөп жаткан неме мостоё да, мукактана да түштү. Ошентсе да сөзүн кайра улады:

— Чолокмун деп оозду ачып, чалкамдан жатсам асмандан алма түшкүдөй эмес. Оболу өз чокоюмду көктөй албаган мен, башка иш түшкөндө өтүкчү болуп кеттим.

— Өтүкчү?

— Ооба өтүкчү болуп кеттим.

— Канча балаңыз бар?

— Бул эң кенжеси,— кайчы башын жыттап койду,— жеткен чыр. Эрке күчүк. Улуусу да уул. Жетинчиде окуйт.

— Иштеп жүрөсүзбү?

— Иштебей, иштебесе болобу. Артелде өтүкчүмүн.

— Сизге жолугат окшойм. А ким деп сурасам болот?

— Карынбай десең, же артель жакка бара калсаң... Жүрү, үйгө кир, чай ичип чык.

— Жок. Ыракмат. Эсенчилик болсо ичээрбиз. Карынбай аке, эртең сизге жолукпай койбойм.

— Жакшы болот, жакшы болот. Жолук.

Карынбай кол алышты да ыргалып, сылтып, үйүн көздөй бурулду. Баласын өөп-жыттап кобурап, короонун ачыгынан кирип кетти. Ишен бир аз болсо да капаттуулуктан сергий, жеңилдегендей бери басты. Ал ушул

учурда кегедир, бир нерседен иренжигендей, ошо иренжиген нерсесинен улам оолактап, бир күн болобу, миң күн болобу жарыкчылыкта жашоо кызык экенин баамдагандай абалга мойнунан байлап, бирөө сүйрөгөндөй жылды...

* * *

Жарадар болгондон бери биринчи жолу ушул түнү гана жашоо, тиричиликти жакшыртууну кыялданып, эртеңки турмушту көз алдынан чуурутту. Ал бирде жанагы алдынан жүгүрүп чыккан кайчы баш баласын өөп-жыттаган Карынбайды элестетип, бирде: «Өзүмдүн алдымдан балам чуркап чыгаар бекен?» деп тилек кылды.

Адам түнкү төшөгүнө жатар алдында көңүлү көтөрүңкү болсо, же жакшы түш көрүп куунак ойгонсо, эртең менен жүрөгү кубанып, эмне ишке болсун шыгы келип, тамакка табы чабат эмеспи. Ишен бүгүн эртең менен кабаарыбай, жайдары турду.

Саат он ченде Нуруяны ээрчитип, артелге келди. Түштүк-батышты караган үч терезенин түбүнөн өтүп, кийиз капталган каалганы ача салганда Ишендин мурдуна булгаарынын ачкыл жыты бур этти. Бөлмөнүн ичи баш-аламан: ортодо сүйрү текче. Текченин үстү андан бетер бытырайт: түрмөк-түрмөк жиптер, ныл, кайындын таарындылары, калай челектерде тарактын тиши сымал жыгач мыктар, учук сапталган ийне, шибегелер, кесинди-өөндөр, чала тигилген конч өтүк баштар.

Текченин наркы четинде карарып жылтыраган алжапкыч тартынып чокчо сакал татар чал олтурат. Чал калып кептелген өтүктүн таманына мык уруп жаткан балкасын коюп, бир жагына жип байланган көз айнегин кашка маңдайын карай көтөрүп, кош балдакчан жигитке аяк өйдө карады.

Эшик жакта эки киши. Наркысынын оң көзүн ак чел каптаган, бети чаар, үшкү баш, көсө. Ал бычылган кончтун ашык четтерин шырт-шырт эттире кесип, тез-тез сернип таштайт. Андан бери далылуу, селкилдеген кара чач, өзүбек жигит. Ал тең ортосунан мыкка илинген жипти алаканынын ортосуна сала шыйт-шыйт эттире эшет. Терезеге чукул таш көмүр жагылган чоюн меш. Суу куюлган жез чара, чыланган таш тамандар. Текче-

лерде калып урулган, ичилик тартылган өтүктөр жайнайт.

— Ассалоом алейкум.— Салам айткан Ишен босогого токтоду.

Ишендин ээк астындагы кара чач жигит жип тиштеп алгандыктан чачын селк эттире баш ийкеди.

— Карынбай аке ушунда иштейби?

Жоокердин суроосуна тиги көз айнекчен чал жооп иретинде оң бармагын далы жагындагы каалгага шилтеди. Аңгыча көргөзгөн тараптан кечеги Карынбай чыга калды. Колундагыларын таштап:

— Кел, баатыр, кел,— деп эт-бети менен кетти.

Ишен учурашып, акыбалды сурашып алган соң, нускалуу адамча токтоо сөз баштады:

— Сиздерге, Карынбай аке, келишимдин себеби... Согуш не өңдүү уландарды жок кылып, не өңдүүлөрдү мунжу-чолок кылбады. Минтип өзүм да чолокмун... Эби келсе өтүкчүлүктү үйрөткүлө. Адам эмесминби, отуруп алып аракеттенсем үйрөнүп кетээрмин.

Тигил дудук немече иштеп жаткан үчөө колдорун тынымга токтотуп, сөзгө уюшту. Чолоктук башынан өтүп калган, экинчиден жигиттин күрсүнүп айткандагы максатына айдан ачык түшүнгөн Карынбай шарынан кетти:

— Аның ырас, аның ырас. Сөзүңдүн калети жок, баатыр. Эгер адам кааласа, ташты нан жасап жейт. Ал чын. Эми мындай кылалы: Жамачылыктын шаймандарынан бир аз жардам берейин... Азыр кыш күрө. Мына, бир-эки айдан соң кар кетет. Күн жылыйт. Ошого чейин үйүңдө бол. Айылда бут кийимдери жыртылгандар аз эмес. Кыргыздын макалы бар: «Кулча иштеп, байча тиштегенге не жетсин!» Анын сыңарындай ар-кор кылбай бирөөлөрдүн кепичин жамап, дагы башканын өтүгүн жамап көнүгө бер. Анан бара-бара эшиктен төргө өтөт да. Туурабы, абзий? — Карынбай көз айнекчен татарга карады.

— Ие, шундый була,— деп ал кашка башын ийкегиледи.

* * *

Карынбайдан кол баштык менен толтура керек-жарактарын алган Ишен үйүнө келгенде, биринчи жолу апасынын маасысынын ыдырап кеткен жулугун жымыл-

датмакчы болду. Эгер, учук тарамыш болсо эле ийнеге саптап алып, мурдагы тешиктерге ийнени сайып тартып, сайып тартса сөгүлгөн жулук жаңы кезиндей бүтөлчүдөй.

Бирок турмуштан өз үлүшүн талашкан Ишен атайы камынды: шинелин желбегейленип, терезени карап олтурду. Тарамыш учук сапталган жоон ийнени көрүнөө сайып, балка даярдады, баштык ичинен жука өөндөр чубады. Айтор кыймылы, кармалашы эп келише бербей колдоюп чоочун.

Маасынын кончун кайрый баштаганда көз кыйыгын салып жанында турган Нуруя бышкырып жиберди. Кызы, Нуруя мындай иште көзү каныккан көрүнөт.

— Мык урулбаган соң балканын эмне кереги бар? Кончту эмне үчүн кайрыдың? — деп сурады да, каткырып келип Ишендин мойнунан кучактай балача жонуна арта салынды.— Эгерде апкыттан жогору конч сөгүлүп кетсе, кончту кайырсаң болот эле, жулукту сыртынан, мына, мобуреки жерден мындай тегерете жамайт.

Көзү жете калган Ишен күлүмсүрөй сөөмөйү менен оң таноосун ышкылап, маасыны өз колуна алды.

Жамалган маасыны бутуна кийгенде Мистебү жаңы сатып бергендей кубанды. Баласынын айтуусу менен нары басып, бери басты. Бутунун башын мындай оодарып, тигиндей оодарды. Маасынын кандай жамалганын сынап жаткан кезде, үйгө баягыда Ишенге өпкө чапкан ак сакал абышка кирди. Анын шиш тумшук кепичинин апкыты тик айрылган. Жазылыгы үч эличелик булгаарынын өөнүн тиликке көмөрөсүнөн салып, муну да жамады. Ойдо жок кире калган кары кепичин кайра-кайра карап жалбарды:

— Ате, кудай жалгагыр ай! Айрылгандан бери дагы чоңоюп кетээр бекен деп кыпылдап жүрдүм эле. Колуңдан айланайын Ишентай, оңдуруп салбадыңбы. Көп жаша ылайым!

Эки күн өтпөй Жумалы келди. Адегенде эле келген адамдардын аяк жагын абайлоочу жамакчы бригадирдин бутундагы аскер өтүктүн үзөңгү боо өйкөп, тешилгени бараткан кончуна шабыра салып, четтерин кайып жамады. Бригадир өтүгүн кийип, жамалган жерин камчысы менен тарс-тарс чапты. Жерди күрс-күрс тебе кубанып, Ишенди ийнинен чапчый булкулап, далысынан таптай бакылдайт.

— Азаматсың! Жарайсың... Ушинт. Күн жылып, кар жукарып, жаз келатат! Жакында кошту чыгарабыз. Үйдө жатып, жамбашың да талыгандыр. Элиңин ичине чык. Жан кайыш, камыттарды ремонттошуп, жардамыңы көрсөт!

Жумалы чыгып кетти. Бирок анын акыркы сөзү жаралуу жигиттин мээсинде калды. «Жардамыңы көрсөт?.. кызык! Менден да жардам болобу?!.. Каамыттарды ремонттосом... Аларсыз араба, соко сүйрөлбөйт. Соко болбосо жер кантип айдалып, тукум кайдан себилди? Булар аткарылбаса турмуш кайдан оңолот? Капырай, керекминби? Чын элеби?».

Жонундагы оор жүктү бирөө силккендей Ишен жеңил обдулду. Көчөгө чыкты. Айланага көз чаптырды... Тээ чокуларда түрмөк-түрмөк булут калкыйт. Төбө жак ачык. Арык жээктери карарып, сүрүлө берген кар четиндеги жылтыраган муздан тыпылдап тамчы тамат. Кары кеткен жерлер майланышып жумшак. Аттиң, күн нуру кимди ыракаттантпайт! Тетигинде жайнаган таан, көгүчкөндөр чурулдашып, канаттары шатырап саманы көрүнгөн кырманды карай учушту. Моюндары жебедей созулган жоон топ өрдөк саз үстүнөн зыпылдаша айланып эңиштеп, кара сууга конушту. Балдагын жол бетине ныгыра батырган Ишен кампаны карай жөнөдү. Жүткүнө аяк шилтеген сайын далысы жазылып, маңдайы нымшыйт. Жүзү ойлуу, уурутунда жылмаюунун сызыгы... Адамды алсызданткан ой. Адамды алдууланткан да ой!: Эмне үчүн көгүчкөнгө өрдөктөр аралашып, бир жерге чогулушпай: бири аңызга, экинчиси көлчүккө энтелешет? Ооба, бири сууда сүзүүгө, экинчиси кургакта жүрүүгө жөндөмдүү. Ошо жөндөмдүү жеринде алардын жеми. Менин Ишеним адам. Анын шыбагасы адамдар арасында. Өлүп тирилген ал, бүгүн эл арасына кетип баратат. Кетип баратат! Кыйындыкка моюн сунгуча, эми турмуш менен күрөшүп өтөт.

# ШАГЫМ

Эрдин жаланып, чалынып жыгылган баланы көрсө аттап өтчү жыйырма сегиздердеги Шургуй аттуу жигиттин келинчеги Шагым. Шагымды качан көрсөң барга-жокко бирдей караган, момоюп калбаат. Эри иштен келгиче үй тиричилигин ирээттейт. Тамак-ашын белендейт. Кирс калсаң калыңы карыш көөп бышкан нан, буркураган буудай максым менен сыйлайт. Сындырганда буу чыккан жумшак, даамдуу нанынан бурдап:

— Баракелде, бышырган наныңа, шампандай көбүргөн максымыңа! — деп мактайсың. Анда Шургуй:

— Абалы мени айт! — деп компоёт,— аял аттуудан мыктуусун тапкамында...

— Ырас, ырас.

Ушинтип Шагымды мактап олтурчу Шургуй аз күндөн бери өзгөрүлдү. Үйүнөн уруш чыкты. Билгендер «казан-аяк деле кагышат. Элдешип алышар» дешти. Чыны, Шургуйдун кабагындагы бүркөлүү жеңил-желпи иш эмес эле. Анын Нурахун аттуу карылыгы жетишкен өзбек кошунасы боло турган. Айылдагы жаш-карынын баары Нурахун аке деп аташчу. Кезинде Нурахун аке Ала-Тоо арасындагы кыргыздардын малын Анжиян, Кокондорго ташыган чоң соодагер болот. Нурахунда ага-тууган, бала-бакыра жок. Аялы, өзү гана. Аялы он жылча мурда көз жумган соң, Жийде аттуу кыргыз келинге үйлөнөт. Ошо Нурахун былтыр дүйнөдөн кайтты. Үй-жайын, уйкудан безе жанын сабап жыйган дүнүйөсүн Жийде басып калды. Жийде азыр кырк жашты чамалап калган, саамайларын ак чалган, узун бойлуу, эти-жөнү жок кара аял. Томугу уркуйган билегине билерик жарашпай, өңү жылдызсыз болгону менен «Чөн-

төктө пулу бардын көөнү ток» дегендей Нурахундан калган дүнүйөнүн аркасыбы, айтор бирөөлөргө менменсиген ак келиндерден өтүмдүү. Анын жүк алдында качан болсо оозу бек, темир тыш чоң сандыгын көргөндө Шургуйдун көзү жайнайт. Балким, айылдагылар айтып жүргөн Нурахундун аяктай алтыны ошо эски сандыктадыр? Балыкчы балыкты кармаш үчүн а дегенде тордун мыктысын иргеген сыяктуу, Нурахундун алтынын ээлөө үчүн Шургуй өзүнөн улгайып калганына карабай Жийдеге иттей шыйпаңдаша баштаган сайын, сөзсүз Шургуйдун алдында Шагымдын жасаган иштеринен кынтык көп чыгат да! Үйүнө кирип-чыгып күңкүлдөп, аялынын кулак-мээсин жейт. Эринин болбос жерден жалаа жаап күнөөлөгөнүнө жаны ачыган келин каяша айтса, ал андан бетер ызырынып, колу тиет. Бүгүн да ошо кыйкым таппай турган Шургуй чети кетилген сыр кашыгын көрүп оройлоно:

— Бул эмне болуп сынган? — деп Шагымдан сурады.

Эринин көйнөгүн жамап олтурган Шагым жай жооп кайтарды:

— Унутуп калдыңбы? Кече ачууң менен ыргытып ийгенинде, казанга тийип кетилген.

— Жүзү каранын жообун! Эртең менен эле бүтүн турбады беле?

— Анан мен кемирди дейсиңби!

— Кемирбей жатасың...

— Койчу бай болгур. Болоор-болбоско киришпей.

— Болоор-болбос! Ооба, сага кашык болоор-болбос. Кошо табышып, кабыргасы кайышып жаткан неме! Болоор-болбос деп!..

— Болсо болуптур. Кемирип таштагам.

— Эмне келжирейсиң ой!

Шагым үн катпады. Кабагын чытып, жамачысын жамай берди. Ийнесин булка тартып алганда жип түйүлүп калып, учук чырт үзүлдү. Муну көрө калган Шургуй ого бетер силкинди:

— Көрчү, мага өчөшүп кылган ишин. Жамабай эле кой минтип!

Сөөмөйүнө ийне сайып алып, бүткөн бою дүр эткен Шагым көйнөктү силкип жиберди:

— Жамабаса мына! Өз билгениндей жаматып ал.

— Жетишет, ит!

Араң турган Шургуй басып жыгылды. Уруп, моокуму канганда үйүнөн түртүп чыкты:

— Кет. Сотко бер.

Жаны күйгөн келин тил тартпады:

— Соттон айлан! Төрт жылдан бери жаманыңы катып, жакшыңы чыгардым эле! — деди да уңулдап ыйлап жиберди.

Шургуй ээрдин жаланып:

— Ыйлап коёт, көзүңө ак түшкүр...

— Токмогуңа ыйлабадым. Сендей жукурга кор болгонума ыза болом.

Жер карап, Шагым төркүнүн карай жолго түштү.

Шургуйдун Жийдеге үйлөнгөн-үйлөнбөгөнү али ачык эмес. Бирок экөө бир ичип, бир үйдө турушат. Чынында, Шургуйду Жийденин жанына матап жаткан баягы чоң сандык. Сандык алиге бек. Жылда бир жолу күнгө какшытып кайра колдошо кийрип коюлганы болбосо, ачылбай жүр[illegible] ачкыч түшчү жери дат да болду. Ачып көрүүгө Шургуй канча жолу аракет кылбады! Жийденин чачына байланган жоон топ ачкычтын бирин көргөзбөй алып, бурап көрдү. Атайын башка ачкычтарды да таап келди. Бирок бири дагы түшпөдү. Сандыктын өзүн көтөрүп кетүүгө чамасы келер эмес. Талкалоонун ыгы келбейт. Акыры сандыктын сырын билмекке Шургуй шылтоо тапты:

— Мыкка илинген көйнөк-кече чаң болуп бүтөт экен. Сандыкка неге салбайсың?

— Ал, мен убайын көрчү буюм эмес,— деп айтты Жийде,— ачкычы небак жоголгон. Балталоого кол барбайт.

— Колдошуп зорго көтөрөбүз. Неге мынчалык оор?

— Толтура куран. Майда-чайда бирдемелер салынгандай болгон... Нурахун өлөөрүндө сандыкты турушу менен мечитке жеткирип бер деп керээз айтты эле. Өзүң көрүп турасың, мечит түгүл Дербиш молдо кайсы күнү Атабектин оорулуу кызына дем салганы барса, айылдагы комсомол кармап алып:

— Бул жерде эмне жүрөсүң? -- деп чекчеңдептир. Дербиш аке:

— Анчейин эле — деп тайсалдайт.

— Молдо да калп айтабы? Дем салганы келдим эле дебейсизби?

Комсомол бура бастырбай:

— Жүрүңүз, сизди, алып баруучу жерге алып барам — дейт.

— Айылчылатпайсыңбы, балам?

— Алдабаңыз... Болбосо карганып бериңиз?..

— Астопролла, не деп карганам?

— Дем салганы келсем, чочконун мурдун өбөйүн дейсиз? — Айласы кеткен молдо ошентип айтып, зорго кутулуптур.

«Куу катын! Сандыктын ичиндегисин менден жашырды — деп ойлоду Шургуй, «майда-чайда» дегенинде кеп бар мунун». Эптеп да болсо максатын орундоого жең ичинен кам көрдү. Тигиндей-мындай амалды да кылууну ойлонду. Акыры тагдырдын бир учуру анын тилегин кабыл этти...

Шургуй мончодо иштейт. Жалыйнасы төрт жүздөн ашуун. Тек сырткары табылчу олжосуна караганда закондуу ала турганы ооз чайкоого жарабас! Мончо агын суута чукул курулган. Анын толгон жаракаларды салса да бата турган, жээги ыш кемегесинин оозу үңүрөйүп суу жакты карайт. Тигинде жыйылган жоон дөңгөчтөр. Шургуйдун милдети—дөңгөчтү жара чабуу. Ал отун жарууну көбүн эсе түндө, кемегенин жарыгында иштейт. Додолонгон чок үстүнө ташталган жаракалар дүүлдөй чатырап күйө баштайт. Жалбырттаган мала кызыл жалын мордун колкосун көздөй жулунуп, пар чыгарчу таштарды жалмалайт. Кемегенин оозунан созулган жарык суунун үстүн кесип, алтын түстүү толкундар жалт-жулт этет.

Чукул жерден ыргыган жарака Шургуйдун жонуна тиет, кээде доп этип жанына түшөт. Шургуй жаракадан чоң кучактап, ашыга белги болгон тарапка барат. Ал жерде дандырдын наны менен алып-сатарлык кылчу өзбек аял. Аял жаракаларды колтуктай берип, ондукту Шургуйга сунат. Кээде күбүрөп мындай дейт:

— Бүгүн базарга арзан ун түшкөн экен. Колдо бар пулумду бүт жумшап койдум. Аларыңызды эртеңкиге кошуп берейин?

Шургуй кол шилтеп отунун бербей терс бурулат:

— Андай болсо кете бергин. Артыңдан доочу болуп

жүрө албайм. Насыя алгысы бар. Көрчү, май талканды тапкан экен.

— Камырым ачып калды эле кантем? —

— Ма десең шыйрагыңды жак. Сага керек дүнүйө мага керексиз бекен?

Аял жер соруп кеткендей караңгылыкка житет. Бир аздан соң чүкөдөй таш Шургуйдун жонуна тиет. Акча аларына көзү жеткен неме эрдин жалана кымылдап, жаракаларды кучактап жөнөйт. Жете бербей:

— Таап келдиңби?— деп сурайт.

— Шамурахун акеден алдым, мынаңыз!

Шургуй колуна тийген акчаны аяп, узап кеткен соң шымынын ичиндеги купуя чөнтөктөрүнө бекитет. Киши байкабас капчыктарын акчага толтурган Шургуй жүз сомдун көзүнө карабай Жийдени алыстагы төркүндөрүнө учурашып келүүгө жиберди. Ошол эле күнү эшигин илип, терезелерин тумчулап, чоң сандыкты ортого тартты. Орус балтаны артына салып, капкакты көтөргөн сайын эскирген турумдун мыгы чыйк эте опколжуйт. Бирде кол башындай, кээде аяктын түрмөгүндөй уюткан алтын алдына жаркырап, Шургуйдун көзү чанагынан чыга ашыгат. Жонунан муздак тер чыпылдап, балтанын мизин ныгыра түшүп, катуулап көтөрөт... Капкак калдак эте бошоду. Сандыктын ичинен урган көк жыт мурдуна бур этти. Мукабасы катуу, калың, барактары чыбыр ала курандардын биринен сала экинчисин алып, аңтарып-теңтерди. Сабы жылтылдаган өзбек шамшаарын эсепке албаганда, сандыктан курандан башка тиш чукуур да табылбады! Бирөө төбөгө муштагандай эңгиденги болгон Шургуй шалдайып, катты да калды.

Жийде үйүнө келгенде тиш салганы турган ажаан итче көзү кызарып, титирендеген Шургуйдун түрпөтүнөн чочулады. Ал ызырынганын зорго токтотуп:

— Сага берген жүз сомду бирөөдөн карыз алгамын,— деп баштады,— бергин, доолап жатат!

— Сураганым жок эле. Өзүң бергенсиң. Андай болсо...

— Азыр! Кулагың угабы? Доолап жатат!

Беш күнгө жетпей Шургуй Жийдеден бөлүндү. Бир үйдө коколой башы. Өзү келсе эшиги ачылат. Болбосо каалгасында дайыма кара кулпу илинүү. Дубалы күмбөздөй сумсайып тынч.

Аш бышырып, идишин жуурда, төшөк салып, чечинип

жатарда Шагымды эсине салат «Алтыны бар деп, ит болдум. Артынан барып элдешип алайын» — дейт. Эртеси ишке аралашып, акча табуунун кызыгына келгенде баары эстен чыгат. Көп узабады. Мончонун жакшы ысыбагандыгы жөнүндө түшкөндөр даттана баштады. Жеме уккан завхоз түкшүмөлдөп, аңдып жүрүп Шургуйдун уурулугун кармады. Шургуй көкүрөгүн тытынып, жанын сабады:

— Шайтан азгырды! Бирөөдөн насыяга бозо ичтим эле. Айлыкка чейин күйбөй доолай бергенинен... Ошенте коём деп... Бул кылмыш өмүрүмдө биринчи болду.

Ак көңүл завхоз айтканга ишенип, ишинен гана бошотуп тим койду. Шургуй алып-сатарлыкка өттү. Балыкчыдан стаканын отуз тыйындан күн карама алып келип, мындагыларга сексен тыйындан сатат. Көйнөгүнүн жакасы устара жанууччу булгаары сымал жылтыраган. Оркоё өскөн тырмагы карарып, узун шадылары кычы. Тек, жүзү кара-көк тарта майланышып, өңдүү.

Көчөнүн имерилишиндеги зым карагайдын түбүндө турган Шургуй кабынын оозун тыкан кайрып, күн карамага алты кыр стаканды чөмөрүп, тыйынын төлөгөндүн чөнтөгүнө солосо кыймылы көзгө илээшпейт.

Тааныгандар какшык аралаш тамашалайт:

— Ии, сенин шоруң аялдан болсо керек! Боидок жүргөнгө эки ийниң көтөрүлүп, оңоло түшүпсүң.

Шургуй кепке кулак салбайт. Китеп колтуктаган балдарга алаксыйт:

— Таначарлар, бери кайрылгыла! Же Ата-энеңер бир сом берүүгө жарабайбы!

Кара тоголок бала чөнтөгүн сыйпалаганда стаканын капка көмөрүп, мактоого алды:

— Ушул иним жарайт. Калганы жеткен бок мурун. Же силердин да акчаңар барбы? Атасы эр болчу? Кел, келгин, чөнтөгүңдү тос!

— Колуң кол эмес машине экен! — деди фуфайке кийген кара мурут жигит.

Ырсактаган Шургуй:

— Акчаны таап жаткан ошо колдун шыпылдашы,— деп түшүнттү жана жасап да көрсөттү.— Мынаминтип көмөрүп сузам, көрдүңбү, стакан үймөлөндү! Жана бир ууч алам. Аларман үймөнүн үстүнө дагы салмай болду деп кубанат. Ачынында мен таштап жиберген ууч чо-

чойгон үймөнү жаба коюп төгүп кетет. Хе... хе... Байкатпас үчүн шып алам да, чөнтөгүнө куюп жиберем. Ип, кол машинедей болуу керек бекен?

— Ой, итиң оой! Кайдан окуп жүрөсүң буларды?

— Турмуштан, турмуштан хе-хе...

— Турмушта мындан башка окуу түгөнүп калыппы?

— Ким эмнени кааласа. Кел, сүйлөбөй чөнтөгүңү тос?

Жигит жанынан сары чолок сууруду.

— Кайра сал, а да акча,— деп Шургуй колун тарбаңдатты эле, ал каптын ичине ыргытты:

— Марттыгын. Менин кадырым жалгыз сомдо калыппы? — деди. Бирок, Шургуйдун шымынын айрыгынан көрүнүп турган тизесин көрүп, түтпөй кетти:

— Тизең эмне, арам? Үйгө бар, бүрдүрүп берейин.

— Өзүң бир деме дебесең. Аялың акы доолайт ой!

— Коркпой эле кой... Анан баргын үйгө.

— Шылтоосун кара! — деди Шургуй кетип бараткан жигиттин артынан,— эптеп үйүнө чакырып, шымымы жаматымыш болуп, карызга акча сурай албай жүрөт. Алдатам сага!

* * *

Күн карамадан түшкөн акчаны жылдырбай бек кармады да шорпону унутуп, чай ичти. Балыкчыга келгенде мейманканага барбай автостанциянын бөлмөсүнө түнөдү. Бирок, Шургуй мончодогу кезиндей марыбайт. Суукка урунуп жөтөлүп, жүдөдү. Баарыдан да штрафтан коркуп, милициянын төбөсү көрүнсө кабын көтөрүп, калдактап бурчтан бурчту айлана жүгүрөт. Ашыгып келатып, арыктын кырын жаза басып, кызыл ашыгын чыгарды. Онтолоп үч күнү төшөктө жатты. Ысык аш жасап ичүүгө зар болду. Ошондо Шагымдын кадырын сезди. Акмакчылыгына башын чайкады. «Элдешип алайын» деп тыңыры менен кайындарына барды. Ал мында келбептир. Иштеп кетиптир. Карган ата-энесине ай сайын акча жиберип турат экен. Шургуй муну укканда аялы чөнтөгүндөгү алып-сатарлыктан түшкөн акчасын чачып жаткандай күйүндү. Шагым жер алдына түшүп кетсе да тапмакчы болду. Кайнатасы адресин бербегендиктен эч жерден жолуктура алган жок. Күндөр өттү. Күдөр үздү. Токмокто калемпир арзан экен

делингенинен алып келип мында сатып, пайда табууга Шургуй ошоякка кетип бараткан. Кара жолдо тосмо тургандыктан, Шургуй түшкөн машина бурулуп, жай, адыр түптөп жөнөдү. Дөңгөлөк өңгүл-дөңгүлгө урунуп домпулдайт. Шургуй жанчылган куймулчагын көтөрүп, борттун четин тырмыша кармап; «Алганың аш болбогур» деп шоферду ичинен сөгөт, мойнун созот.

Тиги, смола төгүлгөн жолдо жайнаган жолчулар ашыга иштеп жүрөт. Кара майга көөлөнгөн кумду каз таман трактор таптайт. Комбинезончон! Колдорунда колгап — жигит, келиндер кургак шагаландан күрөктөп сузуп, май кылгырган жерге шап-шап ыргытат. Жолдун бүткөн жагы өстөн суусундай жалтырайт... Иштеп жаткандардын ичинен бирөөнүн өңү Шургуйга жылуу учурады. Мойнун созуп ансайын акыйды. Келин машина тарапты карады да, балпайган колгабы менен күрөктүн сабын таяна эс алып турду. Билеги менен жоолугунан булайган кара чачын жаныды. Маңдайы тер. Көзү жоодурап, калың эриндери кызарган. Ооба, бул Шагымдын өзү! Шургуй кабинаны бир сокту. Чаңга аралаш ыргып түштү. Өрттөн качкансып, калдактап Шагымга чукулдады.

— Шаке! Эсен-соосуңбу?.. Кайда жүрөсүң? Издеп...

Каржалып, чаңга аралашып, кейпи кеткен эрин таанышбай барып тааныды. Катарындагы көңүл салган келинден уялып кетти. Колун жаңдап Шургуйду токтотту. Басып келип:

— Эмнеге издедиң? — деди кабагын чытып.

— Кимди издейм анан!.. Бүттүм. Көнир, Шаке!

Шагым жолчуларга кылчайса, баары күрөктөрүн таянып жарданып калышыптыр. Андан бетер уялды.

— Жолуңан калба, машина токтоп калды.

— Ыя? — Шургуй шоферге кол шилтеп даркырады: — Кете бер, ой. Барбайм мен, барбайм.

— Акчасын доолап жатат,— деди Шагым андан бетер уялып.

— О оңбогур. Ушу, беш кулач жерге эмненин акчасы... Токмокко жеткирсең төлөмөкмүн... Кулагы жок неме го. Кете бер. Барбайм мен. Барбайм!

Шофер терезеден ашыра түкүрүп, жолго түштү. Шагым ыңгайсыз. Катуу айтуудан иштешкендерден жазганды, чөнтөгүнөн ачкычын алып, тээ тумшуктун алдындагы баракты көрсөттү:

— Баргын, он жетинчи каалгага кир. Анан сүйлөшөбүз.

Санаасы тынган Шургуй Шагымдын чоң терезелүү чакан бөлмөсүндө: көк одеял жабылган кровать, жаздык. Дубалда күзгү. Ортодогу стол үстүндө камкаймак салынган тарелка, нан, термоз коюлуп, такта кагаз жабылган. Кагаздын четин серпип көрдү. Көңүлү тамакка түшө калды. «Жакшы жашайтко?» деп күбүрөйт. Термоздун капкагын бурады эле чай жыты уруп, буу чыкты. «Таманын жаласам да эми элдешейин» — деген ойдо зарыгып олтурганда барактын узун коридору жолчулардын кобуруна толуп, Шагым кирди. Шургуй жазакерлене күлүп тура калды. Бирок аялынын жүзүндөгү сумсаюу кетенчиктетип, кайра олтурду.

Шагым унчукпады. Комбинезонун чечип, көк халатын кийди. Ийнине сүлгү салынып жуунуп келип, күзгү алдында таранып жатканда, көөдөнү демигип, көз кыйыгын салган Шургуй: «Ысполкомдун катынынча керилетко бу!,— деп күбүрөйт.— Мурда кайда жүргөн?» Шагым үнсүз. Мискесиндеги шорпону жылытып, көк табакка толтура куюп, коногунун алдына койду. Нан менен шыпкап ичип, жарпы жазылган Шургуй:

— Тамагыңды сагыныпмын! — деп жиберди. Бир азга олтуруп:

— Кечирип кой! — деп өтүндү.

— Кечирер эч нерсе жок. Тойдуңбу?..

— Ыракмат...

— Чыгып кетиңиз!

— Оп!

— Тур... Жолуңуздан калбаңыз!

— Кой... Кечир... Шагымжан. Мен ит болупмун... Мындан ары бийлик өзүңдө. Кечир, Шаке!

— Кулагың угабы! Кыргызча айтып жатам, тур!..

Мойну созулуп, кулагы делдейген Шургуйдун көзү чанагынан чыга жалжылдады. Төбөсүнө муз басылгандай сөөгү какшап, шалдырады. Зорго обдулду... Барактан чыгып, сенделип жолду көздөй басты. Шагым удаа чыкты. Бурчка жөлөндү. Кыз кези, баш кошкон учуру көз алдынан чубайт... Бир туруп тигини аяйт.

Бурчка жөлөнгөн келин, бармагын тиштеп, али карап турат!..

айтууга оозу батпайт. Ырас, өткөн жазда, карыянын булут чалган төбөсүн көрүп аядыбы, кара мурут башкарма минтип айтты:

— Дөөт аке, ал-күч кандай?

— Ии, кандайын сурайсың? — деп ормоё күлдү, чымчып сүйлөгөндү сүйчү карыя.

— Кайратың кадимкидейби дейм да!

— Кадимкидей болбогонумда эмне кылмаксың, борго байлап күрөшкө салмак белең!

— Отуз жылдан бери жылкы артынан жүрөсүз. Чарчасаңыз чыныңызды айтыңыз?

— Баланын сөзүн баштаба! — деп, Дөөт кол шилтеп күлгөн,— «Атаң алтымышка чыкканда, алдап-соолап күчүк ал» дейт. Билсеңер, эрте ойгонуп, кеч жатып, жылкы артында жүргөнүм мага кубат.

Ушул сүйлөшүүдөн ай өткөндөн кийин карыяны башкарма чакыртып калды. Чынын айтыш керек, Дөөттүн жүрөгү түпөйүл тартты:— «Ата көрү башкарма, баягыда» карып бар.атасың го» деп сөз башпактатты эле,— деп күңкүлдөдү,— жылкыдан түшүрмөкчү болгон го?». Кайра туруп:

— Жылкы башкарманыкы эмес, элдики! Өлмөйүнчө өзүм багам деп айтам. Эгер аа болбой «өткөр» дешип кыңкылдашса, кайберен жайылчу төрлөргө түн катып сүрүп кетейин. Анан аймактан таап алышсын мени! — деп өз сөзүнө өзү шерденди. Шерденди да, чаңкагандар жутсун деп эки чанач кымыз артына желжетпесин шайбырлата бастырып, жакага жөнөдү. Кеч бешимде колхоздун кеңсаларынын эшигине жетип токтоду. Кымыз артынган жылкычыны терезеден көргөн кызыл үйчү келин жүгүрүп чыгып, ат алды. Ага удаа бухгалтер чыкты:

— Айланайын аксакал! Таңдай катып турганда, тамашаны баштадың ээ...

Андан калса активдин баары чогуу экен.

— Кеп эмес бекен! — деп бири маңдайын жышыса;

— Баракелде! — деп экинчиси кежигесин кашыйт.

Дөөт болсо: «чакыртканыңардын жөнүн айткыла, жылкыдан түшүрмөккөбү?!» деп сүйлөп ие албай араң турганда, ак калпагын эңкейте кийген, кара шабыра пальточон ферма башчысы Суксур жылкычыны четке чакырды. Окчундагы тал түбүнө ит олтурушка салып, чыйт түкүрүп, камчысы менен жер чукуй сүйлөдү:

— Кварталдык отчётко карата чакырттык,— деп үнүн бөлдү,— сизде, жыл башында субайы болуп, эки жүз он үч эле. Азыркы эсепте эки жүз сегиз болуп кетмекчи, буга макулсуз го?

Жүрөгү бастай түшкөн Дөөт:

— Канча жүз экенин кудай билсин — деп колун сермей тебетейин желкесин карай түрттү. Сүйлөсө оозунан кымыздын жыты бур этет.

— Менден кеткендерди өңүнөн чыгарайын,— ар бирин айткан сайын бармак-сөөмөйүн бүгүп далилдеди,— ысык тамак үчүн чыгарылган үкү аяк күрөң бээ — бир де. Койчунун минээрине берилген мааникер — эки. Тел кара — үч. Бар болгону ушул. А сенин эсебиң боюнча бешөө жетпейт имиш.

— Экөөбүз жекече сүйлөшүп жатканыбызды түшүнсөң боло?

— Эмнесине түшүнбөйүн?

— Карып калсаң керек!

Дөөт чыйрала:

— Жашмын деп айта элекмин! — деди.

Суксур жапырыла шыбырап сүйлөдү:

— Арак менен алкымын майлап ветврачтан эки башка акт алдым эле. Анан... Түшүнбөй...

— Тобо! — жылкычы аң-таң боло сурданды,— оюн салып жүргөн немелерди өлгөн дедирип эсептен чыгартсам — сакалым өрттөнбөйбү ой?!

— Маңыз экенсиң! — нааразы болгон Суксур этегин кагынып ордунан турду да, экинчи жылкычыны чакырды:

— Сейталы, бери бас! — деди да,— сага ишенген киши арам өлгүдөй тура,— деп Дөөттү кекете кобурап, тигини беттеди,— оокат кылсын деп боор ооруса боорго тебет.

— Суксур, бул эмне дегениң? Сенсиз оокатым өтпөй калабы?!

Мына ушундан тартып ферма башчысы менен жылкычынын бири-бирине жасаган мамилелери сыртынан жамырабаган сыяктанганы менен ичтеринде быгыша албай жүрдү. Жылкыны эски журттан жаңы журтка көчүрүүдө, же жайыт тандоодо экөө чын ыкластары менен кеңешип иш кылбастан, кандайдыр күч сынашкандай «мен ферма башчысы экенимди көзүңдү ачып, таанып

айтууга оозу батпайт. Ырас, өткөн жазда, карыянын булут чалган төбөсүн көрүп аядыбы, кара мурут башкарма минтип айтты:

— Дөөт аке, ал-күч кандай?

— Ии, кандайын сурайсың? — деп ормо̆c күлдү, чымчып сүйлөгөндү сүйчү карыя.

— Кайратың кадимкидейби дейм да!

— Кадимкидей болбогонумда эмне кылмаксың, борго байлап күрөшкө салмак белең!

— Отуз жылдан бери жылкы артынан жүрөсүз. Чарчасаңыз чыныңызды айтыңыз?

— Баланын сөзүн баштаба! — деп, Дөөт кол шилтеп күлгөн,— «Атаң алтымышка чыкканда, алдап-соолап күчүк ал» дейт. Билсеңер, эрте ойгонуп, кеч жатып, жылкы артында жүргөнүм мага кубат.

Ушул сүйлөшүүдөн ай өткөндөн кийин карыяны башкарма чакыртып калды. Чынын айтыш керек, Дөөттүн жүрөгү түпөйүл тартты:— «Ата көрү башкарма, баягыда» карып баратасың го» деп сөз башпактатты эле,— деп күңкүлдөдү,— жылкыдан түшүрмөкчү болгон го?». Кайра туруп:

— Жылкы башкарманыкы эмес, элдики! Өлмөйүнчө өзүм багам деп айтам. Эгер аа болбой «өткөр» дешип кыңкылдашса, кайберен жайылчу төрлөргө түн катып сүрүп кетейин. Анан аймактан таап алышсын мени! — деп өз сөзүнө өзү шерденди. Шерденди да, чаңкагандар жутсун деп эки чанач кымыз артына желжетпесин шайбырлата бастырып, жакага жөнөдү. Кеч бешимде колхоздун кеңсаларынын эшигине жетип токтоду. Кымыз артынган жылкычыны терезеден көргөн кызыл үйчү келин жүгүрүп чыгып, ат алды. Ага удаа бухгалтер чыкты:

— Айланайын аксакал! Таңдай катып турганда, тамашаны баштадың ээ...

Андан калса активдин баары чогуу экен.

— Кеп эмес бекен! — деп бири маңдайын жышыса;

— Баракелде! — деп экинчиси кежигесин кашыйт.

Дөөт болсо: «чакыртканыңардын жөнүн айткыла, жылкыдан түшүрмөккөбү?!» деп сүйлөп ие албай араң турганда, ак калпагын эңкейте кийген, кара шабыра пальточон ферма башчысы Суксур жылкычыны четке чакырды. Окчундагы тал түбүнө ит олтурушка салып, чыйт түкүрүп, камчысы менен жер чукуй сүйлөдү:

— Кварталдык отчётко карата чакырттык,— деп үнүн бөлдү,— сизде, жыл башында субайы болуп, эки жүз он үч эле. Азыркы эсепте эки жүз сегиз болуп кетмекчи, буга макулсуз го?

Жүрөгү бастай түшкөн Дөөт:

— Канча жүз экенин кудай билсин — деп колун сермей тебетейин желкесин карай түрттү. Сүйлөсө оозунан кымыздын жыты бур этет.

— Менден кеткендерди өңүнөн чыгарайын,— ар бирин айткан сайын бармак-сөөмөйүн бүгүп далилдеди,— ысык тамак үчүн чыгарылган үкү аяк күрөң бээ — бир де. Койчунун минээрине берилген мааникер — эки. Тел кара — үч. Бар болгону ушул. А сенин эсебиң боюнча бешөө жетпейт имиш.

— Экөөбүз жекече сүйлөшүп жатканыбызды түшүнсөң боло?

— Эмнесине түшүнбөйүн?

— Карып калсаң керек!

Дөөт чыйрала:

— Жашмын деп айта элекмин! — деди.

Суксур жапырыла шыбырап сүйлөдү:

— Арак менен алкымын майлап ветврачтан эки башка акт алдым эле. Анан... Түшүнбөй...

— Тобо! — жылкычы аң-таң боло сурданды,— оюн салып жүргөн немелерди өлгөн дедирип эсептен чыгартсам — сакалым өрттөнбөйбү ой?!

— Маңыз экенсиң! — наараазы болгон Суксур этегин кагынып ордунан турду да, экинчи жылкычыны чакырды:

— Сейталы, бери бас! — деди да,— сага ишенген киши арам өлгүдөй тура,— деп Дөөттү кекте кобурап, тигини беттеди,— оокат кылсын деп боор ооруса боорго тебет.

— Суксур, бул эмне дегениң? Сенсиз оокатым өтпөй калабы?!

Мына ушундан тартып ферма башчысы менен жылкычынын бири-бирине жасаган мамилелери сыртынан камырабаган сыяктанганы менен ичтеринде быгыша албай жүрдү. Жылкыны эски журттан жаңы журтка көчүрүүдө, же жайыт тандоодо экөө чын ыкластары менен кеңешип иш кылбастан, кандайдыр күч сынашкандай «мен ферма башчысы экенимди көзүңдү ачып, таанып

ал» дегенсип, жүрүштүү жээрде атты сыл[illegible]мчыланып, жакадан келген Суксур кабак чытып, Дөөткө өкүм унчугат:

— Кымызды чайкап ичип, курсагыңды сылап, салкында жатасың. Жакадагылар көгөн чиркейге талатып күн-түн эмгек үстүндө! Ушул ырысты көтөрө албай эсиресиң да чал!

Баккан малына жан-дилин берип, өз күчүнө чиренген Дөөт ан сайын тырчый: «Мени жөөлөгүсү бар арам. Сендей ферма сөрөйлөрдүн эчении өз колум менен узаткам» дегенин билгизе бетке чаба жооп айтат:

— А кымызды чайкап ичсем, кыш чилдени узун түнүндө мурутума муз тоңдуруп, жылкы четинде жүргөм. Анда, эгинчилер жылуу төшөктө жатышкан. Анын эмнесине кекердейсиң?!

Эгерде Суксур Дөөт үйүндө жокто келип калса, анын улуу-кичүүдөн көп ыйба кылчу эткел кызыл аялын опуруп-жапыра тилдеп, үрөйүн учуруп алып, анан өз тамагынын айынан атынан түшөт. Бөйрөктүү сыр аякка мелт-калт куюп сунган кымыздан экини тартип ийип, үчүнчүнү алдына коё берип:

— Кымызың эмне болуп калган? — дейт, тамшана даамын аныктап,— пейлиң кеткен экен! Ынак эмес, кымыран кошупсуң...

— Койчу ботом! — күнөөсүз аял ордунан ыргыйт,— эки желе бээ саап жатып, кымыран кошкудай... Жаанжакшылык ко. Сүт сабага батпаганынан эки-үч саамынан кийин кулундар агытылып иет.

— Жоош өңдөнүп туруп, сүйлөгөн сөзүң бутага тиет да. Чалың экөөң кудайды да алдайсыңар го! Мобу, мен жуткан кымыз кымыран эле... Пейлиңер кетти. Эртерээк жылкыдан бошотпосо, эл-журтка кеп кыласыңар силер.

Аял бул сөздү ферма аттангандан кийин келген эрине айтты. Жылкыдан бошотуу жөнүндөгү сөз чыкыйына тийген Дөөт жер сабап күүлөнду:

— Кысталак! Мени бошотот экен го! Сага кылбаганды гана кылайын... Жыга чаап, атка сүйрөтпөсөм эле арбак урсун! — жулунган жылкычы атын минип, Суксурдун артынан жөнөөрдө аялы чылбырына жармашты:

— Дайны жок ачууланбай түш аттан. Жыга чапкыдай басмачы белең сен.

— Бир эсепте экиге акт алган жылкынын басмачысы так ошол.

Кымыз уулап келген кара сакал адам Дөөттүн атын суулуктап өтүндү:

— Бир ачуунду бизге бер? Жаманда болсо ферман тура... Анча-мынчасын кечирип, айтканын угуп кой.

— Адамдай адамдыкын угам! Мындай... Кудай берген жанды кудай алат, коё бергиле, ушундан келгенди көрөм!

— Кантет. Көрөм деш да эрдикке жатабы? Сабыр эт.

Тургандар Дөөттү жөнгө келтиришип, токтотуп калды. Бул жорук Суксурга жетти. Мойнунда кылмышы бар неме мындан соң жылкычыга ичинде арам ойлосо да, бет келгенде жалтактап калчу болду. Бирок, карыя оңой менен жазылар эмес. Сейталыдан чыгарылган эки бээнин актысы жөнүндө айтуунун кыябын келтире албай, ичи бышып жүргөн кыяста.

* * *

...Дөөттүн даңкайган боз үйүнүн тегерегинде аттуу-жөөлүү адамдар бир топ. Чукулда кере тартылган үч желе. Желеге кулундар тизилген. Кара кулун төрт бутун суна, кулагын кагып уктап жатса, тиги тармал жал саркашка жер чапчып, тыбырчылап, кишенеп жулунат. Кулуну кишенери менен чоң курсак көк бээ куйругун жаңып, окурана желени көздөй басат. Өркөчүнө кол жеткис, сыйда жал, сындуу, арткы эки шыйрагы ак — жээрде кашка айгыр үйүргө көз салып турабы, кантет; бирде кулак жапыра башын булгап качырат да, четтен басканды кайра имерет. Муну көрүп, аркы кара боз айгыр да жалын үрпөңдөтүп, чунаңдайт.

...Кымыздуу Дөөттүкүнөн бүгүн эле эмес качан болсо, киши үзүлбөй турган. Коюн жайып баратып, таягын босогого жөлөй коюп, койчу да кирет.

— Атсалоом малекум.— дейт койчу, төрдөгү али жыйыла элек төшөнчүлөрдү капарына албай, улагадагы ээрге көчүгүн коюп. Жылкыларын жайыттан жаңы айдап келип, кулун байлап, үйүнө эми гана кирген Дөөт кабагы ачык турса:

— Аллеким атсалам,— деп кабыл алат да, алтыгатын өйдө түрө баштаган аялына буйрат.

— Бол, койчу акенин суусун кандыра сал. Койлору кошулуп кетип, бөлө албай чаң тополоң түшөт.

Эгерде, Дөөт түндө алыс кеткен жылкыларын издей улам бир кырга чыгып, коктуларга түшүп жүрүп, зорго таап, чарчап келип, терс кыялы кармап турса, алик алуудан мурда:

— Карга как дегенче босого жөөлөбөй, күн көтөрүлгөндө келсең боло! — деп бетке айта тааныш койчуну уялтат.

Кээде талаага түнөгөн торпокторун түгөлдөп келатып, уйчу да кайрылат. Дөөттүн оор басырык кызыл аялы сунган керме аяк кымыздын биринчисин тартып жиберип, экинчисин тамшана алдына койгон уйчу:

— Баракелде! Кымыз деген ушул, арты бал даамданып,— деп мактай баштаганда жылкычы какшык жылдырат:

— Өткөн жылдарда «эки бээ жетим торпокко чыкпай калды» деп кесир сүйлөдүңөр эле го?

— Ээ, ада болсо, шартка жараша. Машина көбөйдү, жылкыны пайдасы жок эми дешти...

Дөөт кырданган ордуна обдула уйчунун сөзүн оозунан жулат:

— Андай кепти түз жердин адамдары айткан. А аймагы аркайган ашуу, аңгилден-саңгил адырлуу бизге, жылкы табылбас канат билсеңер.

Дөөттүн кызуулап сүйлөгөнүнө бет тура албай уйчу кымызын жутуп, жыла сыртка жөнөйт. Муну менен кара сабаанын оозу кайра байланбайт. Биринин соңунан экинчилери келе берип, мамыдан ат, капшыттан эл үзүлбөйт. Бирок, Дөөттүн үйүнүн жанындагы бүгүнкү көпчүлүк күндөгүдөй кымыз улагандар эмес. Тек, жакадагы эгинчилерге, жайлоодогу малчыларга жетекчилик кылган башкарма өзү катышкан той. Бороондуу кышта, кара нөшөр төккөн жазда — түндөсү уйкудан, күндүз тынч алуудан безишип, чыгашасыз мал баккандарга башкарма өз колу менен сыйлык тапшырды: кээсине пальто кийгизсе, кээсине колуна саат байлады. Жошодой жүзүндө бырыш жок, кыймылы шайдоот Дөөткө эки кийимдик кара чийбаркут тийди. Айтор, албады деген малчы — чайы менен канты оролгон беш метрден чыт колтуктады. Анан бири күдүңдөп:

— Малдын асылын ушинтип көрөбүз! — десе, тиги сыйлыкка тийген жаңы пальтону жамынган мурутчан неме эки ийнин кагып, камчысын суна тестиер уулун шаштырат:

— Тур, чап! Койдун алдын тос, беркилерге кошулат.

Бир гана Дөөт жайдаңдабайт. Сабаанын түбүнө балпая олтуруп, керденлерге кымыз куюп жаткан аялына эскертти:

— Кемпир, кымызга кыргыз тойбойт. Берсең жута берет. Ала чокул кылбай киргендерге текши жеткир.

Мындай учурда азили адам кайкалатчу кары жылкычынын сузданып турганын башкарма алдан байкады.— «Сиз, эмне, байгеге таарынып калдыңызбы?» — деп айтып ие албай турду.

Тек башкарманын жанында жүргөнүнөнбү, же жатыктыгын көпчүлүккө билгизүү үчүнбү, бүгүн Суксур өтө шаттуу. Купшуңдап, куудулданып тургандарды күлдүрөт. Кымыз куйган аялга чукул жүүртө отура калып, биринчи керденди кош колдоп туруп Дөөткө сунду:

— Чабан! Мал ээси менен, баш мээси менен дейт. Астын өзүң ооз тий!

Сөздү башкалардан кем сүйлөбөөчү карыя бул сапар жооп кайтарбады. Кымызды колуна алганда гана жаак эти түйүлө дирт этти. Суксур эмки чыныларды катары менен баш ылдый суна берди. Кезек уйчуга келгенде:

— Ии, сары майды эле мактайсыңар, биздин кан толтурар кымызды жутуп көрчү! — деп каш какса, койчуга сунганда:

— Козу-коюңду жеке жебей кайрыла жүрсөңөр! — деп көз кысты. Бардык сөздү тамаша деп түшүнгөн көпчүлүк, кужулдөп күлө беришти. Кезек эми башкармага жетти. Суксур мурдагыдан жатык ийиле калып, тартынбай аны да кыябы менен чымчыды:

— Бүркөк күндөрдө убакытты билгизчү сааттын бири, менин билегиме жаркырай түшсө жаман болбойт эле...

Көпчүлүктүн каткырыгына үй ичи титирегенде, Дөөт тамагын жасап, мурутун жанып, обдулуп кайра олтурду.

Кимдир бирөө эшиктен баш багып, кымыз ичкендерди карай колун жая өтүндү:

— Жайлоонун агы качпайт акелер. Кассирдин жанында тамаша үчүн арналган ак куйруктар жүрөт. Кичине абу дешип, шайтан мойнун сындырсак боло?!

Жакадан келип, кымызга канбай жаткан сары жигит:

— Антандабай токтой тур, байгени жеке алсаң да!— деп тизгиндемекчи болду эле, ышкыбоз уйчу:

— Ошо тамашаны баштатып бер башкарма аке? — деп тигини кубаттады.

Ак куйруктар дегенде көз алдына элүүлүк тартылып кетип шаша түштүбү, айтор, Суксур селт этти:

— Бая эле эскертүүңөр го! — деди көзүн алайта,— эңишке канча сом байге болот?

— Отуздан.

— Аз экен. Бери болгондо жетимиштен берилсе...

Уйчу:

— Ырысыңды жесең. Жетимиштен райондо өткөн майрамда берилбейт.

Жердеги жемге ободогу куш түшөт эмеспи. Суксур отуз сомго кызыккан чыгар, болбосо күчүнө ишенгендир. Сунуп жаткан кымызын таштай шып эшикке чыкты. Жээрде атындагы сары чийбаркут көрпөчөсүн алып, басмайылын бекитти. Кара күрмөсүнүн жеңин чыканактан ашыра түрө:

— Кана, эңишүүчүлөр болсо чыга койгула? Байге отуз сом. Эй, кассир, он мүнөткө чейин киши чыкпаса, байгемди бересиң. Угуп кой. Кана?

Жардангандар каткырып кээси кобурап күлүштү:

— Ушундай ачык жигиттен айланып кетсе!

— Чын эле чабендес окшойт ой.

— Төгүн киши жылкы ферма болчу беле...

Суксур жээрдени шарт-шарт камчыланып, шибер үстүндө ойдолото бастырып, кассирди омуроолойт:

— Киши чыкпагандан кийин байгемди берсеңчи? Келе, бере бер!

Кимдир:

— Тамашадан мурда экиге бөлүнбөйбүзбү? — деди эле, башкарма:

— Чогуу эле болобуз. Каалагандар бет чыгышып, жеңгендери мөөрөйүн ала беришсин — деди. Суксурга кыжынып жүргөн Дөөткө башкарманын сөзү кандай гана жакты белем! Желжетпесин минип, баятан байге

доолаган немеге карай атына камчы урду. Бели эңке, кең көкүрөк, жошодой жүзүндөгү кара көзү айбаттуу тиктеген Дөөт билеги жоон, шадылуу колун суна:

— Кана, күч атасын таанбайт. Жигит болсоң кармашып көр!

Суксур эл көзүнчө аттан түшө кача албай кетенчиктеген жээрдени теминимиш этип:

— Кантет аксакал, кантет? — дей берди,— жылкычыларга койчу менен уйчудан бет чыкканы дурус ко? Экөөбүздүн эңишкенибиз уят эмеспи? Сиз чыгаарын билсем...

— Жөө жүргөндө сүйлөөчү сөзүңдү ат үстүндө айтпа! — деп жекире омуроолотту Дөөт,— ким күчтүү ким күчсүз, өнөрүң болсо көргөз азыр!

Жардангандар тамаша сөздөрүн жаадырышты:

— Жылкычылар көпкөн экен.

— Ичкендери кымыз. Мингендери күлүк. Булар көппөй мен көбөмбү!

— Ха-ха-ха-ха.

Балбандар биринин колун бири жулуп алып, жулкуша баштаганда беркилер олтуруп тура калышып, бажылдаша күлүшкөн. Эми Дөөттүн көк ала муруту ачуусу келгенин туюнта арбайып, жаак эти түйүлө тиштенип, чындап кармашканын көрүшкөндө, ар кимдер өздөрүнчө күңкүлдөштү:

— Чоң майрамдан бетер каны ичине тартты го?

— Байгеси өткөн немече...

— Уят эмеспи...

— Эмнеси уят. Жөн кой, кармашсын. Намыс кичине, чоңдо эмес, бардык учурда бир.

Бабырашкандар оозун жыйып алгыча, чынданган жылкычы «душманынын» оң билегин таасын кармады да, толгоп, эзип, анан күч менен булка ээринин кашына басты. Кашкасын согончогу менен бөйрөккө ныкып, чучулап күш-күштөдү. Шайы кете атынын капталына ооп бараткан Суксур:

— Жеңилдим абышка! Коё бер? — деп жалбарды.

— Боло элек! — кыжаалы келген неме атын ансайын теминди.

Ферманын буту үзөңгүдөн тайыды. Сүйрөлө түшүп, жерге согулду. Алдырган Суксур бозала болуп, тура албай жатканда: «эңишти болтурбай эле койбой!» деп

кейин уялган башкарма кассирдин колундагы акчаны өзү ала коюп, ат үстүндөгү далдайган карт жылкычыга сунду:

— Күчүңүзгө ыракмат!.. Чебердеп жыксаңыз болмок? Мынаңыз байгеңиз!..

Ачуусу боюнан тарай элек Дөөт кол шилтеди:

— Мен байге үчүн эңишкеним жок!

## САРАҢ

«Кап, ушул майрамда жаңы кийинсем, кыздарды бийге чакырат элем» деп, 30-апрель күнү арман кылып отурган жигитке болбос кыялды жактырбаган жолдошу:

«Көлчүккө жетпеген баканын көңүлү көктө!» деп, бырс күлүптүр. Анын сыңарындай бирээр дардаң жигиттерибиз аялынын театрга кийээр көйнөгү жок жүрсө, айдын он жетиси күнү жарым айлыгын алат да, өзү менен төртөө болуп, закусочныйга кирет. Эки жүздөн вино заказ кылышат. Жутуп ийишип өткөн окуяларды козгошот. Беш минута аягы менен тик турушканга беттери дуулдап, көздөрү кызарып, делебелери козголот. Пейилдери кеңип, экинчи, үчүнчү заказ кетет. Мындан соң аларды зым аркан менен чырмап токтотуу да кыйын! «Менин үйүмө бүгүн барбасаңар ызама чыдабай машинанын алдында калам — деп жандай ээрчитип келгени,— кечээ аялым рыноктон эки килограмм семиз койдун этин алган. Жарымы артканын сеткага салып, балконго илгенин мынабу көзүм көргөн ыы-ыгы... жүргүлө.» — деп, кызылды коюп агынан экини коюн чөнтөгүнө тыгып, үйүнө конок ээрчитет.

...Эмесе, азыр силер таанышаар Желпин (аты Желпин болгону менен) тигилердей виного кызып, аракка өтүп, акыры үйүнө конок чакыраар куру дардаңдардан эмес!

Байкап... Ыгына карап иш баштайт. Ичимдиктин түрлөрү менен дүйүм тамак-аш жайнаган столдун четинде конок болуп отуруп, жөөлүгөнчө ичип, батпай калганча жейт. Ошондо Желпин такси менен үйүнө же-

тет. Аялы Асылжанга колтуктатып, босогосун аттап өтөт да кроватына күп жыгылат. Анан, жарык дүйнөдө өзү барбы-жокпу, бүт унутат. Мындай учурда ырамаатылык Желпиниме пара берип да, өз атын айттыруу кыйын! Эгер жаныңда болсоң өңүнүн кара көк тарта майланышканынан чочулайсың.

«Желпин! Желпиш... Желпике!» — деп кулагына кыйкырасың. Тыноо чыкканы болбосо жансыздай, сулк. Жайган кулачын жыйбайт. Чочуганыңдан жакасын аткый кармап; «Ээ, Желпин! Желпин!» — десең «Желпин эмесмин» дегенби, тиши качырап, башын чайкай турган. Ушундай катуу мас болуудан кийин Желпин көзүн ачат. Байкаса өз үйүнүн потологу. Колтугуна башын тыгып, койнунда жаткан өз аялы. Ойлой келсе — курбусунукунда конокто болгонун, эл аралык абал жөнүндө ар кимдер менен талашып-тартышканы эсинде.

Анан... Анан число да белгисиз. Козголуп оодарылып, Асылжанды түртөт:

— Асылжан, Асылжан. Өөх... Ойгосуңбу? Көп эле коноктолдук, биз дагы даам ичирип койсок кантээр экен ыя? Кокуй, капталым, кыбыратпайт да. ...Дем алыш дейсиңби?.. Дем алыш дечи.

Деген менен кызыл ондуктар кылдырт этип алаканга түшкөндө, таноосун чукуп, унчукпайт. Кызматтан эртерээк чыгып, үйүнө тетири жолдор менен келет да, акчаны аялына бере салат:

— Кат... Нары бекит!

Балким ушул жоругун өзгөртпөйт беле...

— Садыкка жолуктуңбу? — деп сурады Асылжаны иштен келген күйөөсүнөн.

— Жок.

— Бизди кечки тогузга чакырыптыр — деп, Саалынын аялы звонить этти.

— А... Балким бизге да этип калаар. Телефонуңа чукул отур.

Шырп эткен дабышка кулак түрүп, Асылжан трубкага чукул. Колунда газета. Көңүлү Садыктыкында болгондуктан, эриндери бүлкүлдөйт. Бирок, окуган кабарлардын бир сүйлөмү да эсинде калбайт. Тамеки шыкалган муштекти бурулдаткан Желпин тактайды кычырата ары-бери басат. Үйү тынч. Дубал сааттын дик-

дигн күчөп барат. ...Мына, күткөн шыңгыр! Телефон кагылды. Асылжандын колунан газета ыргыды:

— Ал өзүң! — деди эрине.

— Сен...

— Садык болсочу?

— ...Иштен кайта элек дейин.

— Айнып кетсе?

— Короодо жүрөт де.

Кубанычтуу Асылжан чоюлуп, трубканы көтөрдү:

— Алло, алло...

Желпин түтүндү көмөкөйүнө жыйып, дем албайт. Кулагы кеңип кеткендей делдейип, чекир көзү аялынан өттү. Чоочун үн: «Такси мотор, такси мотор» — деп эки айтканда, Асылжандын чыдамы жетпей трубканы таштады:

— Былжыр!

Бирине-бири ооз ачпай ондон өткөнчө олтурушса да телефон экинчи шыңгыр эткен жок. Желпин үчүн бул бир төлгө болду. Экинчиси... Экинчиси Түстүү металл институтуна өтүүгө Москвага кеткен уулунан: «Биринчи экзамен тарыхтан тапшырдым» деген кат келди. Асылжан уулунун жазгандарын нечен кайталап окуп, өткөн жоруктары үчүн эрин жемеге алды:

— Мына атасы! «Сенин жаман бааларың үчүн мектепке чакырылып жүрүп, чачым агарды. Карыттың!» — деп урушчу элең. Куруң менен куйрукка чапкан күндөрүң болчу эле. Мына, атасы, көрдүңбү?

Катты атасы да окуп, күнөөмдү кечир деген кыяста моюн сунуп күлүмсүрөйт.

— Чапканым балаңа май апасы. Уулуңдан ошондо эле үмүтүм зор болчу... Көз айнек тартынып, аты жогуна шакек салынганын көргөндө «оңой жигит болбойт» дечүмүн ичимден.

Садыктыкы бизди бекерге бөлүп таштаган жок деген күмөндөргө, каттын кубанчы кошулду. Үчүнчүсү жаңы сербиянка алышты. Мындай баасы 300 сомдук буюмду башкаларга көрсөтүү керек. Ушул кошул-ташыл үч шарт — Желпинди конок чакыртууга милдеттендирди. Абалы сербиянканын ичин кооздоду. Гүлдүү чыны, бокалдарды тизди. Чачын сыгып отурган жылаңач аялдын келбетин коюшту. Анан кандай тамак даярдоо керек делингенде, абалы кыргыздын сүйгөн тамагы дешип,

базардан эки чака кымыз алышты. Коноктордун аш казанын анчалык иштетпөө амалы менен кымыз үч күнгө чейин жаңы турсун үчүн жарты чака уйдун сүтүн кошуп, төрт кило кумшекер салып чайкады. Койду короого мааратып байлап, эки сасык аракка бирден столичныйды аралаштырып, графинге куйду. (Сасык арактын шишеси кайда житкенин кудай билсин. Берки барктуунуку буфеттин кырына, көрүнөө тизилди). Айтор, береке толгон август айы. Он сомго сатып алган алча, жүзүм, алма стол бетин толтурду. Асылжан чакырылар кишилердин тизмесин дагы бир сыйра тактап жатып, өзүнө көп тааныш эмес Алапайга токтолду:

— Момунуң ашыктык кылат го байкеси?

— Керек — деди бир алманы алты бөлгөн Желпин.— Билээрсиң, имерилиштеги көк ларекте жашылча сатуучу эле. Азыр завскладдыка көтөрүлгөнү турат.

— Жөнү бар экен. ...Коноктордун көбү стол кучактаган кызматчылар. Белгилүү журналисттер. А Токонду эмне аралаштырдың, шофёр эмеспи?

— Үн дебе Асылым! Бир тонна көмүрдүн акчасын берсең, бирди өзү кошуп, экини бекер түшүрөт. Абышкандын бир ок менен эки коён атканын эмгиче үйрөнгүдөй деле болдуң го! Ха, ха. Асылжаным.

— Амалыңдан айланайын атасы ий! Чакыра бер билгениңдей. Казан аякта жүрүп, көп иштен артта калган турбайымбы. Чакыра бер.

Конокторунун көбүнө телефон чалып, айрымдарына жолугуп, кабардаган Желпин жакшы күн ишембиде чаар пижамасын кийе курсагын төмпөйтүп, подъездинде турду. Чачын ежик тегизедеткен жымык көз Саалы аялын ээрчитип тиги бурчтан чыкса, чолок жең чаар көйнөкчөн бойлуу Бекиш баш болгон бир тобу берки бурчтан көрүнүшүштү.

Желпин жаркылдай күлүп сала берди. Эркектери менен кулач жайып көрүшүп, бир экөө менен өбүшүп да алды. Аялдардын колун алаканына бир топко токтотуп, укалап, билектерин имерип, топтошуп токтоп калгандарга тамаша чачат:

— Болжогон убакыттан бир саат кечиктиңер. Кудай үчүн душ алдыңарбы деги?!

Бакылдашкан буларды киргизип, коноктун артын күтө кайра чыкса, көк көйнөкчөн Садык, ак кийинген Гүл-

паарын ээрчитип босогодон көрүндү. Желпин буларды да, көңүлдүү тоскону менен баягыда чакырбаганы эсине түшүп, көз кыйыгын кыйгач салды.

— Үйгө киргиле. Зарыгып калдык — деген сөздөрдү айтты.

Гүл коюлган терезелер ачык. Стол бетинде додо-додо жемиш. Дасторконду тегеректей коноктор көңүлдүү. Баж-баш сүйлөгөн сөздөр. Өйдө-төмөн жылып, кыймылдаган коко. Күч менен болсо да тыйылбаган күлкү. Аялдар өз салты боюнча абалы үй ичине көз чаптырышты. Сервиянканы көргөндө, ташка урган топтой ыргышты.

— Аа-ий. Эң сонун. Эң сонун.

— Кайсы магазинден...

— Ботом адресин айтсаң...

— Менин Садыгымдын көзү чак түштө да мындайды көрбөйт. Арак менен эт болсо, кудайга ыраазы.

Ушул суроолорду күткөн Асылжан, ичинен кымылдап, колун кызыл ала алжапкычына сүртөт. Аптыга сүйлөп, үйгө кийрерде Желпининин мүдүрүлүп кеткенинен бери айтып, конокторунун алдына тарелка коюп, сайгыч таштап, таманы жерге тийбейт.:

— Сервиянка бүттү секеттер. Ашка карагыла. Кана, кайсындан баштайбыз, чайданбы?!

Чачы тикирейген Саалынын үнү чыкты:

— Августун күнү ансыз да куйкалап турат. Чайыңды кой. Муздак бирдемеңер болсо...

— Ап бали! — Желпин ыргыды,— кымыз барында чайды чыгарат. Акылынан адашкандын аялы, кымызыңдан...

— Кымыз!

Ушундай март туулган эр. Кымыз барбы ия?

— Кымыз!

— Стаканыңды кой. Керденден жуткур.

— Жолдо пивону көрүп, кан катып келгенде.

Суусап келгендер холодильникте муздаган кымыздан бир чыныдан токтолбой тартышты.

— Бах, муздаптыр.

Кексе Садык тамшанып алды:

— Бул эмне, кымыз ачкыл болчу эле, таттуу да?

— Шекер кошуп бал жазап койгом. Жуткула! —деп Желпин жетине албай бошогон чыныларды толтурду.

Артынан арак кетти. Жүзүм, алма, бадырац аралашты. Жаңы союлган койдун боор, жүрөгү кам куурулган куурдак болуп, тарелкаларга бөлүндү. Жүрөгү күйүп тургандар жашылчанын үстүнө куурдакты талап жешти. Үч-төрт сыйра бокал көтөрүштү. Кызыганда бирээри ырга, экидендери күлкүлүү анекдотко өттү. Желпин: «Этти жай, эң жай бышыргыла!» деп, кухнядагыларга тапшырып, коюп ар кимин алдыртан имере карап, конокторунун арасында.

Пластинка ойнотушуп, орундуктарды четке жыйнап, бийге өтүштү. Алды столду эки имериле бергенде, Садыктын ак кийинген Гүлнаары Саалынын колунан суурулду.:

— Бошотуңузчу мени?

— Күйөөңдөн коркуп жатасыңбы.— Саалы бошотпой тамашалайт,— желим эмесмин жабышып калгыдай! Күү бүтсүн. Айланыңыз?

— Кудай жалгагыр, тез бошотуңуз. Ичим...

Ашыккан Гүлнаар туалеттин эшигин тарс жабары менен биринчи-экинчилер жүгүрүп жетип, киндиктеринин түшүн басып, чыдамсызданып, очередге турушту. Гүлнаар чыгар эмес.

— Тамагыңа эмне кошконсуң? — дейт орой Бекиш Желпинге ачуулана. Көзү кылгырып. Анан Желпиндин жообун укпай кошуналардыкына шашты.

Туалеттен көңүлсүз кайткандарга Желпин бакылдай берди:

— Колуңарды жуугула. Эт бышты, эт.

Ичин басып, диванда отурган Гүлнаар эрине шыбырады:

— Эти менен жерге кирсин! Такси чакыр, үйгө кетебиз. Ичеги кардым түшүп калмай болду.

Коноктор отурууга чыдамдары жетпей, үй ээсине баш бербей бириндеп тарады. Жыты бурулдап эт кухняда бойдон. Желпин чебеленген болот:

— Бул жоругуңар кызык. Атайы чакырса. Өрт көргөндөй жабыла качасыңар?

Ичин басып чыгып бараткан Бекиш кол шилтеди:

— Рахмат сыйыңа! Кымызың өзүңө буюрсун!

Конокторунан ажырап подъезде турган Асылжан колун айкалыштырып, эрдин бүйрүп:

— Уят болдук! — деди. Желпин үтүрөйүп зекийт:

— Алтымыш сомдун коюн ушуларга талатайынбы?

Чакырдыкбы, чакырдык. Отуруштубу, отуруштук! Ичиштик! Дагы эмне?!

— Ичишкени кайсы, ичтерин алдырып... Элдин бетин кантип карадык?

— Сүйлөбө! Эл имиш...

Москвич менен келген почтальён бурула берген Желпинди чакырып, телеграмма сунду. Ачып окуса уулунан экен. Акча жөнөт, экзаменден кулап калдым,— дептир.

— Акмак! — деди ата, телеграмманы мыкчый. Асылжан түшүнбөй элтең этти.

Көзүң көрбөсө мүнөзүнө ишенбегендейлер арабызда жашайт. Ошол ар түркүн адамдардын болушу менен кызык окуялар чыгып, турмуш өтүп барат. Өмүр да ушундайларга алаксып, ушуларды сооктогондой.

# ЭТЮДДАР

## ЖАЗ ЖАША!

Жаратылыш да бир топ күчтүү. Тизгинин колунан чыгарбай, өз өкүмүн тымызын жүргүзөт. ...Тоо башын кар чалып, муздак шамал жүрүп күз келсе; чөп-дарак жашыл ыраңын жогото да аздап саргарып, жалбырактар кургап, жел тийсе кылдырап, бут тийсе үбөлөнүп, жоголот. Эл кызылчасы менен картошкасын казып, суукка чалдыктырбоого ашыгат. Суук бара-бара күчөп, кыш башталат. Ой-тоону кар басып, бороон жүрүп тосоң бурганактап, суу тоңот. Ырас, кыштын өзүнчө жакшы учуру, эртеңки күн үчүн пайдасы көп. Бирок, кыш ачуулуу, кыш кайраттуу. Завод-фабрикадагы эмгек темпин күчөтсө да, эт менен май берээр, сүт менен нан берээр талаада иш токтойт. Катырата кар кечип, жыйып алган тоюткорго таянып, моюн сунабыз. ...Күн миллион жылдардагысындай эле огунан жаңылбай жылып чыгып, жылып батат. Күндүзү жашоонун камына алаксып, түнкүсүн эс алып уктайбыз. Жол баскан «Волганы» таасын механик карап чыккандай, катуу уйку чарчаган бизди сергек, тың, жаңы адам жасап коёт. Жуунуп тамактанган соң, ишти улантабыз. Алаксып ай артынан ай өткөнүн сезбейбиз. Байкасаң, кыштын кылычы колунан түшүптүр. Кайраты жанып, алсыз. Сунган бутун жыя албай, жайган колун серпе албай шалдырап, эрип, жерге жутулуп барат. Кардын кубатынан топурак жумшап, көк кылтыйып, дарактар бүр байлап, силкинип сала берет. Туш-тарап жашыл. Ташыган суугa күч берип, күкүк күкүктөйт. Чымчыктар тобу менен учуп, чырпылдашат. Торгой чулдурап, булбул сайрайт.

Бардык тиричиликтин ачкычы болгон, бардыктын көңүлүн ачкан жаз жаша!

## ЖАЗ

Жаз!

Тетигинде кызыл-тазыл кийинген окуучулар. Жеткинчектеринен ийиндери ашкан мугалимдер. Алар көчө боюна мекеме тегерегине жаш көчөттөрдү олтургузат. Каткырык аралаш чуулдаган үндөр абага көтөрүлүп, алыска-алыска чачылат. Балдардын, кыздардын мыртыйган манжалуу жумшак ак колдору кармап, бир күрөк топуракка түбү бекиген береги чырпыктар — аз жылдын ичинде абалап өскөн чынар болор. Желге чайпалып, жаанга чайканып дүркүрөп өсөөр. Терезени чаңдан сактап, ысыктан сени калкалап жаныңды сергитээр. Азыркы балдар эр азамат, кыздар бойго жетип, бүгүнкү өзүндөй уул-кызын жетелеп, өзү өстүргөн бак арасында басар. Өткөн күндөрү эсине түшсө: агайды ээрчип көчөт тиккенин, унутпас үчүн койгон белгилерин издеп, болжоп балдарына айтар.

Мезгил алыс эмес. Жазда эмгектенгин. Үзүрү өзүң үчүн.

## КОШУНАЛАР

Бакылдап сүйлөөчү, кири жок каткырчуу, айылдагыларына уста атанып кеткен Кыргызбай колхоздун жаңы курулуп жаткан клубунун кирпичин коёт. Ага башчылык кылган чап жаак, узун бойлуу Матвей. Кыргызбай мурда үй тургузарда абалы бөлмөнүн ордун өлчөп, казык кагып, жип керчү да ошол эле дубалдын түбүнөн топурак казып, суу буруп, ылай алчу. Азыр техник Матвей башкарган клуб башкача кетти. Абалы фундаменти жарым метр терең казылды, таш шыкалды. Цемент менен көтөрүлдү. Анан кыш коюлду.

Газетанын айрындысына тамеки ороп жаткан техник көзүн күлмүңдөтүп, тиги ар бир кышты кыналта түз койгон Кыргызбайды мактайт:

— Эгер сен окуган болсоң, муштумун түйө бармагын кайкалатып,— момундай үйлөрдү курат болчусуң!

Кыргызбай макул болбогондой колун жая шилтейт.

— Кыш тизгенге эмне окуу.

Техник баш чайкай каткырат:

— А Кыргызбай, Кыргызбай...

Түш боло жаздаганда техниктин чарчы бойлуу, буту-колу балтайган аялы энтиге басып азык жеткирип келди. Көкүрөгүнө алжапкыч байланган бул аялдын эмне тамак даярдары Кыргызбайга маалим: беш-алты жумуртка, табактай тегерек бөлкө, кагазга оролгон туз, абалакчалык чочконун майы, дагы бир мискей ысык сорпо. Кээде арагы дагы чыга калат.

Бул аялга удаа Кыргызбайдын аялы Салкын. Анын алып келери эки түрдүү гана: калыңынан келген көмөч казан жана кол челек максым. Максым кээде айран катыктаган жарма, чөйчөк толо каймак менен алмашат.

Кыргызбай тамактанарда техник досунан окчун отурат. Тамашаны сүйгөн тигил, чочконун майын көрсөтө нан аралаштыра былч-былч чайнайт.

— Ма эмне? — дейт кара сакалын титирете күлө баккан Кыргызбай, — жей бер. Ада сенин сүйгөн тамагың.

— Макул. Майдан жебе,— техник чыны менен түшүнгөт,— Тоок да арамбы? Жумурткадан алсаң боло?

Минткенде Салкын тырчый далысын күүшөп тетири бурулду:

— Өз тамагыңар өзүңөргө буюрсун! Майды кармаган колуңар тоокко тийбей калыппбы! Туф, арам чочконун майын жешип, кишинин жүрөгүн жипкиретет.

— Эри Салкынды астыртан тыйды:

— Ат чабым туруп жипкирген ал кандай курган жүрөк? Мага кылган кыялыңды баарыга көргөзгүң бар ээ?

Көңүлү сынып калса эмне болот а?!

Кийинки түнкү түшкү тамакты жеткиргенде, Салкын буркан-шаркан түшүп ачуулуу:

— Өлмөй болдум го, өлмөй...

Көтөрүлүп калган дубалдын кырынан түшүп, эки жагындагы ылай-чаңды кагынган Кыргызбай жай унчукту:

— Кемпиржан, эмне болуп кетти?

— Болгону менен жер жутсун!

— Ийе?..

— Тиккен чырпыктарды аралап сындырып жатат — деп, козу-улакты камап коюшуптур. Өңгө го өңгө. Осойду жанагы кароолчудан көрдүм. Тик кулак, сур улактын бутун кокустатышканбы, үйгө чейин аксап келди.

— Ошондой де!.. Чапса-чаап коюшкандыр. Кайтарыш керек. Тал-терек өстүргүлө деп айтып жатса, сайган чырпыктарын корубайбы алар. Өгүнү улак эмес, жөөлөп кеткен мас кишини ошол жерде тургандар дегдеңдетип жетелеп жалынтканын көрдүң го өзүң.

Азык алып келген эки аял үйгө кеткен соң техник Кыргызбайды күлдүрдү:

— Катындар, катындар! Кээ бир кыялдары ач аарыдан да жаман. Жанагы менин сарым бар го, акча тийгенде чып-чыргасын коротпой колуна тутамдатсам күлмүңдөп, көлдөн чыккан өрдөкчө майпаңдап сандыгына салганча шашат. А беш-он сомун кымтып алсам балээге калганым! Бөйрөгүн таяна чаңкылдап эшикке чыгарбай алдымды тороп кекетет, төшөкө жатканда чыканагы менен көкүрөккө коюп, тетири карап уктайт... Ах, катындар, катындар. Дүнүйөкор жансыңар да!

## БАЛДАР

«Артисттер келиптир. Чоң оюн болот экен!» деген кабар айылдагыларды дал артисттердин өзү сымал ойдолотту. Өзгөчө бул айылдын балдарынын тынчы кетти. Акыркы коңгуроо угулганда, клубду карай дуу каптады. Алдыда жогорку класстын окуучулары. Артынан калбай жөжүрөп жайнаган кичине балдар. Алар бышылдап-күшүлдөп, кээлеринин китеп каптары өзүнөн чоң. Көкүрөгүнө, колдоруна сыя төгүлгөндөр бар. Баары бир кеп эмес, алга ашыгышат.

Клубга эл батпайт деп, оюн сыртка бактын арасынан көрсөтүлмөй болуптур. Сайма туурдук, жибек көшөгөлөрдөн сахна даярдап жатышат. Бул балдар үчүн табылбас шылтоо эмеспи! Таан аралашкан сансыз көгүчкөн сымал чуулдаша кечинде башталчу оюнга эмитен даярданышып, теректерге чыгып жатышты. Бышылдоолор, ирээтсиз чыйылдаган үндөр сөз угузбайт:

— Мени буттай сал?.. Сени тартып алам...

— Көчүгүмдөн жөлө. Жөлө!..

— Кана!

— Ой, чымчыба да!

— Жалакайын! Сүйөбөйүнбү анан!.. .

Тыңдары бактын ачаларына чыгып кыйкырышты:

— Менин ордум укмуш болду!

— Ооба, меники укмуш! Тигине баары көрүнөт. Тетигинде бул бактын кароолчусу көк ала сакал карыя Сарул келатат. Ал кара кемселин басып келатып кийип, таягы колтугунда. Түрү ачуулангандай. Сакалы титиреп, көзү чакырая оозу ачылып-жабылат. Чуудан үнү угулбайт. Ал алыстан таягын булгагылады. Чуу сээлдей түшкөндө, үнү каардуу чыкты:

— Томаяктар! Томаяктардын өнөрүн көр, бутактарды кайрып... Сындырып... Силердиби! Шыйрагыңарды сындырбасам!..

Балдардын карааны куду дуу учкан таранчылар сымал! Баятан бери чыга албай көзү жайнагандарга качуу оңой болду. Бутакка топусу илинип, топ эле түшүп тоголонгондор, чуркагандар. Секире албай кулагы делдейгендер андан көп. Балдар ачасында калган теректи Сарул өзөккө сокту:

— Түш! Томаяктар түш!

Мотурайган кара тоголок, да бир чилмийген куба бала бакырып ийишти. Кайсы кудай айдап келгенин ким билди. Кемпири Сарулдун таягына жармашты:

— Саксайган арам! Жүрөгү түшпөдүбү, ташта таягыңды. Бала болбой койгондурсуң да!

Кемпир чалын туткактап жатканда, балдар жылажыла алыстап, бурчтарды имерилип, качып кетишти.

## ТИЛИНЕ КҮЧҮ ЧЫККАН КЕЛИН

А. колхозуна жаңы келген зоотехниктин үй-бүлөсүн райондон көчүрүп келүүгө бригадирден буйрук алган жыйырма үч жаштагы—чымыр денелүү, чарчы бойлуу, булчуңдуу Алым түштө кыштактан чыкты. Оң кулагына баса кийген боз чаар шапкесинин жээгинен кара чачы сеңселет. Арабанын ичинде тикесинен тура сол колундагы божуну силккилеп, оң колундагы соп камчыны абага булгалай кара шыйрак жал-куйруктары да кара, чоң курсак эки торуну катуу таскакка салып, колхоз талаасынан районго кетчү кара жол бетин чаңдатып келатты. Кабыргалары майыша кычыраган арабанын дөңгөлөктөрү бирде ташка тийип доңкулдаса, бирде тоскок сымал топуракты жирей элпек чимирилет. Торулардын буттары биринен-бири алмаша тыбырап, тапоолору дердеңдейт. Кулактары бирде тикирейип, бирде

кайчылашат. Алым камчысын жаса сермеп, аттарды ансайын күшкүштөтөт. Арабага кулач жете бербей артта чаң созулат.

Районду аралаганда шифер чатырлуу верандасы айнек, көрктүү жаңы үйдүн эшигине арабасын токтотту да, тизгинди тарта бек байлап, ыргып түштү. Аңгыча маалына жеткен эркек баласын бооруна кыйгач кысып, бир байлам гүлдүү жоолугунан чыга саксайган күрөң чачын шаша жымырымыш этип, энтиге сары келин чыга келди. Бул келин зоотехниктин аялы Сыяда экенин Алым тааныды. Кыясы ал кечетен бери күйөөсүн келет деп тынчсызданып турса керек. Арабанын ким үчүн келгенин да билди окшойт.

— Араба А. колхозунанбы? — деп чаңкылдады да, арабакечти анчалык көзүнө илбей эки жагын карай кабагын үтүрөйтүп,—Алым келдиби?—деп сурады. Зоотехниктин аты да Алым экенин билген Алым мулуюп:

— Алым акенин колу бошобой калды — деп камчысын сүйрөй чукулдап басты.

— Бошобой?!.. Үйдөн кеткен соң анын колу ошентип бошобой калат!

Келиндин үстүндөгү боз көйнөгүнүн этек жагы шалтактап кир. Бүчүлөнбөгөн акырегинен баласын эмизген боюнча оң эмчеги салбырап сыртта. Көйнөгүнүн этегинен көк дамбалынын багалеги балбырап, жыңайлак бутуна кепичин салган. Жаш келиндин күлкү келерлик турпатына Алым олуй карап алды да көңүлүндө: «жашаялмет окшойт» деди.

— Чын эле өзү келген жокбу? — деп, Сыяда экинчи жолу сураганда, анын оң жаагындагы каптама сары тиши жак уурту өзүнөн өзү өйдө жыйырылды. Арабакеч айбыкпай жооп берди:

— Биринчи Алымыңыз келбесе, экинчиси келди, жене.

— Бул кандай кеп?

— Маңдайыңда турган кайниңдин аты да күйөөңүздүн атына уйкаш, жеңе.

— Кайниси ким?

Арабакеч күлүп жиберди. Келин сурдана түшүп, сары тиши жак уурту кайра жыйрыла баш ийкеп койду. Энесинин колунда көмөрөсүнөн турган бала Алымдын тактайдын тарс-тарс баскан бутун ормоё карады.

Үн чыкканда башын өйдө көтөрүп, канатын жая үн салып, делбектеди. Алым камчысын серего таштап, баланы ала койду. Наристе энени карай чиренди. Маңдайынан өпкөндө жөнгө келбей чалкалап, бытыйган манжаларын арбайта арабакечти беттен апчыды.

— Атаң жокто үйүңө жан жолотпойсуң го баатыр!— деп, баланы кайра сунду да, таңылып даяр болгон үй ичин арабага салып, азыр жөнөөнү ойлогон неме бөлмөгө башбакты.

Биринчи бөлмөнүн улагасында жуунду толгон чылапчын, жуулбаган сарала жалаяктар жатат. Төрдөгү ала кийиздин үстүндө айранга ботала болгон чөйчөк. Кылкыбыр жабышкан сыр кашык. Ар кайсы жерде тамган айран үстүндө айланып учкан, жөрмөлөгөн чымындар үймөктөшөт. Төркү бөлмө сый бөлмө. Түш ооп кетсе да түнкү салынган төшөнчү али жыйылбаптыр.

«Жашаялмет го?» деп ойлогон арабакеч бүшүркөп сурады:

— Үйдөгүлөр кайда?

Сыяда мүгдүрөгөн кыязда жооп берди:

— Жалгыз бойлугумду билип туруп, жанагынын келбегендигин айтпайсыңбы? Кенеп койбойт а, кудайдан жеткир! Өзү эмнеге келген жок? Же арттан келеби?

Аз да болсо Сыяданын сырын тарта койгон Алым билмексенге салып, шакамага өттү:

— Арттан келмек кайда!— Шыпка чалкалап мыйыгынан күлдү,— ушул күндө кол бошой турган кезби, жеңе! Бири — күздүк айдоодо, экинчиси — кырманда. Өзүңө окшоп «шакылдаган» келиндер узунду күнү орок имерет. Зоотехник агай он жети келинди карамагына бекиттирип алган. Улам бир орокчу келиндин жанына келип: «Көчүгүңөр күнгө куйкаланып, сызык болуп баратса да, элүү сотикти бүтпөй башыңарды көтөрбөгүлө!» — деп буйрук берип аңыз четинде.
Активисттер антип баш-көз болуп турбаса, эгин кар алдында калар.

— Ыя?! — Сыяда баласын жерге коё койду. — Ал мал чарбасы боюнча эмес беле? Данда кандай тиешеси бар?

— Жеңе, колхоз район эмес да, бухгалтер счётун кагып, мугалим мектебин билгендей. Колхоздо сен малга, данга деп экиге бөлбөйт. Кайсы ишти тез бүтүрүү

керек экени шартка баш ийет. Анан ошол кезеги келген ишти карай жабылып киребиз,— деп бармагын бүгүп, манжаларын санай баштады:— Алашалбыртта мал төлдөтүүгө, жер айдоого жабылабыз. Аздан соң отоого, чөп чабыкка... Азыр болсо түшүм жыйноонун учуру. Мал эми ыңкып төр-төрлөргө жайылып жүрөт. Бир короо койго жүз дүрмөт, бир чабан аздык кылбайт.— Дагы шыпты карады.— Алым аке өзү келмекчи болчу, анан...

— Анан эмне болду?!

— Жанагы орокчулардын арасында жаагын жанган Шайырбүбү аттуу ырчы келин бар. Чынын айтканда, келин эмес эле бир шайтан!

— Түшүнүктүү! Шайырбүбүдөн чыкпай калды де?!

— Жо-ок, андай тескери албаңыз!

— Анан кандай?

— Алым аке мындай бастырса эле, өзүнүн орбогону аз келгенсип, бүт келинди жанына чогултат да, көпөлөк менен гүлдү кошуп боздойт да ал Шайырбүбү.

— Түшүнүктүү, түшүнүктүү! Үйдөн аттанса эле кылаары ошол болчу анын. Шашпа, көзүмө көрүнөрсүң!.. Мен көчпөйм эми! Айыл чарба начальнигинин кеңсаларына барам. «Бошот же башка колхозго котор» деп айтам. Силердин колхозго барбайм деп айтам!!— Жаагы жаагына тийбей эбиреп, ызырынган Сыяда баласын көмөлөтө олтургузуп, көйнөк которуп кийип, жөнөөгө камынды.

— Жеңе, — деп токтотту арабакеч,— тамашалайм... Алым аке сельсоветтин председатели менен жайлоодогу малга чыгып кетти... Жеңеке! Кудай теңир урсун. Мен сизди кантээр экен дебедим беле. А сиз...

Сыяданын күлкүсү эми таш жарып, уурту жыйрыла сары тиши жылтылдады:

— Ок, жатак! Тийишкиң бар ээ? Хи-хи-хи. Алым акең мен турганда, башканы карап ырсайып көрсүнчү, жөн эле жонуна олтура калайын. Хи-хи-хи.

## ИЛГИЧ

Тандалган он азамат эртең тоого кетишмек. Ал жерде бир айдан ашык жүрүшөт: чөп чаап тоюткор даярдашат. Мал үчүн жылуу сарайлар курушат. Ошол ондун бири болуп, мойнуна милдет тагылган Ашым үйүнө

ашыгып келди. Азык-түлүк, кийим-кечелерин даярдатуудан мурда оймолуу кызыл үкөктүн артына эңкейе кол салды. Кылдыратып жатып, балка менен кошо жоон зымды алып чыкты. Терезени беттей талтая олтуруп, жалпак көк таштын бетине жеңи менен орой кармаган зымды коюп, балкалай баштады. Баш кошкондоруна жумача гана болгон колуктусу — Гүлбүбү күйөөсүнүн эмне жазамакчы болгонуна көңүл бөлгөн жок. Чала бүткөн жаңы бөлмөнүн каалгасына илгич жазаптыр. Жоон зымдан жазалган илгич, чынында бектей. Иймегин босогого кага баштаганда былчыя ийилип кетпестен балка тийген сайын зың-зың үн чыгып, ойдогудай житире урулду. Каалганы көтөрө жаап, илип, түртүп, көргөндө былк этпегендиктен — Ашым «усталыгына» ыраазы. Кызыл эриндүү колуктусуна кылчая карап жылмаят.

— Өзүм жокто коркпосун деп жатпайымбы. Карагын? — деди, көзү шишимек тарткан колуктусуна үйрөтө каалганы ачып,— моминтип көтөрүп жапмайынча, иймекке илгичтин учу жетпейт. Илгичти шак илип, кайра ийни менен каалганы түртө жөөлөдү.— Эми, пил келип түртсө да, босого омкорулуп кетээр, а илгич коё бербейт! Коё бербейт...

Илгичти ачып, кайра илип, кайра жөөлөйт:

— Муну ачуу кыйын...

Макул боло бечаранын колуктусу да баш ийкейт.

...Байкап турган мен чыдай албай колумду оозума түтүк жасап шыбырайм: «Миң бир түндү окубасаң керек! Илгичке ишенбе, жүрөккө ишен. Уктуңбу?!»

## ЭМНЕ СЕБЕПТЕН?

...Шаарды жети атасынан бери энчисине басып алгансып, кыштак таранка кылайып кылчайбаган бир «акча тапкыч» бар. Чөнтөгү пулга толгон соң кийгени жибек менен чыйратма. Үйүнүн дубалдарына килем тартылып, диван коюлган. Телевизор тынбай иштеп, тааныштары керек болсо телефон бурайт. Бирок, бир кызыгы, жетишкен турмушта жашаганы менен (сырткарыраакта эринин көп жүрүүсүн самаган) аялынын кабагы кишини көрсө бүркөлө калат. Көйкөлгөн келбетине көзүң түшө токтоп алаканыңды укалап:

— Аяш! Сабырыңыз неге суз?!— дейсиң.

— О, кокуй уга элексиңби? Ооруп жүрөм.

— Кечириңиз. Жакында, сизди курортто деп уктум эле.

— Жылас болгондо, жанагы врач деген немеси жаңылыштан, бөйрөктүкүнө жиберген тура. Жүрөгүмкү күчөп кетиптир. Минтип... Какый! Каптал кабыргам! Бел көчүгүм да чымырайт да...

— Ылайым очорулуп оордуңдан турбай калсаң гана! — дегиң келет,— береги алты ай жайлата кызылча баккан Салыйды көрчү! Күлкүсү таш жарат. Алты буг жүктү арабага жалгыз ыргытат. Буга жолуккан оору шашканынан аскадан алыс кетип, ооз омурткасы омурулуп өзү өлөт.

Ошентсе да, Салыйдын көйнөгүнөн тиги, ант ургандын алты көйнөгү ашык. Жигиттер да, Салыйдан мурда «оорукчан» жеңеге көз кылгырта тиктешип, жылмайышат.

Бул эмне себептен?!

## ЖӨЖӨЛӨР

Он чакты жөжөлөрүн жайната бедени аралап жүргөн ак мекиялдын артынан моюн чуудасы сеңселген таажылуу кызыл короз жөнөдү. Томпойгон үйүндүлөрдү чачып, чачындылардын арасын чокулап, моюндарын койкойтуша токтой калып жаткан буларга караганда тиги, эски ноолунун түптөрүндөгү көөчтөр, жантык курттар, коңуздар жаратылыштан кем жаралгандай алсыз, сугалак да. Энчилерине топук кылышпагандай томсорушуп, кыйма-чыйма чабагандашат; балит балчыктарды аралап өтүшүп, дубалдын жаракаларына жетишет.

Башына калпак кийип, ойлуу бараткан узун бойлуу кишиден бетер бармак башындай жөжөлөрдүн ортосунда короз мойнун жогору созо түшүп, буттарын чарпып кенен шилтейт да беденин жогорку бүрүн көздөй сойлоп бараткан жалбырак бүлүнткүч көк куртту чочубай чокуп, жаны чыгаар алдында жөжөлөрүнүн ортосуна ыргытат. Бул ишти орундаткан сайын башындагы кэтөрө түшөт. Канатын тапыр-тапыр кагынат. Селкилдеген куйруктары, моюн тыбыттары алтын жапкандай нурга жаркылдайт. Желбирөөчтөрүн салактатып, көзүн алактатат:

— Кукук... Кук... Кук-ук жөжөлөрүм (короз ушундайча сүйлөп жаткансыйт). Менин изим менен баскыла! Курт эчтеке эмес, жалаң гана башы силерден чоң жыландар учурайт. Силер али машыга элексиңер. Жыландын көзүн кандай амал таап чукуп коюу керектигин Корозбайдан үйрөнгүлө. Алардын кышылдаган ышкырыктарынан, таргыл түрпөтүнөн, ийреңдеген узундуктарынан коркпогула! — дегендей бутун сокмоктуу таштап, төшүн керет. Мекияндын тегерегинде жоргологон жөжөлөр: — быс. сс. бысс... сс — деше жооп беришкенсишет: — Жыландан коркпойбуз, коркпойбуз! Жабылып кирсек таруудай эки карегин чокуп салууга кантип жарабайлы, кантип эле жарабайлы...

...Асмандын көлдөй ирээнинде, май айындагы мемиреген күн көтөрүлгөндөн көтөрүлөт. Короз жөжөлөрүн ээрчитип көңүлдүү жүрөт.

## ТАЛАШ

Мектеп босогосун жаңы аттаган үч бала катуу тартышты.

— Эне баарынан тунгуч баласын артык көрөт — деди, биринчиси. Экинчиси жактырбай кол шилтеди:

— Улуусун да, кичүүсүн да эмес, ортончусун сүйөт!

— Экөөң тең жаңылдыңар,— дейт үчүнчүсү,— баарынан жүрөгүнө кенжеси ынак!

Булардын тартышына көңүл бурган тестиер бала сөзгө аралашты:

— Энең бир баласынан экинчисин кем санабайт. Баарын да сүйөт. Бирок, өзү карып, ал-күчтөн тайганда кимиси эмчек сүтүн актаар үчүн маңдайында болсо: киймин камдап, кардын ачырбаса — ошол баласына ыраазы болуп, алкышын айтат да, ыраазычылыгын чым төшөгүнө кошо ала жатат.

Уксаңар ушул. Макул болбосоңор талаша бергиле!

## АЙЛУУ ТҮН

Демейде эле жээрде кашка атын олбуй-солбуй камчыланып, бакча баккандардан буудай сугаргандарды карай чапкылап жүрчү бригадир, бүгүн андан бетер шашкалаң. Дүкөндөн «жүз элүүнү» басып да алганбы,

аты арык жээгине токтоло калып, түйүлүп секиргенде ээрден алыс кете жаздап, оон барып оңолду. Биринчи үйдөн экинчи үйгө токтоп:

— Борбордун артистери келди. Чоң концерт болот. Кийингиле. Жөнөгүлө. Арманда каласыңар!— деп бакылдады. Үч колхоздун эли чогулаар оюнга уккандар дүргүп, клубдун багын карай чубады. ...Кызыл-тазыл кийинген кыздар шаракташып алгараак. Таноолору лердейе, шапкелерин кыйшайта кийген боз уландар кыздардын соңунда. Кээси эбин таап аралашса, жооштору батынбай четтеп басат. Машинага толо түшкөн алыскы колхоздун эли бакылдашып күлүшүп, тамаша ыргытып, өтө беришсе сары, жашыл, кызыл жибек жоолуктарын ээгинен чалышкан — ак куба, кызыл тору келиндер каш серпе:

— Бас эртерээк. Орун калбай калат! — дешип, күйөөлөрүн энтелетишет. Тек, колдорун артына кайчылаштырып, кээси таяк таянган карылар өздөрүнчө топ. Алардын сакал-муруттары батып бараткан күнгө чагылышат да, жүздөрүндөгү бырыштар жиктене, ачык көрүнөт.

Мойнунда мончок селкилдеген кара чачтуу төрт жашар кызын жетелеп, эми гана көчөгө чыккан Ады, карыяларды ызааттап, озуп кетүүгө айбыктыбы, ак көйнөгүндөгү күрөң галстугун оңдогон болуп токтоп, арттан жай басты. Кызыл атлас көйнөкчөн, бермет басылган допу кийип, эки бөлө өргөн коюу кара чачынын бирин сол эмчегинен артылта алга таштаган Адынын келинчеги Апиза кол сумкасын чайпалта эрине күйбөй өтө берди. Атлас көйнөгү шуулдай артка делпилдейт. Жалпак така, жалтырак кара ботинкасынын таманы: «муну кара, муну кара» деп чакыргандай күчөп карчылдайт. Мүчөлүү ак келин ан сайын жолду оё-оё басат.

Арттараак кала берген Ады жарынып шаңдана басканына бир эсе кымылдаса, бир эсе: «Ашыкбай.. жайыраак жүрүү го?» деп тартынды.

Көз байланганда оюн башталды. Умтулгандар менен карыялардан көчүк койчу тактай бети жыш толду. Көпчүлүк жарданып артта. Кара баркут кемселчен, белине кемер курчанган кызыл тору артист көшөгөдөн чыкты. Кол чапкан көпчүлүккө күлмүндөй жүгүнүп алды да,

орундукка бутун айкалыштыра көчүгүн койду. Капкагы аппак, өрүк комузунун үч кылын терип басып, манжаларын ойнотуп, «Насыйкатты» чертти. Күү бирде кацырык түтөтө муңкангандай болсо, бирде түркүн ойду мээңе чогултуп, делебенди козгой кыялдантат. Мурдатан угуп жүргөн Ады шыпшынып:

— Бах, күүнүн атасы ушул! — деди.

Экинчисинде бели кындай аял чыкты. Анын үстүндө бүйүрмө этек ак жибек көйнөк, кара кыжымыдан чыптама. Башында үкү сайылган кундуз топу. Топуну оң чекеге баса кийген. Күлүмсүрөгөн артистка жүрөктү селт эттирген кыяктын күүсүн ээрчий көзүн шоктонтуп, секетбайдан баштады:

Кашың кара баркуттай
Жашыңдан алдың тартипти ай.
Кыдырсаң жердин кыйласын,
Таппассың менден артыкты ай.

Өзүнүн көпчүлүк арасында экенин унуткан Апиза каткырып жиберди.

Оюн узара берди. Көшөгөдөн бирде манасчы чыгып күрпүлдөсө, бирде жалкоо менен күжүрмөн чыгып айтышат. Күжүрмөндүн чындыкты сүйлөшүнө «эл туура!» дешип баш ийкешсе, жалкоонун жок жерден амал ойлоп, күнөөнү өзүнө жүутпай жаткандыгына; «ээ анык жүзү кара экен» дешип, санын чаап каткырышат. Айтор, артисттер көргөзгөн оюндун биринен бири кызык. Жардангандар кызыгышкандыктан белдин талыганын сезишпеди. Бирок, Адыга убал болду. Жерге түшүрсө алдыңкылардан оюн көрө албаган кызын көтөрүп туруп, эки далысы туз куйгандай ачышты. Акыры Апизага шыбырады:

— Бир аз кармачы, белим...

Апиза тултуңдап:

— Көйнөгүм бырышат — деди,— көтөр, ала келген өзүң.

— Бир азга эле...

Апиза кызын алды. Жаңы чыккан артистка үч сабак ырды кайырганча чыдай албай кайра эрине булка сунду:

— Алчы бейбакты! Таштан да оор экен.

Байкабай серпкен атасынын колуна жаагы урунган кыз ыйлап жиберди. Баласаак атанын жаны чыга жаздап, өтүгүнүн тумшугун аялынын балтырын карай шилтеди.

— Какый! — Апиза тургандардан жазганып, тиштенгени менен көзүнөн жалын жарк этти. Ады кызын төшүнө кыса, элден суурулуп чыкты:

— Садагасы,-садагасы. Кыялы жаман итти карачы... Байкап бербейби. Жалакайын кантесиң... Кап...

Эрке кыз кежирлене бергендиктен арга жок, ордуна кайра барбай оюндан кечип, үйүнө кетти.

Эринен эти ооруй элек келин бул жорукка туталанды: «Жаагың сынган бейбак! — деп кызын каргады.— селпейген арам! — деди эрин,— ачуусун, чочоңдоп. Сени эле сага кылбасам!»

Ушул учурда эптиккен бирөөнүн тыноосу кулагынын түбүндө дуулдап, чоочун жылуу кол колун кысты. Светтин жарыгы күңүрт түшкөн тарапка Апиза жай кылчайды... Сельсоветтин секретары, (көптөн бери өпкө-жүрөгүн чаап, майрам сайын атыр, упа, самындан толгон подаркаларды берип жүрчү), бойдок Эшим экенин таанызы да, Адыга ачууланып, сурданган жүзү жадырай түштү. Эшим тургандарга туюнтпай келинге «четке чык» дегендей шек берди. Жигиттин кара кашынын көлөкөсүндөгү тегерек көзү ирмеле жарк этти. Бою чымырап кеткен Апиза билмексен болуп, жымыйды. Жигит дагы ошенткенде, «бара бер, артыңдан...» дегендей анын колун сылай кармап, түрттү.

Концерт кызуу жүрүп, көпчүлүк куунак. Шатырата кол чабышат. Дуулдап каткырышат. Экөө бактын коюу жеринде...

Балким ишенишпес. Бирок, мындай окуялардын болгонуна, тээ ачык асмандын чамгарагында жай калкыган ай гана күбөө!


## ЧЫНДЫК

...Тээ алыскы жылдарда эркиндик күнүн көксөй-көксөй адам кылынын жалгыз тамчысы жерге түштү. Анан ал тамчынын үстүнө экинчи үчүнчү... миңинчи тамчы таамп, тама-гама нөшөрлөп төктү; төгө-төгө кыянга айланды. Ээ-жаа бербей шаркыраган кыян чоң өзөнгө

куюп, дарыя жаралды. Дарыянын жеткен чеги деңиз болду. Күндүн көзүн тосуп жер бетиндеги тиричиликке караңгылыктын канатын көмөрө самсаалаган кара булутту чагылгандын учкул октору жара чаап, көзөп жарк-журк эткен сайын деңиз удургуду. Бирде чор кайнап, кайра алдастады. Буулуга күрүлдөп аскага согулду. Алыстагы жээкти шалпып өтүп, кетенчиктеди. Чогула түшүп күч жыйнай дит багып карай алгыс сүр менен күрр-шарр эте жулкунганда ай чапчыган кыр-кыр толкундар бөгөт болгон асканы күрс сүзүп, акыры жемирип таштап, 17-жылы жердин эң бийик чокусуна чыкты да, так катып тургандардын тамырын малгыта булак болуп жайылып акты...

Ушундайча жаралган өз өлкөңдүн тагдырын кайра баштан эске түшүрө жаагыңды таянып, кыялыңды ыраакка-ыраакка жумшап олтурсаң — арабыздагы али тирүү келжирек мансапкорлор үчүн, ичи тар дүнүйөкорлор үчүн муштумуң түйүлөт, азууң бачырайт! Ак тилегин, кашык канын эли үчүн арнап курман болгон анык адамдар үчүн каңырыгың түтөйт. Алар жаткан мүрзөнү мазар атап, сыйынгың келет!

# ПОВЕСТТЕР


1945
ОТЕЧЕСТВЕННОЙ

«Турмуш өгүз эмес, соп камчы менен айдап алгыдай»

*(М. Горький)*

# АЛЫС САПАР

## 1

Ала-Тоо көзгө жакын. Көздөн дагы жүрөккө жакын. Береги бакка чөмүлгөн кыргыз шаары. Жашыл жалбырагы чачыңды сылаган аллеяда баратып, башыңды бир көтөрсөң — жайы кышы ала темгил кар жаткан тоом чукулда турат. Бирине-бири жөлөнгөн жаян сымал сулк тизилген кырлардын куюлуп түшкөн куйругу Чүй талаасына маткан. Тоо түбү кыркалай кыштак. Кыштак элине шаардын түнкү жарыгы жайнап көрүнөт. Мен ушул кыштактанмын. Камыш чатырлуу эки бөлмө тамыбыз айылдын баш жагында. Тамга жанаша салынган бастырма. Бастырмага беде, жүгөрү бакал жыйылат да астына кара уй торпогу менен байланат. Үйдүн артындагы көчө жакы арыктын жээгинде калың тал. Талыбыз ушунчалык түнт болгондуктан, шагына конуп чырпылдаган чымчыктардын үнү угулуп, учмайынча көрүнбөйт.

Апам (арыктыгыма карата айтабы) кызылча талаасынан келгенде, ак сап кетменин тоокканага жөлөп коюп, үйгө кирип чыккандан кийин, бурчту имерилип жылт коюуга камынып калган мени токтотуп: «Чилмийген каары, каймакты дагы жепсиң ээ?.. Айран ич дебедим беле! Каймак катырып коёт» — деп тилдейт. Болбосо: «көзүңдү алайтпай, бададан уйду айдап кел» дей турган. Мунусу көзүмдүн чоңдугун айтса керек. Атамдын токтогон эле баласы мен экемин. Жалынып үйрүлгөнүн көрө элекмин... Сөөктүү, көп сүйлөбөгөн, кабагы бийик атама өзүм да батынбай апама ыктайм.

Төртүнчү класска тиешелүү китеп-дептерлерди чогултуп, окууга даярданып жүргөн кезим. Талдын арасына нурларын ширеп, күн батып баратат. Уй саап жаткан

апам жактагы каңгыраган чаканын дабышы бара-бара жоголуп, көбүктөнгөн суттүн шорпулдагы угулат. Көчөдөн арабанын калдырты, ээрчип жүгүргөн балдардын чуусу чыкты. Эдиреңдеп жүгүрүп жеттим. Кубанычтары ичине батпаган балдар арабага толушуптур. Кара муруту калдайган атам күлүмсүрөп, тигилерди жайына койгон. Атамы кайсы кудай жалгады. Күндө арабага түшүрмөк түгүл жармашайын десең «Тарт!» деп кагып койчу. Батынбай чаңга аралаш кала берчүбүз. Көрсө кеп бар экен, аны кечинде билдим.

Көк беде салынган арабасына кара жал сартору аттарын маңдай-тескей байлап, үйгө киргенден кийин, мага жымыя карап:

— Окууга барасыңбы? — деп сурады. Ойлонбой туруп эле:

— Барам дедим.

Мискедеги сууган сүткө уютку куюп жаткан апам:

— Эмне окуу экен? — дей калды.

Мектеп ачылыптыр. Алдында интернаты бар экен. Уулуңду ошого каттатып койдум.

— Кайда?

— Шаарда.

— Каттатпай эле кой! Муну кетирип ийип, сени тиктеп отура албайм.

— Көнөсүң... Окусун. Каккы жеп, алыста өскөнү дурус, баланын.

— Кой ээ.

— Болду!

Атамдын айтканы орундалды. Кечеги балдар менен мени колхоздун кеңсаларынын эшигиндеги грузо таксиге салды. Машина күрүлдөп, артынан чаң созула дөңгөлөктөр чимирилген сайын, биз айылдан узай бердик. Өзүбүздүн беде өскөн огороддун четиндеги алма жыгачтарды көз алдыма элестете берип, убакыттын өткөнүн да сезбепмин. Бир катар аймакты баскан үч катар чоң сары тамдын жанын токтодук. Бул жатакана экен. Шыпылдап бат, эптүү да кыймылдаган кара сур киши бизди козуча санап түшүрүп жатканда, мага учу имерилген кара муруту көрүнүп, «Чапаевби?» деп селейе калып оңолдум. Подъездде тынбай кирип чыккандар. Жогорку катардын терезесинен бир тобу жардана караштьы. Көкүрөгүнөн жагоосу делбир эткен ак бала:

— Дагы келди! — деп кыйкырды. Буларга оозум ачыла таңыркап келатып, чалынып да алдым. Ошол эле замат жанагы мурутчан агай мончого ээрчитти. Ар бирибизге сүргү, самын берди. Бөлмөдө тайгаланып, таш тактаны таяна калып жүрүп, кириндик. Денебизден суу чууртуп, кийинчү бөлмөгө чыксак жаңы форма даярдалыптыр. Кийингенден кийин өзүмдү күзгүдөн көрүп, курумдун жылтырагын сыйпалап алдым да сүрдөп, терс бурулдум. Көзүмдө күлкү. Ушул боюнча апама жетсем деп ойлойм.

Бөлмөдө үч койка. Анын бири мага таандык. Экинчисинде жылкычы Садыктын уулу тоголок кара бала Осмон. Үчүнчүсүндөгү бизге бейтааныш. Койка сайын бирден тумбочка. Ичинде тазалык буюмдары. Үстүндө китеп. Расписание жазылып, чети коюздолгон баракты жаткан жак дубалыма илип койдум.

Үйдү эстеп, апамды сагынып, сабырым суз жүрдүм. Танаписте коридордун терезесине сүйөнүп, суюк булут баскан асманды, майда жамгыр себелеген асфальт көчөнү, шуулдап өткөн машиналарды карайм. Нымдуу аба. Менин көңүлүм да бук. Дарактардын жалбырактары жашылын өчүрө саргыч тартып барат. Сквердеги тегизделген чөптөр сабактарына шүүдүрүм кармап, тамырын муздатар сууктан чочулашкандай сереет. Кара топурагы майланышып, аралары ачык.

...Полду тарсылдатып жүгүрүп жеткен Осмонго бурула калдым.

— Сакен! Апаң келди — деди.

Столдун үстүнө кездеме баштыгын коюп, эс алуу бөлмөнүн диванында олтурган чаар жоолук апамды кучактап басып калдым. Мага тааныш жытын акырегинен искеп, ыйлап ийипмин. Апам да маңдайымдан жыттады. Көзү мээр төгүп жылмая, көкүрөгүнө кысты:

— Күчүгүм! Берекем. Сагындыңбы?

Апама шаардын көчөлөрүн кыдыртып, дүкөндөрүн көрсөтүп, шаттанып жыргадым. Сагынчым жанды. Жүзүмдөн күлкү ойноп, жеңилдендим. Апам кеткенден он чакты күндөн кийин учурашканы атам да келди. А киши көк чепкенчен, кара тебетейчен, караанын далдайтып, көчөдө туруп чакыртты. Жүгүрүп барсам муруту көтөрүлө, тиши жаркырап, колун сунду.

— Ойбой, саламатпы, уулум. Окууң кандай. Жигит болгон турбайсыңбы.

Деминен вино менен мантуунун жыты келет. Өзүнө жараша өзүмдү карманып, учураштым.

— Убактың барбы? Базарлап келели — деди боюмду имере карап,— Жолдошторуң болсо ээрчитип ал. Тарбиячыңдан уруксаат сурагыла.

Ушинтип, сагынычтар тарай берди. Кышкы каникулда айылга өзүм барып келдим. Эми, үйдөн мурда шаарды эңсечү болдум Жатакананын нечен аттаган босогосу, олтурган парта көзүмө ынак. Көөнүмдү тартат.

Жайкы каникул мезгилинде үйдө жүрүп, интернатты ушунчалык сагыныппыз, чуулдан жүгүрүп эле жүргөн бала. Кайсы бөлмөгө кирбейли аралай чабабыз. Өзүбүздү ыйык бакма куштардай көрүп жалтануу, кысылуу жок. Столовойдо орундуктар кылдырайт.

— Тииш, тынчтангыла! — Мурутчан агайдын үнү чыкса тымбыз. Бирок, көздөр күлмүңдөп, кулактар кыймылдап, ич кайнап шокпуз. Интернаттын башчысы жолукса: «Жамбашыма тор өттү, калың матрас бериңиз?» — деп айтабыз. Обедде картофельный супту чайпап, кухнядагы тётя Софиянын тынчын кетиребиз:

— Тётя София! Табагыма эт түшпөптүр...

— Бууручактан жасабайсызбы?

— Суюк тура...

— Ысык экен,— дейм өзүмдүн чоң ууртаганымдан көрбөй.

Бети албырган София чайпала басып, кухнядан чыгат да, ар бирибизге энелик мээримин төгө карайт. Бир-экөөбүздүн табагыбызды аралаштырып:

— Завхозго айтайын...— деп ынандырат.— Ичкиле, эмикиде буурчактан даярдайм, ушундай ширин бышырам дейсиң, жөн эле тилиңерди кошо чайнайсыңар!

Бул сөздү укканда аз эле жерден орундуктан ыргыбайбыз:

— Тётя София сонун!

— Ширин буурчак бышырат.

— Ичти сакташ керек.

Тыштан тарбиячы баш багат:

— Тынчтангыла! Тамактанып жатканда сүйлөбөйт. Канча эскертем? ...Осмон, түздөн! Сакен! — деп мени зекийт,— бутуңду жый. Жагооң малынат. Сен дагы,—

деп үчүнчү баланы жандайт,— китебинди коюп келип, анан олтур.

Тарбиячыбыз имерчиктеп туруп чыгып кеткенде столовой кайрадан шуулдайт. Алдымдагы котлетти чала жеп калтырып, тамак алчу тешикке башымды тыгып, кечки оокат жөнүндө билгим келет:

— Тётя София! Кечкиге эмне берилет?

— Айта албайм, продуктуну ала элекмин.

— Сыр алсаңыз?

Сыр дегенде кулагы чалган балдар мени коштоп:

— Май менен сыр... десе; экинчиси:

— Сакен, сырды сен же, мага кургатылган колбаса! — деп чыгат. Айтор, күндөрүбүздүн көпчүлүгү ушул көрүнүштө өтөт. Ошентсе да, керт башымда бир аз «жаңылык» болду. Ар бирибизди сүйгөн кружокторго бөлө баштаганда мен ыр-хор кружогуна катталдым. Мунумдун өзүнчө себеби бар; кыясы тилимдин таттуусуна кызыкканбы, атам кичине кезимде «Манас» үйрөткөн. Төшөккө жатарда, же кыш учурунда мештин жанына олтуруп алып:

— Кана, Манасты айтып жибер? — дечү атам. Колумда чүкө болсо ыргытып, чөк түшө калам:

Абам Кошой карыям,<br>
Акыл тапкыч олуям.<br>
Ылдый түшсөм жөлөгүм,<br>
Өйдө чыксам өбөгүм —

дейм да, кайра башынан түшүп, чарчаганча кайталайм.

Эртең менен сураса да, эртең сураса да менин «манасым» төрт саптан кемип, же көбөйүп да койчу эмес. Бул сапта «Манас» деген бир да сөз жок, бирок «Манас» десе кылайып жаңылбай ушуну айтам. Кийинчерээк: «Кошой деген ким?» — десем: «Манастын акылдашы» деди.

«А Манас ким болгон?»

«Ал, жонуна бирди, эки колуна экини — үч тоо көтөргөн баатыр болгон» дейт. Мен үч тоону тең оюнчукча кармап турган зор кишини элестете көзүм алая чочуп:

«Үйгө кантип кирет?»

«Өзүнө жараша үйү да чоң»

«Үйүн эмнеден курган?»

«Кагаздан!»

«Кагаздан?.. От жакканда күйүп кетпейби?» десем, атам жооп бербей бырс күлгөн. Кийин басмакананын цехинде жүрүп, «Манас» эпосунун биринчи томунун караанын көрсөм, атам ошондо «үйү кагаздан» деп бекер айтпаганын билдим.

Эки күндөн бери интернатта «Манасчы» Саякбай менен жолугушуу болот» деген кулактандыруу илинди. Бул кабарды башка окуучулар кандай кабыл алганын билбейм. Менде тынчтык жок: «Кандай айтат болду экен? Өзү кандай киши?» - деп суроо үстүнө суроо берем.

Кездешүү күндүн болжогон саатынан мурда барып, залдын алдыңкы катарына отурдум. ...Ак калпак кийген, кара баркут кемселчен Саякбай акени директор баш болгон мугалимдер ээрчитип кирди. Ордубуздан дуу туруп, кол чаптык. Эки көзүм манасчыда; Элүүгө барса да, бетинде бырыш жок тасырайган чулу кара киши. Сүйлөсө — баладай кирсиз күлүп, шат. Сөзү куйкум. Алдыңкы катардагы кетирекей окуучуну эркелете:

— Мурдуңдун учу кана, базарга саткансыңбы? — деди. Биз дуу күлдүк. Анан мага тийишти:

— Торпок көздөнгөн бул кимдин баласы! «Көзү чоң киши баатыр болбойт. Манастын көзү кичине болгон!»

Айтор, алдыңкы катарда отурган баарыбызга сөз ыргытып, күлкү салды. ...Бир аздан кийин өмүр баянын, көргөндөрүн сүйлөдү. Алымдын бардыгынча кунт коюп уктум. Айтуунда: Жашында жетим калып, жокчулуктун зарын тартып, апасынын колунда чоңоюптур.

Тоголок маңдай, көзү тегерек, бармак сымал мурундуу, тукул ээк Сакем, сөзүнүн артында:

— Көзүңөр жоодурап сонун көрүнүп кетти, «Манастан» үзүндү таштап коёюн! — деди. Зал дүүлдөйт. Баркут кемселин чечкен манасчы тик жака ак жибек күрмөсүнүн алкым топчуларын да бошотту. Канатын күүлөгөн шумкардай төшүн кеңите кулачын жайып, эпосту баштады. ...Ошондогу көргөнүмдү эс тарткандан кийин сүрөттөөм боюнча: Заматта баятан тамаша сүйлөп күлдүргөн Каралаев такыр өзгөрдү. Үнү — куду дарысын көп куйган «Ак келтеге» күпүлдөп, адам тик ка-

рай албоочудай, көзү от чачат. Жаагы бирде чулчуюп, күрө тамыры чыңалат да бети түктүйүп, ачуулу. Дагы бир кайрыкта жүзү тамылжып, жайдары. Жүзү түктөйүп ачууланып жиберсе, бороон уруп, миң сан жоо беттешкендей селт этесиң. Жарк этип калса — күн ачыкта жашыл шибер аралап баскандай сергийсиң.

Сакеме берилгенимден кошо кыймылдап, белимчи боло жаздапмын. Осмон нукуп койгондо эсим жыйылды. Бирок, канчалык күтсөм дагы менин «Манасымдан» бир сапты иле кеткен жок. Жетпей калдыбы? Же меники башка «Манас» болду бекен? деген ойдомун. Манастын нечен варианты бар экенин эми билип жүрөм.

Ушундан кийин күпүлдөгөн үндүн уйкашы мээме мык болуп кадалды. Бассам-турсам кыңылдайм. Ыр аттуунун баарын ошого келтирип жүргөнүмдө чакан китеп колума тийди. Алмамбет менен Чубактын Макел дөөнү жеңген жерин жаттап алдым да, «жетишкендигимди» көрсөтүүгө ыр-хор кружогуна катталдым. Эки-үч жолу айтканымдан кийин; «Даярдай берели» дешип кружокко кабыл алышты. Ал түгүл жогорку класстын окуучулары «Эй манасчы бала» дешип чакыруучу болду. Бул «атагыма» жер баспай, таноом дердейип калса керек, баштаарда жеңди түрүнүп салып, аянбай киришем. Өзгөчө, тоодой жылган жалгыз көздүү Макел дөө капчыгайга кептелип калганда, чоюн күрсү менен зоолорду урата чаап, жол бошотуп жатканда, мен да күрсү урган болуп, эки жагымды муштайм. А эр Алмамбет алыстан дүрбү салып, душманын таанып, Чубакты өңүткө аттантып, өзү «ак келтени» сундура Макелдин карегин мээлеген кезде, мен да колумду мылтык жасап шыкаалайм.

Кружок дайым алтынчы күнү өтчү. Октябрь майрамы чукулдаган сайын жумасына эки жолдон даярдоочу болдук. Кээде үч саат, же андан да узакка кармалабыз. Кыяк, комуздарды кабына салып, роялды бекитип, сыртка чыксак — шаардын жарыгы жайнайт. Тоо жактан муздак шамал согуп, өзөгүнөн үзүлгөн сар жалбырактар дирилдеп, калкып жолго түшөт. Боюна жабышып, сыйгаланып, бут менен шиленет. Четинен көчө тазалагычтар шыпырып, чогултуп жатат».

Жылуу бөлмөдөн муздакка чыкканга көңүлүм сергилең. Те, айыл тарапка кылчактайм. Басып келатып

каруу булчуңдарымды кырсылдата кулачымды керип-керип дене тарбия жайнойм. Бөлмөгө кирсем, Осмондор уйкуга кеткен. Чечинип, алардан кеч жатканыма өзүмдү жетишип калгандай көрөм. Жөтөлөм. Алар түйшөлбөйт. Көрүшөөр бекен деп майка, трусичен төшөгүмдүн үстүнө бир аз олтурам.

Аттиң, ошол боюнча эле — «Манасчы атыкканга» көтөрүлүп жүрө берсем эмне! ...Кружогубуздун акыркы сыноосу өткөрүлдү. Сыноого директор баш болгон агайлар, бүт окуучулар катышышты. Алар залга толду. Бет алдыда көшөгө, көшөгө артында биз. Улам арткыбыз узун болуп, хорду бердик. Комузчулар ансамбли өттү. Жалгыздан аткаруунун кезеги башталды... Баягы өзүм тааныган агайлар, балдар олтурат. Бирок, кезек чукулдаган сайын көшөгөнүн артында жүрүп, сүрдөп ичим ысып-күйүп, тынчым жок. Тынбай туалетке кирип-чыгам. Аңгыча:

— Азыр бешинчи класстын окуучусу Кыргызбаев Сакен «Манас» эпосунан үзүндү айтып берет! — деген жарыя чыкты. Бул үн мени куйругунан кармаган бөдөнөдөй жылдырбай, көшөгөнүн алдына чыгарды. ...Мына, олтураар орундук. Зал төрүнө жалт карасам — чачып жибергендей жайнаган көздөр! Негедир алар эки жолу чайпала түшкөнсүдү. Эсимди жыйбай элеңдеп, сүрдөп олтурар замат дуу эткен күлкү дүңгүрөдү. «Саякбай акеге деле күлбөдүк беле» деген сезим келди да:

«...Оо, ошондо Алмаң кеп айтат!

Оёнум Чубак деп айтат!» — деп баштап калдым. Албетте, манасчылар тынчсыз болушат эмеспи. Мен да сөздү көркүнө чыгарууга далбас урдум эле, кулак салган бири жок, күлкү күчөдү. Кээ бирөө боорун тырмап өбөктөйт. Акылым айран. Бирок, токтобойм. Аңгыча, кара мурут тарбиячы ордунан турду. Күлкүдөн аккан көз жашын жүз аарчысы менен аарчып, жаныма келди.

— Кыргызбаев, анан айт! — деп көшөгөнүн артына жетеледи.— Сахнага чыгарда боюңду карабайсыңбы! Ха, ха. Каткырып жатып илгичин илип гана тим койгон шымымдын топчуларын топчулатты. Күлкүнүн жайын эми түшүндүм. Уятыма чыдай албай ыйлап жибердим.

— Эч нерсе эмес,— деди тарбиячы мандайымдан сылап,— айыбыңа «Манасты» мыктап туруп айтып бер, кезек тийгенде?

Ыза болгон бала ошол замат таштын оцолмогу! Чыкканым жок. «Манасчылык атакты» да ушуну менен жыйыштырдым окшойт.

* * *

Чапкан аттай жылдар өттү. Байкалбай учкан мезгилде алагай көз, кубажүлүн мен бой жагынан да, ой жагынан да өстүм окшойт! Мурда «Каныбек» романынын окуясын кубалап кызыгып жүрсөм, азыр Евгений менен Печоринге ынакмын. Аларды боордошумдай сүйөм, бирге дем алып, өткөн замандын үшкүрүгүнө кошо кысылып, түнжурайм. Көздөрү барда бааланбай көптүн биринче какгы жеп муңайып өткөн аларга жан салып, тирилтип, доорго кайра жашартсам деп кыялданам!

Өскөн элдин маданиятын китеп аркылуу четинен кетип таткан сайын, алардын жорук-жосунун тууроочу болуп, блокнот күттүм. Таасирдүү окуя болсо, же жаңы ой түшсө унутпас үчүн күндөлүгүмө чийем. Күндөлүгүмдүн алгачкы бети мындайча башталды:

«...Кечээ тётя София пенсияга чыкты. Бүт интернат куттуктадык. Гүл сундук. Учурашып жөнөлө бергенде, кол булгап туруп: Чыны эле, кухнядан экинчи көрбөйүмбү?.. Бизден алыстап, каякка жакындап баратат? Адам картайбас болсочу!» — деп күбүрөдүм. Санаам бөлүндү. Экинчи эне болгон момураган жоош аялды аяп, каңырыгым түтөдү.

## 2

«Билимим орто делинсе да, билгеним «көп»! Дагыдагы китеп окуу гана негизги милдетим эмеспи» — деп чечкен мен университеттин филология факультетине өттүм... «Туудум. Өстүрдүм. Эми ачуу-таттуунун даамын өзүң ылга!» — деп, баласын сапарга узаткан энече интернат, тээ окчунда калды. Сезсем, мында турмушум, жашоом такыр башкача кеткидей. Даяр аш, даяр кийим жаман үйрөткөн белем? Жаныма кылайып акча кармай албайм. Эртең менен он сом алсам да, же андан арбын алсам да, кечинде бир тыйын калбай так түгөнөт. Эмне себептен мындай? Акылым жете элек. Звонок кагылса, София эже эсиме түшөт. Токтолбой университеттин подвалындагы столовойго жөнөйм. Жанымда атам бедесин

сатып камдап берген акчадан бар. Биринчи менен экинчини кылайып бөлбөй чайы менен алам. Мындай тамакты алты жыл бою ичпедимби. Бирөө кемисе көңүлүм коңултактайт. Кээде толук түгөтө ичем. Бирде гуляштын жарымы желбей калат. Артканы менен ишим жок. Интернатта арткан тамак короодо турган ак челекке куюлчу. Аны араба тарткан күрөң кашка ат адамдан артык таза ичип, челектин түбүн кепшей берип, жалтыратып койчу. Андыктан, арткан тамакка назар бурбоо өнөкөтү менде ошол боюнча.

Лекциядан чыгып, столовойго кирсем, чөнтөгүмдө беш тыйын калыптыр. Акчанын түгөнгөнүн эми сездим. Нары басам-бери басам. Курсак ачты. Он жетинчи аудиториядан Осмон чыгып келатат. Алдына тура калдым·

— Келе, карызга акча бере тур?

— Үзүлүп-согуп стипендияга зорго жеткидеймин өзүм — деди да, тепкичтен такылдай жүгүрүп, жогору чыгып кетти. Куру калганыма назарым сынды. «Таанылган Осмон бербеген соң кимден чыгаар дейсиң?» — деп, башкаларга батына алганым жок. Комнатадагылардын эч кимисине билгизбей бул күнү наарсыз жаттым. Экинчи күнү бир жолдоштон алган жалгыз сомго жарты буханка алып келип, четинен кесип, туз сээп — ысык суу менен тамактансам, ушундай жакшы, ширindиги таңдайымдан али күнгө чейин кете элек!

Айылым жакын эмеспи. Ишембиде тоону карап жөнөгөм. Бала кезде чаңын жыңайлак кечип чоңойгон көчөмө күүгүм кире жеттим. Көңүлүм көтөрүлүп, пейлим ток. Тар багалек ичке шымымдан таанышабы, же көп каттап белгилүү болуп кеттимби, чака көтөрүшүп сууга бараткан келиндердин бири бураң эте кылчак карап:

— Сакенби? — десе, экинчиси шыңк күлөт:

— Үйсаак немени билими кантээр экен!

Өзүбүздүн босогону аттай бererде апам ыргып туруп, маңдайымдан жыттап, жетине албады:

— Карегиңден тегеренейин. Жөө келдиңби, тердеп кетипсиң?

Апамдын колунан бошоп, баятан кырынан жатып эми обдулуп, мандаш урунган атама салам айттым. Атам баягысындай. Күңгүрөнүп алик алды. Төрдү карай саал копшолуп, жанынан орун бошотту. Жапыс олтургучка олтуруп, апам алып кирген чылапчындагы муздак сууга

ысыган бутумду салып эс алдым. Нанды жаңы каймакка малып чайнап, айрандан ууртап, тамактанып жатсам апам кобурайт:

— Ушул окууң жакшы окшойт. Сагынтпай көрүнүп, санаамды тындырдың балам.

Атам тамагын жасап жөтөлөт. Тамаша аралаш жылмайып, апама сөз ыргытат:

— Окуунун да жакшы-жаманы болобу?.. Ар кимге оокат керек апасы. Келе чайыңдан.

— Какшыгыр жөн отурчу,— деп, кептин тегин түшүнгөн апам тултуңдайт,— көп көрүнүп кеттиби келгени!

— Кудай сактасын, кемпир жан. Оорсунбайм. ...Бирок, муну да билсин! Хе-хе.

Жөө келип чарчагангабы, же каймак менен нанды көп жеп койгонгобу, ныксырап катуу уктапмын. Апам маңдайымдан сылаганда көзүмдү ачтым. Кийинип алган атам чыракты үйлөдү. Ачылган терезеден таза аба уруп, таң шооласы агарат.

— Сакентай! — деди апам,— кызылчага кеттик. Казыгы башталбадыбы. ...Турсаң, көк мискейде айран бар. Жолуңа алманын чоңдорунан үзүп койгун. Угуп жатасыңбы. Мына, биз кеттик.

Чукуранып оодарылдым. Каалганын жабылганы, арабанын кылдырты угулду. Кайра уктап кетипмин. Экинчи жолу каалганын качырап ачылганы, апамдын добушу ойготту.

— Ээ, садага тура элексиңби?

Ошондо керилип-чоюлуп төшөктөн турдум. Уйкум каныптыр. Көңүлүм ачык. Сыртка чыгып арыктагы сууга жуунуп келсем, саат он эки экен... Шаты коюп, апам апорт алмабыздын ичинде жүрөт.

Түш оой жолго чыктым. Көтөргөнүм тамакка толгон эки сетка. Күн бата жатаканага келсем, чачтарын нымдап тараган Жымык менен дагы бир тааныш студент кире бериштен жолукту. Мени көрүп күлүп жиберишти.

— Сени тууган энеге ыракмат...— деп бакылдады Жымык.

— Айла кетип турганда, айттырбай келгенин кара!

— Көтөр бирин, муну мага!

Боо өткөн колумдан сетканы жулуп экөөнү экөө алып кетти. Дабырап комнатага чыктык. Комнатада —

бири столдо китеп окуп, экинчиси тумбочкасын ақтарып, Жекшен күзгүнүн жанында галстугун байлоо менен алектенип жатыптыр. Үчөө тең тура калды.

— Жаша!

— Асмандан аш түштү.

— Алманын жыты буркурайт...

Тартынмак белем. Интернатта кеми отуз бала бир столдо отуруп тамактанчыбыз. Булар кыйын болсо, өзүм менен алты экен.

— Алгыла! Жегиле үй тамагын,— деп сеткаларды ортого койдум. Жумурткага туз сээп, нанга аралаштыра чайнашып, алма кемиришкен жолдошторум:

— Рахмат.

— Жакшылыгың дайыма жүрөктө сакталат! — дешти да киного, окуу залына тарап кетишти. Комнатада жалгызмын. Сетканын бири орундукка түшүп, экинчиси нан оролгон кагаз менен ушаланып калды. Столдун үстүндө күкүм, данек, жумуртканын кабыктары додо. Чогултуп чакага салдым. ...Айтор, тамактан бул жумада да кыйналдым. Бирок, намыстанып, үйгө каттаганым жок. Стипендияга чейин чымыркандым. Китеп окууга алаксып, чыдап жүргөнүмдө, мунайым мүнөз, бойлуу, арык чырай Жекшен Токмоктогу үйүнө кетти. Жолдоштордун бири:

— Жекшен сөзсүз акчалуу келет. Карыз сураш керек,— десе куйкум сөздүү Жымык:

— Мен да ошентпесем, стипендияга чейин ырыскешигимди жеп алчуудаймын! — деп күлкү салды.

Дем алыштын кечининде комнатадан алыстабай аны күттүк. Келип да калды. Баягы менче чуу менен тегеректедик эле, Жекшен саламыбызды кабыл алганы менен корзинка-сеткасын тумбочкасына кийирди. Үшкүрүп чечинди. Самынын алып жатып, алаканын жайды:

— Бир күнү кызылча казышканга... Кабаарып, мөлтүрөгөнүн... Дайыма иштеген колдор кандай чыдамдуу! Жуунуп келейин, олтура тургула,— деп чыгып кетти.

Дароо тамак-ашын жайната салбаганына шаттыгыбыз бастап, сына түштүк.

— Тоо томкоргонсуп үшкүрөт.

— Аа, кандай гана кылды бейм,— деп үчүнчүсү кулагынын үстүн кашыганда, мен бышкырып жибердим.

— Арбактай болгон ит го! — Жымык эшикти карап тилдейт,— алып келгиле, бүт жеп, корзинкасын башына кийгизип коёлу!

— Өзү билбесе кереги эмне.

— Берээр, бербесе алмасы айнектен учаар!

— Тартып жейт белек.

— Подумаешь.— Жымык кашын серпет,— көргөзмө ачабы!

Сүлгүнү мойнуна салып, тараңган Жекшен кирди. Самын, щеткасын ордуна тыкан койду. Кыймылы жай. Кенебейт.

— Маалкатпай алып келбейсиңби! — Жымык тамаша аралаш атырылды. Ошондо эки балага бирден алма, жалгыз көмөч казан нанды столдун үстүнө чыгарды. Унчукканыбыз жок. Жымык шоктук баштамак болду эле, алдыртан тыйып койдук.

— Рахмат, Жекшен. Ылайым «семизиңден» баспай кал!

— Баарын кой, карыз акча бере тур.

— Мага дагы. Стипендияга жете алгыдай эмесмин.

Жекшен баарыбызга бир гана жооп айтты:

— Басып алган байлыгым жок. Өзүңөргө окшошмун.

* * *

Жекшенди сүйбөйүрөөк калдык. Каалгада тизмебиз илинүү. Аяк жагында комнатадагы старостабыз Жымыктын пружинадай имериле чоюлуп кеткен подписи. Кезегибиз келгенде тактай жууп, столдун үстүн тазалайбыз. Жымык бул милдетке жолобой жонубуздан башкарат. Анын айткандары да орундалат. Ай сайын жаңы график түзгөн да ошол. Сөз баштаар да ошол. Бул барда экөө-үчөөбүз биригебиз да Жекшенди мазакалайбыз. Терезеден келатканын көрсөк көз кысыша:

— Тикини, орноткон шырыкча мойнун көтөрүп, ойлуу жүрөт деле!

— Анда эмненин оюу: «Обедде отуз тыйыным чыкты. Кечинде кара нан менен пияз жеп жатайын» — деп, акчасын чага албай келаткандыр.

— Оо, мындай ойрон, кийин начальник болбосун, кабагын ачпай кумсарып, нагыз кокуйдун өзү болот.

Шылдың сөздү кээде Жекшен угуп да калат. Би-

рок, ууртунан жылмая жалт карап коюп, чыгып кетет, же жаңы томдун белгилеген бетин ачып уюп окуйт. Бирибиз ага каш серпебиз. Жымык:

— Чы-ыш! — деп тыйган киши болот,— «Агай» жаңылат.

— Кайсы агай?!

— Маңдайдагы кан-сөлсүз агай!

— Ха, ха, ха.

— Хо, ох, хо.

Жекшен токтоо, китептен башын алып:

— Бул кандай жоругуңар? Күлө албай турсаңар куурчак театрга барбайсыңарбы?

— Өз эркибиз,— дейт Жымык, баарыбыздын атыбыздан жооп берип.

— Тынчтык бер. Студентмин. Лекцияга даярданып жатам.

Жымык жаакташканга өтөт:

— Биз да сендейбиз, араба айдап жүргөн жерибиз жок.

— Анда оку.

— Өзүм билем.

— Билсең ушинтип отурасыңбы?

— Кызык, чечинип отурабызбы анан.

— Тилиңди чыгарманга пайдалан.

— Пайдаланбаганда, кесип алып консерва кылат дейсиңби?

— Туф, келжирек! — Жекшен ачуусу менен туруп кетет. Жымык тажатканына шат. Бирок, бүгүн Жекшендин «студентмин» деген сөзү жүрөктү тыз эттирип, биримдигибиз ыдырады. Мен газетанын жаңы санын жая кармап, эрдимди бүлкүлдөттүм эле, беркилерим жайыла басып чыгып кетишти. Ушул окуянын эртеси комнатада Жекшенден башкабыз чогуу элек. Эшик кагылды.

— Да!

— Зайдите,— деп жабыла кыйкырдык. Жатакана советинен тазалыкты текшерүүчүлөр экен. Анын башчысы кара чач Мария. Жымык тура калды. Көчүгү баткан кроваты — оюлуп бырыш. Эртеңки дежур Жекшен болгондуктан, таштанды толгон чаканы ага калтырып төккөн эмеспиз.

Мария кабагын бүркөп такыкка алды:

— Орундук турса кроватка отуруш кандай? Старостаңар ким?

— Мен,— деди кызарган Жымык.

— Оо, «сонун» үлгүнү өзүң баштайт турбайсыңбы! ...Тиги кровать кимдики? — деп Жекшендин ордун сурады. Эмне үчүн калганыңардыкы да ушул сыяктуу ирээттүү эмес?

Айыбыбызды сезип, шылкыйып турдук. Текшерүүчүлөр комнатабызды начар деп санитарлык журналга чийип кеткенден кийин жемелештик. Кужулдап одеялдардын бырышын жазып, жаздыктарды сыладык. Ичи күйдүбү, Жымык Жекшендин кроватына лок турду да, жаздыгын тоголотуп, сүлгүсүн будалады. Порошок менен самынын тумбочканын артына түшүрдү. Ачуубуз тарап каткырып жатканыбызда Жекшен келди. Ал кроватынын чачылганына капааттанбай:

— Буга кайсы эшек оонады экен! — деп кобурап, баштагы калыбына келтирди да, самындарын ордунан таппай жатып:

— Муну кайсы ити тиштеп кеткен,— деди.

— Ким ит ия?! — Жымык муштумун түйө Жекшенге чукулдады. Мен экөөнүн ортосуна түшө калдым. Үрпөңдөшүү басылды. Бир сааттан соң унутулуп, эски калыбыбызга түштүк.

Эртең менен мурда чыгып, алдыңкы этажга барганымда, Жымыктар биринен-бири өтө каткырып келишип:

— Жатсын, ит болбогон неме! — дешип, ачкычты швейцарга беришти. Мен сездим. Алар университетке киришкенде, ачкычты алып комнатага келсем, Жекшен буркулдап каалганы муштагылап сөгүнүп жатыптыр. Эшик ачылары менен мени кулак түпкө берди.

— Акмак!

Карап турмак белем. Өзүнө жараша жооп алды. Имерчиктей калган студенттерден жазганып, сөзгө келгенибизде күнөөсүздүгүмдү сезип, кайра кечирим сурады.

Октябрь майрамынын алды эле. Мурдатан ойлоп жүргөнбү, же өзү айткандай бир «гүлдөйлү» дегенби Жымык сунуш киргизди:

— Улуу майрам келатат, жолдоштор! Эртерээк кам жейли. Жүз сомдон чыгарып... Олтуруш эки күнгө со-

зулат. Каршы эмессиңерби? Үйбү? Милдети өзүмдө. Бир айылдык Асан дегендикинде болобуз.

— Жүздөн көптүк кылат го?

— Экиден болобуз да?

— Кандайча?

— Кыздарчы?

— Кызыбыз жогубузчу?

— Жаның барбы, таап ал!

Айрымыбыз ыргылжың болдук эле, дагы Жымык:

— Физматтын студенттери деле чогулуп жатышыптыр — деп сүрөөгө алды. Биз макулдук бердик. Уюштурган өзү баракка планын жазып, чайналчу менен жутулчулардын баасын чагып, эсебин чыгарды. Аттиң, стипендияны санап, чөнөткө салган күнү «чогулуу» сунушун киргизсе, таң, айнымак белек? Акчаны көрө электе макулдашып койгондуктан гана ичтен кан өтүп, жүздөндү Жымыктын колуна карматтык. Биздин уюшмага «жумушум бар» деп Жекшен кошулган жок. Баягыда комнатабыз начар делингенден кийин жыйналыш болуп, Жымык катуу эскертүү алган. Старосталыкка Мария Жекшенди бекиттирген. Ошону шылтоо кылды да:

— Староста киши биз менен кайдан бириксин! — деген болдук.

Жекшендин чөнтөгүнөн бир топ билет көрдүм да, анын театрга кызыгып, бизге кошулбаган себебин түшүндүм. Бирок:

— Мынчаны эмне кыласың, сатасыңбы? — деп өзүнөн сурасам:

— Эмитен алып албаса, майрамда табылбайт — деди.

— Камдуусуң го!

— Мүмкүн.

Колдон келишинче кийимдерибизди жаңылап, параддан өткөндөн кийин комнатага кайрылбастан дуулдап Жымыкты ээрчидик. Биз чогулуучу үй шаардын четинде — үстү толь менен жабылган, чакан эки бөлмө экен. Үйдүн ээси тоголок кара киши Асан жайдарыланып тосуп чыкты. Артында өзүнөн бойлуу аялы эмчектеги баласын көкүрөгүнө кысып, эки жашарын колунан жетелеп турат. Биз ээрчитип келген студенткалар аялы

менен, өзүбүз Асан менен кол алыштык. Жымык бакылдап:

— Майрамыңар куттуу болсун! — деп жеңенин колун кысты.

— Кана, үйгө киргиле! — деди аял, эмчектегисин экинчи колуна оңдоп көтөрүп.

Атыр себинген бийик така кыздарды ызааттап алдыга өткөрдүк. Эки көзүбүз алардын балтырына түшүп артындабыз.

Төшөнчүлөрүн оозгу бөлмөгө чыгарып, төркүсүн бизге бошотуптур. Тактайга таар салынып, ортодо дасторкон. Бадыраң, колбасалар тууралган тарелкалар жайнайт. Үйдүн абалын көрүп туруп, «Стол коюңуз, орундукка олтуралы!» деп кантип айта аласың. Катыра кыр чыгара үтүктөлгөн бағелектерди буралта такымга басып, ачкыл жыттанган дасторконду жакалай, тизиле кеттик. Арабыздагы шаардык кыздар жарым саатка жетпей улам бир жамбашына нечен которулушту. Алар буттарын кыйнала сунуп, тиштене жыйнаган сайын чочуганыман кабак-кашым бырышат.

Ичимдиктин «шаңдуусун» ким билбесин! Арабызда биринчи жолу ооз тийгендер да, мурдараак таткапып калгандар да бар окшойт. Айтор, төрт кайтара тост көтөрүп жибергенден кийин ар ким кенеле түштү. Буттун талыганы такыр унутулду. Дуулдап, сөзгө, күлкүгө кирдик.

Ичимдик аралашкан сыйда, катарында жазганаар кишиси олтурса адам өзүн карманат. Болбосо, өткөндө мастыктан кетирген кемчилигин эсине сактап, азыр да уят болбоого тырышат. Канча жутпасын үйүнө соодой кайтат. Бул эки шарт болбогон жерде (өзгөчө арамзалыгы жок) ак көңүл адам артист болуп ырдап, диктор болуп текст окугусу келет. Оздуктабай, оюна койсоң, светтин тегерегинде көпөлөк болуп чарк айланууну самайт эмеспи! Үй ээси Асан барган сайын кызып, сөзү көбөйө берди.

Алгач олтурганда:

— Тар багалек мырзалар, өзүңөрдүн ашыңарды өзүңөр жегиле. Кана, чайдан. ...Садагасы карындаштар, кысылбай кең олтургула! — деп, кирип-чыгып, даалдап ачык сүйлөгөн. Бирде эки жашаар уулун азыр көргөндөй өөп-жыттап:

— Карачы, байкелеринди. Ушулардай сен да чач коюп, университетте окуур бекенсиң — десе, бирде аялынан эмчектеги баласын сурайт:

— Аны мага бер. Тамак жагыңа кара. Алмадан төксөң. ...Ээ, жеңеси бүгүнкү күн кайта келбейт, кайнилериң менен дуулап ал!

Узун бойлуу шырыктай кара жеңе бир топ байкагыч белем. «Өзүм да билермин» дегенин билгизе желпине баштаган Асанга көзүн тымызын кысат.

— Убакыт өткөн сайын биздин көңүл куунак. Бирок, көкүлчөн кичинекей бала уйкусу келип, көзүн сүзө баштады.

— Уктаба, берекем,— деп Асан уулунун алайган кара көзүнөн өптү,— уктаба, азыр эжекелериң ырдайт дейсиң, ай чыдай албай терезеден кирип келет. Уктаба!

... Ичкиле, баатырлар? — деп бизге буйрук этти,— — ичкиле. Бактылуусуңар. Силердей кезимде кан кечип согушта болдум. Армиядан келсем, көзүн сүзүп береги жеңеңер жабышты. Анан, мобу секет болоюн күчүктөрдү тууп жиберди. Ии, багуу керек буларды... Колдон келгени... Заводдо ыыг... Жетинчи цехте куючу болуп иштейм.

Колундагы баланы аялы көтөрүп барып уктатып кроватка жаткыргандан кийин деле «жетинчи цехте куюучумун» дей берди.

— Асаке, үйдүн ээси экендигиңи билесиңби? — деди аялы күлө карап,— цехиңди туура жыйырма беш жолу айттың...

— Ушундайбы?.. Жамбашыма бирдеме сал, мен жаттым... Мен жаттым, ыыг.

Биз ырга кирдик. Эс алчубуз деп дүргүп, сыртка чыктык. Экиден бөлүнүшүп, эзилише сүйлөштүк.

— Жыргал!.. Жыргал! — Жымыктын үнү — Асман ачык. Ай сүзүп барат. Карагыла... Жыргал!

Баарыбыз айга чалкаладык. Ай бетиндеги ойдуңдар жөнүндө талаша кеттик.

— Айда аба жок — деп, бири айтты эле, Жымык какшык ыргытты:

— Жиберсе отказ кыл, тумчугуп өлөсүң!

— Алыска созулган аскалар бар...

— Анда путевка берели, шоссе жол салып келгин. Куйкум сөзгө күлүп калдык. Акыры чаңкай түндү уз

туунун кадырын байкоор салбай үйгө кирдик. Иче баштадык.

Качан кыйраганыбызды билбейм. Көзүмдү ачып козголуп, меники эмес сыяктанган чоюндай оор башымды көтөрсөм, билегимдеги саатым күндүзгү бир болуптур. Бүгүн канчанчы число — эч айта албас элем. Жан-жагыма карасам, жолдошторум бирин-бири жаздана чачылып жатат. Оодарылган тарелка, сайгыч сайылган бадыраң, вино куюлган стакан... Ыргалып суу издеп баратып, сыртта эрин тилдеп жаткан жеңенин үнүн уктум:

— Үйдөгүлөрүң качан турат?.. Жыл маалында бир келчи майрамды да адамча тоспойсуң.

— Мындан да сонун тосулабы. Гүлдөдүңго — дейт Асан.

— Гүлүң күбүлсүн! Былчыйып отуруп арак ичтиң. Бир сөзүңдү миң айттың. Андан көрө балдарды алып паркка чыгып, кино көрсөк боло?.. Эшик тынбай ачыла берип, суук тийгенби, кичинеси жөтөлүп калыптыр.

Жеңенин сөзү Асанга эмес, дал мага тийди. Кайра жутуу, баш жазуу олтуруште мас мээме ар нерсе чогулуп, кабагым салыңкы. Чагылып калыпмынды шылтоолоп, сыр билгизбейм. Числонун сегизи. Кечке жуук тарап, жолго түштүк.

Троллейбуста келатам. Балбылдап жанган свет, желбиреген байрактар, көчөнүн өйүз-бүйүзүнө кериле тартылган чакырыктар, аллеяда жай чубаган адамдар көзүмө чайпала түшөт.

Комнатага жеттик. Жекшен жок. Ушаланган шымымды эртеңкиге кийилсин үчүн таптап, матрацтын астына, жамбашка салдым.

— Сен, эмне оорусуңбу? — деп сурады Жымык.

Үнүм чогоол чыкты:

— Дарысын таппасам, өлүүчү дарттамын!

Үшкүрүнүп жаттым. ...Ысык сорпо ичким келет. Эсиме ашмачы София түшөт. «Анда эсирип жүргөн экем!» деп күбүрөйм. ...Одеялга оронуп, дубалга карап сулк жаткан мени уктап калды дешээр. Жок. Ойгомун. Өзүмө-өзүм суроо берем: Жекшен кандай жигит?.. Жолдошторду сыйлоонун да, шарап жутуп, күлүүнүн да өз күнү, өз учуру бар окшойт? Жымык ким?.. Чогоол. Ак көңүл, ичиндегисин айтат. Мүмкүн начар жактарын

жоюп алаар. Менчи? Студент болгонумдан эки ай өттү. Алтымыш күндө өмүрүмө канча жаңылыктар кирди?.. Бул адат, бараткан жолум—максатыма жеткирип келечектин керектүү адамы кылабы?.. Жок. Эч жок! Бул жорукка көнсөм учкул заманда канаты кыркылган куштай топ деп жерге түшөм. Караансыз артта калам!

* * *

Кыш. Фрунзенин дарактары бубак кийген. Жада калса телефон зымдары да кыроо. Аяз бетти тызылдатып, мурундун учун кызарткан менен чачтарын майлап тараган студенттер жылаң баш басышат. Кээлери пальтонун жакасын көтөрүп коюшкан.

Биздин комнатадагы куру каткырык тыйылып баратат. Ар кимибиз жарым жылдык экзамендин камындабыз. Жекшен бүт сабагын «отличного» тапшырды. Калганыбыз стипендияга зорго илинип, Жымыкем француз тилинен кулады. Даалдаган кургурум мени менен жер тиктеп сүйлөшөт. А Жекшенди коё кал. Бою ого бетер узарып, жүзү жылдыздуу. Андан ыйбаа кылабыз. Дежурлук тизмеге фамилиясы катар жазылганынан:

— Сен чоңубуз эмессиңби, подписиңди кана кыйгачынан шилтеп сал! — десек:

— Атагы кайсы? — дейт. Кесеги келгенде пол сүрүп, чаканы төгөт. Жуунуп алып колун сунат:

— Кана жукканы!

— Кыз болсоң эмне, биринчи мен жабышат элем — деп күлөм.

* * *

Экзаменди тапшырып бир бел ашкандай сүйүнүп үйгө келдим. Көңүлүм куунак. Тамакты алынча ичем. Түнкүсүн китеп окуйм. Кырынан жаткан атам:

— Ачык оку, угалы? — дейт. Толстойдун романындагы Аннанын Бронскийге жолугуп, станциядан тосуп алган эринин суук көрүнгөнүнө келгенде, атам санын чаап каткырат:

— А оңбогур. Анын кулагын эми көрө койгонун кара! ...Ой, кемпир тыңшасаң мобуну?

— Тыңшаганда түшүнмөк белем.

— Соосунбу? ...Аты эле орус болбосо экөөбүздүн турмуштай. Эмнесине түшүнбөйсүн?

Китепти көпкө окуп, чарчаганда жатам. Эрте туруп, кара уйду сарайдан чыгарып, бастырмага байлайм да, алдына бакал таштайм. Омполорун короого үйүп, жатынын кургактайм. Карап туруп атам кобурайт:

— Ошентсең, ашты актап ичкен дурус болот.

* * *

Айрым шарттарынын ойлонтуулары, жакшы жолдоштордун таасири ийри жактарымды түзөтүүгө, кемчилигимди көрүүгө сезимиме сезим кошконсуйт. Өмүрүмө пайдалуу нерселерге умтулган сайын, өзгөчө кыргыз интеллигенти болгон менин аткарар милдетим көптөй...

Байы менен кедейи ажыратылбаган студенттердин шаңдуу турмушун ким билбесин! Университетте достук, чыгармачылык кечелери өткөрүлөт. Ар кайсы институттан чоочун студенттер келет. Жигиттери чачтарын жалтырата тарап, ак көйнөк, кара галстук тагынса; кыздары кыркТырган аземдүү көкүлүн селкилдетишип, үлпүлдөгөн торко кофтачан. Күлсө тиштери аппак, илебинен атырдын жыты бур этет. Буларды көрүп туруп, пияз менен нан жеп комнатада олтурушум кандай? Күнүгө үч маал оозуңду порошоктоп жуунасың. Жумасына бир душка киресиң. Көйнөгүң экөө болсо — бири таза жуулуп, зыңкыя тапталып, өзүң ортосуна жип байлап жасалган кергичке кийгизилип, баш жагын кайрып койгон кагаз «гардировунда» илинип турсун. Үтүктөлө берип, жалгыз шымдын багелектери, күрмөнүн жакалары жылтырайт. Андыктан тамакты ченеп ичип, стипендиядан арттырып, үйдөн алган акчага кошуп, бир сыйра кийимиңди жаңыла. Музыка залды чайпап, жигиттер бүркүттөй канат керип, селкилер балыктай колтуктан суурулуп, бийлеп жатса сен уйпаланган шымыңдан корунуп, мурдуңду чукуп четте калба. Жаңы кийимиңди кийип, атыр себинип ортого чык. Жал-жал көз кызды бийге чакыр. Анда кыз сенин ким экениңди билиш үчүн, абалы үстүңө карайт. Анан айткан суроондон, берген жообуңдан улам алдын сызып, бааңды чыгарат.

Өзгөчө кыштакта кезде саманга күрөшүп, машина кубалап, чаң кечип; чатырга чыгып чымчык уруп жүрүп, интернаттын белен тамагын ичип салынган төшөгүнө жатып жаман үйрөнүппүз, адамга мамилелешүүдөн жөндөмүбүз али аз. Театрлар алдында басууда кыймы-

лыбыз дале одоно. Баратып, дүлөй кишиче кыйкырып сүйлөйбүз; тетиги кишинин велосипеди кыйшаңдап калса, сокур ичеги болгонсуп, курсакты басып каткырабыз. Одоно дабышыбыздан ак чач киши селт эткен менен, өтүгүн карчылдата баскан солдат кылчайган менен ишибиз жок. Ушул терс жосундун баары бирөөлөрдүн эскертүүлөрүнөн кийин, маданиятуу адам көчөдө өзүн алып жүргөндөрүн көрүүлөр менен аздап жоюла баштады.

Жүрүш-турушуң жакшы болсо, курбуларың кадыр тутат, сүйлөгөн сөзүң өтөт. Жакшы окусаң сүрөтүң менен дубал газетасына чыгасың. Стипендияңа жыйырма беш процент кошулат. Андан да мыкты окусаң, Пушкин атындагы же Менделеев атындагы стипендияга ээсиң.

Ушул студенттик ыйык милдеттердин жакшы жагына жетүүгө тырыштым. Белгилүү стипендиянт болбосом да, жыйырма беш проценттердин катарындамын. Күнүгө эртең менен Кремлдин куранты кагылат. Шаң-шуң этип, мээге сиңген ал — терметет. Шейшепти көөдөндөн серпип, көңүлдүү ойгоном.

Жума окуп, дем алыш келип; семинарлар чыгып, жыл өткөнү байкалбай, бешинчи курстун мамлекеттик экзаменин аяктадык. ...Внуково аэродромунан көтөрүлгөн ава корабли батышка карай сызып, жогорулап алган соң тумшугун ыраакка чыгышка имерген сыяктуу билим алган бизге, эми турмуш багыты башталгансыды.

Турмуш багыты! Оо, муну жүрөк сезет. Көңүл ачык. Чөнтөктө диплом. Өз эне тилиме экинчи улуу тил кошулду. Жаңы тилди сүйлөй да, жаза да билем. Турмуш өзөнү кууш өткөөлүн тартса аттаармын. Жайыгынан кечип, тереңинен сүзүп өтөрмүн! Кана, айтчы жалганбы?! Көкүрөктөгү жаштыктын деми оозумдан жалын бүркүрөт. Булчуңдарым чың. Ташты чалмача көрбөй упурата кармагым келет да чиркин.

Жекшен эки жылдан кийин аспирантурага өтөм деп, академияга илимий кызматкер болуп орношту. Жымык «тубаса» какшыган тилинин астына баскан боюнча алыскы тоо райондорунун бириндеги мектепке жиберилди. Газетанын бурчтарына чанда чыга калчу кабарларымдын пайдасы тийдиби, айтор шаардагы жаштар газетасына калтырылыпмын. Башкаларга орун алыскы

райондордон табылып жатканда, менин карыш жылбай борбордо калышымды кара! Өз баркымды өзүм билбесем керек ыя?! Мүнөзүм өзгөрдү. Териме батпайм. Тегиги тоо түбүндө көрүнүп турган үйгө баруудан кыйыктанып, кат гана жаздым: «Мендей уулуңа сыймыктан апа! Шаардын өзүндө иштемекчи болдум,— деген сыяктуу илептүү сөздөрдү айтып келип,— биринчи жалыйнамды алган күнү метри үч жүз сомдук панбархат көйнөгүң даяр?» дедим. Катты окутуп укканда апамдын жетине албаганын, менин атымды нечен кайтара айтып, кудайдан өмүр тилегенин элестетип турам. А атам эмне деди экен??

Редакцияга кайрылдым. «Толтуруп кел» дешип дело беришти. Сүрөтүмдү кошо, документтеримди даярдадым да, чакырттырган барыктуу киши болуп, тике эле редактордун өзүнө кирдим. Редактор кырктар чамасында. Кара чачы тең бөлүнө сеңселип, алтын алкактуу көз айнек тартынган. Мени маңдайындагы диванга олтурууга буйруду, өздүк деломо көз жүгүрттү. Колу кыймылдаган сайын боосу металл сааты жылтылдап турду. Мен каалагандай чак-чак сүйлөп, ишти шарт чечип ийбей тарткынчыктаган мүнөзүнө кыжырым келет. «Бул эмнесине ыңгыранат? Көз айнегинеби?»

— Редакциянын кызматы майда, жоопкерчилиги көп. Татаал,—деди токтоо.

Бырс күлдүм:

— Атом заводун куруудан дагыбы?

— Жолдош Кыргызбаев, сиз... Туура түшүнүңүз. Экөө эки башка кесипти талап кылуучу иш.— Мага кылая тиктеп, кнопкасын басты. Баш баккан тех секретаркадан адабият бөлүм башчысын чакыртты. Кийинки мода боюнча шиш тумшук туфлий, шиш шым, чолок жең ак көйнөк кийген, көзү чекир, бойлуу, отуздан өтө берген Эгинчи кирип келди. Сумсайган редактор шыңгыраган телефонго назар бурбай:

— Бу жигитти өзүбүз... Иштеп кете алабы?

«... Ушундайда теке сүзгөн сабатсыз редактор болобу! — деп күйүнөм,— дипломдуу мени минтип айтышты, туура күнөө! Жалгыз гана адабияттын теориясын тапшыруу үчүн ондогон источниктерди окуп, «отлично» алган өзүмдү... Чоң жерде иштеген бүрөөнүн жөлөгү менен түшпөй жүргөн неме го!» Өзүмдү зорго карманып, ди-

ванды кычырата тынчсыздандым. Редактор Эгинчинин жообун күтпөй:

— Ишке тааныштыргын...— деп кесе айтты. Ээрчишип чыгып кеттик. Приказды бүгүн эле бербегенинен демим бастыгып, кагыла түштүм.

Столдун суурмаларын тартып жаткан Эгинчи:

— Бири кетет, экинчилер келет — деп кобурады. Аныкына бурчу тийишкен столдо мен, тиктеп калсам үзүлгөн кебин улады:

— Кетет деп сенден мурдагы... Ал партиялык мектепке жиберилди. Сен ордуна туруугa... Мына, кат окууга жетпей жүрсөң! Кырк... Биякта да бар. Жооп жазып жатып, сөөмөйүң майрыяар. Сөзсүз үйрөнгөнчө сага кыйын. А мага андан беш бетер оор.

...Түшүнбөй турасыңбы? Кеткен жигит тың болчу. Күнүнө отуз катка жооп жазчу. А сени үйрөтүүм керек. Университетти бүтүргөндүн баары эле Ломоносов боло бербейт. Үйрөнүп барып дегендей... Түшүндүңгө? Хе, хе. Болуптур, адам аткарбоочу эч нерсе жок. Үрпөйбөй ишке кириш. —Далдайган барактагы көө калем менен жазылган ырга сөөмөйүн сайды,— Оку, кандайча жазылганына түшүнчү?

Ыр менен тааныша баштадым... Терезелер ачык. Дарактын жашыл шактары салбырап, июль күнүнүн ысык нурун майтара бөлмөгө көлөкө түшүрөт. Бирок, жел жортпой ава уюп үп. Эгинчи вентиляторду сайды. Канаты дирилдеп дуулдаса, шамалына алкымын аймалатат. Көйнөгүнүн жакасы серпилет. Мен ырды баштан аяк окуп чыгып, жүз аарчымды алып, маңдай теримди сүрттүм.

— Түшүндүңбү? ...Басууга болгудайбы?

— Жок, бардыгы үч ыр экен — дедим.— Жайдын көркөмдүүлүгү, сугат, малчылар жөнүндө айтылыптыр.

— Жооп жазчы?

Ойлонуп алганымдан кийин: «Жашсыңбы, картаңсыңбы сени менен тааныштыгым жок,— деп баштадым, ырдын авторуна жоопту,— Пушкиндин томун окуганда өзүмү унутуп, убакытты сезбей калчу элем. Сенин үч ырың мени дөңгөч жаргандай чарчатты. «... Жай келди, койлор төлдөп короо толду,» депсиң. Кудайды карап калп айтсаң боло! Төл менен жай кайдан бирикти?..

Ушул сыяктуу жазып баратканымда көз жүгүрткөн Эгинчи:

— Өзүң да кудайды кара! — деп өз сөзүм менен өзүмдү урду,— Талдап, жатык бер жоопту. Ырынын келечеги болсо, Жазуучулар союзуна кайрыл де. Минтип оозуңа келген сөздүн баарын төгүп, бир кишиге эки бет кат жазсаң, жыйырманчы кылымдын Акакиевичи сен болосуң. А басылчу материалдарды ким даярдайт? Пушкинби!

Эгинчи үч күнү кызмат сабагын өттү. Бир гана сүйлөм менен бир канча авторлордон кутулар амалды да үйрөттү. Анысы: «Убакыты өтүп кеткендиктен, кабарың (же ырың) жарыяланган жок...» деген сүйлөм экен. Мени санаарканып жүргөн приказ. Приказ али күнчө бериле элек. Штатсыз кызматчымын. Бирок тынбай иштеп жүрөм. Гранка окуйм. Каттардан факты алып, материал даярдайм. Бир күндүк пропуска менен полоса көтөрүп, типографияда болдум. Машинанын күүлдөгү, шакылдаган бараалар. Жыйылып турган китеп, серпилип жаткан барактар. Шибеге менен тамга чукуган кишилер — ушунун баары мага жаңы дүйнөдөй. Оозумду ача корректорлор олтурган бөлмөнү издеп тар коридордо баратсам, жең кап кийген колу кара май оюнкараак жигит билмексен болуп капталыма урунду:

— Көзүңдү кара, көйнөгүң булганат.

— Жөөлөп жатсаң таза каламбы.

Тиши агара ырсайып, кете берди. Жаңылбай китеп беттегендерди, саймача тамга тергендерди кыдырып, басмакананын иши майда, бирок жоопкерчилиги чоң экенин сездим.

Ички ишти үйрөнгөнсүдү, эми сырткы иштен байкайлы дештиби, беш жүз чакырым алыстыктагы бир колхозго командировкага айдашмай болушту. Эгинчи маңдайына олтургузуп, бул тапшырмаларды берди: Мал чарбасы боюнча үлгүлүү иштегендерден бир очерк... А смотри, критический материалды да унутпа. Статьяларың подвалдан кемибесин. Уктуңбу. ...Мергенчилигиң ушуну менен билинет, жөнөгүн!

Колхозго автобус менен келдим. Газетанын кадыры оңой эмеспи, же өзүм салабаттуу көрүндүмбү? Күүгүм кирип калган. Сары кителчен кызыл тоголок башкарма, сунган командировочныйыма көз жүгүрттү.

— Жакшы жигит, жакшы,— деп жатык кабыл алды,— келип турсаңар. Силер жазбасаңар бул аймакта биздин колхоз барбы, жокпу, алыскы областтар кайдан билсин. Жүрү, конторго...

Свет жагып, телефону бар столго олтурду. Маңдайында мен. Али кабыл алынбай сыноодо жүргөн журналист экенимди билип коёбу деп, өзүмдөн өзүм шек санайм. «Байкагыч экен» десин деп, бурчтан потолокко көз жүгүртөм.

— Сиз, кыйналып калдыңыз го? Эртең сүйлөшсөк кандай болот? — деди башкарма.

— Эч нерсе эмес,— компойдум да, жаттап алган суроолорумду бердим. Кабарчылардын нечени көрүп дазыгып калганбы, башкарма эч документ карабай колхоздо канча миң малды, канаттуулар фермасын, төгүлөөр жүндү, жумуртка, этти, даярдалган тоюткорлорду жатка айтып келип:

— Мамлекетке быйыл жүзүбүз жарык. Бардык милдеттенме жүз отуз, жүз кырк процентке чейин орундаларына шек жок! — деп, алаканы менен столду тарс чаап койду. Стенографистче эсептин бирин калтырбай блокнотума жазып жатам. Суроом түгөнгөндө жооп токтолду.

Ээрчишип сыртка чыктык. Жылдыздар коюуланып, серүүн жел жортот. Башкарма караңгылыктын тереңине колун сунду:

— Те, дүкүйгөн караанды көрдүңүзбү? Жүгөрү. Апийим да бар. Жарыкта көрөөрсүз, көз кубанат!..

Боюмду кердим. Сергип, көңүлүм ачык.

— Столовой бар бекен? — деп сурадым.

— Тамактангангабы?.. Ашым,— деп чакырды да, жаңы «Волганын» жанында турган караанды көздөй басты. Шофёр менен сүйлөшө калып, кайра келди:

— Үйгө барсак болоор эле...— күлүп кежигесин кашыды,— Тегеректе «чыйрактар» көп, адамга тамак да бере албайбыз. Паралады дешет. Сельпонун ресторанына барыңыз. Сиз келгенче колхоздун мейманканасынан орун даярдатып коём. «Волгага» түшүңүз...

Ду этип «Волга» менен ресторанга жеттик. Каалаган тамагымды официанкага заказ кылып жатсам, бирге олтурган шофёр:

— Бирдеме жутпайсызбы? — деп сурады.

— Жок. Өзүң каалап турасыңбы?

— Рульда жүргөндө болбойт.

Тамактын артынан стакан чай ичип жатып, расчёт сурадым. Тырмагынын түбү карарган шадылуу колу менен Ашым элүүлүк сууруп чыкты.

— Ал эмнең? Менде акча бар.

— Башкарма аке атайы берди.

— Өзүнө...

Тунжурап турдук да чыгып кеттик.

Келатып: «Мага эч кандай коркок билиш эмес, мүмкүн сыйлаганыдыр?» деп ойлодум элүү сом жөнүндө.

Даярдалган орунга жайланышып жатсам, жулкунган кара ат минип башкарма келди. Ат ооздугун чайнап, жер чапчып, ойдолойт.

— Сиз эс алыңыз — деди босогодон көрүнгөнүмдө,— силоско барып кайтпасам көңүлүм тынбай турат. Бүгүн толмок эле.

— Караңгыдабы?

— Кокуй колхоздо караңгы-жарык болобу! — атынын оозун коё бергенде, төрт туяктан дабыраган дабыш калды.

— Кичи пейил, жаны тынбаган, иштерман киши окшойт,— дейм.— Ошентсин. Жетекчи чамдуу болбосо, ээрчигендер капталын кашып, шылтоону көп табышаар.

* * *

Командировкалап келген мен кош жаздык жаздалган никель кроватта жатам. ...Шаарга караганда тоо арасы салкын. Светти өчүрүп, форточканы ачам. Жел үйлөйт. Терезеде кетиле баштаган ай турат. Түнкү саат бир. Али ойгомун. «Очерк... Кемчиликти көрсөткөн макала. Он—он беш бетти кайсы фактыларга таянып, эмне деген сүйлөмдөр менен толтурам? Кулагымды кесип, топчумду жулуп кошомбу? ... Автобус зуулдап, артынан чаң созулду... Өзөн бойлогон жолдо баратып, булут имерилген чокуларды, көк асманда айланган кыраандарды көрдүм деп баштайм. Анан башкарманын жумшак колун кысам. Дагы эмне демекчимин? Ыр киргиземби? ...Жылас баскан статьялар. Бу көрөкчө мугалим болуп кете берсемчи!»

Уктап калыпмын. Көзүмдү ачсам саат сегиз. Күн небак көтөрүлгөн. Жатаардагы санаа жүрөгүмдү кай-

ра өйүдү. Сабырым суз. Кызыл папкамды колтуктап, конторага баратам. Контора көчөдөн сырткарыраак. Сегиз терезеси бери караган ак там. Эшиктин алдында труник сымал мамылар орнотулган. Анда ээр токумчан аттар байлануу. Берите өстөн. Кызыл жоолукчан шайдоот келин жайнаган каз-өрдөктү көлмөнү карай шатырата айдады. Алды жетип канаттарын чапкылап, шапшынып калды. Чырпыктан тоскон сокмодо тооктор, мекияндары какылдаса, короздору тапыр-тапыр күбүнөт.

Күүгүмдө «Волга» домпулдап өткөн көпүрө ушул канаттуулар фермасына жакын экен.

...Жаанга калганбы, ак шапкеси темгил болгон жигит, боосу узун сумкасын салпылдата кармап, назар бурбай жанымдан өтө берди: такасы майрыйган кызыл ботинкасы ылай, шымы бырышкан. Көк көйнөгүнүн алкым бүчүлөрү ачык калып, боз кители топчуланбаган. Муну көрүп тиги келин бери басты. Келатып жашыл гүлдүү ак кофтасынын жеңин түрдү. Балтыры агарып, бутунда күрөң сандал.

— Ии, кампачы аке! — сумкасын салпылдатып ашыга бараткан жигитти токтотту,— кечинде «арыстан» элең, эми башың салынып мышык болуп калгансың го! ...Жумуртканы түртөт, тоок кууруп бер деп. Жүрү, жебейсиңби, куурутуп!

— Кантет, Сакиш!—Жигит күлө жалтайлады. — ичкен киши эмне болчу эле анан.

— Тыртайып кебетең бул, боюңа чактап жут. Көчүгү бир бут катының басып өлтүрүп койду бекен дедим эле. Тирүү калыпсың да! Бир жакка жылт коё элегиңде тоокторго жем бер. Эки күндөн бери кампа ачканыңды көрбөйм. Бабырап дүкөндөн чыкпайсың.

— Берейин эжеке, берейин.

— Эжеке болуп калдымбы? Эмчегиме асылганыңды унуттуңбу. Хе, хе. Кабарчы келди дейт капканына салып берейинби арагың менен!

— Кой ээ! — ошондо жигит шарт бурулуп, бей тааныш жүзүмө олуй карап алды. Мен күлүп жибердим. Совхоз кызарып, салам айтып кол алышты:

— Кабарчы, сиз... Биздин келиндер тамшакөй болот. Ишенбеңиз. Бул айылда бир топ жүрөсүзбү? Мен... Сизге.

Бөйпөңдөп калышынан өзүм уялып, кеңсаларды ка-

рай басып кеттим. Тааныган башкарма жок экен. Кимдин кандай милдет аткараарын билбейм. Бир топ адамдар жүрөт. Узун бойлуу кара сакал киши (кыясы малчыго) семиз койдун этин кызыл өгүздөн түшүрүп, тактайдын үстүнө коюп жатты. Жээрде сакал бирөө этти имере карап, сандан кармап оодарып:

— Эттүү экен. Авансага берсе, мен алам — дейт.

— Эттүүсүнөн бузулбасын деп, түн катып жеткирип келбедимби тоо башынан — деп кобурайт кара сакалчан.

— Эмне кылып өлтүрдүң?..

— Жыга чапты дейсиңби. Суурдун богун жептир.

— Туз сураган да. Жакшылап кайтарбай суурдан көрөсүң.

— Кайтарбаганда үркүтүп жүрөт деп уктуңбу!

— Акт болбойт, мойнуңа түшөт.

— Суурдун богун же деп кулагына шыбыраптырмынбы. Оозун таңып коё албасам.. Мал докторду көрдүңбү?

— Тамын чатырлатууга уста издеп жүргөн.

— Көрчү! — Кара сакал күйүндү,— ар ким өз иши менен. Мал менен кошо өлүп калсак да билгидей эмес. Фермачы?

— Ээрчип албаса, башкармабыздын «эси» чыкпайбы.

Этти салкынга коюшуп, ичке кириштиби. Кеп тыңшап бирге бастым. Бакырайган кара көз кызыл үйчү келин почтальондон газета, журналдарды алып жатат.

— Эй балам,— деп кара сакал кызыл үйчүгө кайрылды,— жаздырарда тынчтык бербей энтелеттиңер эле, газетиңерди көрбөйбүз да?

— Кантип, аке. Өгүнү учётчиктен берип жибергем.

— Жыргатыпсыңар! Бир куржунга тыгып жылкычы айылга таштаган экен, колу жеткендер сасык майдын челегине тыгын кылып кетишиптир.

— Анда чарасын көрөбүз, учётчиктин.

— Көргөндө тилдээрсиңер... Бет аарчысын кесит жазайбы анын.

— Кызарып кымыздан чыкпайт ошол неме.

— Даяр тамактан ким качсын. Ирээттеп койбогон өзүңөрдүн күнөөңөр. Киши жогунан жалгыз койдун этин

алып бери чаптым, жаш балам менен аялыма ээ бербей калганын жарышкыр кырса менин шорум кайнайт да.

Назар бурушумду байкадыбы, кара сакал малчы:

— Жүзүң чоочун. Сен ким болосуң уулум? — деп дайнымды сурады.

Мукактанып:

— Кабарчымын — дедим.

— Газетага жазуучулардanбы?.. Жакшы экенсиң уулум. Орой айтсам көңүлүңө алба, келет экенсиңер. Активдердин сыйын көрөт экенсиңер да кайра тартасыңар. Те, тоо арасындагы биз далдоодо калабыз. Ушул да кепби?!

Папкамды оңдоп кармап:

— Туура аксакал — деген болдум.

* * *

«... Билимдүүмүн. Далайды үйрөндүм дебедим беле? — Көк беде өскөн арык жээгиндеги силосту карай баратып, жүрөгүм менен кеңешем.— Билгендерим кайсы, эжелеп газета окуган карыя беттешкен жерден чаап түшүрдү?» Байкабапмын, каптаган сууга туш болдум. Бийиги кекиртектен келе шуудурап турган жүгөрүнүн арасынан жеңин түрүнгөн ак көйнөкчөн жигит чыкты. Куурайдын сөңгөгү менен төөнөгөн кагаз калпагынын жээгинен кара чачы чачылат. Колунда күрөк. Көп урунгандыктан күрөктүн сабы жалтыраган.

— Басалбайсың — деди. Ылай жабышкан резинка өтүгүн шолк сууруй берилеп — кел, көтөрө коёюн.

— Болбойт. Өзүм эле...— Папкамды колтугума кыса туфлимди кармап, жанына бардым. Чайканып кийинип жатсам, тиктеп турду да жашымды сурады.

— Кара жумуш иштебегенсиң го?

— Кайдан билесиң?

Далдайтып алаканын сунду:

— Үч жаш улуу экемин. Сеники теңиндей эмес.

— Балким үч жылда теңелип калаар?

— Күлдүк. Жүздөшкөндө эле эски тааныштарча ачык сүйлөштүк. Дайнымды билгенден кийин, саамга өңүн ой чалды. Сотонун боорундагы сеңселген ак жибек чачыны сылап:

— Береги жүгөрү колхоздуку. Мен колхозум үчүн өстүрүп жатам. Эмгек күнүмдү гана алам. Кээ бир

«атка минээрдин» көзгө көрүнөөрлүк иш аткарганын билбейм. Бирок, башчы болгону үчүнго! счётко түшкөн акчанын пачкасын бузбай жанына салат, документ даярдашат, сиңирип кетишет. Билип чыдоого болобу?..— Селт этти:

— Сууну апийимге жыга тартышкан экен ээ!

Сөз үзүлдү. Жигит күрөгүн ийнине сала жүгөрүнүн чети менен жүгүрдү. Алыш алыс болгондуктан, силоско андан мурда жеттим... Айры кармаган он чакты киши чөп ыргытып жатат. Күпүлдөгөн силосрескатушке чөптү күрмөп жутуп, ноосунан тууралганын траншейге бүркөт. Траншей ичинде ат минген эки жаш бала. Бургуган кырчындылар аттардын соорусун жаба берет, кээде балдардын башына себеленет. Тентектер моюндарын кежендете кытылдап күлүп, теминишет. Аттардын шыйрагы бата тууранды бырт-бырт сынып, ныгырылат.

Аркы үймөктүн көлөкөсүнөн башкарма турду, көмөрөсүнөн уктаганбы, жаагы быдырала.

— Жөө келдиңизби?—деп мага тынчсызданды. (Анын улуу туруп, «сиз» деп кайрылуусу кечетен бери мени уялтты). Аңгыча супатчы жигит келди. Башкарма ага түктүйө карады:

— Бул жерде бышырып коюпбу? Бүтүр сугатыңды!

— Сабыр этиңиз,— деп тоотпой берди жоопту,— бура тартышыптыр кайра байладым.

— Бүтөлү дешет да.

— Суу менин кезегимде бүгүн...

Сүйлөшкүсү келбеген башкарма терс бурулду, тиги машинага чөп сайып салган келинден:

— Кымызыңар калдыбы? — деп сурап, мени көлөкөгө ээрчитти. Жашаң чөптүн жыты бурулдап, иш жүрүп жатат. Колу кыймылдаса каруу булчуңу бултуйган кызыл тору келин, көлөкөдөгү ак бетондон кымыз куйду. Күрөгүн таянып, траншейдин жанында калган жигитти кылчак карап кымызга чакырттым. Мени менен кызуу аңгемелешип олтурган башкарма ал келгенде ыңгайсызданып, кабагы түйүлө унчукпай калды. Жигит да атайы кыйгач олтуруп, келин сунган ак керденди алды. Аңгыча тушамышына чалынган кара ат шылдырттаган жүгөнүн сүйрөп, башаттан чыкты.

— Так-трр,— деп ашыга обдулган башкарма «барабы» дегендей жигитке кылчак карады. Жигит тизгинин

басып чалынып бараткан атты көрбөгөнсүп, камырабады. Атына башкарма өзү кетти.

— Башкармаң менен ынтымагың жокпу? — деп жигиттен сурадым. Келин жылмайып траншей жакка бурулду.

— Билип айттың,— деди жигит чыйрак,— жыйналышта жегендерин айтканымдан бери, кас көрүп калды. Май болсом жутуп коймок, тиши өтпөй жүрөт.

— Жазып бергин редакцияга.

— Жазганда...

— Анын эмнесине токтолосуң. Ак ниеттүү адам чечкиндүү болот.

— Сүйлөшөлү кеткенинче.

* * *

Аттиң ай! Мындан үч күн мурда: «редакциянын тапшырмасын кантип орундайм? Подвал толгудай макалаларды кайсы фактылар менен толуктайм?» деп сарсанаа болсом азыр блокнотумдун барагына далай окуялар жазылды. Жазылгандар мына булар: ...Жакында правлениенин чечими менен эки ат, үч өгүз ишке жараксыз делинип, отчёттон чыгарылган да, колхозчулардын ысык тамагына берилген. Буга башкарма баш болгон бир топтору тизме түзөт. Эки айлык эмгекке акча таратылганда, тизме боюнча эт жегендерден акча кармашат. Акчалар колхозго киреше болбостон, амалкөйлөрдүн чөнтөгүнө бөлүнөт. Жасалма тизме жок кылынат. А үч бодо «ысык тамакка кетти» бойдон калат. Дагы «сельподон айыл чарба шаймандары алынды» деген он миң сомдук счёт бар. Он миң сомдун сарп болгону чын. Бирок, кылайган жаңы шаймандар жок. Алардын ордуна бир жыл мурдагы эскилерин көрсөтөт. Ал эми складдан бир жолу гана сатылган шаймандын мындай счёттун сельпонун «кызыл кулактары» келишүүчүлүк менен башка колхоздорго да беришкен. Бул акчалай жегендери. Малдан, сүттөн далайын жана жүндөн да шолошуптур. Ушунун баарын жүгөрү өстүргөн жигит билгизди. Жаздым болбос үчүн тымызын текшердим, көрүү, билүү деген ушул тура? Мейманканадан туруп алып, жолго түшсөм, эмнелер тууралуу жазылмакчы эле?!

Мына, очерк болоор эмгек азаматтары. Алар сыр катпай ачык сүйлөшөт. Билгени шымалана күрөк сайып, айры көтөрүп иш үстүндө! Тигине, коомду күбөө куртча бүлүнтчүлөр. Алар сөзүн «сиз», менен баштайт. Алаканга токтобой сымапча жылт этет. Түлкүчө шыйпаңдап, алдыңдан өтөт да, байкатпай артыңдан келип, ак жүзүңө көө чертет. Эгер, элдин кызыкчылыгын көздөгөн журналист болсоң, чоюн булчуң эмгек азаматтарын көрсөт! Сырты сымбаттуу, ичи былыктардын пардоосун серп!

Жаштык темпим, калыстыкты эңсеген тилегим сезимиме эргүү берди. Мейманканада жатып: «Терисин тешип чыгаар күнөө жасаган көз боёмоочулар» деген макаланы жаздым. Иш аяктап калса да, автобустан түшөөрүм менен редакцияга жеттим. Самаганымдай редактор өзүндө экен.

— Келгин биздин кабарчы,— деди көңүлдүү. Жооп ордуна кызыл папкамды ачып, макаламды бердим. Окуп кирди. Ойлонуп калат. Мага тиктейт. Улантып окуйт.

— Угуу боюнча жаздыңбы, же...

Көйнөк бүчүлүгүмдү чыгара делебеленип сүйлөдүм:

— Текшердим, жолдош редактор! Ишениңиз, качанкыга, качанкыга буларды...

Макаланын четине кыйгачтама салып, секретарга жөнөттү. Мени ээрчитип, кафеге кирди. Стакандан камкаймак, быштак алып, сыйлады.

Көтөрүңкү көңүлүмө ой жуурулушуп, жатаканага келсем, (Беш жылы жашаганым аз келгенсип, дагы эле жатаканада эмесминби) швейцар жатакана ремонттоолорун, эртенден баштап, кирүүгө руксат жоктугун айтты. Ошондо квартира керектиги эске түштү. Эки күнгө руксат алдым. Үй издеп, көчө кыдырдым. Чоочун дарбазаны кагам. Сылтып баскан абышка келет. Бош бөлмө бар бекен? — дейм. Ансыз да калтылдап, турган башын чайкайт да эшигин жабат. Дагы бир үйдүн терезесин тукулдатам. Тор пардоону серпип, бойго жеткен сары чач кыз көрүнөт. Чын эле суроомду укпайбы же кыялданабы, жаагын бурап, колун кулагына ала коёт. Каткырып күлөт. Акыры көзүн жума, жок дегендей ишарат кылат. Мындан кетип кулактандырууларды жабыштыруучу устундарга акыйдым. Бир адреске автобуз менен зорго жетсем,— башка бирөө алып кеткен

Экинчиси — бүлөлүү адам тургудай. Акыры шаардын этегиндеги чоң канал тарапка өттүм. Тердеп, майкам далыма жабышып, көйнөгүмдүн далортосун чымчып кармап, желпинип жонумду сергитем. Кеч да кирди. Аймак саз болгондуктан, балырдын жыты уруп, бакалар чардайт. Адреси боюнча келген үйдүн каалгасын муштадым. Өзбек улутунанбы, бойлуу кара аял терезесинен карады:

— Кимсиң?

— Квартира издеп жүрөм.

— Канча кишисиң?.. Экиден ашыкты албайм.

— Азырынча керт башым.

Кылдырт эттирип илгичин тартып, ачты. ...Бойго жеткен кара каш, кыр мурун кыз столдо китеп окуп олтурат. Ал жалт караганда, жылдыздуу жүзүнө жүрөгүм жылыды. Чачы саксайган үч жаш чамасындагы бала апасынын этегин бурдап, алга умтулду эле, менин үнүм чыкканда, этекке калкаланып бир көзү пана жылтырайт. Аял ушул үйдү басып кирчү бөлмөсүн көрсөттү. Көңүлүмө жакканынан сөөк колун кармап туруп:

— Эртең көчүп келем,— дедим.

— Светинен башкасы эки жүз.

— Куп болот.— Чыгып баратып кылчайсам, бойго жеткен кыз китебинен көзүн алып, мени абайлап туруп тур. Ууртунда жылмаюу. Өзүм да күлүмсүрөп баш ийкедим.

Эртеси стадионго кирип калып, квартирага болжогон убакыттан кечигип бардым. Жүгүм — бир чемодан, таңгак китептер. Мына, кызык! Мен кирчү үйдү келинчеги менен жаш жигит ээлептир. Адашып калдымбы десем, үй ээси алдымдан тосту:

— Уулум кечирип коёрсуң. Өз укем көчүп келди...

— Кечээ эмне айтпадыңыз!

— Билбепмин да.

Квартиранттын эч кандай жакыны эмес экенин, мага айткан айлык акчасынан жыйырма сом ашык алууга макулдашып киргизгенин жигиттен билгенимде жаныма таш батты. Ызама чыдабай бетим дуулдайт. Сөлөкөтү суук аялга акыраям. Эч нерсе чыкпасын билип, бурула бергенимде аял.

— Капа болбо уулум. Жесирмин. Жетимдерди багуум керек! — деди.

Үй издеп шаардын бул четинен тиги четине өттүм. Бирде ак жибек көйнөк кийип, алтын сырга тагынган сымбаттуу аялга жолугам. Бирде — бети аткыдай, мурду келте, чачы үрпөйгөн кемпирге учурайм. Бирде — алжапкыч тартынып, тактай сүрүп, стол, шкаф жасап жаткандын үстүнөн чыксам, экинчи жерде беседкасында салкындап бал менен варенье аралаштырып, чай ичкендерди көрдүм. Июлдун ысыгына чыдабай төбөмө газета калкаладым. Жаанга да туш болдум. Топурак жолдун ылайы туфлийимди тиштеп калып, мүдүрүлдүм. Кургакка чыгып оңдоп кийдим. Кыйналып ачууланган сайын, кара аялдын сөлөкөтүнө ызырынам. «Сөөк манжаларын сындыра кармап салбай!» деп өкүнөм. Ошол замат анын кара тору жылдыздуу кызынын жүзү көрүнөт. Кылыя тиктейт. Ууртунда күлкү. Апасынан өтүп, ага жакындайм.

Издесең табасың, аракеттенсең алат окшойсуң. Шаардын чыгышынан ыңгайлуу бөлмөгө ээ болдум. Терезелерин ачсам, оболоп бараткан жаш дарактардын жыты урат. Суу аккан арыгынан салкын жел каптайт. ...Көк одеял жабылган кроватта эс алып жатам. Көзүм шыпта. Башым ойдон бошобойт: ... Мен «көптү билдим!» деп ийнимди көтөргөн сайын, турмуш тоскоолу улам жаңы эшигин ачты. Көрө элегим, биле элегим көптөй.

Газетанын бүгүнкү санына макалам жарыяланды. Жүгөрү баккан жигит кубанса, «жегичтер» өлгөнчө жек көрүшөт. Аргалары жок, болбосо чымчыкка көрбөй мойнумду үзөөр эле. Мейли, жек көрүшсүн!

Козголбой колумду сунуп, баш жагымдагы тумбочканын үстүнөн сигарет алып тарттым. Боюм жазыла кумарым канды. Оюм биринчи орундан, экинчиге көчтү. Ошондо тиричиликтин камы жип болуп, башымды чөлмөк жасап чырмады...

Экономия эске түшөт. Айлыгымды квартира үчүн, ичкениме, кийимиме бөлүштүрөм. Кышкыга көмүр керек. ...Ачка калсам мейли, апама көйнөк! ...Бөлүштүрө келсем, бири орундалат, экинчиси калат. Же булар көңүлгө албай койчу майда немелерби? Жашоодогу жетип турган татаал иш ушул болсочу!

... Кыйын, кыйын! ...Кийинки барышымда атам: «Кыш

түшсө кар жаап, жер тоңот. Адамдар калың кийинишет. Жайда дүйүм чөп гүл ачат. Адамдар жука кийинишет — деген эле,— ушунун баары мезгил жетип, шарт талап кылганынан. Илгери кыргыз дегениң уук, кийизин жүктөп, мал артынан ээрчип, күн көргөн. Азыр көчө жээктеп, отурукташтык. Керек үчүн эшигибизге алма өстүрүп, жер айдадык да, тамыбыздын топурак таманына камыш согуп төшөп, шырдак салып жашай бердик. Күндөн күнгө турмуш жакшырды. Колхоздогу колунда барлар чатыры темир, асты тактай үйлөрдү кура баштады... Биз дагы аларга атаандашалы, окууңду бүтүр. Иштегин. Жаңы үйгө кам уралы, уулум,» — деген.

Керилип кетмен шилтегенде булчуңдары чытырап, жонунан тер агып, чарчап, иштен кайткан атам ороодо жаткан мага далай назар бургандыр, маңдайымдан сүйүп, же төшөгүм менен камтый көтөрүп: «Адам болоор бекенсиң, айбан болоор бекенсиң!» деп келечек үмүтү менен эркелетип сүйгөндүр. Мен күлүп же эрдимди кыбырата эмчек издеп, тим болгон чыгармын. Ошондо, көзүмдү жылтыратып карашым атама—кубат, медер болгондур. Эмичи? Жигитмин. Эгер эсим болсо, атамдын пайдаланар куралы, арка сүйөп эс алаар мамыгымын. Демек...

Жүрөк кубанчы менен бөпөлөп, көз нуру менен терметкен апамдын эмгегичи?.. Айтор, буга чейин алып келсем, эми бересим эки эсе. Аткарар милдетим көп... Тиземди кучактап дүйнөдөн өткөндөй көлөкө эмесмин. Келиндин жары болуу, бала өстүрүү милдети да бар... Ушул берессе карыздарымдын кезеги бүгүн келген тура, чиркин! Интернатта эркелеп эсирсем, университетте бийлепмин... Эмне кылуум керек? Айтчы, кол шилтеп тетири басайынбы же башымды ийниме тыгып, куушурулуп, бужүрөп турмушка багынамбы? Тунжурайм. Көзүм дөңгөлөк болуп тегеренет. Шыптан бурчка, терезеге, жашыл бүчүрлөргө чалдыгат. Акыры этажеркадагы китептерге түштү. Китептерде эмнелер гана жок! Турмуш күрөшү. Шаттык менен кайгы. Жокчулук менен мартчылык! Көзү өткөн улуу адамдардын өмүрлөрү жөнүндө да жазылган. Аттиң! Алардын бири — кылымдар бою табышмак болгон жаратылыш чындыгын ачты. Экинчиси жер байлыгын тапса, үчүнчүсү аалам планеталарын ажыратып чектеди; төртүнчүсү өмүрдү ырахатка бөлөөр акылдар-

ды калтырды. Ушул кол жеткис бийик эмгектерди, алар тырмагынын түбүнөн тер кетирген азаптуу күч менен курушкан эмес?! Адам тукуму болгон булардын чарчабас изденүүлөрү мага, жаштарга сынбас күзгү, өчпөс жарык болбойбу?! Макул, аларды туурап жаңы табылгаларды ачуу колумдан келбейт. Өзүмө зарыл иштерди да аткарбаймынбы? Орундатып кетсем, мен үчүн арзан милдет эмес го?!. Эмесе, турмуш каалгасын жаңы гана черткен менин кылаар ишим, карыздан кутулар күнүм али алдыда. Басар жолум али алыс окшойт. Тунжурабай келечекке умтулайын!

Шамдагай обдулдум. Муздак душ алып, сергидим. Үстүмдү түзөнүп, тарандым да, атыр жыттанган боюнча кабыл албай койгон кара аялдын үйүнө жөнөп кеттим.

Кана, өмүрүмдө кандай өзгөрүүлөр болоор экен?



# САМАР

## 1

Аттиң... Турмуш сели секундага токтоо бербей толкунун камчыланып, шашып баратат. Анын түпкү башталышын көрбөгөмүн. Жетээр чегинен да караансызмын. Чындык алаканымда жаркырап турса — караансыз калаарыма назар сынып, кабыргам кайышпайт. Алоолонгон жалгыз тилек: мээден сыгылган тамчы таза кан — сел үстүндө чамындыча калкып жээкке сүрүлүп, же чабакча секирип тереңге сүңгүп ойноп кете берсе, кете берсе болгону!

Турмуш селинин өйүз-бүйүзү кең, түбү терең. Кылаасын бойлоп баратып, тереңиндеги окуяларга аралашуудан жүрөк аптыгат. Тек, суунун киргининде башаттан аша бөлүнүп аккан айрыкты балдар нары-бери кечип ойноп, таш тизип көлмөлөп, тор тосуп балык кармаган сымал четтеп, көңүлгө алаар-албас майда окуяларда жүрөм... Жең-багалектери шөлбүрөп суу, беттерине ылай чачыраган тентектер каткырышкандай—майда окуялар кээде көңүл көтөрөр. Кээде — «Волга» ичинде ойго баткан жолоочу-тентектер жоругуна көңүл бөлбөй жөнөлө берген сымал — баага арзыбас. Кантсе да чоң турмушту бойлоп баратып, жан курбум Самардын өмүрүндөгү окуялардын үзүндүсүнөн повестти даярдадым Ал мына, азыр окуйсуң.

* * *

...Кече жакында эле, жетиге чыккан Самар өзүндөй майда балдарга кошулуп, чач алгыч Сарбаш акенин талынын түбүнө чогулушкан. Аке — балдардан бетер күлмүндөп, жайдары. Көк бүлөөсүн нымдап, сабы жумуру устарасын ышкылайт. Алаканын жонуп көрөт. Кийим-

дерин чечтирип, трусичен койгон тогуз балага ак самын берип, баштарын суугa малдырып, бирине-биринин куйкасын сүрдүрүп таштаган. Биринин маңдайы гана нымдалышып, моюн жагы кургак. Муну байкап турган Сарбаш:

— Шашпа! — деп устараны жалактатты,— кургак чачыңды катыратып кырганда кайратыңды сынармын. Болбосо тоңкоё түшүп, башыңы мал... Сыйпа самыңдан.

Ашыккан бала эңкее берем деп көлчүккө матып калды. Төбөлөрүнө көбүк үйүлгөн балдар дуу каткырышты. Чач алгыч өзү да күлүп, алаар акысын айтты:

— Башы чоңдордон үч нукум, эки чертмей; а кичинелерге эки нукум бир чертмей, макулсуңарбы?

-- Макулбуз аке.

— Макул, качпайм.

Куйкалары көгөргөн тогуз жылаңачты кыркаар олтургузуп, жеңин атайы каруусуна чейин сүрдүү түрүнгөн чач алгыч ар биринин башын мындай буруп, тигиндей буруп сыйпалайт. Сарбаштын баржайган чеңгелиндеги жолдошунун башы кежеңдей түшкөндө беркилер кытылдап күлүшөт.

Үч нукум, эки чертмейге Бекташ аттуу баланын башы туура келди. Чүкүштүн башынан чыр чыкты. Себеби — башы сөлпү экен. Сөөмөйү менен тең бөлүп:

— Быягын алганда аяккы баага туура келет! -- деди чач алгыч,— эми мунусун кошсом ашып кетип жатат! Айткылачы, эмне кылалы? Же балтаны алып келип бөлө чапсамбы?

— Аний болбойт! —деди чочуган Чүкүш. Самарды коё кал, алаканын чапкылап кытылдайт. Кезек өзүнө келди. Дөң маңдай тоголок башы аяккы баага бааланды. Бирок чачтан аккан суунун саркындысы менен жонундагы эзилген кирди Сарбаш олурая карап:

— Э ата көрү! Туулганы суу көргөн немесиңби ой?.. Чеч, ыштаныңды, мен бир жышып көрөйүн! Чече бер... Уялат маа... Алыйма апаң качанкыга багат сени. Тууду болду. Жетиге чыгып жашмын деп жүрөт. Тигине менин кер тайганым эки кар басты эле, өткөн кышта алты коён тиштеп салды.

Сарбаштын «жашмын деп жүрөт» деген кайраты Самардын жүрөгүн ого бетер өрөпкүткөн. Үйүнүн босогосун аттай элек жатып апасын ашыктырган:

— Көйнөгүм кайда, эртең окууга барам.

Мактанууга кошунасы Алымдын кызы Тамаранықын карай жүгүрдү. Кызыл жибек көйнөк кийген, селкилдеген кара чач Тамара да бош эмес экен. Тамгалары чоң китеби менен эки дептерин сумкасына салып, эшикке чыгып, кайра кирип, чоң энесине мактанып жатыптыр. Тартынбай кирип келген Самар:

— Окууга барам. Мына! — деп ак көйнөкчөн өзүн көрсөттү.

— Апеей, мен дагы.— Тамара беркинин таскылдай кырылган башынын нур чагыла жылтылдаганына күлкүсү келип кетти.

— Китебиң кана анда?

Самар кулагын делдейте томсоро түштү. Шарт коюп, үйүн көздөй жүгүрдү.

Кырмандан жаңы келген атасын көрүп эреркеди:

— Китеп сатып бер!

Көзү жашылданган уулуна Сапай аң-таң:

— Эмне дейсиң? Түшүнгөнүм жок.— Үнү орой чыкты,— бара бер чилтен болгудай болсоң... Кармап жатамбы.

— Эмнесине түшүнбөйсүң анын! — Сөзгө Алыйма аралашты,— китеп сатып бер!

— Акчам жок. Колхоз айлык бере элек. Тийсин. Бол, максым бер!

— Орондобо, ачка кылган бригадыңа айт.

Алыйма эринин сөзүн орундатпай уулун жетелеп чукулдагы дүкөнгө барды. Улпак салынган чакасында жумуртка. Самарга китеп-дептер түгүл, өзүнө чай-чамек, самын алып үйүнө келсе, калпакчан Сапай төө тумшукту имериле күрөң атты шөлп-шөлп желдирип, кетип баратат...

* * *

Кыштактан обочо, адыр этегинде заңкайган ак мектеп. Ушул, көзгө жылуу жети жылдыктан, береги районго коңшулаш кыштактын адамдары биринчи жолу «А», «Б» тамгаларын билип, эжелеп жатташып, сөз курады. Сабаттарын жойду. Бир даары колхозуна зав. ферма, учетчик, тракторист болуп иштесе, кээси алыскы шаарларга барып окуп билимин жогорулатты. Мектеп чөй-

рөсү бир учурган жеткинчектери менен дымып калбай жылыга азан-казан. Алды — быйыл бүтүрүп коштошсо, китеп баштыгын эби жок кыйгач колтуктаган бөбөктөр кулагын делейте эки жагын чоочуркай карап, босогосун биринчи аттайт. Бир-эки жумадан соң көнүгүп алышат да, танаписте сыртка жүгүрүшөт. Далисти чууга чөмүлтүшөт. Агайдын бири көрүнүп койсо—кайнак сууга муз салгандай дым: жыгылганы тура калып, экинчи баланын капталына жашынат. Бири — жагоосун оңдоп, мурдун жаныйт. Экинчиси эч ким сурай электе эле:

— Агай карачы, түртүп кетти, жөн турсам эле! — деп, же:— Дептериме сыя төгүп салды — деп даттана кетет. Самарлар да ушундай жоруктар менен окушту. Мектептен бир топ окчун чоң ойдуң боло турган. Бул жерден учурунда ылай алып, кыш куюлган. Кийин ичине топурак кыртыштап, жээктеринде дүпүйгөн чоң-чоң түп чий. Өзү ойдуң келип, жээгин чий курчап далдоо болгондуктанбы, сабактан тараган балдар мында көпкө ойношо турган. Китеп баштык, калпак, күрмөлөр үймөлөнөт да, экиден жаат болушуп күрөшүп күч сынашат. Колу-буттарын ооруксунтуп ыйлоо, кужуңдап таарынуу, биринин арасына экинчиси түшүп элдешүү көп болот. Кайсы бир күнү оюнга кызыккан тентектер жедеп чарчашканда үйлөрүнө тарашмакчы болушса кийим-кече, китептерден бири да жок. А дегенде элеңдешип, анан «сен каттың, тапкын!» дешип кужулдашат. Жок, бул чөйрөдөн жоголгон буюмдардын эч шеги билинбейт. Чүкүш көзүн ушалап ыйлай баштайт. Самар улам бир аңгекти, ноолунун урандыларын издеп тетигинде жүрөт. Күн кечтейт. Кетели дешет ата-энелерине эмне жооп айтышат? Сабырлары суз, көздөрү алайган немелер сороюп топтошуп калганда нарытан Сарбаш чыкты. Жер карап жай баскан аке чукул келди. Өтө бере турган баштанын барып сурады:

— Бу убакка чейин кандай канбайт ойнуңар?

— Ойногон жерибиз жок.

— А эмне, короолчу болдуңарбы кыштакка?

Самар чыйрак унчукту:

— Эми эле, ордунда киймибиз жок.

— Тигини, чикилдеген акмак. Эми элеби?! Кайда жоготтуңар аны?.. Жанаарак кашка атчан бирөө түшө калып, мобул ылдый чапты эле, алып качкан экен э

итиңки! Эми эмне кылчубуз? Бекташ, күрмөң баркут көрүнөт беле?.. Апасы буга баркуттан кийгизет дагы.

Араң турган ал бул сөздү укканда бышактап жиберди. Чүкүш:

— Ооба, атам жаңы сатып берген болчу шапикени... — деп катуулап шолоктоду.

— Жаңы сатып берген болсо, башыңды сөлпөйтүп жылан баш бар үйгө!

Жеке Чүкүш эмес баары ыйлады. Самар үй тарабын жалт карады. Анын оюна башка тараптагы таенеси келди. Эми үйгө коробой ошол жакка кетмекчи болду.

Сарбаш тетири бурулуп күлүп алды да кайра жанытты:

— Жүргүлө, иниңикине барып конгула. Бул бойдон көзүнө көрүнсөңөр апаңар кекиртегиңерден илип коёт.

— Мен таенекине кетем,— деди Самар.— Атамын ачуусу жаман.

— Биротоло кетесиңби, же...

-- Китебим табылгычакты.

— Кайдан табылат атчан киши уурдап кетсе!

Сарбаш бирин ыйлатып, бирин сооротуп, акелетип жалынтып жатып, акыры кубантты. Кийим-китептерин таап берди. Ушундан кийин Тамараны кетирбей жандарына алып алышат. Өздөрү эки-экиден күрөшүп ойдундун ичинде. Сербейген кара чач кыз кийим-кече үймөлөнгөн жерде. Ал бирде Бекташтын алдында ооналактап тура албай жаткан Самарга алаканын шак чаап каткырса, бирде китебин ачып окуйт. Кагаз бетине чымчыктын сүрөтүн тартат. Кээде оюнга өзү да аралашып, ар кимин бир чапчып сырттап жүгүрөт. Күрөшкөндөрдүн буту тээп кетсе этегин кагынып, чукчуңдап атайы таарынат.

— Аний. Кетем, дайым түртөт мени.

Тамараны баары тегеректейт. Кыз алдаганга макул эмес. Самар кошуналык кылып, бир тууганы катарында өтүнөт. Ошондо Тамара жоошуп, көзүн сүзө сумкасынын чаптырмаларын чукулап токтойт. Кээде ооруксунган этинин ачуусуна чыдабай кетип калат. Анда кийимди кесмет менен кароолдошот. Бирде Самар, бирде Бекташ... Тигилер эки-экиден күрөшүп киришкенде эле, кийим кайтарып тургандары кызыгандан милдетин унутуп оюнга аралашат. Беркилер да унутат. Айтор, Тамара

кайтарбаган күнү китеп-дептерлер бирине-бири аралашып, чыр көп чыгат.

Самарлар төртүнчү классты бүтүрөр жылы райондо болгон 1-Май майрамындагы оюн-кече баштагыдан башкача, жаңыча өттү: төштөрүнө ондогон значок тагынган жигиттер граната ыргытышты. Четке топтолуп, дөбөнү бет алып, бутоо атышты. Жеңил кийимчендер жарышышты. Машыккан күлүк аттарды минишип, керешкелерден секиришти, аңдардан аттатышты. Баарынан кызыгы — чыбыктарды кыркаар сайып, кыя чаап өткөндөр мактоо, байге алышты. Бир жигиттин кылычын көккө ыргытып, кайра мизинен жазганбай шап-шап тосуп алышы айылдык карапайым адамдарды таң калтты.

Ушундан соң биздин кыштактык балдардын ойну да өзгөрдү: чулу жыгачтан гранат жасашат, кылыч байланышат. Чыбыктан ат минишет. Боёлгон тапанчаларды кармашат. Эки топко бөлүнүшүп, аңдарды бойлоп аңдышат. Түз жерде чабуулга өтүшөт. Кылычтарын булгалашып, ураалашат. Бирине бири аралашып, кыйсыпыр түшүшөт. Күчтүүлөр күчсүздөрдү кубалап «жер» бошотушат. Жеңгендердин колунда чыбыкка байланган желекче чүпөрөк желбирейт.

Мындай баш аламан кыйсыпыр оюн — Самарга кырсык алып келди. Бийик аңгектин кырынан балдар коюп өткөндө тоголонуп түшүп, буту сынды. Кызуу менен тура калып, жүгүрмөй болду да, көзүнөн от чагылып, олтуруп калды...

А дегенде райондук оорукана да жатып, айыгып чыккан. Кийин жараты кайра ачылды. Рентгенге түшсө — сөөк калыптыр деди да, шаарга жиберди. Шаарда жыл чамасы дарыланды. Апасына: «Көп ойлоп капа болбо», деп санаасын тындырып кат жазат. Катты Тамарага окутаарын билип, анын окуусун сурайт. Тамара да ага кат жазды: — «Самар! эсимен эч чыкпайсың. Класстан экөөбүз олтурчу партаны көрүп, ыйлагым келип кетет...»

Тамара сагыныптыр. Айыгып келген Самар машинадан түшүп, апасын кучактап, жытташып жатканда жетип келди. Тартынбай төргө өтө чаап, кол алышты. Сүйүнгөнүнөн көзүн жаш чайды. Мукактанып, ашыгып сүйлөдү:

— Биротоло келдиңби?.. Эми оорубайбы бутуң?

— Жок, айыкпадыбы.— Самар Тамараны баштан

аяк карап алды. ...О, бою өсүптүр. Эки тал кыла өрүп, учуна кызыл лента байлаган чачы чыканагына жетет. Кыр мурунү куюла, кара тору жүзү толмоч. Кирпиктери ирмеле көзү жайнап, кашы коюуланган. Ал түгүл ак колунун манжалары да узун. Кыймылында — баягы ойноок Тамара жок, эс кирип токтоо. Самар бир аз күндөн кийин мектепке барды. Жолдошторунан эки класс төмөн олтурду. Ичинен сызып, ызаланып жүрдү.

Сабакка тырышып даярданып, бешинчини бүтүргөн жылдын жайкы каникулунда — далайдын назарын сындырган, далайдын бактысын кыйраткан түрү суук согуш чыкты. Калкты — кайгы, жаш, ыза, ач тырмагы менен капшыра аткый баштады.

Биринчи топтун соңунан экинчи топ болуп азаматтар казатка жөнөп жатты. Ири алгачта Алым кетти. Алымдын кетиши үйдөгүлөрүнөн энеси Үкү кемпирди өзгөчө каржалтты. Үкү эне атына окшоп өзү да үкү кейптенген, бирок олтуруп алып, туштуурдук сайып, шырдак шырыган уз киши эле. Кыязы, ушул эненин уздугунанбы — Алымдын үйү кирсе чыккыс, жасалгалуу. А Үкүнүн келини Бүбүнү — Самар дайыма күзгүнүн тегерегинен көп жолуктурчу. Боюн таза күтүп, адептүү жүргөнү менен үй тиричиликке чоочун деп ойлочу. Бирок конок-аякты жакшы ызааттаганынан улам — кайненесине ишенгенинен ушинтсе керек деп чечет.

Баласы кеткен жылы жүн тытып, же бөстөй ийленген көрпөдөн өпкө кап тигип олтурган Үкүнүн үстүнөн Самар көп чыкты. Кайгыга басырынган кары — жүнүн тыта да берет, ыр сыяктанган сөздөрдү айтып бышактап, жеңи менен жашын жанып, үнүн баспайт:

Баламдын жанын сактай көр алла!

Тажаалдын огун таптай көр алла!

Жүндөн түйүлгөн байпак, колкап, териден тигилген өпкө кап—армиялар үчүн даярдаларын, Үкү эне да ушул жасаар буюмдарын армияларга жөнөтөрүн, бирок өз баласы Алым үчүн деп арнаганын түшүнгөн Самар үн катпайт. Энени аяп каңырыгы түтөйт да эшикке чыгат. Ачуу нерсе алкымын муунтуп, жашын төгүп, тамды айлана далдоого басат.

Бир аз күндөн кийин Самардын атасы Сапайга да «чакыруу» келди. Бирок ал урушка эмес «жумушчу батальонуна» делинип кетти. Башкалар сыяктуу бул эки

үй-бүлө да томсорушуп, кулактарын түрүп, жүдөй түшүштү. Самар окуудан кол жууду. Кышкысын белине кара көтөрмө курчанып, сабы узун чотту карууга илип, отундун артынан салды. Жайында колхоз ишинде. Таң тыяктан жаңы атканда, бригадир Молдалы оздук салбаган шалпаң кулак торусун желдирип, Сапайдын эшик алдында. Терезени дүпүлдөтө кабарлап коюп кобурайт:

— Э тобо! Атасы кетсе да баласынын керекке жарап калганын кара. Бул убакта таттуу уйкуда жатчу баланы, колхоздун белдүү азаматынча таянч кылып, мен урган, күндө келем. А согуш оңбо. Ушунун баары сенин кесепетиң... Э Самар айланайын. Турагой. Тиги боз талаадагы күздүккө суу келди. Сарбаш акеңе кошуласың. Турагой садага. Мен картөшкө чапчууларга барайын. Алыйма! Кетмениңди алып, бакчаңа жөнө... Оо, сен быякта белең, бададан келаткансың го.

Турмушка эрте аралашкан Самар деле бышык.

— Азыр, Моке, — деп айтат да, оозун чоң ача улам эстеп, төшөктүн эки жагын сыйпалап, көйнөгүн издейт. Илең-салаң жуунуп, уйкусу ачылгандан кийин апасы даярдаган кол чаначтагы азыгын жонуна тартып, кезинде атасы каттоочу боз адырдын тумшугун имериле сербеңдеп күздүккө келет. Шымалана түрүнгөн Сарбаш акесинин алп караанын көргөндө кубанып кетет. Сарбаштай алтын ага табылабы! Курсактын ачын билгизбей куудулданганын, мээге орното сөз айтканын айтпа. Жанына жаңы келген Самарды ал шылдың менен тосот:

— Ии, күлгө түнөгөн мышыктай күйпөйүп келдиңби?

Көнүмүш бала күлмүңдөп, чаначын арык жээгиндеги табылгынын көлөкөсүнө коёт. Чечинип түрүнөт.

— Уйкудан башка түк эч нерсе билбейт ата көрү! Күрөктү алып жүр. Суу жаюудан окуу өтөм сага.

Сарбаштын көргөзгөнүнчө иштеп, Самар айдыңында. Көгү тизеге чаба өскөн күздүккө суунун шарын кырк кулактап жыбылжыта жайып, бир четин аяктаганда узунду, кыскалуу экөө—арыктын четине келишет. Күнгө кактанышат. Чаначтын оозун кайрып, айран жутушат. Сарбаштан баягы тамашалуу сөздөр чууруйт:

— Былтыркыга караганда быйыл жотоң жооноюп калыптыр. Жеңе күттүңбү?

— Жок. Жеңени эмне кылам.

— Ийй, арам. Аз уктап жүр. Келиндер зар какшап боздоп жүрөт...

— Коюңузчу ээ.

— Арам, арам! Байкелериң кан кечип казатта жүрсө, сен бырылдап уйкучу болсоң — кыргыз тукумун кайдан табам кокуй!!

* * *

Москванын алдындагы салгылашта баскынчылардын мизин майтарган кыргыз дивизиясынын даңкы чыккандан бир-эки айдан кийин Алымдын курман болгондугу жөнүндө кагаз келди. Бул кайгы Үкү энени ал-күчтөн, акылдан айырды. Шордуу кемпир, ыйлай берип, көзү жыртайды. Кирпиги катты. Мешке чукул салынган көлдөлөңдүн үстүндө олтурса этинен ажыраган, жүдөп күйпөйгөн кейпине пенденин жүрөгү сыздайт. Эми эле жанынан турган Самар кайра кирсе таанavailabай сурайт:

— Сен кимсиң?

— Самар эмесминби эне.

— Ии. Олтурагой.

Кээде эшик шарт ачылганда, кызыл жээк көзүн алайта, ээгин кемшийтип туруугa обдулат. Жамынып олтурган чепкени ийнинен жылмышат. Тарамыш кармаган, терилери шөлбүрөп бырышкан сөөк колу менен жер таяна өбөктөйт да:

— Эмне дедиң? Алым чын өлдүбү? Антпе. Өлбөс! Келип калаар,— деп жалооруйт. Өксөп ыйлайт. Бук түшө жыгылат. Мындай жоруктун үстүнөн чыккан Сарбаш бөжөйгөн кемпирди балача таптап, ордуна олтургузат. Өзүнүн да сакалы ылдый жашы куюлуп, акыл айтат:

— Минтпеңиз жарыктык. Бул жеке сизге эмес, жумурай журтка түшкөн кайгы. Сиз минтсеңиз жаш кызыңыз, келиниңиз эмне болот. Кайрат этиңиз айланайын жарыктык.

Сардептүү кары «ырас эле» дейби, оор үшкүрүнөт. Бир саам олтурат. Күтпөгөн жерден бур этип кайра боздойт:

— Оо, Алым! Бир чымчым топурагың буйрубадыбы мага...

Карылыгы жетишкенде кайгы кошула мөгдөгөн Үкү

эне кыш чилденин суугу таш жарып турганда дүйнөдөн кайтты.

Эми бечара Тамарага кыйын болду. Чымын жанын коёр жер таппай ичи бук. Апасы кара кийип, бурчка тетири караган. Кирип-чыккандарга чай берүү, үй оокатты ирээттөө мойнуна түштү. Оор жылда жан сактоо жеңил болбогондуктан, быйыл окуудан калды. Буларды дагы билгизбей жаткан Алыйма жана анын уулу Самар. Айылды сыдырым каптап, ууру-төгүн болгондуктан, Алыйманын ой-санаасы, эки көзү сазга айдалган уйларда. Самар тизеден келген карды жиреп, адырга отунга барат. Сербейген алтыгананын ар түбүн ар жерден чаап, колтуктап жүрүп чогултуп, кеч бешимде үйдү көздөй жол тартат. Анын отун көтөргөн карааны чоң суу жактан көрүнгөндө, Тамара утурмалап тосуп чыгат. Же маалдап кош чака менен сууга келет.

Самар көтөрүп келген тикендүү отунун балта менен бырчалап кертет. Уламкысын улам колтуктап Тамара далиске ташыйт. Ошондо гана Самардын жаны сеп алат. Тамактанып, мештин жанына олтурат. Тактай срундугун көчүгүнө коюп, Тамара чукул. Башта ушул орундукка олтурган кыз «Манас» эпосторун, же «Евгений Онегин», «Жолборс терисин жамынган баатыр», «Кажы Мурат» чыгармаларын окуур эле. Мындай окуясы күчтүү, сөздөрү акыл, жүрөктү делебелентken китептерге Бүбү, Алыйма кошула муюп кызыгышчу. «Эмкилер китепти эмнеге барыкташат десе ушундай сонундугунан тура. Кайра окучу, жанагы Абдандилдин Тариелге айткандарын?» дешип, түйгөн байпак, тыткан жүндөрүн саамга токтотушчу. Азыр ал көрүнүш жок. Жада калса ысык тамакты жылдырып ууртаашат. Шырп эткен дабышка кулак түрүшөт. Айыл-ападагы согуш жөнүндөгү кеп-келечти сүйлөшө албай томсорушат. Чарчаган Самар көзүн ушалап, үйүнө кетүүгө камынса, Тамара этегинен тартып шыбырайт:

— Коё турсаң... Олтура турчу бир азга?

Бала макул. Жалыны жалкоолонгон жетинчи чыракка карайт. Тамара мештин далдоосунан пайдаланып, Самардын отун алып кабарган колунун сыртын сылап-сылап коёт:

— Уйкуң келдиби? Барагой анда... Бир азга олтура тур, анан...

Тамара күндөгүсүндөй бүгүн да, отунга кеткен Самарды күттү. Маалынан кечикти. Үйгө чырак жандырды. Бирок ал көрүнбөйт. Жүн оромолду башына чалынып, чыйыр менен утурмалап басты. Таман алды качырайт. Аяз ачык этти ийне менен сайгандай тызылдатып, каарыйт. Чоң суудан көк буу түрмөктөлө көтөрүлүп туман. Чычырканак, талдардын бутагы бубакка оронуп, кардан ажыратылбайт. Кыз айылдан көп узады. Жарга чейин келди. Ылдый түшүп, көпүрөдөн өттү. Суу үстүнөн үзүктөй шыргаландар калкый агып, жээктеги жаактарга согулат. Чарт эте муз сынат.

Боз туман арасынан бүдөмүк караан эми көрүндү.

— Сама-ар-р.

— Оу...

Самар жол четине эс алды. Чарчаган үшкүрүгүн угуп, Тамаранын жүрөгү шуу этти да, өбөктөй калды. Күрмө тонунун этегин кайрып, далысына төшөптүр. Тердеген акырегинен көк буу булайт.

— Сенсиңби? — деди бубак ширеген тумагынын жээгинен кылайган Самардын кара чачынан сылагысы келген кыз,— эсим жаман чыкпадыбы. Эмнеге кечиктиң?

— Келишим эле...

Жол үстүндө бутун ургулап, чокоюнун карын түшүргөнчө күтүп турду да:

— Кыйкырсам айылга үнүм угулбайбы? — деп сурады.

Самар элее:

— Эмнеге, угулбайт?..

Ошондо бук болгон кыз эчкирип, боздоп караа туткан отунчуну кучактады:

— Атамдан айрылдымбы... Чоң энем чын эле өлдүбү... Жалгыз калдымбы! Самар, Самеке. Кантем эми!

...Тигине, батыш тарапта замбиректер түтөп, кан агып, далай ата өлүп жатат. Алардын ушундай уул-кыздары боздоп, жетим калды. Бирок тажаал муну сезбейт. Анын кулагы керең. Боору таш. Дүйнө жүзүн кылычынын алдында кармап турууга көзү кызарат. Аскер артынан аскерин күргүштөйт. От менен, ок менен каптатат. Эй, ушул аккан жаштан, зар какшаган каргыштан кантип кутулар экенсиң көрүңдө да!

## 2

Жумушчу батальонуна кеткен Сапай жазга утур келди. Мурда эли башка, жери алыс чоочун жайга барып көрбөгөн неме Сибирдин сөөк какшаткан суугунда карагай кыйып, түйшүк тартканга бир топ жүдөптүр. Бетине бырыш кирип, кийми тотуккан. Буту-колунда шишик бар.

Сапайдын ырысына уйлар тууп жиберди. Бир жагынан сүт, бир жагынан жаңы айран ичип, бат эле ирдене баштады. Анын үстүнө эки үйдүн кимиси даамдуу тамак бышырса — Сапай аксакал. Бүлөөлөр чаалыгып келген немени көзүн карап төтөлөшөт: «Сапай төргө өт, Сапай ичсин» дешет. Сүт кесмеге курсагы тойгондо гана Сапай көргөндөрүнүн эсинде калгандарынан чолуп-чолуп кеп салат:

— Согуш ийледи бейм адамды!—деп курсүнүп, жан-жагын карап алат,— капуста сорпого очередге туруп, жетип тоскон аягыңа ашмачынын чөмүчүнөн бүтүн картошка чулп этсе, чекеден тер чыга түштү го сүйүнгөндөн... Пай, пай, тамырың кыркылган согуш!..

Колхоз жыйналышынан кайткан Сапай малчы болдум деп келди. Эртең көчөбүз деген күнү Алыйма ажыраш аякка каймак сызгырды. Майы кылгыра саргарып бышкан чөбөгөнү эки үйдүн бүлөөсү тегерек олтуруп жешти. Бүлө аксакалы болуп Сапай насаат айтты:

— Ыраматылык Алым экөөбүздүн нээтибиз башынан жакшы эле. Ал түгүл кыштак салганда да, жерди жанаша кестирип алдык. Башынан бир ичип — бир туруп дегендей... Минтип малчы болдум. Малчынын иши — малчы. Жайда жайлоодо, кышта — кыштоодо жүрөсүң. Там-таракка сен ээ бол Буке.

Самар көңүлдүү. Куудулданып купшундайт. Бетибашын түрлөнтүп, күчүк болуп үрүп, мышык болуп мыёолоп калат. Тамаранын колундагы чөбөгөнү кашыгы менен илип кетет. Чоңдордун кеп-келечине кулак салбай каткырышат.

Кеч кирип калган. Чоңдор таңазарына албаган соң экөө эшикке чыкты... Асмандагы дүпүйгөн кара булутка караганда жамгыр жаачудай. Бүр байлап келаткан терек-талдын башын шуудураткан жаз жели да жылуу. Көк чөптөн искегенгеби, дем алсаң көңүл ачылат.

Баарыдан да жай жыргалынын кабары ар жанды кумарлантат, делебелентет. Аяздан коруна куушурулган денени керип-чойгуң келет. Иштерге гана иш табылбоочудай энтелетет... Самар силккен теректен жоон топ чымчык шатырап учту. Эки үчөө чырпылдап калды. Баятан унчукпай турган кыздын үнү каргылданыбыраак угулду:

— Алардын тынчын эмнеге аласың? Түнөмөкчү болгон немелерди учуруп...

Самар бир нерсени баамдай өтүндү:

— Мен келип турам. Жайкысын биздикинде болосуң...

— Билбейм...

— Билбейм эмнеси?

— Чоң энем болсо эмне...

Тамаранын бул сөзү Самардын өрөпкүгөн көңүлүн кагып кетти:

— Эмне болду сага?

— Сен кетесиң... Анан... Сагынам...

Чиркин, ошол учурунда дүйнөдө теңдешсиз баасы жок ушул «сагынам» деген сөз — Самарды балалыктын ойноо кучагынан бөлүп, жүрөгүнө сүрүлбөс так басты. Чын эле, шарт, турмуш чиелештирген экөө жарым ай, бир ай көрүшпөй калса сагынышат. Тоодогусу жака тарапты, жакадагысы жайлоо тарапты элең карап алагды.

Уктаса мурдагы бир жүрүп, бирге ойногондору түштөрүнө кирет. Бул эмне себептен?! Капырай, бир үйүрдөгү эки тай бөлүнүп калышса, айбан баштары менен кишенешип, жал-куйругун желге жайылта чуркап издешет тура. Аларга караганда экөө эс кирген адам балдары эмеспи. Балким, сагынышаары жөндүр...

* * *

Мезгил өтө берди. Согуш жеңиш менен аяктады.

Жылдын кайсы учуру болсо да, малчынын түйшүгү оор. Мунун ичинен мал башын коромжулукка учуратар эки учур: биринчиси — бороон улуп, кар учуп турганда; экинчиси — төл алаарда. Күзгү майынан ажырап, жону ачылып, жүнү үрпөйгөн арык мал колго карап калганда, жем-чөптөн кемитпөө керек. Күпкө сарайларды жылуулап, сакмалчыларды дайындоо зарыл.

Ушул шарт менен камсыз болсо, мал башы кемибейт. Мындай учурда малчыларда уйку аз. Тыным жок.

Жазга утур Сапай да кыштоодон эңиштеп, адыр этегиндеги туут сарайга көчүп келет. Күпкөлөрдө быжыраган жаш төлдөр. Алардын үстүнө күнүнө он-он бештен тынымсыз кошулат. Книгасынын улам жаңы бетин толтуруп, учётчик төл үстүндө. Мындайда боз тумагын кыйшайта кийип, белди кындырдай курчанган Самар чыгаша менен кирешени өң-түсүнөн бери тактап, көкүрөгүнө кайталайт. Айтор, атасы чабан болгону менен мал эсеби баласында. Ырас, алгачкы жылда Сапай баласынтып өз билгенин жасап жүрдү... Бүгүн да Самар кой жайып кетсе куйруктуу боз күрпөндү союп коюптур. Казан толтура эт кайнап жатыптыр.

— Жакшы болбодубу — деди атасы, кайчы менен жаңы серпкен кара мурутун сылай отту күчтөп.— Кечигип сорпо муздаганда келер бекен дедим эле...

Самар унчуккан жок. Май чачкан жаш күрпөндүн ширин эти желди.

— Малдын азабы да күч, асылы да бар. Асылы ушул.— Сапай колун ысык сууга жууп жатып кобурады. ...Аңгыча козусу аралаша төштө жайылып жүргөн кой үркту. Самар жүгүрүп чыкты. Кара чепкенин желбегейленип Сапай да артынан келди.

— Эмнеден үркүптүр а? — деди алдын кайрыган баласынан.

— Суур көрүнгөн го ийинден. ...Кош ...Эмнеге сойдуңуз күрпөндү?

— Ии, жебейбизби.

— Жегенде... Менчигибиз болбосо фермага айтыппы анан...

— Ферманын кереги мага эмне.

Баласынын үнү басымдуурак чыкты:

— Эсеби бар малдын! Өңү-түсүнөн бери каттоодо жүрсө. Эки-үч копиялана жазылып, кол коюлган милдеттенме турса. Уурдагансып сойгонубуз кандай? Же актысы жок, өлдү деген.

Сапай кабаарый түштү. Муруттары сербейип, чепкенин силкилей жеңин кийди:

— Бала-баладай болгон жакшы. Атасына акыл үйрөтүп. Өзүм билем. Же жеке мен эле союп жатыпмынбы колхоздун малын!

— Сойгондор соё турсун. Колу менен кылса, мойну менен тартар. Жылына нечен жолу саналып турса, кантип билинбей калат?!

— Кой дейм ой, кой! Мен берем эсебин, мен. Кандай куу тумшук бала элең!

— Бересиң эсебин! Боз таштан боз күрпөң кыла коёрсуң дубалап.

Сөз жанына баткан Сапай уулун чалма менен жаза-буза коюп бакылдады:

— Оо Алыйма! Айгак жанымдан чыкты! Жогол! Көзүмө көрүнбөй кет!

Баласы жалтанган жок, кайра өөрчүдү:

— Ууру кетет. Малды тыштап кетпейм.

— Акетай! — Ата колун жая ызырынды эле, көзү канталай түштү, — уурумунбу? Дагы эмнемин!..

Боз үйдөн чыга калган Алыйма үрпөңдөп, ата-баланы зорго тыйган.

Бул окуя муну менен өтүп кетти. Жайдын толуп турганында Сапай кымыз уулап ичип жүрүп жүрөгү күйгөн жылкычыларга «ордуна кийин козу кошолу» десе, соолук кой бермекке убада берди. Өзү кымызга тоюп, оолжуп, тор быштыны кыя жол менен капталдата жорго салдырып келди. Жанында көк кашка айгыр минген жылкычы. Бакылдашып өткөндөн козгошсо, добуштары алыска угулат. Үй жанындагы көк дөбөт менен куба канчык куйруктарын чамгарактата арсылдап, тосо жүгүрдү. Ээсин таанып шыйпаңдай калышты да, жылкычыны карай качырып сала беришти. Алыйма үй жанындагы жалпак таштын үстүнө жазылган чийге, курут жайып жаткан. Ишин токтото жоолугун оңдоп, тигилерди карады. Саргарыңкы тарткан короону четтей дүпүлдөтө бастырышып, атчандар да жетип келди. Ысыктан кача короо четиндеги аткулактын түбүндө жаткан козулуу аксак ак кой тура калып, төш таяна шиберди аралап оттоп кетти. Ак козу энесин желинге сүзгүлөп ээмп калды. Тээ чалкайган төрдө дүйүм гүл аралаш сеңселген жашыл ыраңды аралап, мал жайылып жүрөт. Четинде ак калпакчан шыңга бойлуу Самар. Ал сере таштын үстүнө чыгып, кээде кыр ылдый басат. Сары, көк, кызыл гүлдөн тесте кармайт, шиберге оонайт. Озонун созуп ырдаса үнү мукам. Төмөнкү түзөңчө өтөктөгү үйүндө тиричилик менен алышкан энеге овону угулат.

— Жанымы чабайын каралдым! — деп эне өзүнчө кобурайт, чеңгелиндеги курутту улам бирден чий бетине коё берип, — баламдын мүнөзү баштагыдан башка. Тамараны жакшы көрөбү дейм. А арам, өгүнү жакага барарында жылкычылардан алып келген кымызынан мискеге куюп алайын десем, мойнуман кучактайт: «Коротпосоң апыке. Тамаралар ичсин да» дейт. Мен кантип эле аянайын аларга бергенден. Кызга да эс кирип калды. Жаман, Самарын көргөндө бети-башы албырып кетет. Андан калса теңгедейлеринен бирге өсүшпөдүбү...

Баятан ушул сөздү айтып, өзүнчө кобурап олтурган. Тигилер дабырап аттан түштү. Атын чочогой ташка байлай салган Сапай:

— Кемпир, куурдагың барбы? Чыйпый жаса — деп буйруду. Анан талыган тизесин ыргалта тура калып, Самарга тебетей булгап кыйкырды:

— Оай, айда койлорду, бери жапы-ыр.

Жылкычынын саламын алик алган Алыйма эрин какты:

— Чак түштө койду айдатып эмне кыласың?

— Ишиң болбосун. Жайган курутуңду, кууруган куурдагыңды бил.

Койду жайытка таштап, Самар өзү келди.

— Ой, кой келдиби? — деди, жүккө сүйөнө үргүлөп кеткен атасы.

— Жок.

— Терс аяк болбой жүр уулум... Бу жылкычы акеңе бир кой бер. Күзүндө кошот оордун.

Бала менен ата дагы айтышып калат беле, ким билет. Аңгыча иттер абалады. Самар эшикти серпип, чыга калды. Жээрде аттын омуроосун ак көбүктөнтө тердетип, сельсоветтин чабарманы экен. Бул ойрон атка тынч жүрбөйт. Өрүдө жээрденин таноосу дердеңдеп, асылган иттерден жазгана көчүгүн бурап чунаңдайт. Мастан бетер бүйтүк көзүн сүзүлтө жогору караган чабармандын кыялы Самарга маалим.

Ал саламга жооп айткан жок.

— Атаң кайда? — деди.

— Үйдө.

— Кымыз барбы?

— Жылкы саабайбыз.

— Каймак, жууратчы?

— Буюрганы болоср.

Атын койчу чылбырлаганда ыргып түшүп, үйгө кирди.

Чабармандын үнү шаңдуу чыкты:

— Атсалоомалеку-ум.

— Алеким салам чабарман аке!

— Жол болсун төргө өт. ...Сүйлөй олтур. Эмне жаңылыктар бар кыштакта.

— Оо, областтан эртең чоңдор келет экен. Районго «Кызыл Туу» тапшырылат дейт. Жакшы малчыларга сыйлык берилет деп уктум. Сапай да тизмеге илинген окшобойбу, сельсовет — башкарма өзү жиберди... Иш көп, болуңуз! Жылкычыларга да барам. Жээрде экөөбүз кыдырбаган жер калбайт жайлоодон. Болуңуз!, Жөнөңүз!.. Куурдактын үстүнөн чыкканымды кара. Жутмайы болсо ээ, чиркиндин.

Жакшы кабарга Сапай кубана түштү.

— Жылкычыларга убара болбой эле кой. Мына жылкычың — айгырын азынатып. Ушундан айттыр.

— Жок. Кең жайлоого ат тердетип келип, кымызга курсак кербей кантип кетем жакага. Өзүм барам.

Чабарман Сапайды ашыктырып, жакага аттантты. Сапай баласын четке ээрчитип чыгып:

— Чабарман кеткенден кийин жылкычыга бир кой бер — деп дагы тапшырды. Самар унчукпай кала берди. Жылкычы «жумушум бар» деп чабарманды ээрчиген жок. Ал кырды ашып кеткен соң:

— Атаң дайындадыбы Самаш? — деп жайыт жакты карады.

Бала кесе жооп берди:

— Айткан менен орундалбайт.

— Себеп?

— Атамын менчиги болсо ала бериңиз! Бакканыбыз ортонуку. Башкарма,— фермадан буйрук керек.

— Кой ээ. Жеп кетмек белек.

— Жебейсиңер. Берүүгө акым жок.

— Бир койду бөрү деле жейт тура.

— Жесе себеби болор.

Кепке жооп таппай суусаган жылкычы ачуулу аттанды:

— Көрөөрмүн миң-сан кылып өстүрөөрүңдү!

— Көрсөңүз мага таарынбаңыз. Кой колхоздуку.

Чакырылып кеткен Сапай эки күндөн кийин кечке жуук келди. Самар койлордун четин имерип, корооге чогултуп жүргөн. Атасынын көңүлдүү экенин үнүнөн сезди. Ал утурлап тоскон Алыймага бакылдап жатты:

— Кемпир! Мал-жан эсенби. Куда каалаcа малдын үзүрүн көрөт окшодук. Самарыма баш коём эми... Ээ айтпа! Тээ борбордон бери үптөр келиптир. Жаркыраган машинелерин жыйналыш өткөргөн чоң суунун жээгине токтотуп коюшту. Папке колтуктапшып, кычырап басышат. Чачтарын сылайт. Билектери да жаркырайт. Айтор эмикинин чоңдорунун көздөрү курч. Сени бир кароо менен күчүңдү сезишип, мыйыгынан күлөт. «Аксакал, бул жерге өтүңүз» деп орун бошотушат. Сынашабы дейм. Айтор, кемпир кызыл дукаба тууну областтын атынан ысполком жигитке карматышты. Дүркүрөгөн кол чабуу, кыйкырык. Алардын ичинде Сапаң да олтурду. Анан кишилердин аттарын чакырып, сыйлык беришти. Ошентип турганымда эле: «Көпбаев Сапай!» дей калганы. Чочуп тура калыпмын. Колумду кысып туруп: «Малды жакшы бакканыңыз үчүн! Дагы мындан мыкты өстүрүңүз аксакал» дешти. «Жылкычыларга бирди бер дедим эле» деп ойлоп, уялып кеттим... А бербегени жакшы болуптур! Жаман уулум жарайбы дейм керекке. Баш койдум эми... Ошентип, колумду кысып туруп, оролгон бирдемени колтуктата салды. Сегиз метр жашыл дукаба экен.

Бул учурда Самар басып келди. Атасы күлө багып, бирдеме демекчи болгондо, ат канжыгасында байланган эч неме болбогонунан Алыйма сурады:

— Тийген сыйлыгың кана?

Эри мукактана жооп берди:

— Тиги, Бүбү... Капыр Тамара туштуурдукка ылайыктуу экен дейт. Баланын көңүлүн кайт кылбай таштап келдим кемпирбай. Мен аман болсом...

— Ал эмнеси ырымга тийген жакшылыктын сыйлыгын?

Тамаранын аты аталганга денеси ысып-күйүп кеткен Самар апасын токтотту:

— Мейли берсе, ошонун эмнесин...

Сапай кайпактап, уулунун айтканын колдоду:

— Ошону айтсаң. Анын эмнесине... Алар башкабы. Там-таракка көз салып отурушат ыя Самаш?

3

Тамара эки жыл удаа окуудан калган. Бир топ сабактар эсинен чыгып кеткендиктен, сегизинчиге кайра олтурду. Быйыл тогузунчуну бүтүрүп онунчуга көчтү. Жайкы дем алуу учурунда жаштардын демилгесине кошулуп, мектеп ремонтуна жардамдашып жүргөндө, үйлөрүнө күтпөгөн жерден конок конду. Бул жаш жаңы коноктун пайда болушу мына мындайча башталды:

...Миңдеген жылдар жашап, булут чалынган чокусунда жайы-кышы жалтырап мөңгү жаткан Ала-Тоону канча саякатчылар, илимпоздор изилдебеген. Бирок ошол изилдөөлөрдүн жыйынтыгы жакынкы жылдарда гана иш жүзүнө ашты. Токойлуу өзөндөрдү бойлоп, тоо боорун кыймалай жолдор салынды. Үч-төрт катарлуу үйлөр курулуп, шаарчалар пайда болду. Трубалары соройгон заводдор ишке кирди. Жүздөгөн оор жүк тартчу автомашиналар борбордон тоо койнуна кыйма-чийме каттады. Күн нуруна канатын чагылыштырып самолеттор, вертолеттор учуп өттү. Ушундай учурда зоо бузгучтарды тарткан он эки тонналык ЗИЛ кыштакка келип бузулуп калды да, Аманалы киргизилген үйдү бир канча күнү Сарбаш кароолдоду... Күн бою алоолонгон аптапты сүрө суу тараптан серүүнүн жел үйлөп түн кирген. Сарбаш нары-бери басат. Аңгыча автомашина түнкү тынчтыкты буза күркүрөп, кош көзү балбылдап келди да, кароолчудан өтө берип токтоду. Кабинесинен колуна папке кармаган бирөө түшүп калды. Түшүп калган адам Сарбашты көрө коюп үн салды:

— А колхоздун мейманканасын көрсөтүп коёсузбу?

— Колхоздун мейманканасы? — Сарбаш аны көздөй эки-үч кадам басты, — кыштактын башында калды. Караңгыда таппайсың го. Кайдан келаттың эле?

— Фрунзеден...

— Бул жердик эмессиңби?

— Биринчи келишим.

— Биринчи келсең, муну таштап сени ээрчип бара албайм балам. Болжолуң көргөзгөн менен таппастырсың караңгыда. Андан калса байлоодогу иттер бүт агытылды. Буулуккан немелер талап кетсе...

— Кой, барбай калайын! Иттен өлгөнчө корком.

— Ие. Итке ишенип болбойт. Нары басып, бир терезени чертип көрбөйсүңбү анда?

— Ата-бабам таанывбаган үйдүн терезесин чертсем... Сен ким ой десе эмне дейм?

— Дебесең өзүң бил. Менин жаныма чукулдабагын. Бурчтан бери имерилсең эле атам!

— Кой, кой аке!

— Анда ошондойроок, жол четинде олтуруп таң атыр. Уйкуң келгенге чейин сүйлөшө берели.

Сарбаш тигил жигитке карай мылтыгын өңөрүп көчүк басты.

— Мында иштегени келдиңби?

— Жок. Командировкалап... Газетада иштейм.

— Ок, жазгычмын де.— Сарбаш чыны менен чочуду. Газета-журналдардын беттеринен фельетон, тамсилдерди окутуп уккан карыя жазгычтарды жанга теңебей турган. Жазгычтар көптүн көңүлүн көтөрүп, талабын аткарат деп дилинде жыйынтык чыгарат. Анан, баятан тигил жигитти сыйлабагандыгы үчүн уялып кетти. Оозуна сөз келбей:

— Үх-үх деп кекечтеди, таң атканча жайдак жерге кантип олтурар экенсиң? Чырагым атың ким?

— Атым Жора.

— Жоро балам — деди—үйүм окчунда. Ошентсе да, бүгүн түнү жатууга чукул жерден жай табайынчы—Калдактай басып келип, Бүбүнүн терезесин чертти:

— Бүбү, Бүбү.. мен элемин.

Чочуп ойгонгон келин шашып терезесине чукулдады:

— Эмне болду!

— Жайынча эле. Бүбүш, берегинде бир жигит Поронзодон келиптир. Жай салып берчи, — деди да конокко кайрылды:

— Мында жатып ал баатыр... Таза үй, таза жай.

— Ким дегендики болот?

— Үйбү, үй Алым дегендики. Жакшы жигит эле. Кечээ кандуу согушта курман болду.

Конок босогону аттаары менен үй ээсине салам айтты:

— Жакшысызбы апа?

— Бүбүнүн кулагына чоочун оздон биринчи угулган «апа!» деген атоо бир эсе, жашап калганга шыйгаргандай жагымсыз угулса, бир эсе өздөй көңүлүн жылытты. Баса, кызың болсо, келечекте эки балалуу болоорун жалганбы?

— Жакшы айланайын, — деп кабыл алды.

Шишеси тазаланган онунчу чырак бал-бал жанып, үй ичи жарык. Керебеттеги куш жаздык жаздалган төшөктө ак шейшепти чүмкөнө, дубал жакты карап жаткандын мүчөсүнөн улам бой тартып калган кыз экенин жаземдебей билди. Аяккы терезенин жанындагы орундукка папкасын таштап, үстүнө күрөң плащын арта салды. Өз үйүнчө кең-кесири басып, сыртка чыкты. Кайра киргенде көз кыйыгы менен керебет үстүн чалгындап өттү. Кыязы, кыз ойгонсо керек. Буту-колун түздөтүп, кымырынып-кымтыланып алыптыр. «Чын эле ургачы болду бекен?» — деп ойлоду конок.

Эртең менен Бүбү тегерек столунун үстүн даамга жайнатты. Жаңы бышырылган ондой жумуртка чоң чыныда чокмороктошуп турат. Ным чачын таранган конок жигит сымбаты жакшына, кара көз Тамараны астыртан абайлады.

Тамак ортолоп калган кезде, Бүбү Жоранын жөнжайын сурады:

— Кайда иштейсиң? Ата-энең барбы? Алар кайда турушат? — демекчи болуп баратып, кандай неме дейби деп токтоп калды. ...Кезитте дейсиңби?.. Жакшы экен... Эмне, сыягы жазасыңго?

— Да.

— Биздин колхозго кандайча келип калдың?

— Тапшырма боюнча...

Тамара апасына жайдары жалт карап, анан коногунан сурады:

— Фамилияңыз ким?

— Алымов...

— Алымов? — Бүбүнүн жүзү бир түрдүү өзгөрө түштү. Тамара тартынбай шаңданып сүйлөдү:

— Сиздин жазганыңызды окугам...

Жора кыздын сөзүнө жооп кайтарбады. Өзүн барыктуу адам катарында баалап салмактуу да. Мурдагыдан жатыктана чай сунуп калган кыздан:

— Канчанчы класста окуйсуң? — деп сурады эле, ал жооп берип, мектептин ремонтунда экенин айтты.

— Мектепте мугалимдерден бар чыгар?

— Бар. Завуч агай жүрөт.

Сырттан бакылдап Сарбаш кирди:

— Конок балам! Жакшы жатып жай турдуңбу? Түндө тааныбасты — сыйлабас кылып, талаага түнөтүп коё жаздадым. Турмушта мындай опурталдар боло берет. Капаланбастырсың...

Журналист колхоз арасында беш күнчө жүрдү. Акыры дептерчесинин бетин жаңы кабарларга толтуруп, жөнөмөкчү болду. Ал кетер күнү Тамарага жолукту. Жора колун сунганда эч нерсеге байкоор салбаган кыз анын жалжылдай жанган көзүнө тик карай албай селт эте бети албырып, жер тиктеди.

Жора кеткенден беш-он күн өтпөй райондогу жаштардын бир тобу эмгектеги ийгиликтери жөнүндө газетанын бетинен окушту. Сүрөттөрүн көрүштү. Мындай макталган макалада Тамара да бар. Ал сүйүнгөнүнөн газетанын жаңы санын мектептен үйүнө чейин кармап келди. Төркү бөлмөнүн босогосун аттай элек жатып, ашыга газетаны апасына сунду:

— Апа! — Кубанган жүзү жаркылдап, үнү толкундуу, — мобу сүрөттөрдө мен бармынбы, тааныччы эр болсоң!

Бүбүнүн көзү сүрөткө түштү... башына бир байлам жоолук буунуп, жакасыз көкүрөгү ачык кофтасынын жеңин чыканактан ашыра түрүнүп, зор тепшинин ичиндеги суу коюлган топуракты узун сап кетмен менен аралаштыра кылчайып, күлүмсүрөп турганды:

— Сенсиң го бул? — деди. Кызы алаканын чак чаап:

— Таптың! — деп каткырды апасына — таптың, өзү! Менмин!

— А Жора чыгарыптыр дечи! — Бүбү андан бетер жетине албайт.

Мектеп ремонту бүтүп, кызы бош болгондуктан, Бүбү «жайлоого чыгып эс алып кел» деп жүрдү. Тама-

ра макул болгон. Анткени, Алыйманыкы өз үйү сыяктанып калбады беле. Анын үстүнө өгүнү малга туз алганы келген Самар Бүбү жеңесинин айтканын туура таап:

— Барсаң. Авасы таза биздин жайлоо Крымдан кем калбайт — деген Тамарага. Аз күндөн кийин Кара Кыяга көчөбүз. Жаңы журт...

Бирок жүрөгү өрөпкүгөн кыздын кетүүсүнө ылоонун шарты келбей жүрдү. Ушул учурда мал тоюткорун тез даярдоого тоодогу белдүү-күчтүү малчыларды колхоз чогултуптур. Алардын ичинде Сапай да бар. Араң жүргөн Тамара каттаган кишиден берип ийем деп тор быштыны сурап минип, жүрүп кетти. Улам барган сайын өрүүлөй берчи ичке жолдо кыз көңүлдүү. Кээ бир түзөңчө кыяларда тизгинин жыя кармап, быштыга камчы урат. Бышты таскактап, же арыш кере жүгүрөт. Анда үзөңгүнү чирене тепкен балтыры түйүлө, кызыл маасы өтүктүн кончун кере чытырайт. Ийиндүү денесине куп жарашкан кызыл жемпиринин үстүндөгү эки өрүм олоң кара чачы кээде капталына, кээде соорусуна куюлат. Кулагындагы кызыл чоктуу алтын сырга күн нуруна чагылышып, чайпалат. Маңдайында нымшыган тер. Көйнөгүнүн жогорку чаптырмасы чыгып кетти эле, таза ава аппак акирек—алкымын аймап өттү. Бөлүнгөн тал саамайы кулак үстүнөн кете дирилдеди. Бул көрүнүшү кызыл чайган ак жүзүнө, жайнаган кара көз, коюу кашына куп жарашып, сулуу тартты.

Энтиккен торунун тизгинин тартып, кыз кырда. Бийик үчүнбү, жел жортот. Төмөн эңкейсең баш айланган чыңк ылдый беттердин жашыл чөбү жапырыла кара кочкул тартат. Өзгөчө ичке кылкандуу каракыяктар жөн эле күмүш буусун чачкандай жаркылдайт. Кулпурат. Арчанын, кызыл четиндин жалбырактары тармалдана дирилдейт. Ана, чоктой үч суур каптал ылдый томурандап качып жөнөдү. Экөө кире качты. Тумшугу кара чоңу эки колун көкүрөгүнө алып, чочоюп тура калды. Айлананы жаңырта аңкыштады. Бир күйкө анын үстүнө айлана чарылдаса, тээ сол тараптагы боркул зоонун арасынан жоон топ улар чуру-күү түшө кутулдап, канат ирмебей зымырап сыза маңдайкы зоокалуу бетке учушту. Кайдадыр эки кекилик үн алыша кекиликтешти. Көгүчкөн аралаш чөкө таан чаак-чуук эти-

шип, боркулдарда жүрөт. Ушулардын баарын заматка көз алдынан өткөргөн Тамара эки ийнин солк эттире күчтүү дем алды.

— Түшүп жетелеп алсам бекен, же бастыра берсемби?.. — деп кыя жолдо аптыга түштү. Анан чымыркана жай жөнөдү. Бара-бара көнүктү. Аңгыча тээ өтөктөрдөн бирин-серин боз үйлөр, чачырап жайылган жандыктар, суу бойлорунан күдүрөйгөн уйлар көрүндү. Тээ көз жеткис туу чокуларда үйүр-үйүр жылкылар жүрөт. Айылды көргөнгө көңүлү ого бетер ачык. Үсөнгүсүн сыйпап калган сары куурайдын башын, жыты бур эткен шимирдин көк жалбырагын камчы менен чаап ойнойт. Улам кыркуу-кыркуу капталдардан өткөн сайын, эки көзү Алыйма жеңесинин үйүн баамдайт: «Алар ничке-кыянын учуна кондук деди эле, болсо тетиги ак үй. Жанында малдын тузу жыйылган чатыр бар дешкен. Ошол болор. Тээ наркы мөңгүдөн берки кээрүүдө жайылып жүргөн Самар кайтарган койго... ...Өзү кайда олтурат. А иттер үрдү. Тигине, Көкдогул! Малды ээрчип кетет дешкен эле... Самар үйдө го?» Маңдайкы бетке келгенде Көкдогул менен Куу канчык ажылдаша жүгүрүп келип, суунун кечмелигинде тосуп турушту. Иттер тор быштыны таанышып, үстүндөгү кызды боолголошту белем. Куйруктарын булгалап токтошту. Аңгыча чукулдан качкан суурду карай дүмүрөңдөп чуркап калышты. Алыйма үй үстүндөгү айран төккөн терисин алганы кармалап, кайра калтырды. Салт атчанды «ким болду?» деп бүшүркөдү окшойт. Тааныры менен ылдамдай утурмалады. Ат үстүнөн кучактап түшүрүп жалынып-жалбарды:

— О арам. Тамышым тура! Тегеренейин... Бүбү эсен жүрөбү? Жаканын ысыгына какталбай небак эле келбейсиңби... Жанагы жаман түндө: «Тамара түшүмө кирди. Сен чөйчөккө жуурат куюп бердиң» дегенин, айран түшөгөндө кар жаачу эле, малыңа сак бол дегем. Түшүнүн келгенин, тобо!

Тамара мойнун сала күлүңдөп, сол колун жемпиринин чөнтөгүнө тирей жамбашын таянып, камчысы менен өтүгүнүн тумшугун тырс-тырс чаап, кепке кулак сала жеңесин жандап басты. Жашыл жоолуктун жээгинен кылайган саамай чачы ак маңдайын сулуулантаиймейет...

* * *

Алыйма эс алганы келген кызды даамдуу тамак-аш менен төтөлөдү. Ак баштыктагы актаган таруудан сүткө борк кайнатып, каймак кошуп берди. Кечкиге кургаткан эттен жаркоп жасамакчы болду. Жүзүн шаттык уялаган Тамара чемодан толо китептерди оодарыштырды. Нукабалардын эскиргени, барактардын бүктөөлөрүнөн улам көбү окулуп бүткөндөй. Өзгөчө «Акылдан азап» Самардын колунда көпкө жүргөнго. Сырты ушунчалык жүдөптүр. Кээ куплеттерин көө калем менен чиймениң ичине алган.

Жол жүрүп кыйналгангабы, болбосо китеп оодарыштырып олтургангабы бою талыкшып, эс алгысы келди. Жумшак көрпө көлдөлөңдү жамбашына салды да, эки пар жастыкты башына коюп, кереге жакты карап, бурчка кыңкайды. Чийдин алдынан сырттагы жашыл жалбырактуу чөптөргө кызыга карап соок кылды. Керегенин этегинен бир тал кара кыякты чырт үзүп имерди. Анан шаркыраган суунун дабышын уга-уга мемиреп, көзү илинди.

Тамара тынч болуп калганда, Алыйма үйдөн шырп эткен дабыш чыгарбай сыртка чыккан. Колунда түйдөктүү ийик.

Күн кечтеген сайын мал короону карай чукулдады. Самар койлорду жыбырата бери кайрып коюп, үйдү көздөй жөнөдү. Колунда сүйрөп алган куу арча. Арча бирде көзгө отун болуп көрүнсө, бирде мүйүздүү тоо теке сыяктанат. Эс ала токтоп, мал жакты карайт. Сеңселген кара чачын сылай, калпагын алчы кийет. Баягыда чачы узарып кеткенинен апасы: «Кырдырып салсаңчы, койчуга чачтын кереги эмне» деген. «Райондуктар койгон чачты, курортто жүрүп мен эмнеге алдырам? Жайлоого «чач алгыч—ачып бергиле» — деп башкармага айтам, — деп күпшүңдаган. Чачын тегиздеткени кыштакка барып да келген. Кайсы бир күнү жылаң баш уулу шибер аралап келатса, Алыйма жетине албай күбүрөгөн: «Шаардан келген окуучуга окшошуп кетет бейм!.. Балам билимдин артынан түшсө эмне, кендирин тилегиң каткан согуш кеспедиби. Азыр да жанына келген баласы энеге татына көрүндү. Ичи жылып жүрөгү кубанды: «Назарымды көп салбайынчы. Жамандык

сууга ак!» деп ырым кылып, жанына туфа-туфа түкүрөт.

— Атам келдиби? — деди быштыны көргөн Самар.

— Тамара келди.

— Тамара! — койчу так түйүлө секирип жөнөдү.

— Акырын, уктап жатат. Чочутасың! — деп секиген апа жоолугун оңоп, кубанып ордунан турду.

Самар токтогон жок. Эшикти серпе босогону аттап үйгө кирди. Чын экен! Ак жастык жаздана бетине китеп калкалаган боюнча Тамара мемирейт. Жашыл көйнөгүнүн этеги менен бутун кымырынган. Кызыл жемпиринин алдындагы бөйрөк тушу солгун көтөрүлүп, кайра бастайт.

— Кандайча ойготсом? — бир тал чөптү үзүп алды да, маңдайынан сызып өттү: «Бир, эки-и ү-үч» кыз ийнин кагып түйшөлдү. Чукуранды. Төртүнчүсүндө селт эте китепти түшүрдү. Көзүн пардап-пардап томсоро калды. Анан койчунун каткырыгына аралаш жүзүн таанып, жылмайып обдулду.

4

* * *

Бийик тоолорду, жашыл макмал жамынган өтөк, ак чуудадай желпине шаркырап аккан кашка суунун көркөмдүгүн мал баккан Самар баалайт. Кээде туу кырда таягына өбөк артып туруп, туш тарабына көз чаптырып, толкунданат. Түркүн боёкту пайдалана билген сүрөтчү болуп калбаганына арман кылат. Ушул суктанарлык жайлоо Тамара келгенден бери негедир андан бетер кулпуруп кеткенсийт. Салкын желге бет тоссо жыпар жыттанат. Бешим ченде малын бери кайрып коюп, үйдү карай басканда тесте-тесте гүл терет. Калпагынын кайрыгын, жакасын, жада калса өтүгүнүн кончунан бери гүлгө саймалайт. Карааны качан көрүнөөр экен деген купуя үмүт менен үй тарапты карайт. Өзүнөн бетер көңүлү көтөрүңкү Тамара кызыл жемпирин желбегей жамынып, капталдап утурмалап басат. Берите суу. Экөөнүн кол сунушуп, жээкке секиришип ойношооруна, бирөө кытыгылагансып чер жаза каткырыштарына суу себепкер. Демигип чарчашканда кыр тирешип тура калышса, күлмүңдөгөн элестери суу түбүндө термелет... Көргөн-билгендери жөнүндө сүйлөшүп олтуру-

шуп, кээде сөз тизгини (негедир купуя болсо да) келечектери тууралу бурулат.

— Мен болсо билимдин артынан түшө албай калдым, — дейт Самар Тамаранын жүзүнөн көзүн ала качып, — сүйрөгөнүм таяк. Кайтарганым колхоздун бир короо кою. Сен...

— Койчу болуу жаман бекен! Биздин заманыбыз эмгектин заманы. Кайсы кесипте болбогун — ишиң ийгиликтүү болсо...

— Силердей окумуштуу эжелер айтып турбаса, карапайым малчынын көзү жетмек беле!

— Кууланбай эле кой! Менден көп билесиң...

— Дурус. Өзүң жөнүндө сүйлөчү? Он жылдыкты бүтөрүңө бир жыл калды...

— Аттестат колума тийсе. Мединститутка далалаттанам.

— Айылчарбага кирбейсиңби? Сен ветврач бол. Мен койчумун. Хе, хе. Теория менен практикадан талашып жаңжалдашып туралы.

— Антүүгө да болот. — Негедир Тамара саамга үнүн бөлдү. Ушул саам өңү муңайыңкы:

— Билим алуу арзан эмес. Стипендияга жетпей калсам... Атам болсо эмне!

Самардын жүрөгүндөгү сыр ачыла түштү. Курбусунун оң колун сүймөнчүк менен кармай калды:

— Сен диплом алганча... Расход жагын мага кой: Жигит болуп калбадымбы.

— Чын элеби! Качантан бери ойлоп жүрөсүң? — Кыз ысык алаканы менен Самардын жаагын сылап алды:

— Ыракмат. Менин.... Менин үмүтүм өзүңсүң.

* * *

Койчу келечек жөнүндө кыял кайыгына түшүп, турмуш толкунунда термелип жүргөндө, окуу жылы аяктап, Тамара сыноодон өтүп жаткан. Айыл ичинде: «Бүбү — кызын күйөөгө бермекчи болуптур» деген ушак тарады. Муну уккан Самар бирде Бүбүгө ачууланып таң калса, бирде,—«Тамара эч кимге бийлетпейт. Берген убадасын аткарат» — деп ишенди.

Чынында айың сөздөр бекеринен айтылбаган. Жогорудагы окуучуларга тааныш Жора бул колхозго ко-

мандировкалап келип-кетип жүрдү. Келген сайын Бүбү «апасына» (өзү Бүбүнү апа атап алды) жолукпай койбойт. Мурда саламы менен кайрылса, улам кийинкисинде белек-бечкек ыроолой баштады.

Бүбүгө сетка толтура кант, чай алып келсе, экинчи жолкуда жибек көйнөк, гүлдүү кызыл жоолук алып келиптир. Бүбү бул, ыроого берерге ашын таппай ыраазы.

— Окуп билим алган маданияттуулугу да. Жатыгына не бересиң. Ыйманы ысык! — деп оозунан түшүрбөй кызына мактады.

— Муну сен салынгын — деп ал түгүл гүлдүү жоолукту сунду. Тамара уялганынан макул болгон жок:

— Коюңузчу? Тим эле сүйлөй берет экенсиз.

— Ал эмнеси! Салынып ал! Жетпей жүргөндөр бар мындайга.

— Коюңуз дейм, коюңуз!

— А арам, эсиң жок болот бейм.

Аздыр-көптүр турмуштан тажрыйбасы бар кабарчы үчүнчү келишинде да сеткалуу келди. Бул жолкуда алып келген белегинен да Бүбүгө чечилип сүйлөп, сырын айтканы баа турду. Анын айтуунда балдар үйүндө тарбияланган, ата-энеси жок жалгыз экен. Сөзү арасында «ушул районго кызматка келсемби» деп да койду. Баарысынан да баланын кара жоросу жоктугу, Бүбүнүн тилегине туура чыкты. Андан соң Бүбү жашырбай эле кызы менен орой-чорой олтуруп сырдашты.

— Сен бирдемени сезесиңби? Жоранын назарын сындырбайлы... Колдон чыгарбасам дейм. Жалгыз экен. Мага бала-бото болсун. ...Жаштыгың жок. Бой тартып калдың.

Тамара каршылык кылды эле, Бүбү даттанууга өттү:

— Кызым. Менин да убал-сообумду ойло. Сени жанымдан оолактатып, боз тамда жалгыз кала албайм.

Тамара каш серпип күлдү:

— Менин оолактарыма көзүңүз кайдан жетти?

— Сөзүңдүн төркүнүн түшүнүп турам. — Апасы анын колун таптады, — балалык кыласың. Самар чыйрак экени, бириңди-бириң жакшы көрөрүңдү билем. Сенин кадырыңа жете албайт. Сүйрөгөнү таяк. Кайтарганы кой болду. Жора башка. Эл аралап көзү ачылган неме. Кишиликтүүлүгүн көрбөй турабызбы. Кудай буйруп кал-

са өзүңө тарбия-таалим үйрөтөт. Окууга өтсөң өбөк-жөлөк болор. ...Акылыңа тегеретчи? Деги, бай болгур: Самар экөөнү жанаша тургузуп элестетип көрчү! Хи-хи. Ойлон, жаным ойлон. «Кеңешип кескен бармак оорубайт» дейт. «Кап» деп, оозуңу карманып каласың кийин Жораны колдон чыгарсаң.

— Апа! Азыр анын мага кереги жок. Окуучумун. Институтка өтөйүн. Кийин чогу көрө жатарбыз.

— Ошент. Акылыңа келсең.

Кызы менен апа бирде акылдарын ортого салып, жай кеңешсе, бирде бирине-бири көнбөй кабак чытышат. Бирок кабарчы жигит из суутпай келе бергендиктен, Бүбү акыл айтып кулагына куйгандыктан, Тамара өзү окуган «Анна Каренина» романындагы келбеттүү Бронский менен Левиндин ортосунда калган Китинин алгачкы ролун аткарып жүрдү.

Эми Самардын эс дарты Тамара тарапта. Ара-чоло болуп малдан колу бошор замат, тор азый менен кыштакка чабат. Кээде кыштакка жетип эле, эч кимге көрүнбөй аттын башын кайра бурат. Кээде Тамарага жолугат. Ыктуу болсо шылтоо таап сыр сурайт. Анда кыз жымыя күлүп: «убадабыз ушундай беле? Мага жардам берип институтту бүтүртмөк эмес белең? Эмнеден чочулайбыз!» дейт. Терисине батпай сүйүнгөн жигит «ушундай болууга тийиш» дегенин билгизе баш ийкеп ыраазы. Бирде түн катып келет. Шылтоо табылбагандыктан Бүбүдөн жазганып, үйгө кире албай терезеден китеп окуп олтурган Тамараны тиктеп турат да, батынбай кайра жөнөйт. Беймаза болуп жүргөн Самар бир күнү Сарбаш акеге жолукту. Тамашакөй Сарбаш шылдыңдай күлүп, саламын алик алды.

— Койчу аке кандай? Биздин айылдагы белдүү малчынын бири болуп баратасың. Малды таштап кур чапкылап кыштакта жүргөнүңө жол болсун?!

— Анчейин жумуш менен келдим...

— Биле-ем! Жаш жигит... Көбүң менин колуман өстүңөр. Менден сыр жашырчу болсоң, жөн эле куйкаңды бодур таш менен сүрөм!

— Чын эле Сарбаш аке.

— Ии де.

— И дейин.

— И десең, базардан бир күрпөң сатып алып, ул-

пак менен беденин бүрүнө байлап семиртип койдум. Ошону коюңа кошкун дагы, минсем бутум жерге тийбегидей ирик бергин ордуна. Макулсуңбу?

— Аке! Макул деп коюп калпычы болуп калбайын. Жакында кошумча эмгек алганы турабыз. Менчиктин ичинен союуга жарары болуп калса, үн чыгарбай орундатайын.

— Менчигимден деги! — Ортонун малына колуң барбайт экен го? Ха, ха. Куп. Ушул убадага бексиңби?

— Буюрса аке.

— Анда кыштакка көп келчү жөнүңдү туюнтчу?

— Анчейин эле...

— Сыр катышмайданбы?.. ...Бар, жолуңа түш. Улгайды деп достуктан ажырашмакчы болупсуң да! Жолуңа түш, жолуңа.

Самар ат жалына өбөктөй каткырды.

Тамашакөй адамдан сыр жашырбагысы да келди.

— Эмне сыр болмок эле аке?

— Жолуңа түш дедим го?.. Бойдок арамга колукту кучактатайын деп көчөнүн кыздарын кароолдоп жүрсөм кой жайганына корустан болот ма. Бар, бар жолуңа түш!

Каткырган Самар, баса берген Сарбаш акени ээрчий:

— Өзүңүз билет турбайсызбы?..

Карыя мурутун сылай шылдыңдап күлүп, кылчайды:

— Күнүң түштүбү! Эмесе, Алымдын үйүнөн жазгыч жигит чыкпай жүрөт. Жигит болсоң Тамараны тарттырба. Уктуңбу? А эмнеге келип жүргөнүңдү айттырбай ак билем.

Бул сөздү Сарбаш ойноп айттыбы, ойлоп айттыбы. Койчуну ойго салды. Неси болсо да, ошол жигитти багып жүрүп, өзүнө бир беттешмекчи болду.

Бирок беттешүү кокусунан болду. Малга жем алганы кампага келип калып, апасынын тапшырмасы менен райондун чоң дүкөнүнө барган. Колунда түйүнчөк, кагазга оролгон бирдемелер бар эле. Үстүндө ишке кийчү эски шым-күрмө. Эгер сүйүүсүнө каскак болчу жигитке жолугарын билсе (өзү айткандай) бүт жаңы кийимдерин кийип, чачын тегиздетип, атыр жыттанмак. Ошентип, дүкөндөн кайтып келатса, папка колтуктаган бирө

кошо басып калды. Самар абайласа, бул жердик эмес. Андыктан байкоор да салган жок. Ушул Жоранын өзү болчу.

Жора озунуп, жергиликтүү жигиттин жөн-жайын сурады:

— Кайсы колхоздон болосуң?

— «Ч» колхозунан — деди Самар.

— Кесибиң эмне?

— Койчумун.

— Комсомолдо барсыңбы?

— Бармын.

— Бакканың субайбы, тубарбы?

— Тубар.

Жора папкесинен блок-нот сууруду. Мал башын, төл эсебин жазып алды. Самар ошондо гана кабарчыны эсине кылт түшүрүп, ага олуй карады. Бирок үстүндөгү эски кийиминен, колундагы көтөрүнчөктөрүнөн уялып, оңтойсузданды. Жүрөгү элирип кеткен менен мукактана түштү. Аңгыча китеп колтуктап мектептен келаткан Тамара капталдарынан чыкпаспы. Койчу, учурашкыча Жора шапылдап:

— Оо, чоң кыз жакшысыңбы? Апам күүлү турабы? Окуу кандай? Экзамен бүт «беш» болгудайбы! — деп ийгени.

Кыз уялыңкырап:

— «Беш» кайдан. Аттестат алсам... — деп үнүн бөлдү да, көз кыйыгын Самарга жиберди. Анан Жорага бурду.

...Аттиң, апасы Бүбү «Самар менен Жораны элестетип көрчү?» деп бекер айтпаган белем: Кабарчынын катарындагы койчу көзгө эң комсоо. Жора көк калпакты кырданта кийип, кызыл галстук ак көйнөктүн жакасында жүрөкчө түйүлүп, сымбаты зыңкыйып турса; тигил думанадан бетер түйүнчөктөрү салбырап шелпейет... шадылуу колдору кирдеп, өңү да тотуккан. Чачы өсүп, боз шапке араң батып калыптыр. Апа тилин албаган кыздын байкаганы ушул гана болду. Жүрөгү зыр этип, басып кетти.

— Колхоздун кеңсаларында жумушум бар. Апама учурашам — деп калды Жора кыздын артынан. Ошондо ындыны өчө түшкөн Самардын намысы ташкындай:

— Сен кабарчы Жорасың го?

«Сен» деген сөзгө тырчый түшкөн неме чакырая бир карап, баш ийкеди. Койчу чукулунан кетти:

— Сени кабар жазбай эле кыздарды каттап жүрөт деп уктум!

Бүбүдөн чоо-жайын уккан Жора мунун Самар экенин билди. Беркидей курч тийбей, оолактай басты. Эгер өзү сымал жооп кайрыса, менин Самарым тике эле жакадан алып кол салат беле, ким билет. Көзү жайнап, бети албыра демитип, ийин тиреше кыжынды.

— Кабарыңды өз жолуң менен чий жигит. Калемиң бир жериңе сойлоп калып жүрбөсүн.

— Чебердеп сүйлө! Маданият дегенди билесиңби?

— Билгениңден...

— Бул жоругуң менен соттолуп кетесиң. Хулиганство дейт сеникин.

— Арыз жазбайсыңбы, үстүмөн! — Буулугуп жүргөн Самардын муштуму түйүлүп, жөн эле кулак түпкө бергени жүрөт. Жоранын көзүнө койчунун жүзү улам сүрдүү, бою улам узаргансыйт. Папкасын алмаштыра колтуктап, жалтайлады. Экөөнүн ортосунда кежендешкен сөздөр болду. Самардын көп кекетүүлөрү жоопсуз кала берди. Ошо жоопсуз калышы анын кол салуусун тизгиндеди. Бирок Жорадан калбай ээрчип алды. Качан кеңсаларга киргенде, кабарчыга тил кирди. Куба жүлүн бухгалтерге Самарды көргөзө:

— Агай, мобу койчу жинди немеби? Сөгөт... Тийишет. Койчу ошондо да жалтанбай итерип жиберди:

— Былжыраба! Көргөзөм жиндиликти.

Бухгалтер ортого түшө калып, Самарды эшикке түртүп жөнөдү:

— Оой Самаш, эмне болду? Капырай, уят эмеспи.— деди да, бурчка алып барып шыбырады:

— Кокуй, кабарчы менен ойнобо. Гезатке жазып бүтүрөт.

— Көрөм жазганын! — Жулкунуп алып, сыртка чыкты.

Самардан тынчтык чындап кетти. Таноосу кыпчылып, жаак эттери түйүлөт. Өзүн-өзү токтотуп, кимге кандай мамиле жасоо керек, турмуш деген эмне, мындай ой башына да келбейт. Тек, Тамараны карамагына биротоло өткөрүп алган немече, а карамагындагы адамга жеке башкаруучулук кылчуудай өктөм. Өжөр. Күй-

бөгөн жери кул. Көзүнө көрүнгөндүн баары эле Жорадай суук. Ким болбосун өзүнө жамандык издегендей. Мал жайып баратканда ак шыйрак бөлүнө калды эле, ызырынып таягы менен жонго салды:

— Кош! Кош! Тигини, тетири басат.

Уулунун кабагы ачылса-ачылып, бүркөлөс-бүркөлгөн Алыйма:

— Самаштай, не болуп жүрөсүң? Айтчы сырыңды, бирөөлөр印 кактыбы? — деп өтүндү эле, мурду менен тийди:

— Ишиң болбосун!

— Ботом, бул кандай жорук.— Анан эне эмшеңдеп жашый, — Балаңа тилиң өтпөсө...

Самар соолуга да, иймене да түштү. Тултуюп жер тиктеп эшикке чыкты.

...Күндө көз жоосун ала желге ыргалган дүйүм-гүлдүү жашыл чөп, сала-саладан чубалган күмүш булактар жөн гана табыйгаттан жасалып калган өлүү нерседей көрксүз; жайда кулпурумуш болуп, күздө саргарып, кышта карга басырылып жок болчу неме. Тиги, жыбырап жайылган жандыктар ач көздөнө жер бетине түк койбочудай жулунуп оттошуп, гүлдөрдүн сабагын отоп, жулуп түгөтүшүп, бүлүндүрүп бүтүрүшчүдөй. А төбөдө, булутсуз асманда, айланган бүркүт жемсөзүн тойгузууга жем таппай кекилик, уларга кыянатчылык издеп чабыттагандай. Береги куу канчык куйругун булгалап кыңшылап, боюна секирип эркелемекчи болду эле, эки жүздүүлөнүп, кошомат кылып жаткандай итиркейин келтирди. Баарынан суурдун этине тоюп, комдонуп уурутун жалаган Көк догул гана калыс сыяктанып кетти.

* * *

Өзүнөн өзү Самардын санаасы тынчыбай жүргөндө атасы эч жумушу жок болсо да, эртең менен атын токунуп алып, кыштакка кетип калды. Атасынын жоругуна Самардын ачуусу келди. Малды апасына тапшырды да, сандыктан жаңы кийимдерин алып кийинди.

— Кайда камындың каралдым? — деп Алыйма өтүндү эле үндөгөн жок. Апа үшкүрүндү. Суроосун дагы кайталады.

— Фермага жолугам. — деди тултуйган Самар.

— Эмне себептен уулум?

— Малды өткөрүп алышсын.

— Түшүнүктүү... Атаңа өчөшөсүңбү?.. Кудайдын берген ырыскысын тебе баштадыңар го экөөлөп. Болуптур, билгениңерди иштегиле! Элдин малы багуусуз калар дейсиңби. Жалгыз башымдын камын мен да ойлоноюн. Журт бар эмеспи, талаага жалгыз калтырбас.

Самардын жүрөгү тыз этти. Селт эте апасына карап алды. Бирок айтканынан кайтпай кыштакка келди. Анын көңүлүндө эки пикир: биринчиси — атасына жолугуу. Малды багабы жокпу? Бакпаса чын эле фермага билгизмекчи. Экинчиси — Тамара менен бир жаңсыл болуу. Эгер Тамара апасынын тилине көнүп, өзүн таштаган болсо анда, андан ары эмне иштери белгисиз. Жана эмне себептен малдан кутула жадаганы да белгисиз.

Атасын эч жерден таппай келип, Бүбүнүн төрүнөн көрдү. Сапайдын алдында керден толтура бозо, кара баркут топусу сол кулагына ооп, ак көйнөктүн төшү ачыла жарпы жазык.

...Бир аз мурда Бүбүнүкүнө Жора келген. Келечек кайненесине «чай ичип туруңуз» деп миң сом берген, Тамараны институтка өзү өткөрөрүн айткан. Ошо миң сомдон ооз тийгендикке шыйгарылып, эки бөтөлкө вино алынып келинди да, Бүбү бозонун алдында Сапай менен ичишти.

Ушундай учурда Самар үйгө баш бакты. Сапай көзүн ирмеп, обдула оңдонуп олтурду.

— Ой, Самарсыңбы?.. Айбан, малды таштап кайда жүрөсүң? Кандай жосун бул!

Самардын көзү чарасына тынч жаткан жок. Эки жагын карап, босогону сурданып аттады. Кызуу ата сөзүн дагы кайталады. Бул сапаркыда уулу эч кимден ыйба кылар эмес. Атага тике карап:

— Чабанга керек болбогон мал койчунун кабыргасын кайыштырмак беле. Талаада калды — деди.

— Эмне дейсиң ой! Сен... Мээң ордундабы?

— Ордунда болбогон үчүн басып жүрбөйүнбү... Тур, малды көздөп ал! — деди да шарт бурулуп чыгып кетти. Ата сөгүнүп, уруп ие турган бозосу колунда чайпалып кала берди.

Самар Тамарага жолугайын деген ой менен районго келди. Көчөдөгү баскан-тургандарга, клубдун тегерегиндеги волейбол ойногондорго көз чаптырды. Издеген кишиси көрүнбөгөнүнөн мектепке кайрылды. Мында экзамен учурундагыдай жайнаган окуучулар көрүнбөйт. Комбинзон кийген дубал майлагычтар, ал жапкыч байланган жыгач усталар жүрөт. Эки кашынын ортосу жиктене жүзү кайраттуу, көзү жайнаган Самар бакты аралап басты. Тетигинде, чоң түп терекке сүйөнүп эки кыз сүйлөшүп турат. Ооба, берки далы салып турганы Тамара, аркысы өзү менен бирге бүткөн Бермет.

* * *

...Документтерин толуктап Фрунзеге жөнөгөнү жаткан Тамараны болжоп келген Жора Бүбүгө миң сом жашырып берди да, түшүп кеткенге машине издеген киши болуп, Тамараны районго ээрчиткен. Бирок күн мурда «победа» таап койгонун кызга билгизген эмес. Экөө көчөдө ээрчишип жүргөндө, Тамаранын бирге окуган курдаштары жолуга бергендиктен, Жора кечирээк жөнөөнү ойлоп, «сиз ушул аймакта болуңуз!» деп кызды калтырып, бир ишке шылтоолоп, райком комсомолунун мекемесине кеткен. Тамара Берметке учурап, аны атайы мектептин багына эрчитип келди... Тамаранын мүнөзү бүгүн башкача эле. Бирде эмнегедир делөөрүп сүйүнгөндөй болсо, бирде ойго бата тунжурайт. Муну Бермет сезди. Делөөрүгөнү — институтка өтүп калсам экемин. Эчтекеге алаксыбай окуумду жакшы окуюн деген талабы. Ойго чөгүшү — Самар тууралу. Өгүнү Самарга учурaганда ага салкын караганын үйгө келгенде сезди. Эмне үчүн аны салкын карадым? деген суроолорду өзүнө нечен жолу берди. Башынан берки балалык учурларын көз алдынан чуурутту: бирде кыш чилдеде отун көтөрүп, эки үйдүн камын жеген жаш Самар мунарык арасынан көрүнсө, бирде; «окугун. Окууңду бүткөнчө тапкандарым сен үчүн!» деген кайраттуу Самар жаагын сылап эркелетти. Көзү от чагыла жаркылдап, көзүнө урунду. Анан кыз, кабарчы менен койчунун кайсынысы сүймөнчүктүү экенин жүрөгүнөн издеди. Өз жүрөгүнөн Самардан башканы табалбады. Ал канына сиңип, жүрөгүн соктуруп турду. Чыдай албай буулукту. «Эмнеге келбей койду. Көзүмө көрүнүп койсочу» деп эңседи.

Ушул сырын Берметке айтып жатканда, жаш күнүнөн тааныш, кулакка сиңген баасыз үн шак этти:

— Тамыке...

Ток тийгендей Тамара артына бурулду. Шыңга бойлуу Самары өзүнө басып келатат.

— Самаш, сенсиңби!.. — деген сөз жумшак чыгып, күнөөлүүдөй өзүн зордоп жылмайды.. Баятан быйыл окууга баралбай турганын айтып берген Бермет экөө өзүн көзгө илбей кучакташканда бурула калды. Жана бул кучакташуу сүйүүнүн күчү экенин сезди.

— Качан жөнөйсүң? — деп сурады Самар.

— Бүгүн... — деди да мукактанып, — жаныман чыкпачы? — деп өтүндү.

— Бүгүн?

— Ооба узарган жок.

— Азыр келем.— Ишке жандуу киришкен Самар токтолбостон, колхоздун кеңсаларын карай кетти. Самар бухгалтерге жолугуп, анан кассирди издеп, бир топко кармалып калды. Акыры жарыбагандай акча алып, районго келгенде Берметтен Тамаранын жөнөп кеткенин укту.

## 5

...Саат экиден кийин «победа» минип, Жора Тамарага келген.

— Иш оңолгондо баары ойдогудай болот Тамыш — деди ал, шляпасы менен алкым терин желпип,— машине Фрунзенин өзүнө барат экен. Акчасын төлөп койдум... Удачаларга караганда экзаменди мыкты тапшырасың го!

Эмнегедир Тамара апкаарый түштү. Ичи ысып-күйүп эч жакка кетпегиси да келди. Анан тайсалдабай эле:

— Ыракмат машине тапканыңызга. Бүгүн жолго чыгалбайм. Өзүңүз жөнөй бериңиз — деди.

Жора чочуп, бирок сездирбөөгө тырышып күлүп жиберди:

— Бу жоругуңуз менен окумуштуу боло албайсыз. Кой, жолдон калбаңыз.

Балким Тамара жөнөбөй калат беле, Бүбү келип калды. (Кыясы жана Самар атасына катуу айтып, чыгып

кеткенден кийин райондон балдарга жолукса чыр чыгат деп чочуласа керек). Кызымтал неме көзүнө жаш алып, кызын өпкүлдөдү. «Ак жолуң ачылсын. Кудай бакты берсин» деп да айтып жатты. Кызынын «бүгүн кетким келбей турат» дегенин укканда:

— Белен машинеден калганың болбойт! — деп шаштырды. Тамара бир чети мас апасына теңеле албай, экинчиси «победа» да орун барбы? деп шофердон сурашып чогулган жүргүнчүлөрдөн жазганып, түшүүгө аргасыз болду. Самар тарапты кылчак карады эле, андан дайын жок. Анан Берметти четке ээрчитип:

— Самарга айтпай койбо — деп тапшырды.— Экзамендин ийгилиги кандай болор экен, кабар алып турсун.

Тамаранын Жора түшкөн «победада» кеткенин уккан Самар эч токтобой Балыкчыга бараткан автобуска олтуруп, артынан жөнөп кетти. Автомобилден чаң созулуп, айылдан узай бергенде, үй тарабына кылчак карады. «Атам малга барды бекен?!» деп ойлоду. Анан колду бир силкип таштап, кабинаны таяна алдына бурулду... Муздак шамал аркырап, кулагы күңгүрөйт. Жаак эти ансайын түйүлүп, каны кызыйт: «Бу эмне, Жора мынчалык жабышат? Жок. Тамара эч кимге макул эмес. Бекерге күйүп-бышпайынчы...» Матордун күүсүнөн жол чети зымырап артка учат. Койчу өзү жашаган жер чегинен бир топ узады. Ошондо баягыда буту сынып ооруканга барганда көргөн шаарды көз алдына элестетти.

Саат беш ченде автомобиль белдеги жүргүнчүлөр тамактанчу столовойго келип токтоду... Тизилген машиналар. Бири кетсе экинчилер келип токтоп, моторлордун күрүлдөгү басылбайт. Каалгый басышып, беттери кызарып тамактанып чыккан жүргүнчүлөрдү көргөндө, Самар курсагынын ачканын билди. Бирок чөнтөгүндө жарыбагандай гана акча бар экенин ойлоп, тынчсызданды. «Жолго төлөсөм, Тамарага да акча керек. Шаар болсо, түшкөн үйдөн ичип-жеп жүрө берүү уят,— деп күбүрөйт.— Ылайыктуу иш табылар бекен? Заводгобу, жер казсам да мейли. Тамараны бага алсам... Ушул сыяктуу ойго чарпылып келатканда машина кылдырттай түшүп, четине бурулду. Шофер маторун сыйпалап, бирдемелерин ачып көрүп жатып:

— Түшкүлө. Радиатор жүткүнүп кетип, мотор жеп жибериптир.

— Жолуң болгур — деди ак калпагын кагып, кайрыгын оңдоп кийип жактан карыя,— жок дегенде Чолпонго жеткирсең эмне? Эми жолдон машина алар бекен? Сен кайда бармак элең уулум? — деп Самардан сурады.

— Фрунзеге.

— Оо. Үйүңүн босогосун аттарың менен жолдо калган турбайсыңбы. Шамшы совхозун уктуң беле? Ошол жерликмин. Эптеп Чолпонго жетсем, а жерде ат бар, андан нары ат менен кетем... Заманыңар учкул болду,— деп кобурады Самарга карыя, бурчтары чачылуу кызыл кружунунун оозун силкип, чаңын күбүп,— илгери Поронзону Чүй деп койчубуз. Анда көңкөбай жок. Мындан Кочкорго, анан Балыкчыны аралап айланбай, береги Шамшыны ат менен аша койчубуз. Муну ашсаң аркы оозу Кегети, андан ары Токмок кааласы. Ии... Ошентип анан, Чүй талаасы башталат. Эми Иванов, Кант деп аталды го... О, тетиги, Жумгалдыкмын дединби? Силердин эл Аларча ашуусу менен катташчу. Ии... Ашарың менен эле азыркы Поронзонун үстүнөн чыгат. Жакшы... Кана, уулум Көңкөбай көрүнсө кол көтөрүп тур... Узун жолду кыскарт деп айтат жолоочулар. Анысы бирдеме сүйлөп, эрмектешели дегени эмеспи. Ии... Эмне жумуштап баратасың шаарга?.. Окуугабы. Кайсы айылдан, кайсы уруудан болосуң? Сүйлөй олтур. Бир тууганың эчөө? Ата-энең барбы?.. Арыкта таза суу бар гура, даарат алып, бешим окусам көңкө жөнөп кетпес бекен?

...Менин койчум бей тааныш карыя менен аркы-беркини сүйлөшүп олтуруп, жоош, нускалуу жагын байкады. Сарбаш аке эсине түшүп, анын ачкыл сөздөрүн эстеп жылмайды... Бул карыянын баласы шахтыда инженер болуп иштейт экен. Ошо уулуна учурашканы барыптыр. Элдин баары эле жаңы там-тарак куруп жатат. Карыя да быйыл жаңы үй салсамбы деп аракеттенген экен. Баласы сунушуна макул болуп, кышын куйдура бериңиз деп, акча бериптир. Карыя бул сырын да жашырбай, эми барары менен киши жалдап кышка кирише берерин айтты. Тамаранын артынан баратканын жашырган Самар: «Карындашым окууга кетти. Экзамен

бергиче жанында болом» — деген. Карыянын кийинки сөзүн укканда, ыңтайсыздана түштү да, «экзаменин бере берсин. Ашыгып эмне кылам. Жолдон акча таап кеткеним оң эмеспи?» деп ойлоду да, жашырбастан:

— Аксакал, кышыңызды мен куюп берсем болобу? — деп сурады.

— Эмнеге болбосун. Ата көрү, иштесең ишке тойбой турган кезегиң экен. Акыңы алып, карындашыңдын артынан пул жыйнап барсаң — кудай да сүйөр сени... Сөзүмдү ук!.. Сендей кезде бир жоон топ кедей жигиттер чогулуп алып, маталык теңге үчүн Анжиян, Маазыга барар элек. Өзүбөктөргө жалданып, ноолу согуп, чөп чаап, жайлап-кыштап анан келчүбүз... Ыймандуу балам окшодуң. Эки иштен бир иш. Мага анык жолдош чыктың. Жүрү, мени да оңдуруп, өзүң да акчалуу кеткин?

Жашоодогу милдет босогосун алгач аттаган Самар карыянын үйүнө бирге келди. Карыянын шакылдаган кара аялы сыягы эринен бир топ кичүү сыяктанды. Инженер баланын эсенчилигин суроодон мурда куржундун оозун ачып, чай-кант, көйнөк-кечени аңтарып теңтерди. Кичинекей ботинке чыкты эле, атасынын мойнуна асылган беш жашар кызга сунду:

— Кийип көрчү, тар келбес бекен.

Карыя — үй курууга акча алып келген уулу, бул аялдан эмес экендиги, ар бир айтылган сөздөн улам Самарга түшүнүктүү. Аял: үйгө акча бердиби? Жетер бекен? деген сыяктуу сөздөрдү айтты. Карыя кызын өөп-жыттап алаксып, аялына жакшылыктуу жооп да берген жок.

— Тур, чай кайнат мейманга... Кышты ушул балам куят.— деди. Аял Самарды чолуй карап алып:

— Акысын сүйлөштүңөрбү? Акча жаныңа түшкөндө жерге батпай кеткенсиң го! Кайсы жарыта беришмек эле; Келинибиз бийик така кийет. Бир көйнөгүнө миң сом төлөнөт.

— Чай кайнайт дейм... Уй бададабы...

— Бир жакка барып келсе, таш көтөргөн немече жарытылуу сөз да сүйлөп бербейт. Бадада болбогондо базарга сатып ийди дейсиңби уюңду — деди ойсоктой.

Эрине эркелейм дейби, же ушинтип сүйлөшү өзүнүн мыкты экенин билгизеби, аял куржундун оозун силкип таштады.

Эртеси эрте туруп эшигинин алдын шыпырып, үй айланасын тазалап, күпкөдөн чыгарган тоокторун тосмо торго камап, жем чачкан карыя Самарга кыш куяр жерди көргөздү. Өзү чоң кетмен менен кыш таштар аймакты түзөттү. Самар ылай алчу аңгекке суу байлап, ишке киришти. Алгачкы төрт күн уда — кош көз төө калып менен күнүнө беш жүздөн — алты жүз чамасына чейин кыш куйду эле; кечкисин топурак казып, суу буруп, тебелеп, додо ылайды бир канча жолу кетмендеп чаап, которуштурганга булчуңдары создуга, күчү кайта түштү. Бешинчи күндөн кийин төрт жүз элүүдөн, төрт жүздөп куюп калды.

Ээси менен бир кышты жыйырма беш тыйындан баалап, он эки миңге макулдашкан. Муну ашып кетсе бир жарым жумада бүтүрөм деп ойлогон. Бирок эки жумадан берки куйганы зорго жети миңден ашты. Улам барган сайын кетмен шилтеши, ылай тебелеши мурдагысынан чабал тартты. Анын үстүнө кече жаан жаап, бир күнкү кыштын көбү эзилип, эсепке кирбей калды. Күндө чоң түп талдын түбүнө жаткан Самарга үйгө төшөк салгын деп карыя аялына айтканда аялы: «Каяктагы селсаяк немени, үйгө жаткырбайм. Уктаганда баарын көтөрүп кетсе кайдан табабыз? Жатпаса жабышып калсын» десе болобу. Аялдын бул айтканы сыртта турган Самардын денесин дүркүрөттү. Айсыз караңгы, жамгыр көнөктөп куюп турса да кетип калгысы келди. Бирок адамкерчиликтүү карыяны кыялбады. Ал түгүл карыя аялын камчы мененби, кур мененби тарс эттире соору талаштыра салып калганда, урушка өзү себепкер болгондой уялды.

Чоочун кишиден суук сөз укканга назары сынса да эптеп чыдап, үйгө түнөдү... Эртеси күн чайыттай ачылды. Суу болгон чымчыктар күбүнүп, талдын шактарында, дубалдын кырларында чырпылдашып жүрдү. Айлана тазара чаң басылып, жашылдана түшкөн. Өзгөчө эки чабындысынан кийинки беде — жалбырагына жабышкан тамчыны силкип, кара көк... Самар ылай алган жерди байкап көрдү. Эки күнгө чейин кыш куюлгудай эмес. Ушул шартты шылтоо кылып, карыядан тийиштүү акысын алды. Анан жолду сурап, жөө Шамшыны ашып жөнөп кетти. Тилдүү аялдан «селсаяк» деп укканына ыза болушу мээсинен тарабаганы менен чөнтөгүндөгү

эки миң сомго көңүлү көтөрүлүп келатты. «Бир сыйра жаңы кийинип, аз күнгө жеткидей акча алып калайын да калганын Тамарага берейин деп ойлойт.— Экзаменге киришкендир. Өтүп кетсе экен».

Кеч бешимде Кегети айлынан өттү. Тетигинде калдайып Токмок шаары. Самар жүрүп келет. Бийикке чыгып, эңиште желе басканга тизеси, жоон сандары чымырап ооруй баштады... Мурда эки жакка чыгып кагылып калган неме болсо бир үйгө кирип өргүйт беле, же машина — араба каттоочу жолду сурамжалдамак. Бул оюна да келген жок. Кара күрмөсүн ийнине арта салып, сапарын узартууда. Келатып коон-дарбыз жайнаган бакчага кезикти. Көзүнө сонун көрүндү. Андан калса карала чаар дарбыздар, жыты буркурган сарала коондор, сай ташындай жалтырап жатат. Колхоздукубу, совхоздукубу кайтарган киши көрүнбөйт. Негедир өзүнчө жылмайды да, кыя өтө албай көзү менен сонунунан тандап, бирди үзүп колтуктап алды. ...Ичинде шаркыраган суусу бар чоң арыкка келгенде тердеген буту колун жууп, сергип алууга токтоду. Чукулда эки жал чөп. Арыта кыска көчөлүү кыштак. Ар үйдүн жанында жемиш жыгачтары. Шагында салбыраган кызыл алмаларга карап, менин койчумун: «Биздин жерге эмне бул жемиштер өспөйт? Же тигип, көңүл буруп бакпаганыбызданбы?»— деди да, чөптүн көлөкөсүнө эс алууга олтурду. Карыя жол азыкка деп берген көмөчказан менен ширин коонду аралаштыра мыктап жеп тойгондо жамбаштай кыңкайды. Чарчаган денеси көшүлүп, уктап кеткени.

Антон Павлович айткандай чыгармадагы кокустук үшинтип башталат тура! Муздак сууга жууп, сунуп койгон шыйрагына камчы чып эткенде пейкапар Самар чочуй ыргыды. Эләңдеп тура калды. Маңдайында үч атчан киши. Бири — боз шляпа, күрөң чийбаркут күрмөчөн, экинчиси — милиция формосун кийинген майор, үчүнчүсү — териси этине жабышкан, тыртыйган кара киши. Камчы чапкан да ушул арык неме окшоду. Тигил экөө мурутунан жылмайып, окчунураак турат. Тыртайган кара — канталаган көзүн чакырайта камчысын чөп түбүнө сунду:

— Бул эмнең? Эгип койгон коонуң барбы!

Алаптай түшкөн Самар жаткан ордунан кылчайды эле; сарала коондун солуй түшкөн кабыктары, сындырым нан жатат. Кара чымындар үймөлөшө учуп конуп, кашка аарылар жүрөт. Кара неме жанын сабап сүйлөй берди:

— Көрдүңбү башкарма! Кайтарбайсың-кайтарбайсың дейсиң. Көзү көргөн кыя өтпөйт ушинтип. Үзүп-алышат, чылбырын жулуп кетет соолтуп... Ой майор аке! Береги баланын өңү мага тааныш көрүнбөдү. Машинелеп уурдап жүргөндөрдүн бири ушул. Бүгүн дагы алды менен келип, абайлап, жолдошторун күтүп жаткан тура. ...Ишим ак эле дейм да! Самарды төбөгө чабууга камчы үйрүгөндө майор токтото калды:

— Тарт! Кандай немесиң. Иштин чын-төгүнүн билбей туруп, жолукканды сабай бересиңби. ...Атын темине чукул келип, Самардын дайнын сурады.

— Кайдан келатасың?

— Мобу, мобу белдин ары жагынан агай.

— Кайда барасың?

— Фрунзеге. Карындашым окууга кетти эле.

— Коонду эмне үздүң?

Койчу кызарып татарып көзүн алайтты.

— Эмне үчүн үзөсүң бэйжоопсуз?

— Байкабай эле агай... Чарчап, жегим келгенинен...

— Жегизем сага! — Арык кара демите берди,— буга чейинки жоголгондорго жоопту сенден алам. Тим эле, таманыңа шиш кагып туруп айттырам!

...Иш мындайча экен; ушул коон-дарбыздан кимдир машиналап эки жолу уурдап кетет. Башкарма күнөөнү кароолчуга коёт. Эмгегиңди карматтырам дейт. Шылтоо табалбаган тыржыгый кара буктурмалап жүргөндө Самар бир сарала коонду үзүп, чөптүн түбүнө келди. Кароолчу бак аралай чаап, башкарма менен уполномочун майорго барды Аларды уктап жаткан «уурунун» үстүнөн чыгарды. Кичине болсо күнөөлү болгон Самар минтип колго түштү. «Чын эле, машиналап уурдагандардын бири ушул го?»— деген күнөм менен колхоздун кеңсаларына алып келип, Самарды майор суракка алганда ал күнөөлүдөй көрүндү:

«Атам чабан, өзүм койчумун. Окууга кеткен карындашымдын артынан баратам» дейт да, «эмне үчүн бел ашып жөө жүрөсүң?» десе; акчам тартыш болду» дейт.

«Эки миң сом аздык кылабы?» десе, кыш куюп тапкандыгын айтат. «Атаң экөөң малчы болуп туруп, кыш куюп акча аласыңарбы?!» десе, «иш ошондой болуп калды агай» деп жер карайт. Баарыдан да паспортту барк албай ойдон-тоого мал айдап жүрө берчү Самардын ким экендиги жөнүн да чөнтөгүнөн справкада чыккан жок. Военный билет менен комсомолдук билет чамадандагы бойдон калтырыптыр. «Атайы шаарга жөнөсөң. Өзүң эс-акылы кирген жигит болсоң. Документ жагын неге ойлободуң?» деп туура күнө койгон майор, экинчиси — уурдалган коон-дарбыздан шек чыкпай жатканына байланыштуу — Самарды кароолчуга учкаштырып келип, Токмоктогу тартип үйүнө кийиртип таштады. Баарыдан да чучук какшаткан ызасы — жанындагы акчасына кошуп, курун топчуларын кыйдырып, дежуркага тапшырышты. Ошол эле күнү жергиликтүү милиция органына Самардын ким экендигин сурап, түшүнүк жиберди. Мына, коон уурдаган бала бөлмөгө бекигенде арык кара кандай гана сүйүндү бейм. Атын кайра-кайра камчыланып:

— Өкүмөттүн укуругу узун эле дейм да. А башкарма, көзүңү ачып, жакшы кайтарбайсың деп кекетет. Жаш бүткөндүн баары ширин коонго кызыгарын билбейт. Ишим ак, ишим ак! — деп чаңкылдап жолго түштү.

Кече эле акча табыш үчүн карыянын кышын куюп, акысын алып ою келгендей жол жүргөн Самар азыр беш киши менен бирге өздөрүн көзөмөлдөгөн кара мурут старшинага көз каранды. Бул закон. Баш ийбөөгө акың жок. Бешөөнүн экөө мас болушуп, жаман айтышкандыктары үчүн он беш күнгө кармалышыптыр. Калгандары д. у. с. кылмыш иштешкендиги үчүн. Старшина алтоону эрте тургузуп айлананы, эл эс алчу бак-даракты тазалатат. Кээде машинага салып, эгин жыйноого алып баратат. Бир күнү бузулган көпүрөөнү ондотту. Лом менен эски устундарды омкоруп тердеп, онтологон экөөнү:

— Мындан кийин тарта ичип, сөгүшкөндү тыярсыңар — деди эле, жаңы устунду балталап сыйдалап жаткан Самарды:

— Ии. Коон үзгөн жигит. Колуң сулдуу окшойт. Кымтый качканга кызыкпай, ак иштеп көнгүн эми — деди. Старшинанын сөзү Самардын намысын келтирди:

— Тартараак жаман аттуу кыл аке.

— Билбейм. Үздүңбү үздүң. Кандай айтсам да меники эп. А көркчө ушул сага сабак болсун. Иште, иште жигит.

Арадан үч жума өтүп кетти. «Аттиң, баягында эле майорго чынымды айтпай жаңылыпмын. Жаштык а кишинин башынан өтпөй койду дейсиңби» деп Самар майорду бир көрүүгө зар болду. Майорго жолугууга старшинадан сурады эле, ал бирде уполномочундук милдетинде жүрөт десе, бирде борборго кетти деп жооп берет. Акыры иш жакшы аяктады. Машиналап уурдалган коондор табылып, уруулар менен кароолчунун өзү шериктеш экендиги ачылды.

Майордун эске түйөөр насаатын угуп, колун кыскан Самар, санааркаганга өңү аза түшсө да, чын эле ушул көргөндөрүнө өзү ыраазы болуп, көңүлү көтөрүлө Фрунзеге келди.

Эртеси бир сыйра жеңил кийим сатып алып, чачын тегиздеттирип, мончого барды. Түш оой Тамараны издеп мединститутта жүрдү.

Сыноо аяктап, кабыл алынган студенттердин тизмеси илиниптир. Алымова Тамараны тизмеден көрө коюп, өңү шаттана күлүп жиберди. Угуза:

— Жарайт биздин Тамыш! — деп да айтты.— Өзүн кайдан табар экем?

Кебетелери сырттык экендиктерин билгизип турган эки кыз жогорку катардан түшүшүп бараткаңда ээрчий чыгып, кайрылды:

— Карындаштар, мүмкүн бекен?..

Экөө жылмая баштарын ийкеди.

— Ушул институттансыңарбы?... Тянь-Шандык Алымованы таанып бекенсиңер?

Кара тору, көкүрөгү ачык көк көйнөкчөнү:

— Тамарабы? — дей калганы.

— Ооба, ооба.

— Жумушуңуз бар беле?

— Издеп жүрөм.

Кыздар өздөрүнчө күбүрөшө түштү. Көк көйнөкчөнү саамайын артына сылап токтоо сурады:

— Эмнеси болосуз?

Самар такыганга бырс күлө тамашага бурду:

— Тергөөчү болсоңуз айланы кетирмек экенсиз. Бил-

сениз... Экөөнүн бул жолку күбүрөшүшү шектүүдөй сезилди.

— Тааныганда... Кандай жакыны экениңизди айтыңызчы?

— Жердешимин... Окууга өткөрмөкчү элем.

— Сизсиз эле өттү! Тамара жатаканада турбайт. Квартирада.

Самардын жүрөгү жалындай аптыга:

— Кандайча? Тааныш жок бул жерде!

— Жорачы? Пушкин көчөсүндө турушат.

— Жора! — Чагылган огу мээге сокcондой Самар шалдайды. Өңүнүн бузулушунан чочулай басып кеткен кыздарды көрбөй, сезбей да калды. «Сен деп артыңан...» деген сөздөрдү курап, ээрди кыбыраганы менен акылы өз ордуна келбей парда олтургансып нымшыган тер алкымын майлады. ...Бир оокумда өзүнүн абалын, кайсы жерде турганын сезди. Кимдир бирөө: «Сенин жылдызың батты. Мындан ары сага жарыктан шыбаа болбойт» деп шыбырады. Ансайын шалдырады. Жогорто көк түтүнүн булатып, паровоз барат. Чимирилген дөңгөлөк астында чоюн сызык ийиле түшүп, жер титирегенсийт. Эсине келе ызакорлук кыялы кармады. Жаак эти дирт эте, көзү от чачты. Ошондо кайраттуу бир үн: «Убаданы аткара албаган эрки бош кыз үчүн өзүңү отко салба Мойнуңду ийбей башыңы көтөр. Басаар жолуң али узак» деп айткансыды.

— Эмне кылсам? Барсамбы? — деп ойлонду. Жорага баш кошпогон болсо, таанымбаган жерде эмне кылып турат эле! Эмнесине барам?.. ...Иш бүттү!

Баягыда бак арасынан жолуккандагы Тамаранын элеси маңдайына тура калды. Ал алсыздай. Көзү жоодурап, калтаарыган ак колу менен жаагын сылап: «Жанымдан чыкпачы?» деп өтүндү. Самар бирде жүрөгү өксөй-өксөй каңырыгы түтөп жашыса; бир эсе азуусу кабыша булчуңдары чыңалды:

— Алдамчы! Уятсыз. Бу көрөкчө өрттөнүп жаткан үйдүн чатырында калсамчы! Тамара! Арты ушуну менен бүтмөк беле?! Уятсыз! — нерви бузулган ызалуу жигит тетигиндейден Жоранын элесин көрдү. Ал менменсине бой көтөрүп, папирос үйлөп, көз кыскансыйт: «Ии, чамаанды байкадыңбы. Алдуу болсоң алышып көрбөйсүңбү?» дейт.

— Алышам! — деп каны бузула Самар катуу унчукту. Ушул ачуу аны биротоло жеңип, боюн чымыратты да, таманын жерге тийгизбей Пушкин көчөсүнө дегдеңдетип жөнөдү.

6.

Жора өзүнчө квартирада турчу. Бирок көбүн эсе ичкен-жегени басмакананын кызматчысы Жапар аттуу жолдошунукунан болор эле. Жапар — узун бойлуу, куба жүлүн, курбуларына алымдуу, токтоо. Өзүнүн аркыберкини баамдаган эстүүлүгүнөн болдубу Айгүл аттуу кызга эки жылдан ашык сүйлөшүп жүрүп, бирин-бири түшүнүп, ынтымактанышып, акыры баш кошушту. Жапардын бул турмушу Жорага жакты. Учурунда бышык аштын үстүнөн чыгып, бир тыйын зыян тартпай курсагын тойгузат. Кээде жалыйна алганда кур келбей бир бөтөлкө винону жанына сала келип:

— Аял алганда тактайыңды далай сүрдүртүп берермин. Ага чейин...— деп Айгүлдү тамашалап, көйнөккечесин жуудуруп, үтүктөттүрүп алат. Бирде Жапарды: «Кыздарды сынаганга балакетсиң. Мага бирди тандап берсең боло?» деп тамаша аралаш кеңешке кармаса; бирде: «Курдаштарыңан тааныштырсаң боло?» деп Айгүлдөн өтүнөт.

«Кыз дүкөнүм бар беле. Жаның болсо өзүң таап ал!» деген Жапардын сөзүнөн кийин Жора жалтактай түшсө, кайра анын жетимдиктин запкысынан куу, кунус, ачыраак болуп калган мүнөздөрүн байкап, Жапар аяп, боору ооруп кете турган.

— Кийимдерин жууп бер. Кимикине барат эле — деп Айгүлдөн өтүнсө: «Сүйлөсөң тилиңен чаң чыгат. Балээни менден көп билесиң» — деп Жорага пикирин айтат,— нары урунуп-бери урунбай бирөөгө үйлөнүп ал. Анан... Досум, айтып коёюн, коюу кандуураак басмыртыраактан тап. Оозун боёгон чоёкеге жолуксаң отуң күйүшпөсүн мындай таштайлы, шайтандын шапалагы болуп кетесиңер».

— Койсоң. Мен эле ошондой...

— Жаман көрбө Жора, нээтимен айтып жатам.

Жора бир күнү: «Аялдар институтунан айдын кетигиндей ак саргыл кыз көрдүм. Буга жетпесем токко тийип өлөм» — десе, бир күнү мындай жаңылыгын сүй-

лөйт: «Ала-Тоо» кино театрынан чачын тармалданткан, кара каштын жанына олтурдум. Жөн эле оң ыптам ысыганынан өрт чыгып кете жаздады. Байкоостон балтырына бутуму уруп алдым. Ызалануунун ордуна жылмайып, ызаат менен баш ийкеди. Оюн бүткөндө ээрчий чыгып кепке алсам, адресин берди итиңки».

«Сен сокур көгөнчө көрүнгөнгө уруна бербе — дейт Жапар,— маданият тармагында иштейсиң. Анча-мынча ырларың чыгып жатат. Бул жоругуңду тизгиндебесең, бирде болбосо бирде жаман аттуу болосуң. Азыр жүрүм-турум катуу байкоодо. Же жалган айтамбы?!»

— Жапаш, деги балакетсиң! Колуман келсе сени министрликке көтөрөр элем. Айтканыңдын калтысы жок.— Ошол Жора кийинки кездерде Жапардыкына сейрек келип калды. Үстү-башы тазарып, жүзү жылтылдап өңдөнүп да кетти.

— Жакшы. Ушинтип тың жүрсөң! — Жапар жетине албай,— өзүңдө өзгөрүү бар. Сырыңы айтсаңчы?

— Эмненин сыры. Баягы эле боюнчамын,— деген менен Жоранын жарпы жазык.

Дем алыш күнү Жапардыкында ичип кызып олтуруп, Жоранын оозунан сыр чыгып кетти. Айтуунда бир топтон бери фабрикада иштеген бирөө менен таанышыптыр. Анын кишиликтүүлүгүн, акылдуулугун, боюн таза күтүп, үйүн да таза кармаарын Жора жерге жугузбай мактады. Даамдуу тамактарды даярдап, жуунуп жатса ак сүргүнү колуна кармап жанында тураарын, азыр квартирадан чыгып, анын үстүнө биротоло кирип алганын айтты. Бул сөздү Айгүл, Жапар — экөө тең көңүл коюп укту.

«Эмнеге көп келбей кетти десем...» деп Жапар күлө коштоп койду.

«Кече айлыктан бир сом коротпой алып барсам — дейт кызыган Жора,— азыр кара костюм мода болуп кетти, жаңысынан сатып кий — дейт. Универмагга барып, бир аз тыйын жетпей калды эле өзүнөн кошуп, алып берди». Айгүл: «Эстүү киши го. Ырас болгон тура» — деди. Жапар кошула:

— Колуңан чыгарба. Андай аял өзүңү өстүрөт. А көрөкчө тоюңа камын — деп тамашалады. Сөзгө берилген Жора бир аз токтоло:

— Бирок...— деп негедир мукактанды эле, Жапар:

— Эмнеси бирок...— деп жиберди.

— Бирок дегеним... Жубан неме.

— Жашпы?

— Жаш. Өзүм кырдуу.

— Ушундайсың! — Жапар кол серпе,— жубан деп, койсоңчу кыргызчылыгыңды. Өзүңө жооп берип, жүрөгүң сүйдүбү. Болду. Дайыма суу кечпес сөздү айтасың. Кыз, жубан дешип! Кыз-кыз бойдон туруп алабы! Жубан алгандар турмушта аз бекен. Кеп экөөндүн ынтымакташып кетишиңерде. Бирөөнү кемсинтиш болбойт.

— Ошентсе да...

— Эмне ошентсе? Койсоңчу! Сен кимсиң. Бала бойдон жүрөсүңбү?.. ...Өзүңдөгү кемчиликти да сезгениң жакшы, Жора!..

Жора ушундан кийин нуюп, өзү таанышкан келинге үйлөнүүгө чындап бел байлап калганында командировкада жүрүп, Тамараны көрдү. Таанышып кетерине көзү жеткенде келинге үйлөнмөкчү болгон делебеси сууп, кайра чегинди. Бирок Жапарга билгизген жок. Ичмекейи ичинде. Качан Бүбү менен сөзгө келип, алышып кеткенден кийин токтоно албай Жапарга башпактатты эле, ал жүзүнө карабай кагып койду. Жора Тамараны «победага» салып келатканда жолдо катар өткөндүн барын ойлоду. Бир сырдуу Жапардан жазганды. «Не кылса да жолдош эмеспи. Иштин чындыгына көзү жетсе, эмне кылаар дейсиң. Жумшарар» деген чечимге келип ,Тамара менен Жапардыкына түштү. Жапар куумак беле, чоочун кызга сыр билгизбей ачык-жайдар кабыл алды. Айгүл аркылуу Тамаранын сырын билди эле, ал: «Таанышканыбыз ырас, бирок институтка өтүп, окуумду бүтмөйүнчө эч кимге макулдук бербейм» деп эстүү жооп бериптир.

Кечээ эле кыз болуп келген жолун барыктап, кыз Тамарага дили менен мамиле кылышынан болдубу, Тамара Айгүлдү жакшы көрүп калды. Ыйманы ысык кызды Айгүл да сүйдү. Жоранын кемчилик жактарын билип турса, эринин жолдошун жамандыкка ыйгарбай: «Буга үйлөнсө жакшы болор» деп тилектенди. Аялы менен ымалалашкан кызды үйүндө кармабай жатаканага баруусун Жапар оң деп ойлосо да, аялына: «Үйдө турсун. Эч нерседен күмөн санабасын» деп айтты. Минткен себеби: «Жоранын илинчегин билбеген неме азгы-

рылып кетеби» деп чочуду. Жана шыпылдаган Жорадан чочуп, өзүнүн көз алдында үйүндө турушун туура тапты да, Жораны жекече чакырып, туруксуз жүрүм-турумун бетине айтып, кепке алганда ал көзүнө жаш ала жанын сабады:

— Жапаке! Эми...

— Коё тур! Кыз эки ооз сөзгө ишене койчу неме эмес окшоду. Жүүнү тирүү... Зордук менен баш байлай албайсың.

— Ушунте бересиң. Апасы менен бүтүштүм. Миң сом бердим.

— Сомуң курусун.

— Эй! Койнуна жатайын да бүгүн, эртең көзүмдүн агы менен тең айлансын.

— Акмактанба! Абалы үстүнө кирип алган келинин менен чырсыз бөлүнүшкүн...

— Койсоңчу. ЗАГСка жазылдым беле.

— Жээликпе. ЗАГС деген анын сени тааныган кошуналары.

— Болбогон кеп. Кыял жүгүртүү бул. Балам калып жатабы.

Жапар ишти колго алды. Жоранын эмне кылары белгисиз. Бир күнү: «Тамагын ичпей, тетири карап жаттым» деп келсе, экинчи күнү: «Көйнөгүмдүн жеңи үтүккө күйүп, саргара түшүптүр. Ошону шылтоолоп жаңжалдаштым», дейт. Үчүнчү күнү: «Иш бүттү, Жапаке. Өзүмчө квартира таап, чамаданымды көтөрүп кеттим» — деди. Жумадан жума өттү. Бүгүн Жоранын кабагы бүркөө. Жапар желденүүгө дарбаза оозундагы тактай олтургучка олтуруп:

— Күйөө, иш кандай? Жаш колуктулуу болууга баш ачылдыбы?! — деди тамашага чала.

— Түндө квартирама барыптыр. Мурда жоош көрүндү эле... Жазганбайт. Катуу айтат. Иштеген жериме арыздана турган...

— Ии. Жанына күч келгенде даттанбай коёбу!

...Сен бул ишти токтот. Жабылуу аш жабылуусу менен калсын. Болбосо, иттин арткы шыйрагынан да жаман болосуң.

— Жүрөктөгү сүйүүнү кантип өчүрөсүң?!

— Сүйүү деген эмне?! — Жапардын үнү шылдыңдуу чыкты.

Жора катуу таарынганын билгизе колун бир силкип, жулуна басып кетти:

— Ошол аялдан келгенди көрбөсөм!..— деди кетип баратып.

Жапар Жоранын жоругуна бир эсе күлсө, бир эсе мындай иштен өзүнүн да кирдеп каларын ойлоп турганында тиги бурчтан жүзү ызалуу — шыңга бой келин басып келди. Келин чачын кымыйта түрүп, колуна кара сумка кармаптыр. Ак чоктуу сөйкөсү чайпалып, үстүндө көкүрөгү ачык ак жибек көйнөк. Бутунда сур босоножка.

— Жапар сиз болосузбу? — чыйрак унчукту.

— Ооба, келиңиз?

— Жоранын жолдошу экенсиз... Өзүңүздөн өтүнөйүн деп...

Жора үйлөнмөкчү болгон келин ушул экенин Жапар билип, ордунан тура калды. Келиндин көзүнөн жаш кылгыра мукактанып:

— Ишти баштаган өзү эле... Кош бой кылып таштап...

Кайпактаган Жапар:

— Башынан ишиңерге аралашпаганымды жакшы билесиз,— деп жиберди,— киришип көрөйүн.

— Ошентиңиз. Жообу качан болот?

— Бүрсүгүндөрдөн...

Сөз узарган жок. Келин кетери менен Тамара менен институтка жаңы өткөн эки кыз келди. (Кыздар Жораны Жапардыкында турат деп ойлошчу.) Жапар — Айгүл менен Тамаранын киного кеткенин айтканда кыздар үйгө кирбей кайра тартышты да, институтта жүрүшүп, Самарга жолугушту. Тамаранын дайнын угуп, каны бузулган Самар тактай олтургучта тынчсызданып олтурган Жапарга беттешти.

— Жоранын үйү ушулбу? — салам бербеген Самар орой унчукту. Бейтааныш жигиттин жаагы түктөйүп, негедир ызырынышынан Жапар чочулай:

— Жоранын? Ал бул жерде жашабайт.

— Жашабайт! Эмнеге жашырасың?!

— Жашыргыдай...

— Жашырбагын!

Ачуулу Самар ымалага келбей, оң сөздү терс алып жатканда бурчтан Жора чыга калды. Ал тике басып

келатып, Самарды тааный коюп, шарт бурулду да шаша жылт койду. Аны Самар таанып калды.

— Тигичи! — деди көзү алая муштуму түйүлүп, Жораны кубалачудай болуп барып, «жашыргандыгы» үчүн жеп ийчүдөй кайра Жапарга жабышты:

— Тигичи! Тигичи!

— Жигит, токточу! Жөнүңү түшүнтсөң абалы?

— Түшүнбөгөнүңдөн Жораны жашырып жатасыңбы ыя! — каны кайнап, ызага жеңдирген Самардын түйүлгөн муштуму Жапардын акырегине орной түштү. Мындай болорун ойлобогон Жапар ыңк эте жыгылып кетти. Кыбасы канбаган Самар аны көкүрөккө теберинде майордун элеси көз алдына тура калды да, өңү бузулган Жапардан чочуп, үйдөгү «келин» болгон Тамарага беттешүүдөн баш тартып, Жора имерилген бурчту карай жүгүрдү. Бирок кек алмакчы болгон кишисинен адашты. Кең көчөнү жээктеп ары-бери өткөндөр көп. Улам бир кийми окшош адамга «Жора!» деп умтулган менен чоочун. Аңгыча милициянын ышкырыгы чыкты. Ошондо бул сездөөнү Самар өзүнө алып селт этти да, карышкан муштуму, кайнаган кеги жанды.

...Билсең турмуштан биринчи жеген каккың экинчиңе сабак болот. Эгер Самар сарала коон үчүн тартип көрүп калбаган болсо, Жораны таап, чоң чырга кабылат беле ким билсин. Азыр түз «Дом дехканга» келди. Сеткеде тыгылуу жаткан эски кийимдерин алды. Кабагы түйүлүп, таксиге олтуруп жөнөп кетти. Ушунчалык жаагы карышып, карды ачканын алыстагы Балыкчыга жеткенде сезди.

Түн. Дуулдаган шамалга телефон зымдары зыңылдап, лампочкалар чайпалат.

Самар мейманканадан орун алып коюп, тамактанууга ресторанга кирди. Мында эл көп. Бет маңдайда оркестр. ...Тамара менен сый, мүчүп ажырашкан болсо кыл кыяктын муңдуу күүсүн укканда «чын эле сенден айрылдымбы?» деп өксөп ыйлайт беле? Өзүнөн Жораны жогору баалап, «теңсинбей» кеткен немеге намыскөй мүнөзү музыка менен ширелишип, ансайын албууттанды. Тамараны да, Жораны да сайгыч менен сайып, оозуна салган куурдакка кошо чайнап жатты. «Шашпа! Экөөңчөлүк жашай албасам... Шашпа!» деп кайнаган сезиминде нечен кайталады.

...Чөйрөдө адам көп. Санына жараша кыял-жоруктары, келечекке болгон көз караштары да аркыл. Бирөөлөр ызаа болсо иче баштайт. Экинчилер — сөз көтөрүмсүз, урушчак болот. Үчүнчүлөр — үй-жайынан айрылат, негедир буулугат, күлү додо болбой бет келди басып тентирейт. Төртүнчүлөр — өз оюна бек туруп тырмышып, эмгектенип, бир кездеги ызасын шаттык менен аяктайт. Бешинчилер — ызачылыгына да, мактоону да кайдыгер карайт. Ошо бешинчилер мүгдүрөй түшкөндө нээттешсинип, көңүл айтканы кашына барсаң ал: «Бирде мүдүрүлүп, жер таянып, бирде күлүп, шапар теппей — турмуштун да кызыкчылыгы билинчи беле!» — деп өзүңдү уялтат... Өзүнүн тубаса мүнөзүнөнбү, менин Самарымдын сезимине көп жоруктун анысы да, мунусу да таасир этпеди. Болгону ак сүйүүсүн «кирдеткен» кызга өлгөнчө атаандашты. Тизелеп эмгектеп калсам да өзүн андан «жогорумун!» деп сезди. Эми ошо жогорулугун турмушта чындык менен кантип далилдей алат?!.

...Орто мектепке кирип, аттестат алып андан ары билимин өркүндөтүп, бир мекемеге башкаруучу болуп, улам көтөрүлүп, акыры райондун жетекчилигине жетип, Сапаев Самар болобу! Же Ала-Тоодон ачылып жаткан шахтыдан иштеп, акчаны көп таап, айлына заңгыраган үй салдырып, бак-дарак тигип, «Москвич» сатып минип, Тамаранын жанынан кыя карап өтсөбү?! Көз ирмебей керебетте жаткан Самар тигил тилекти да, бул тилекти да, мансапты да кыялында көксөдү. Бирок чын-чынга келгенде баары алыс, баары ой жетсе, кол жетпестей кымбат... Үшкүрүнөт... Ансайын ичи жалындап, аргасы түгөнөт.

Санаага чөмүлө алп урушуп бир ойго бек тура албаган Самар азыр айылда... Оо, өзү келгенче мында бир топ имиш-имиш айтылыптыр. «Самар үйүн таштап тентип кетиптир» деп чыгарса, «чөнтөкчүлүк кылып, түрмөгө түшүптүр» деп угуптур бирдаары. Иштен шеги бар Бүбү: «Жорага теңелгиси бар жаман. Жорам оңой уул эмес. Артынан барып чыр чыгаргандыр. Анан кадырлуу неме начальникке каш шилтеп койгон да кама деп. Тим кой, ким экенин билсин!» деп купуя кымылдаптыр. Алыйма үрөйү учуп, көзүнүн жашын көлдөтүптүр. Эринин жер-жеперине жетип, Самарды издегени жолго камыныптыр. Сапай Алыймага кыңк эте ал-

баптыр. Жалган жерден өрт чыкмак беле. Самар келгенде Токмокто болгону, Тамаранын эрге «тийгени» чын делинип, ушак-айың дымыды. А Самар ким экенин таанытуу тилегине бек болуп, турмушту жеңүү ишин кандайча баштоо керек экенин таппай изденип буулукту... Экинчи күнү райондо жүргөнүндө көчөдөн Сарбаш аке жолукту. Баамчыл, кыраа кары баланын өзгөрүлгөн, балбандар күрөшөрдө шымалангандай кайраттанган түрүн сезди.

— Саламатсызбы! — деп кол сунганда, Сарбаштын көзү бүлбүлдөп, Самардын жүзүнө токтоло калды да:

— Э ата көрү жаман — деп койду. Анан оозуна кирип келген кычкыл сөзүн төгүп жиберди:

— Сүткө семирген тайдай оюн салып, кайда жүрдүң-ой?.. Тайсалдабай эле кой. Билем. Бүбүнүн кызычалык кызды кыштактын катындары туубай калыптырбы? Чоң шаарда машина тебелеп кетсе кантет элең?.. ...Жигит деген кызды кубалап, кол булгап чакырбайт, көз ымдап коёт, каш кагып коёт. Анан ал бийкеч мойнуна кылтак түшкөн кекиликче жигитке имерилет хе, хе. Эмикилер...

Самар бир эсе кызарып жер тиктесе, бир эсе тамаша сөзгө жагалданды. Тамарага кеги кайнап, Сарбаш акеден сыр жашырбай, акыл сурагысы келди. Акыл сураса, карыя ийилчек мүдөөсүнө тирөөч гана болор. Ырас Сарбаш китеп-газета окуп, илим менен азыктанбаган. Ошентсе да, башынан эмнелерди өткөрүп, эмнелерди көрбөдү: Бай-манаптардын өкүм сүрүшү, он алтынчы жылкы көгалаң, кеңеш өкмөтүнүн чыгышы, колхоз курулушу, тап күрөшү, Ата-Мекендик согуш — Сарбаштын мектеби болгон, турмуштан сезими байыган, өзүнчө академик эмеспи.

Баягы кыш куюп тапкан акчасынан беш жүз сому бар Самар токтолбой Сарбаш акени столовойго киргизди. Үймө табак мантуу, чоң чайнек чай алды. Карыя өзбек ашмачы жасаган аштан жеп, мурутун сылап, жетине албай олтурду.

— Мени багып, адам болгонуң ушул! — деп койду,— ак пыялага куюлган коюу чайга — кант салып ууртап. Сапай арам сен келгиче канча койду жоготуп, канчасын карышкырга жара тарттырыптыр...?

Экөө аркы-беркини сүйлөшүп сөз узарды. Ичинде бугу бар бала бүт сырын алаканга салгандай карыяга айтты. Мурутун сылап, бирде мурчуюп, кепке кулак салган карыянын берген акылы бул болду:

— Тамаранын да жолу ачылсын. Барган жеринде бактылуу болсун... Шахтыга барып иштесемби дейсиң, мунуң да жөн. Бирок кандай? Колуң бош, жолуң бош эмессиң. Атаң экөөндө колхоздун беш жүз коюнун милдети турат. Өлүм-житимине жооптуусуңар. Жылына кеми жети жүздөн төл аласыңар. Эт-май, жүн бересиңер коомго. Ээ, акетай ушул арзан ишпи! ...Сен шайтанданба. Жаман Сарбаштын кебин жерге таштабай, айтканын укчу: пахта айдап даңкы чыккандар бар. Тетиги Зууракан деген чоң сар катын мобул эле кара топуракка кызылча өстүрүп, багелегин түрүнүп, кулак байлап, суу сугарып жүрүп, аты гасет, ырадыядан калбайт. Илгери, соот кийип, жаа тартып, найза сайып, калмактын башын канжыгага байлаганды баатыр деп атоочу экен кыргыздар. Жок, акеси — турмушка көңүл бурсаң чочко өстүрүп, баатыр болгондор чыкчу болду.

Самар мантуу жеген табагын карап алды. Сарбаш бырс күлүп, сөзүн жөнөттү:

— Мынабу тамак жасай билбесең ширин болбойт! Ашты ширин жасоо — өзүнчө баатырлык. А сен андай эле баатыр болууну самап калыпсың... Ырас жакшы талап менен күчүң ашып-ташып калыптыр дейин. (Жашсың, келечегиңди болжоп болбойт). Колуңардагы беш жүз койду өркүндөт: төлүн сакта, жүнүн кемитпе, күзүндө семизинен баспай калсын. Ушуну аткарчы, канатыңды кагып, областка, областан сентирге учарсың. Жалганбы? Кеп чач сылап, үстөл кучактап үп болушта эмес, ак дилиң менен эмгектенүүдө... ...Өзүң билерсиң, биздин райондун мурдагы пиркорору кудай бетин салбасын, колхозго келгенде ийни-башы жаркырап, тапанчасын оңдой сыйпалап, мендейлердин сезин алып сүрдүү эле. Батынып оюңду да айта алчу эмессиң. Мына, жакында бирөөдөн парага ат алып койгон экен, билинип калып, аягы асманга учту. Кара иштесең чоң болуп жүрүп да оңкоңон сайыласың. Иштин көзүн тааны. Ак иште. Кудай сага берет... Өстүр жанагы беш жүз койду!

7.

...Атса, айтпаса Сарбаш акенин акылы жүйөөлүбү?! Самар демин ичине алып ойлуу... Ушул тапта колхоз чарбасын өркүндөтүү маселеси борбор жактан көтөрүлүп, райондук, колхоздук жетекчилерден ишти ийгиликке жеткирүү үчүн жоопкерчиликти талап кыла баштады. Кээ бир «териси калың» жетекчилер мындай талап колхоз уюшулган күндөн бери эле коюлуп келатат. Биздин милдет документтерди тууралоо, парaанын, жалаанын ылайына бут малбоо деп, керт башын коргоо, мансабынан ылдыйлабоо жагына сак болуп, иш жүргүзүмүш болсо; айрым ишке жөндөмдүү, турмуштун келечегине көз жүгүртө билген, илим менен кабарлаш жетекчилер — бул басма жүзүндө жарыяланган талаптын саптарындагы сырдуу саптар — өзүнчө тарыхтын бүркүндүсү экенин, бүркүндүнүн артында чор кайнаган толкуну күчтүү сел жатканын сезди. Сезип чарбаны жаңыча жайгаштырып, эстүүлүк менен жетекчиликке алууга тырышты. Эртеңби, бүрсүгүнүбү сел тосмону серпип таштап каптай баштаганда жарамсыздар, үнү жоон, иши алсыздар чамындыдай калкып, жээкке сүрүлөрүн элестетти. (Алды иш жүзүнө да ашты) Эмесе Самардын колхозуна жаңы келген башкарма да ошо ишке жөндөмдүүлөрдөн. Кырктан өтүп калган салабаттуу, чачына ак эрте кирген Бакир аттуу адам. Бакир бир топ жылдан бери областта, райондо иштеген. Быйыл борбордон партиялык мектепти бүтүрүп чыгып, колхоздун башкармалыгына шайланды. Ырас мектеп окуучулары ар жерден чогулткан темирлер заводдо эритилген соң өткүр болот болуп чыккан сыңарында партиялык мектептен билимин өркүндөтүп чыккандын баары эле чыныгы жетекчилерден боло бербейт эмеспи. Турмуштан жолуктурган далилдерге караганда кээ бирөө— үстөлдөн көчүгү кыйшаярда эбин таап окууга кире качат экен. Айрымдары дагы бир тепкич жогороок жылсам деген мансап менен адистик диплом жаңылашат. А Самардын башкармасынын ой-пикири башка эле. Араба айдатып койсо, аттарым семиз болуп, дөңгөлөктөр кыйчылдабай, ок жыгач сынбай жал-жал чөптү сарайга, кап-кап буудайды тез-тез кампага жеткирсем деп ойлогон анык адам, таза кишилерден.

Бакирдин жакшы адам экендиги иштеген күнүнөн

тартып сезиле баштады. Киши күчүн курулушка, тоюткор даярдоого туура бөлүп, бригадирлерден катуу жоопкерчиликти талап кылып, иш жыйынтыгын күн сайын текшерүүчүлүккө алып турду. Негизги кесип — мал-чарбачылык болгондуктан, башкарманын үчтөн эки жарым күчү ушул тармакка зарп болду. Тоюткор даярдоо, жылуу сарайларды куруу жаңы темп менен чамдалды, жана мал чарбасы боюнча жаштар фермасы уюшулуп, буга көбүнчө комсомолдордон тартылды. Ушул демилге — каалга табалбай жүргөн Самарга кол булгады да, ал дароо өзү чабан болуу жөнүндө правлениеге арыз жазды. Бир топтон бери мал менен өскөн немеге эч ким каршы болгон жок. Жаштар фермасына караштуу чабан болду. Эми өкүм сүйлөп карамагындагы тиричиликке башкаруучулук кылчу Сапай, баласы Самардын айдыңына биротоло көндү. Айрым ишти аталыгына ыйгарып тестеген менен негизгисин Самардын өзүнө койду. Непа текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүнөн келип «Сапай аксакал! Бакканыңардан тубары канча? — десе:

— Тиги, чабандын өзүнөн сурагыла — дейт.

— Аксакал, жүзүнөн канчадан төл алабыз деп ойлойсуңар? — десе, күлүмсүрөп:

— Койдун жатынына колуму салып көргөнүм жок. Аны да тиги чабан өзү билет. Азыр анын койчусумун мен.

Тамара кызга кекенген Самар үчүн чабан болуш бир утуш болду. Экинчи утушу — «Тамара эрге тийгенде мен кыз таппай, «салынды» жигит болуп калмакмынбы!» деген тобокел сокур намысы үйлөнүүсүнө түрткү берип, Берметке үйлөндү.

...Ушул иштин баарын өкүм Самар келечек үчүн, баланын атасы болуп, өбүрө-чөбүрө ээрчитүүгө жөрөлгө боюнча иштебеди. Карандай ичине туз куйган Тамарадан өч алып жатам деген ызалуу сезим менен иштеди. Жана талаптары жүйөөгө ашкан сайын өзү негедир абага көтөрүлө түшүп, табасы кангансыды. Эми бет алган максатынан сөзсүз ийгиликке жеткенден кийин Жора менен анын «аялынын» көзүнө көрүнмөкчү. Ал түгүл кези келгенде — азуусун бычырата тиштенип, сөөмөйүн кезеп, Тамаранын көз алдынан өтмөкчү... ...Эмне үчүн ?Бул менин Самарымдын эч кечирилбес, же баш ийип, кечирип коёр күнөөсү эле.

* * *

Мал кыштоого көчкөндө Сапай, Алыйма экөө кыштакта калышты. Самар колуктусу менен кыштоодо. Ала темгил кар баскан сарала бетегени аралатып эри кой жайып кеткенде, Бермет таш короонун ичине кирип, урап түшкөн көңдүн сыныктарын терип ыргытат. Корголдорду таптап, жумшактайт. Өздөрүнө таандык жал чөптү көзөмөлдөйт. Жайыттан качып, бекер отко келген үй-торпокторду алыс айдайт. Чолоосу тийгенде сары көң каланган жылуу үйүнүн терезесинин түбүнө олтуруп, жаңы баштаган туштуурдугун саят. Саймага көңүлү чаппаса бир кыр ашып барып, кызыл үйдөн газета окуп, адабий китеп алып келет. Анан Самар жайыттан кайтар убак болгондо казан асып, жаркобун даярдап, көк мискеге куюп, жылууга коёт да, кыялап кырга чыгып, Самарды утурмалайт. Бактылуу турмушунун демиби, же жаш дененин жалындап турган мезгилиби аскалуу бийик тоо тараптан ызгаар согуп турса да, Бермет пальто кийбейт. Болгону бутунда кепич, маасы, этеги байбелчегине жеткен көк тубар көйнөк, үстүндө кара дукаба жалаңтык кемсел. Башына тыбыт жоолугун салынат. Кыз кезинде субагай эле. Самарга баш кошкондон бери денине эт байлап толук. Ошонукубу кырга чыкканда борбогой мурдунун таноолору дердеңдеп демигет. Жүрөгү түрсүлдөп, маңдайынан тер изиркектенет да, жоолугун желкесине түшүрүп, көз учу жетпеген кең аймакты, катмар-катмар адырды, ар кайсы кыр-кырда, күнгөйтескейлерде жыбырап жайылган жандыктарды, күдүрөйгөн жылкыларды карайт. Кыштын самсаалаган сур булутун жыртып чыккан күн нуру ала темгил карга чагылышса көзү уялып, колун маңдайына серепчелейт. Аңгыча, же жогор жагынан, же капталынан кара баш ак эркеч баштаган тааныш кой жайылып, өзүн көздөй каптайт. Артында таяк кармаган шыңга бойлуу, кыймылы ыкчам эри. Ал саамга таягына сүйөнүп, маңдайкы чокуга тура калат. Күнүгө тосуп алчу келинчегине карап күлүмсүрөгөнү сезилет да, малды ыгына таштап, жогортон кыялай басып берилейт. Бермет да басат. Жаш жигит келинчегине ичи жылып кетеби, айтор чукул келгенде, Берметти таягы менен жазгайт. Колуктусу да анын суук жалаган карасур жүзүнө тиги-

ле кылыктана күлмүңдөйт. Жаш немелер өбүшө да, кучакташып ойной да кетишет.

Ай чамасы өттү. Экөөнүн жаштык ысыкчылыгы, ынтымагы ар кандай санааны кубалады... Аттиң, жүрөккө жабышкан шишик дартты врачтар операциясында өткүр кайчы менен чырпып таштаар, а тамыр менен уялашкан сүйүү такты кырып сала албайт эмеспи. Күтпөгөн түнү Самардын түшүнө Тамара кирди. Ал баягысындай эки колу менен жаагынан сылап, «жаныман оолактабачы?» деп күбүрөдү. Ушул күнү Самар сумсайып, койду жайытка сүрдү. Канчалык алаксыса да бала күнүнөн бир ойноп, бир өскөн Тамараны эсинен чыгара албай ичи уйгу-туйгу. Таягына сүйөнө жайылган малдын четинде, чоң кара таштын желкесинде туруп, ал жөнүндө, Фрунзедеги окуялар жөнүндө эсине түшүрдү. Санаасы Жорага тийгенине жеткенде ачуусуна чыдабай ызырынып, «уятсыз!» деди да таягы менен ташты салып алды. Таяк белинен чорт сынып, сыныгы чамгерек ата ыргыды. Жука карды тебе бетеге оттоп жаткан ак кой жазгана селт бурулду. Кабаарыган Самар таягынын сыныгын кармап кечки жайыттан кайтканда, келинчеги күндөгүдөй алдынан тосуп чыккан жок. Эринин жоругун сезип алгансып, таноосу кыпчылып, кабак чытып үйүндө экен. Самар бир аз байкап:

— Эмне болуп калгансың? Ооруп турасыңбы? — деди эле Бермет:

— Өзүң да жаркылдап турганың жок! — деп, ысык ашты алдына коюп, ашкана тарабына терс бурулду.

— Мени мал жайып, чарчап келген киши дейт. Өзүң?..

— Күндө куш салып жүрдүң беле. Тамагыңы ич.— Негедир Берметтин көзү жашылдана түштү.

— Сага эмне болду?..

Бермет бая кызыл үйгө барган. Бир топ күндөн бери сумкасында жатып калган катты почтальон Берметке берген. Конверттин сыртындагы Тамаранын атын окуп, Бермет чок кармагандай туталанган. Чыдабай жолдо келатып, катты ачып окуган. Кат мындайча жазылыптыр:

> «Самаш... Мени издеп келипсиң. Аныңа рахмат. Бирок жоругуң курсун. Эч күнөөсүз Жапарга эмне кол кайрыдың! Анын жакшылыктан башка

зыянын көргөнүм жок. Мага эмнеге жолукпадың? Бала кезиндеги ачуулу кыялың качан калаар экен! Ыгы менен ачуулансаң боло?! ...Көрүнгөндүн жетегине сүйрөлө берчү жарым эс эмесмин. Болгон талабым — билим алсам дебедим беле. Буга өзүң да кубангансың. Кырсык чалбаса мага өзүңдөн ынак, өзүңдөн ысык киши жок. Ишенгин. Тезинен жооп жаз. Мүмкүнчүлүгүң болсо Жапарга келип учурашып, кечирим сура.

Өзүңдүн Тамараң. Сентябрь айы.»

«Күйөөгө тийиптир дешпеди беле? Бул эмне деп жазганы?» деп экөөнүн байланышын небактан билген Бермет бушайман. Ичи күйдү. Туталанды. Катты нечен мертебе отко салмакчы болду. Бирок курдашы Тамаранын кадырын ойлоп «эримди койнумдан тартып алаар дейсиңби? Өзү окусун, күдөр үзсүн» деп көк конвертти терезеге ыргытып таштаган. Азыр тултуңдап, ашкана жактан бурулду да, катты Самардын жанына ыргытты. Самар бүктөлгөн ак баракты жазып окуду. Алдыртан караган Берметтин көзүнө анын өңү бир кызарып, бир кумсарды. Кулагы делдее дел болду.

— Бул эмне дегени... деди ачыкка.

— Эмне демек эле. Сенсиз жашай албайм дейт. Анын эмнеси түшүнүксүз!

— Ыя! Жорачы?..— Баракка кайра көз жүгүрттү. Тамараны күйөөгө чыкканы жалган делинген ишеним өзүн ишендиргенде, башы бош немече жарпы жазылып, жерге батпай кубанып кетти. «Тамыш!» деп айтып ийе, эшикке чуркап чыга жаздады. Жок, акылы ордуна келе маңдайындагы таноосу кыпчыла ачууланып, өзүнө көзүн кадап турган Берметти көрө койгондо — шүйшүнө түштү да, колундагы оюнчугун тарттырып ийген балача ыза болуп олтуруп калды.

Катка жооп жазылган жок. Бирок күн өткөн сайын кусачылык, жыйынтыксыз чатыш ой-санаа Самардын тынчын алды. Чындык — Тамара жазган каттайбы, же башкачабы? — көзү жетпеди. Башын санаа чырмагандыктан, Берметке кылган мамилеси да тоңураак тартты.

Шылтоо болбогон соң бети ачылып, эри менен уруша албай, же мурдагыдай коюн-колтук алышып эркелеше албай — Бермет да бук.

8.

Жыл эсеби боюнча чилденин күчөп турчу учуру болгон менен (жаз эрте келчүдөйбү) айтор тоо башын булут ороп, коктуларда жөө туман сойлойт. Көз байланат. Өзүңөн жыйырма кадам алыстагы нерсе ачык көрүнбөй адашасың. Анын үстүнө эки күндөн бери үзүп-согуп жаңы кар жаап айлана тунарган. Ушундай беймаал күнү өзгөчө малчылар жанын оозуна тиштейт. ...Жеңил кийинген Самар эки этекти кайрый куруна ороп, мойнун созуп элеңдеп, жайылган койлорун имере басып тынчый элек. Туман күнү күчөөчү кызыл көз карышкыр чыга калбасын деп чочуйт. Тоонун ал жырткычына жолукту дегиче бир башты чыгымга учуратпасам деген тилек желге учканы: бөрүлөр күтпөгөн жерден малга качырып сала берсе — тарсылдатып мылтык атсаң да, кыйкырып удаа жүрсөң да жалтанышпайт. Бирин жара тартса, борук-козуларды алкымдан каба муунта тиштеп, жонуна арта салат да, соёдой болуп кырды ашып кетет. Мындай капсаландан чочулаган жаш чабан Көкдогулду ээрчите чыккан. Ээсинин үйрөтүүсүнө көнгөн дөбөт Самар жогорлоп басып, эңишке кол шилтеп койсо оттогон жандыктардын тынчын албай лып четтеп, төмөн жүгүрөт. Жону-башына бубак ширеп, карааны да килейип кеткен.

Түш оой шамал жүрдү. Туман тоо башын карай сүрүлүп, айлана ачыла берди. Ошондо Самар тынчыды. Оозунан боз демди буркурата дем алып, бийикте турду. Баятан үндөрү чыгып, эч нерсе көрүнбөсө эми бир кыр арытан — жайылган малды, таякка сүйөнө сороюп турган койчуларды тааныды. Тынчып Көкдогулду жанына чакырды. Акактаган семиз дөбөт заматта жетип келди. Куйругун булгап, кыңшылап, ээсинин жанына комдонуп жата кетти.

Самар бутун уруштуруп, кончу тизеден калың кара чокойдун карын силкти. Булгаары тыш көрпө тумагын саал көтөрдү. Тумактын тагы түшкөн маңдайы апапак болуп, тегиздетер маалынан өткөн кара чачы сеңселип, бир тобу бөлүнүп салбырады. Тери мээлейин чечип, көкүрөгүнө кыстарды да, чачын сылап, тумагын кыйгач кийди. Пахта шымдын чөнтөгүнөн портсигар сууруп, «беломор» тартты. Бир соруп, эки соруп... таноосунан, оозунан түтүн булатты. Бою чымырап, кумары кана түштү. Ошондо эсине Тамара кылт этип келе калганы. Эки

каштын ортосу жиктенип, бирде муңкана, бирде чыйрала ордунда турганында төмөнкү кокту ичиндеги жолдон салт атчан кишинин карааны көрүндү. Капырай, адам денесинде да приёмникчелик сезүү барбы, алда эмне? Койчу селт этти. Караан берилеген сайын аял сыяктанды. «Сельсовет эжеби?» — деп бүшүркөйт. Айтор көңүлү чаап туруп алгандыктан койлорду кайрып, жолду карай жайды да, атчандын алдын утурмалап басты.

...Баягы Самардын Жапарды жыга муштаган жаңжалынан кийин Тамара уялганынан жатаканага ошол эле күнү чыгып кеткен. Жана Жоранын эмне иштерди иштеп жүргөнүн так түшүнгөн. Жүзүн экинчи карагыстай болуп андан көңүлү калган. Кийин Айгүлдөн Жора аялы менен элдешип алды деп укту. Анан Жапардан кечирим сура деп, Самарга кат жазды. Бирок жооп алалган жок да. Студенттер менен пахта жыйноого түштүккө кетти. Андан ноябрда келишти. Апасынан үч кат бар экен. Каттын биринде:

«Жора балам жөнүндө эмне жазбайсың?» — деп тилдеп такып жазыптыр. Тамара ачуусу менен баракты айрып, таштанды салынган чакага уруп жиберди да:

«Балалуу Жоранын эмнесин сурайт!» деп ачууланды. Күндөр тез өтө берди. Бирок Самардан эч кабар алалбады. Анын таарынганына көзү жетти. Мындан ары кабак чытыгыс кылып, ачууңу жазаармын деген тилек менен кышкы каникул учурунда үйүнө келип түштү. Үйүн майлап, күтүнүп турган Бүбү автобус токтоор менен жүгүрүп чыгып, басып калды. Бети-колунан сүйдү. Аңгыча Алыйма чыкты. Ал андан бетер өөп-жыттады. Бирок кыздан көзүн ала качып, муңайгандай жоолугунун учу менен көз жашын сүртүп, имерилип кетти.

— Силер да кыштактасыңарбы?! — Тамара Бүбүдөн мурда Алыймага кайрылды.

— Ооба, айланайын.

— Малыңарчы?

— Кыштоодо, Самар бар эмеспи.

— Жалгыз багабы?..

— Уккан жок белең, үйлөнбөдү беле.

Ташка жанчылган ушул сөз Тамаранын бетине муздак суу чачты. Шыңга бойлуу, сеңселген кара чачы, мүнөзү шайыр, кыймылы чапчаң, уялашындай жүрөгүнө ынак Самардын элеси улам ыраактап, бозоргон туман-

га чөгүп баратты. Кызынын түрүнөн чочуган Бүбү кең эшиктен каякка жашынарын билбей алаптайт.

Үч-төрт күн өттү. Клубга барып кино көргөнү болбосо, күндөр Тамараны зарыктырды. Китеп окууга көңүлү чаппады. Улам бирине экинчиси кошулуп, көкүрөгүн толтурган шектенүүлөр жүрөктүн челин жарып жиберчүүдөй туталантты. ...Кыздын байкоосунда Самардан гана айрылып тим болбостон, башында бир бүлөдөй эки үйдүн ынтымагы жоктой. Бирине-бири катышпайт экен. Апасынан эмдиги жылы үйдүн каалгасын тетири тараптан ачтырып алам дегенин укту. Үйлөрүндө бозо ачыганда, төрүнөн кетпечү Сапайдын босого аттаганын бир жолу да көргөн жок. Кинодон келатса капылдан атчан жолугуп гана:

— Тамыш, жакшы жүрөсүңбү? — деген болду. Өзү көзүн алайтып жооп берүүгө да үлгүрбөдү. Ал атын камчыланып өтө берди. Карандай чай болсо да кабак ачып, каткырып чогуу ичишсе деп самаган кыз не иштерин билбеди. Ичинен сызды. Буга кошул-ташыл болуп, Самарды көргүсү келип туруп алды. Өзү келер деп да үмүттөндү. Купуя тоо жакты карады. Акыры чыдабай: «Бермет курдашым. Экөөнүн баш кошконун куттуктабайынбы? Балким, мен катышсам эки үйдүн бүлөсү мурдагыдай болушар?» деген ишеним менен ат суратып минип, кыштоого жөнөп кетти. Малчыларга жакындаган сайын башын түркүн санаа чырмады. Бирөөлөр Берметтин эрин бузганы жүрөт деп чыгарышпасын деп ойлоп, кайра тартууга айныды. Бирок сагынткан Самарды бир көрүү күчү тизгинди колуна бербей алып жүрүп олтурду. Тоң жолду карт-карт баскан ат дабышын тыңшап, муңайып ойлуу бараткан студентка аттын кулак кагып, селт этишинен башын көтөрсө, аттан бетер селт эткен Самар эшик-төрдөй турат! Аппак маңдайынан кара чачы кыйгачтана кылайган. Ал элейип, эмне кыларын билбейт.

— Тамара!!.. ...Саламатсыңбы! — карга из калтыра кең арыштап, жакындады. Көзү жалжылдай түшкөн студенткадан алик алуудан мурда:

— Үйүңөр алыспы? — деген сөз мукамдуу чыкты.

— Чукул! Ушул коктунун башында.

Тамара атын шарт камчыланып, катуулай жүрүп кетти. Самар жанына баярдабай жөнөп кеткенин талдап

чечкен жок! «Чын көрдүмбү, жалган көрдүмбү?!» деп сүйүндү. Тез эле малды үйдү көздөй кайрыды. Убакыт эрте болсо да жай жайбай, көчүп бараткан немече сүрүп айдады. «Балким биздин үйгө түшпөй башка жакка бурулуп кеттиби?» деген ой кылт эткенде ан сайын энтеледи. Качан кырдан — бастырманын түркүгүнө байланып турган кара атты көргөндө гана жүрөгү бастап, малды бетке таштады. Өзүнөн өзү күлүп, жерге жукпай жеңил жүгүрдү. Үйгө келгенде эмне жасаарын, эмне жөнүндө сүйлөөрүн да билген жок: жол жүрүп келген аттын көрпөчөсүн алып, белин бошотту. Жанарак учурашкандыктан Тамарага салам айткан жок. Ал-абалын да сурабады. Ал түгүл жүзүнө тике карап, көзүнө көзүн урунуштургандан жазганды. Негедир ичи элжиреп мулуңдайт. Бардык нерсе сонун көрүнөт. Жада калса күндө урунулуп, бирок көңүл бурулбаган мештин оозундагы кычкач, чылапчындагы үймөлөнгөн сары көң, кернейдин жалынды дүрүлдөтүп тартышы—өзүнчө ажайып!

Жалпак орундукка көчүк баса эңкейип, отту кагыштырып, күчөтүп күйгүздү. Терезе түбүндө жаңы сайып жаткан туштуурдугун Тамарага көргөзүп жаткан Берметке сылык:

— Казан аса элексиңби? — деп айтты.

Баятан ичи тарданган келинчегине Самардын бүгүнкү кыймылы жаккан жок. Кимгедир кам көргөндөй, жараматтангандай сезилди. Ичинен туталанганынан көптөн бери көрүшпөгөн курдашына сүйлөп жаткан сөзүнөн адашып калып, мунусун билгизбөөгө аракеттенди. Эринин үнү чыкканда кашын жыйра, эриндери дирт этти. Өзүн зордоп:

— Ашыкпа, асам казанды! — деди ордунан туруп,— бүгүн эрте келгенсиң го...

Мал короого кирип жайланышканда, Самар Берметти сыртка чакырды. «Жаркоп» бышырганга алымсынбаган неме келинчегинен:

— Кой соёлу. Жакадагыларга да эт-аш керек! — деп өтүндү эле, Берметтин үнү чогоол:

— Өзүң билесиң да, ээси мен белем!

Чыйрала түшкөн Самар бирдеме демекчи болгондо, Тамара чыга калды. Экөө бөлүнө түштү. Аңгыча маңдайкы айылдын четинен жоон топ адамдын күлкүсү, кобуру күчөдү. Алар муз үстүндө жылгаяк тээп, же тум-

шук ылдый лыжа тээп жатышкан болуу керек. Өзүнчө бук болуп, ыңгайсыз абалда турган Тамара:

— Булар кимдер? — дей калды. Самар токтолбой жооп берди:

— Муз тепкендер. ...Жүрү, биз дагы!

— Мейли, барса...

Тамара макулдук бергенде, Самар кой сүюшун унутуп, ойногондорго кошулмак болду. Бирок Бермет үнүн жай чыгарып, сөз менен тымызын чымчыды:

— Малды ээн таштамак белек, мен мында калайын.

Бул сөз Тамараны мокотту: «Өздөй санасам ою башка тура. Бекер келипмин!» деген айгапта да калды. Санаалашча ачык сүйлөшө албай эртеси ушул айгапта бойдон аттанды. Самар бүгүн малын жол тарапка жайып, Тамарасы менен эркин сүйлөшүүгө эки көзү төрт болсо да, Бермет эч мүмкүнчүлүк берген жок. Ал коногун узаткан болуп басып келип, бийик чокуга чыкты да, атчандын карааны алыска-алыска кеткиче сороюп карап турду.

* * *

Тамаранын келип кетиши Самар менен Берметтин ич күптүүлөрүн ачыкка чачып, турмуштарына бүлүк салды. Бермет: «Унутпаган үчүн артыңан издеп жүрөт!» деген сөздү айтып кызарып-татарса, Самар сабыр этип:

«Тамара сага да курдаш, бекерге шектенбе!» дейт. Минткен менен купуя ою ырбап, сүйүүгө куза болгон жүрөгү: «Чын эле чекилик өзүмдөн кетиптир, алдына жыгылсам, калыбына келер бекен?» деген үмүттө. Ал түгүл келинчегинин жүрүмүнөн кыйкым таап, жаңжал баштап ажырашкысы бар. Оюн арамдык аралаган неме каш-кабагын катуулап бүркөп, оройлонуп, кагуусун күчөтө баштаганда: «Теңеле берсем отубуз күйүшпөй турган. Карманайын. Чыдайын!» деген пикирге келген Бермет ичмекейин ичине катты. Тиштенип, тиричилигин өткөрө берди. Жалгыз калганда бөйрөгүн басып, ушкүрүнүп коёт.

Малчынын колун байлаган туут учуру башталды. Самардын короосунан күнүнө ондон, жыйырмадан койлор төлдөйт. Ак кагаздан үлгүгө салып кесип алгансып, баары бири-биринен айрып алгыс окшош — жыбыраган ак козулар. Ушул алты жүздөн ашуун козуларды жазбай

таанып, энелерине салган Бермет менен гана Самар өзү. Алыйма менен Сапай асма чыракты коюп, түнкү күзөттө болушат. Же жеригендерин кармап, козуларынын жонуна туз шыбап, түшөйлөп телишет. Телчиктиришет. Жайыттан койлор чуру-гүү түшө маарап, сарайды дүңгүрөтө жабылып келгенде, Алыйма мойнуна, шыйрагына ак, көк, кызыл жип байлап, же чокусуна, маңдайына көө тартып белги урган кырктай козуларды энелерине салат. Андан кийинкилеринен башы адашып, тең жарыша иштеп жаткан келинин ашыктырат:

— Бермет жаным, чоң кулак ак кой келди. Такыр төш дагы... Кош! Мени жөөлөйт да. Мына, боз кашка... Сала көр козусун!

Бермет бир күпкөдөн эгиз козуну көтөрүп чыкса, экинчисинен жалкыларды издейт. Козулары салынган койлор маарабай, желинин тосот да, эркелетип сүйгөнүбү, айтор, шорпулдатып эмген козусун жыттагылап, жонун искеп, кепшенип тынч.

...Жайыттан келген Самар ийниндеги козу салынган куржунду жерге этиет койду. Күрмөсүн чечип, калпагын алып маңдайын сүрттү. Жонунан тер чыпылдап, далысына жабышып калган көйнөгүн этиет ажыратып желпинди. Эки көзү козу салып жүргөн келинчегинде. Ал көк көйнөгүн чыладан аяганбы, белине имерип, ычкыр кашатына кыстарып коюптур. Этеги тартылганга такымы да сырайып көрүнүп жүрөт. Самарга анын берилип иштеген камбылдыгы сезилген жок — кайната, кайнененин алдында такымын кызартып жүргөн «уятсыздыгы» байкалды. «Жап этиңи!» деп жекирмекчи болгондо, атасы куржундагы өмөчөктөп тура албай жаткан козуларды чыгарууга жанына келди. Басып баратып көз кыйыгын салган келин эринин жактырбаганын акырайган көзүнөн туюнду. Алаксыбай күпкөгө кирип кетти.

* * *

Эрегиш менен талабын оргуштатып кайнаткан Самардын тилеги — коомдун коюн өстүрүп, эмгегинен баар табуу эмес беле. Бул кыштан баш эсебин кемиткен жок. Минтип төлү да жакшы түштү. Эми жаш козуларды тойгуза эмизип, жылуу күпкөдө кармап, жазгы шамалга өпкөсүн чалдыктырбай торолтуу. Анан кыркын башталат. Кой башынан төрт килограммдан жүн берүүгө мил-

деттенмеси бар. Жүндү кой жонунан коротпой кыркып алууга да айла-амалдар көп: кышында мал арыктайт. Жазда көк аралаш эски чөптү оттоп тоюнган койлордун эти көбөрөт. Териден өскөн жаңы түк эски жүндү сүрөт, өрдөйт. Жүн түбү копшолот. Малдын териси карттанып кычышат да таштын урчугуна, бадалдын сөнгөгүнө сүрүнүшөт. Бош жүн булайып, илинип көрүнгөн жерде кала берет. Андыктан, койлорду алтыгана, долонолорго жакындатпай бетегелүү өтөктөргө, түзөңдөргө кайтаруу зарыл. Ушундай саамга кол бошотпой алп урушкан учур — Самарга Тамара жөнүндө ойлоого, сүйүүсүнө жүрөгү күйүп жалындоого, Берметти кетирүүгө убакыт бербей ай артынан ай өттү. Акыры кыркын бүтүп, төл торолуп, түркүн гүл бутка оролгон, жаш ыраңы тизеден өскөн — тоо таштуу, сансыз булактуу, тескейлеринен арча четиндер үргүлөгөн жайлоого көчүп келди. Самардын короосунун четинде боз үй жана чатыр тигилген. Боз үйгө тамак-аш жасалып, ата-энеси жатат. Чатырда Бермет экөө. Аялы менен ажырашууга дили бузулган Самар жумадан бери келинчегинин койнуна жатпай да койду. Уулу менен келининин суук-селки экенин Алыйма сезет. Бирок себеби эмнеде жана акыры кандайча аяктарына көзү жетпейт. Тартыштары ачыкка чыкпагандыктан экөөнүн күнөөсүн териштирип, энелик акыл-насаатын айтууга шылтоо таппайт. Шыпшынып, ичинен кейийт. Түшүнүүгө келинине сөз салып көрдү эле, бир сырдуу Бермет тултуюп унчуккан жок. «Идиш-аяк деле кагышат тура. Жазылышып алышаар» деп эне тим болду.

...Билгенге жайкы жайлоонун кыялы татаал! Бирде күн мемиреп, бийик ылдый согуп өткөн желге шибери калтардын берметиндей ыргалып, көл бетиндей ойкукайкы толкунданат. Алыстан уларлар ышкырса, беттерде кекилик безилдейт. Карагай арасынан күйкөлөр чаркыраса, төбөдө ителги имерилет. Те бийикте канатын далбайтып жору, кажырлар айланса, алардан да алыста бүркүт сызып өтүп, ллаг-лалг шаңшыйт. Жыбырап жайылган дүйүм чөптү оттоп жон алып, курсагы кампайып ынтыккан койлорунун бөлүнгөнүн кайрып, шаркыраган булактын доошуна кулак тосо койчулар сергийт. А заматта самсаалаган кара булут ачык асманды чылк тумчулайт да, анан мөндүрлөп барып, артын кар-

лап, бороондоп жиберет. Жайкалган чөптөр карга басырылып, шаңшып эркин учкан канаттуулар карагай арасына корголойт: Бүркүттөр үрпөйүп, силкинип коюп, аска учтарында олтурат. Көзгө сайса көрүнгүс түн да кирет. Койчулар короону чарк айлана басып, кыйкырып, карышкырлардын сезин алып мылтык атат. Чуулдап иттер үрөт. Күрсүлдөгөн семиз дөбөттөр капталдап, же кокту өйдө жүгүрөт. Кар шыбыргактап күн күркүрөп, булуттарды жара чаба чагылгандар жарк-журк эте сойлоп өтсө — жондорун түйүп, силкинишип, маарап, бирине бири ыктап турган койлор көрүнө калат. Чагылган сезди алып, коркунучтуу тарсылдаса да, жарыгы менен айланып жалт карап алган койчулар малын көрүп, дем байлай күчөп кыйкырат. Мылтык атат. Ушундай капсалаңдуу түндө суу өтпөс плащын чүмкөй кийген Самар короо четинде. Сапай да жаткан жок. Уулу бул четке басса, өзү тигил четке чыгып кыйкырып турду.

Көк догул арчалуу бетке, бирде капчыгай тарапка жүгүрүп, арсылдайт. Самар күн ачык болсо, жамбашына көрпөчө салынып, ээрди жазданып тышка, чатырдын капшытына бүкүлү жатып алчу эле. Анын ою ушинтип койнуна жатпай тажатсам Бермет кетип калат деп ойлонгон. Бүгүн жатууга болбойт. Биринчиси — түн коркунучтуу, экинчиси — жерде тушардан кар. Түн ортосу оой жаан сээлдеди. Айлана тынчтанган өңдөнду. Шек болбогондо иттер да чуулдабай калды. Сапай уулуна чукул келди да, ийнинин карын силкип:

— Самаш, уктап алчы? Мен кайтарайын.

Самар дулдуюп жооп бербей турду да, акыры мылтыгын алып, атасына карматты. Балпылдата жаш карды басып чатырдын оозуна келди. Бирок киргиси келбей үшүгөн колун укалап, манжаларын кырсылдатты. Жаны жер тартып, уйкуга карамыккандыктан айласы жок аялы жаткан төшөктүн жанына кыңкайды. Кийими суу. Жакасынан зарыккан тамчы мойну ылдый койнуна сызылып өткөндө шүйшүнүп, кайра обдулду. Бермет ойгоо экен. Үн чыгарбай жылып, орун бошотту. Анын жылуу деми, жуурканын жакасынан чыга боюн мемиретип өткөндө, чыйрыккан жигит ич кийимчен төшөккө кирип, тетири карап жатты. Тымызын үшкүрүнгөн келин эрине акырын жакындап, муздаган бутуна ысык бутун басып, жылыта баштады. Балким үшүгөн эрин аяган чыгар —

келин жылып эрине улам жакындады да, бала эмелек тирсийген эмчеги, жайылып бараткан курсагы — Самардын артына тийип калды. Самар каккан жок. Өзүн карманып, уктоого чымыркanып жата берди. Көзү илинүүгө мемиреп бараткан болуу керек. Бир нерсе бүлк этти да, белин сыдыргансыды. Самардын көзү ачыла түштү. Сыдырган нерсе аялынын колу эмес! Анын оң колу жамбашынын үстүндө жатат. Батынбаган сол колу сол ийнинде турат. Жок. Жанагы жандуу нерсе дагы бүлк этти. Дагы жанагысындай белин сыдырып өттү. Оодарыла калды. Жаагы келинчегинин көз жашына тийди. Мукактана:

— Бул эмне ыя? — акырын сурады. Бермет унчуккан жок. Эри кайталаганда:

— Бала...— деди.

— Бала?!

Келинчегинин боюнда бар экенин билген Самар куду тосмого урунган суудай имерилди. Ансайын ой-санаа ичине толуп, жүрөгүн калкытып аптыкты. Койлорду алыска жаят да маңдайын мыкчып, жалгыз ойлонот: ойлонгон нерсесинин баары мээсинде жыбырап, көз алдынан жандуу элестер чубайт: «Турмушта аял коё берген мен эле бекемин? Сени менен отум күйүшкүдөй эмес!» деп аялын коё берген болот. Эрдин көгөртө тиштенип, Бермет жолго түшөт.

Түн. Аялы эшикке төрөптүр. Кызыл эт алсыз бала ыңалап ыйлап жатат. «А атасыз туулган таалайсыз!»

— Жок. Атасы бар. Менмин! — Моло таштай тунжурап олтурган Самар чыдай албай өзүнчө сүйлөнду,— жүрөгүм түтпөйт. Апасы менен өмүрүм өтсүн.

Ушул чечимге өзүн ынандырган күнү кабагы ачык. Үйгө ырыскы толо түшкөндөй. Келинчегине күлө карап, ээгинен эркелетсе, ал андан бетер терисине батпайт.

...Санаадан туруксуз нерсе барбы. Тамара жөнүндө ойлонгондо, ишти бузган өзү экенин сезет да: «Жыңайлак тикен араласам мейли, сүйгөнүмө жетемин!» дейт. Ал күнү Бермет көзүнө суук: курсагы чоңойгондон чоноюп, кемселинин топчусу чытырайт. Капталынан караса — кескелдирикче кайкактайт. Артынан караса — бакача балчактайт. Олтурса, жер таянмайын тура албайт.

— Эмне ынтыгасың? — Ээр токуп мойнума минсең кантет!

Эринин чучукка өткөн какшыгына чыдабай кеткен келиндин бети албырып:

— Капырай. Минейин деген ким? Минтип олтуруп, шишкебек кылып кактап бүтүрөсүң го!

— Какталбай эле басып кет.

— Жабышат белем...

— Кудай жалгасын...

Алыйма булардын кужусун угуп, үрпөңдөп, үйгө кирди. Жоолугун оңдой байланып, Самарды беттеди:

— Бу эмне жоругуң айланайын!

— Кетсин!..

— Жаныңа таш батса өзүң кет каралдым. Ашка тойсом да, башка тоё элекмин. Эки баштан ажырай албайм, эсиңе келчи!

Эне келинин канатына калкалап, ай артынан ай өттү. Күзүндө Бермет кыз төрөдү.

— Асман жылдызы толгондо жерге түштү! — деп май бузуп жентек берип, той өткөргөн чоң эне, кызынын атын Жылдыз койду. Баланын баласынын үнүн укканга көңүлү көтөрүлүп, жашара түштү. Келининин колун жумушка тийгизбей бөпөлөп:

— Баланы эмиз. Ыйлабасын! — дейт. Үйдөн казан-аягын тейлесе, сыртта мал тосушат. Кол башындай наристе улам торолду. Барган сайын колго токтолуп, караанга таңыркап тиктейт. Чакырса уурт серпип күлөт. Беш айда талпынып, үн салды. Анан боору менен жылып, сойлоп жүрүп эмгектеп кетти. Сапай сырттан эле:

— О Жылдыз. Жылдызгүл! — деп чакырат. Кулагына сиңген тааныш үнгө бала элтеңдейт. Далбас уруп, жеткиси келет. Чоң ата көтөрсө, мыртыйган колу менен бети-башын сыйпалап, сакалын кармайт. Айтор Самардан башка бүлө күлө карашып ынтымактуу.

Баарына таалай чачкан ортодогу кичинекей кыз — Жылдыз.

* * *

Билинбей жылдар жылып жатат.

Самар Тамарадан али күдөр үзбөдү. Күдөр үзбөшүнүн себептери: жайкы каникул менен кышкы каникулду календарсыз так санап, учурунда Тамарага жолугат. «Жигит күтүп алды го. Балким турмушка чыккандыр!» деп беймазаланган неме — өңүндө эч өзгөрүү жок бая-

гы Тамарасын, болгондо да бою узарып, сулуунун сулуусу болуп бараткан Тамарасын көргөндө — аз жерден эчкирип ыйлап, алдына жыгыла албай көзүнөн от чачып учурашат:

— Жакшысыңбы Тамке! Окуу кандай?..

Кыздын сызыла түшкөн маңдай бырышы жазылып, эсендик сурашат. Жүздөшкөнгө сагынышкан жүрөктөрү күнөөлөрүн жууп таштап жакындашчудай. Муну сезген Тамара сөздү чукул токтотуп, терс бурулуп басат. Самар кекечтенип, айтылбаган бир сөздү көмөкөйүндө калтырат да бөлүнөт.

Жакында борбордук жаштар газетасынын бетине Самар сүрөтү менен очерк болуп чыкты. Жүзүндө күлкү ойноп, ичинен тынды. Малын жайып далдоо жерге барганда бүктөп, төш чөнтөгүнө салып алган газетаны алып, жая кармады: жайылган кой, четинде таякчан өзү!

Ушундан кийин Самар эл оозуна кирди. Жаңы ачылган республикалык көрсөтмөгө, мал чарба кеңешмесине делегат болуп катышты. Сый көрүп келген сайын чамадан толо базарлык үйгө кирет. Көп базарлыктан эстекалары — Жылдызга алган кызыл ботинка менен кызыл жибек көйнөк болду. Сапай жайыттан кайрып келген койлорду короого чукул токтотуп, кобурап жүргөндө селкилдеген кара чачтуу небереси чоктой кызарып жүгүрүп чыкты. Жетине албаган чоң ата Жылдызын маңдайынан жыттап, колунан жетелеп, эрмекке алды:

— Пай, пай! Ким сатып келди мындай сонун кийимди??

— Байкем.

— Ботинканы мага берчи, кийип кой кайтарайын?

— Ооба, батпайт бутуңа.

— Ха-ха.

Кечинде эрке Жылдыз чечкенден кежирленип, төшөккө жаңы кийми менен жатты. Небересинин мындай кыялы Алыймага кубат. Сүйлөгөн сөзүн, кыял-жоругун бирөөлөргө айтып, жетине албайт.

* * *

Күз. Самар борборго чакырылганда, атайы Тамарага жолукканы институттун жатаканасына келсе, телефон жанында швейцар аял өткөрбөй кирип бараткан кызга

жетинчи бөлмөдөн Алымованы чакырып кой деди. Сагынычтуу адамынын жакшынакай ысымы жүрөгүн кытыгылаган жигит алаптап, диванга эки отуруп, эки турду. Чачын сылагылап, калпагын ала коюп, кайра кийди. Үч-төрт мертебе билегиндеги саатын карады. Швейцар жылмайып:

— Кандай жакының?

— Бир айылданбыз.

Жогорку этаждан басып келаткан дабыш чыкты. Ал таман ар тепкичке тийген сайын Самардын жүрөгү кошо ээрчип, көкүрөгүн чертип, эки көзү имерилиштен өттү... Сур туфлий, сары носки кийген балтыр. Сур жибек көйнөктүн этеги... Акыры кымча бел, көкүрөктүү, олоңдой кара чач Тамара жарк этти.

— Тамке!

— Апээй, Самаш!.. Сен белең.

Алыста жүргөн адам күтпөгөн учурда айылдашын көрсө сүйүнүп кетет эмеспи. Тамара ошол кыяста болдубу, же Самарын унуткан эмеспи — муну Самар териштирбеди. Жылуу учурашканы үчүн көңүлү көккө сермелди. Сөздү узартпай:

— Үйүр алышып калбадыңбы, шаарды аралатып...

Кыздын ушул учурдагы сүрөтүн тарталаар бекемин?! Эки колун көкүрөгүнө айкалыштыра тик карады. Уурту менен көз кычыгында күлкү. Жалаңтык жука күлкүнүн артында мостойгон ойлуу кебете тургансыйт. Ал кебете — ынагын жектээри, же аяп кеткени табышмак.

— Ыракмат эстегениңе. Тааныштырайын адашып жүрсөң.

Бул бактылуу күнү экөө бирге жүрдү. Ресторанда музыка угуп тамактанышты. Жанаша аллеяда басышты. Самар кантет, үшкүрүнөт. Тамарага жал-жал тиктейт. Бирок бир өтүнүчүн эч айта албады. «Электро фотону» көрүп:

— Сүрөткө түшөлүбү? — деди эле, Тамара:

— Эмне үчүн? — кесе сурады.

— Эстелик болсун...

— Эстелик көрүнөө жерде илинип туруш керек.

— Бекип калмак беле?!

— Жүрү... Тамара каруусунан жумшак тартып жетеледи,— мындан ары сүрөткө үй-бүлөң менен түшүп жүр. Биздеги эстеликтер көмүскөдө, жүрөктө сакталсын.

* * *

Өз оюн бербеген Самарым үйүнө келгенде турмуш менен эсептешпей туруп: «Бермет турганда Тамара ишенбейт экен» деген чечимге келди. Сурданып келинчеги менен ачык сүйлөштү:

— Экөөбүзгө тең кыйын болгудай. Ажырашалы. Каалаганыңды ал... Кемпир-чалды сыйласаң Жылдызды...

— Сен калып жатканда дүнүйөң опаа береби? Ал өзүң. Жылдызга кабырган кыйышпай эле койсун! — Жанына таш баткан келин бир сыйра жаңы кийинди. Алыйма үрпөңдөп:

— Ээ, айланайындар! Бул кандай жорук? — деп арага түштү эле, Бермет чыйралып:

— Апа! Курсагым ач болсо да, кулагым тынч болсун. Капа болбоңуз — деп токтотту. Кантсе да жаман жосун экенин сезген Жылдыз босогого сүйөнө сөөмөйүн тиштеп, сүйлөгөн кишинин жүзүнө карайт. Кызматы өткөн кайненесин аядыбы, Бермет азырынча ээрчимекчи болгон кызын чачынан сылап:

— Таянеңе барып келем. Ыйлабай тур! — деп маңдайынан сүйдү. Алкымынан жыттады. Көзүнүн жашы тегерене түштү. Беломорду дембе-дем соргон Самар тетири бурулду... Баары бир Бермет кетти. Чатырда жалгыз олтурган Самардын көзүнө капшыты аңылдап ээн. Үй жаны жоо чапкандай жайдак. Өзгөчө тиги, боз үйдүн кырчоосун кармалап турган Жылдыздын паанайы пас. Күндөгүдөй кытылдап күлбөйт. Элеңдеп апасы кеткен тарапты карайт.

Бир жума өттү. Самарды башкарма чакыртты. Ал түккап келип жолукту. Көк ала чач жетекчи сөздү чукул баштады:

— Самар баатыр, жоругун жаман го!.. Жаштарыбыздын ичиндеги мал өстүрүү боюнча үлгү көрсөтө турганыбыз деп жүрсөк, бүлөнө бүлүк салганың кандай? Биз сага сыйлык берүүгө правлениянын чечимин чыгартканбыз... А сен... Ойлонгун, ириде жүрүм-турум да эске алынат.

Бакирдин маңдайында олтурган Самар кайпактап, кызарып-татарды. Жоопту кандайча беринен адашты. Сырттан бирөө каалганы ачты эле, башкарма коё ту-

руңуз деп койду. Ошондо Самардын эсине баягы майор түштү. А кишиден сыр жашырганын эстеди. Азыр Тамара жөнүндөгү жүрөк жарасын, болбос жерден ажырап калганын жашырбай айтты. Чын дилинен сүйлөгөнгөбү, сөзү угумдуу. Бакирдин өңүн бирде жылмаюу бийлеп, бирде ой басты. Тынымга үнсүз тиктеп турду да:

— Соттоо кыйын го сени! — деп күлүп койду.— кана, тарыхыңды талкууга алалычы кандай жыйынтык чыгар экен.

— Мейлиңиз.

— Жапарга колуң тийиптир. Тамарага жолукпай кайра тарттың. Берметке үйлөндүң. Эми сүйгөнүңө жетмей болуп аялыңы кетирипсиң деп коёлу. Буга ким жооп берет? Сен!.. Мындай жорукту жакшы дей албайбыз акеси.

— Макул. Жүрөк кантмекчи?

— Жүрөк! Түшүнчү, сөз адамдык анык жүрөк жөнүндө болуп жатат. Экөөбүз жашаган коом — сеникиндей чалагайым, ыкчам, жаш жүрөктү жакшы дей албайт. Тарбыялайт.

— Сүйгөнү үчүн үй-жайын таштап, кетүүчүлөр турмушта азбы?!

— Аз эмес. Бирок ойлонбой оюңа келгенди иштегенсиң. Күнөөнү, моюн менен тартуу керек... Давай, бизди уят кылбай ишти калыбына келтир. Баланын атасы болуп отуруп, бу уят деген кайда?!

Самар тунжурап, кызарып сыртка чыкты. Санаасы таруудай чачылып, ичи уйгу-туйгу. Өмүрүндө биринчи жолу аракты эңсеп районго баруучу кырмандын четинде топон жеп турган атын карай басты. Капыстан чыккан дабыш башын көтөрттү. Көк чепкенинин этеги жайыла Сарбаш экен. Бакылдаса сакалы титирейт:

— Оо, койчу аке, кандай! Кырым өгүктү кычырата кийип... Пай-пай! Көңүл ачканы тоо башынан эңиштеп түшкөн экенсиң кыштакка.

— Саламатсызбы?

— Ооба! — деди карыя кадимкисиндей,— адам баласы жылкы сымал. Атты жеткире минип, кулагы шалпайып, туягын сүйрөп калганда, аяп бедеге коё берсең, акетай, беш күндөн соң мо-молосоң келбейт. Шыкшыктасаң чунандап, көчүгүң имерип тепкени жүрөт. Сен дагы мөңкүй баштапсың го! Кечээ төркүнүнүн төрүнөн келин-

чегиңди көрдүм. Ой, кулагыңдын тарсылдагын үзөйүнбү... Бул акмактын колунан келчү иш! Тарт тизгиниңди!

Жооп кайтара албай Самар басып кетти.

— Бүгүн баары эле акыл-насаат айтып калыптыр!— деп өзүнчө күңкүлдөдү.— Тиши оорубагандын кудай менен иши жок. Мага жеңил болуп жатабы... Көз алдына Тамара тартылды. Сазга баткан бутун сууруп алгандай жеңилдеди: — Баарына кайылмын. Дүйнөдөгү шаттыгым, байлыгым сенсиң Тамке! Алышсын. Мейли кубалашсын. Өзүңө жетсем болду. Жер бетинде олтурар оордум, ичээр суум тургандыр!

Оюнан жылбаска шерт кылган Самар саал кысып, тору атты олбуй-солбуй камчыланып, кечинде үйүнө келди. Койлорду короого имерген атасы өзүнө кылчак-кылчак карайт. Кызыл кыжымы капишонкасын кийгизген Жылдызын жетелеген апасы тикирейип, утурмалап басты... Тээ зор тоолор, кең өрөөндөр күңүрттөнүп кечки киймин жамынып барат. Көкүрөк сергите күз шамалы согуп, кырды аша төргө чубаган жылкылардын жал-куйругу сапырылат. Ташка согулган тоо суусунун күүлдөгү бирде бастап, бирде күчөйт. Жайылган мал токтоп, койчулар үйлөрүнө киргенгеби, туланы саргыч тарткан капталдар, сороййгон урчуктуу жар таш, жашыл арча, дүпүйгөн бадал карааны шыбырга кулак түргөнсүп тынч. Алыйма да тынч. Уулун акмалайт. Үшкүрүнөт. Бул көрүнүштөн Самар өзү жалгыз, калган тиричилик бир теңге бөлүнгөндөй сезди. Сезди да ичимдиктин кызуусу тарай, соолуга түштү. Жылдыз ыйлаган окшойт. Бышактайт. Бирдеме издегенсип, байкесинин эки жагын карайт. Байкеси чөнтөгүнөн шокалад алып бере калды эле, кызы:

— Апам кана? — деп сурады?

Бул суроо Самарды ийне менен жүрөккө тыз сайды. Шилтеген муштуму ташка тийгендей сөөгү какшады. Өзү ата болуп туруп, баласын жоопсуз калтырды.

Күүгүм кирди. Аркы капталдагы, тээ торпудагы үйлөрдөн күйгөн оттор керегe аягынан жылтылдайт. Моло таштай мелтиреп ойго баткан Самар сыртта. Папирос тартып, дабыш чыгарбай ары-бери басат. Очокто куу арча чатырап күйүп, жалыны казан капталын жалмалайт. Сапай кычкачты ала чычалаларды кагыштырып, кор көзөйт... Тамагын жасап, жөтөлөт. Алыйма кызын

ыйлатпоонун аракетинде: эркенин тегерегинде резинадан жасалган куурчак, короз, балапан, шокалад. Сыр чөйчөктө курут.

От чатыр этти эле, эне Жылдызын артка жылдырды:

— Тегеренейийн! Кийиндечи, чок түшпөсүн.

Шылтоо таппай турган кыз бышактап, чөйчөккө кошо корозду тээп, ыйлап жиберди.

Айласы кеткен Алыйма капааттанды:

— Кандай кылайын эми. Эмне кыл дейсиң каралдым. Өөх!

Үйдөгү жорукка жүрөгү мыкчылып, таноосу кыпчылган Самар тартып бүткөн папиросун ыргытып, жаңысын күйгүзөт. Ары-бери басат. Ушул тапта, кайдадыр алыстан, тээ көз жеткис караңгылыктын түпкүрүнөн кыйкуулаган дабыш чыкты. Көп узабай чукулдап, даака угулду... Ооба, турнанын үнү. Тобу менен болсо чуручуу түшүшмөк.

Кырр, кырр.

Үн жайпап өттү. Бара-бара узап, жоголуп калды. Жаныбар, булутка жеткен бийиктен ашалбады бекен же малчылардын отуна баярладыбы? Кайра келди. Төбөдө айланды. Чамгаракка кончудай кыйкуусу үй ичинде.

— Тыңшачы? — деди Алыйма кызын сооротмокко,— ыйлаган бала барбы, ыйлаган бала барбы дейт да? Коку-уй, ыйлаба! Үнүңү укса көккө көтөрүп кетет.

Небере эне сөзүнө ишенди. Мостоюп, турнанын кыйкуусуна кулак салды.

Кырр, кырр.

— Жаныбар! Жети түндө не болуп жүрөт? — деди Алыйма асмандагы турнаны аяп.

Сапай отту көзөп, билгенин айтты:

— Тобунан адашкан балапан... Же түгөйүн бирөө атып койду бекен? Коё турчу.

Кырр, кырр.

— Адашып калган болуу керек. Жалгыз сырап коналбай жатат.

Ата сөзүн эшиткен Самар, оозундагы папиростун чогу жылтырап, көккө карады... Бою чымырап, негедир каңырыгы түтөдү. Кирпиктен сыгылган буурчактай эки тунук тамчы мөлт эте жерге кулады.

Кырр, кырр.

Жатарда Жылдыз кийимин чечпей, тамак ичпей чырын күчөттү. Кейиген эне:

— Байкеңе барасыңбы? — деди эле, макул болгондой саамга басылды. Чатырда ойгоо жаткан Самар тигилердин келатканын угуп, чырак жандырды... Үмүткор болуп келгенби, көтөрткөн кыз босогодон эки жакты элеңдеп карап, көзүн басып, ыйын баштады.

— Садагасы, келегой...

Бала атага байралган жок. А[illegible] четенчиктеди. Үшкүрүнгөн Алыйма кайра чыкты.

Ичи ысып, тиштене берип жатты карышып чарчаган Самардын көзү таңга жуук илинди. Мээсинде турнанын үнү, чатышкан ой. Таң атпай апасы ат токуп жатат. Капишонкасын кийип бышактап, топшойгон Жылдыз этегине жармашып жанында. Самар түшүнбөй басып келип:

— Эмне болду? — деп сурады. Эне бууракандап басмайыл тартты:

— Эмне болмок эле! Апасына жеткирейин муну. Өпкөсү көөп калмай болду.

Самардын көзү кылгырып үнсүз. Өзүнө каршы каптаган көчкүдөн буйтап жулунуп кутулаарга, боюнда кубатсыз. Эненин бороонунан жапырылып, бала затынан жалта[illegible]ды:

— Апа! Токточу... Жеткирбе! Берметти алып кел...

## МАЗМУНУ

### Ангемелер

Жол . . . . 5
Согуш жылдар . . . 16
Буту кесилген жигит . . . 31
Шагым . . . . . . . 51
Өкум киши . . . . . . 60
Сараң . . . . . . 71
Этюддар . . . . . 78

### Повесттер

Алыс сапар 95
Самар 132

*Качкынбай Осмоналиев*

САМАР

Рассказы и повести

(на киргизском языке)

Редактор *С. Маймулов*
Оформлениеси *Э. Касымовдуку*
Худ. редактор *И. А. Ефимов*
Тех. редактор *А. Бейшенов*
Корректор *Ф. Тулина*

Терүүгө 28/XI-1962-ж. берилди. Басууга 17/I-1963.ж. кол коюлду Д—06502. Кагаздын форматы 84X108$^{1}/_{32}$. 6,5 физ. басма табак, 10,66 шарттуу басма табак, 10,9 учеттук табак. Тиражы 5000. Заказ 2162. Баасы 5 т.

г. Фрунзе, тип. № 1 Полиграфиздата Мин. культ. Кирг. ССР.